
КАЛИЛОВ П.

# БАТКЕНДИН ТАРЫХЫЙ ТАРЖЫМАЛЫ



Баткен
областтык
жетекчилигинин фондуна
Баткен райондук мамлекеттик
администрациясынан

2016.

63.3
К-

Калилов Пайзилла

# БАТКЕНДИН ТАРЫХЫЙ ТАРЖЫМАЛЫ

16990

Баткен-2014

**Калилов П.**

Тарыхый – публицистикалык басылма
Баткендин тарыхый таржымалы

Колуңуздагы китеп Баткен районунун 80 жылдыгына арналды. Автор китепти чыгарууда жардам көрсөткөн Баткен райондук мамадминистрациясына, райондук маданият бөлүмүнө ыраазычылык билдирет.

## БАТКЕНГЕ-80 ЖЫЛ

Баткеним аймагынды араладым,
Гүл анкыйт кокту-колот талааларын.
Мурдагы шыбак баскан адырларда,
Бактар турат, көтөрө албай алма шагын!

Бардыгын сүрөттөөгө жетпей чамам,
Алтын, сымап, каухар экен ушул талаан!
Мээнеткеч, жоомарт мүнөз элдерин бар,
Баткеним өзүң менен сыймыктанам!

Жайдары, жаркын мүнөз аялзатын,
Жигиттерин аткарат берген антын.
Сабатсыздан илим-билим сересине
Көтөрүлдүн, байыды маданиятын.

Алла-Таала марттык кылып тартуулаптыр,
Улууларды
М. Салихов, Т. Садыков, М. Айбалаев, Саламатты,
Апазды, илимпоздор-Топчугүл, Рахатты,
Дагы да депутаттар- Алишер, Караматты!

Эргеш, Калбай, Амиракул, Жусуп агалар,
Галбүбү, Үрүнса, Барака, Тоту эжелер
Мал карап, талаада талбай мээнет кылышкан
Булардын эрдигине жоктур теңелээр!

Гүлдөй бер, өсө бер Ата-Журтум, кичи Мекен
Сексен эмес, миңге чык дагы, дагы.
Жергенде тынчтык болсун, бейпил болсун,
Эл көбөйсүн миллиондоп адам саны!



**Калилов Пайзилла**

1944-жылы Баткен районунун Кыштут айылында туулган. 1963-жылы В. И. Ленин орто мектебин, 1971-жылы КМУнун филология факультетин бүтүргөн.

Палал орто мектебинде мугалим , "Кызыл-Туу" газетасында маданият бөлүмдүн башчысы, Кыргызстан КП Баткен райкомунда инструктор, Партиялык контролдоо комиссиясынын төрагасы, "В. И. Лениндин 100 жылдыгы" совхозунун парткомунун катчысы болуп эмгектенген.

КПСС БКнын алдандагы Ташкент партиялык окуу жайын бүтүргөн, журналист, райкеңеште катчы, Баткен областык шайлоо комиссиясынын төрагасы, Баткен областык архив башкармасынын башчысыкызматтарында иштеген.

Азыр ардагер. 6 уул, 1 кыздын, 18 неберенин кадырман атасы.

## Башкы сөз

Баткен аймагы тууралуу тарыхчы –окумуштуулар, археологдор жана саякатчылар тарабынан учкай, жалпылаштырылган мааниде илимий көз караштар, ой-пикирлер жазылып келген. Баткен районунун 70 жылдыгына карата 2004-жылы «Байыркы бабалар жеринде» деген ат менен Т. Жумаев, М. Орозобаев тарабынан эн алгачкы жыйнак жарык көргөн.

2014-жылы май айында БатМУнун окумуштуулар кеңеши тарбынан кошумча окуу китеби катары сунушталган. БатМУнун доценти, тарых илимдеринин кондидаты Авдинаби Кадыровдун «Баткен тарыхы» аттуу китеби окурмандарга тартууланды. Аталган монография Баткендин тарыхын илимий негизде иликтеп, терен талдоого алган биринчи китеп экендиги менен баалуу. Автор канча илимий, тарыхый жана статистикалык, архивдик маалыматтардын негизинде иликтөө жүргүзүп, салмактуу китеп жазган.

Ал эми Баткен районун 80жылдык юбилейлик маарекесине карата А. Кадыров, Т. Жумаев, П. Калилов тарабынан «Кут конгон жергем - Баткен» деген ат менен дагы бир китеп басмадан чыгуу алдында турат.

Колунуздардагы китеп «Кут конгон жергем – Баткен» жыйнагынын уландысы деп айтса да болчудай. Анткени, бул китепте да Баткендин тарыхый таржымалы баяндалат. Айрым далилдер, фактылар башкачараак аспектиде чагылдырылат.

Китептин автору КМУнун филология факультетин бутургөн. Ичкилик кыргыздар жана анын уруулары, уруктары тууралуу тарыхый багытта изилдөө жүргүзүп, улантып келе жатат. Айрым макалалары республикалык жана жергиликтүү басма сөз беттеринде жарыяланган. Айрым альманаттарда жарык көргөн.

Экинчиден автор 40 жылдан ашык убакыттан бери Баткен районунда мугалим, журналист, партиялык советтик кызматтарда иштеп жүрүп, райондун экономикалык, социалдык маданият жактан өсүп өнүгүүсүнө, өксүктөрүнө күбө болгон.

Жетекчилердин, интелегенциянын жана карапайым эмгекчи калктын арасында болгон. Дагы бир өзгөчөлүгү облясттык архивди 10 жылга жакын жетектеп жүргөндө архивдик тарыхый материалдарды иликтеп, жыйноого жетишкен.

Жогоруда баяндалган жагдайлардан улам жыйналган материалдарды өзүнчө жыйнак кылып чыгарууга белсенген. 2014-жылдын сентябрь айында Ысык-Көлдө Бүткүл Дүйнөлүк Көчмөндөр оюну өткөрүлүп, жыйырмага жакын мамлекеттердин өкүлдөрү катышты. Бүткүл дуйнөгө дүңгүрөдү. Эмне үчүн көчмөндөр оюну деп аталды. Көчмөндөр кимдер? деген суроо келип чыгат. Колунуздагы китепте ушул суроого жооп бар.

«Ичкиликтер байыркы тарыхчы, «Тарыхтын атасы» атагына жеткен Геродотко белгилүү болуп, ичкиликтерди иссодондор деп атаган. («Улуу Талаанын урпактары» М. Үсөн. 10б.)

«Ичкиликтер дүйнөлүк тарыхка алгач (б. з. ч. VII кылымда ) иссодон деген ат менен түшкөн. Андан кийин ичкиликтер ошол эле Геродоттун эмгектеринде скиф (искулят) деп аталган. Ичкилик деген аттын (б. з. ч. VI-IV кылымдарда) грекче котормосу кыргыз тилинде көчмөндөр деген маанини билдирип калган. (Мурас. №49. Орозбек Айтымбет). Демек ичкилик - көчмөндөр деп аталып, биздин эрага чейин VII-VI-IV кылымдарда эле тарыхый эмгектерде жазылган экен. Ичкиликтер Лейлек, Баткен, Кадамжай райондорунда, Тажикстандын Жерге Тал, Памир райондорунда, Өзбекстанда ж. б. жашашат.

Китепте Баткен районунун түзүлүшүнөн азыркы учурга чейинки урунуктуу учурларын, колхоз, совхоздор, ири мекеме ишканалар тууралуу, айрым адамдардын өмүр баяндары баяндалат. Баткен районунун 80 жыл аралыгындагы экономикалык, маданий жактан мурда болуп көрбөгөндөй өнүгүп өсүүсү таржымалдалган. Окурманды кайдыгер калтырбайт.

**Бекташ Осмонов.**
**тарыхчы, БатМУнун ага окутуучусу, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Эл Агартуунун мыктысы**

## ТУРГУНБАЙ САДЫКОВ



**КРнын Эл Баатыры, атактуу айкелчи, СССР Сүрөтчүлөр Академиясынын академиги, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Лениндик сыйлыктын, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, академик, Улуттук көркөм сүрөт академиясынын президенти, Баткен районунун Ардактуу атуулу.**

***- Урматтуу Тургунбай Садыкович, күзүндө Баткен району 80 жылдык маарекесин белгилөөнүн алдында турат. Бул аралыкта Баткен району эмнелерге жетишти деп ойлойсуз?***

- Баткен аймагынын элин райондун 80 жылдык маарекеси менен чын дилден куттуктайм! Өрүкзарлуу Баткен району Кыргызстандын өзгөчө көркөм, кооз жана бийик тоолуу жерлеринин бири болуп саналат. Баткен району бул аралыкта көптөгөн ийгиликтерге жетишти деп ойлойм. 80 жыл мурда кичине бир район катары түптөлүп, жаңыдан кадам таштаган эле. Эми бүгүнкү күндө белгилүү болгондой, Кыргызстандын бир чоң облусуна айланды. Мунун өзү эле чоң жетишкендик. Баткен шаарында скульптуралык симпозиумдар өткөрүлүп, анын негизинде элге эстетикалык сезим, сулуулук тартуулаган ачык асман алдындагы музей пайда болду. Монументалдык айкелдер тургузулду, шаар көркөмдөлүп, жалпысынан алганда Баткенде төрт жолу республикалык симпозиум өткөрдүк. 1-республикалык скульптуралык симпозиум 1989-жылы, экинчиси - 1992-ж, үчүнчүсү -1996-жылы, төртүнчүсү-1998-жылы болду. Бул симпозиумдарда атайын алыскы Баткен району үчүн талантгуу кыргыз айкелчилеринин доломит таштарынан жасалган мыкты

чыгармалары жаралып, ачык асман алдындагы музейге орнотулган. Жаш муундарды эстетикалык жактан тарбиялоого бул скульптуралык музейлердин таасири чоң. Айта кетчүү нерсе, тилекке каршы, азыркы күндө музейлерибиз каралбай калды. Музейди активдүү пропагандалап, анда жайгашкан чыгармаларды убак-убагы менен реставрациялап, абалын ар дайым текшерип, жакшы калыбында сактоо зарыл.

Элдин суроосу менен Баткенге Манастын эстелигин коюп бердим. Бул эстеликтин тегерегине "Манас" эпосунун башкы каармандарынын образдарын жаратып, айкелдери тургузулду. Скульптуралык симпозиумдар өткөрүлүп, бул жер бүгүнкү күндө Баткендеги "Манас ордо" болуп калды. Ошондой эле облустун борборуна "Эркиндик" эстелигин орнотуп бердик. Мындай монументалдык айкелдер шаардын көркүн гана ачпастан элди, өзгөчө жаш муундарды искусство дүйнөсүнө жакындатып, айлан-чөйрөгө болгон эстетикалык көз карашын калыптандырат жана жан дүйнөлөрүн көркөм өнөр аркылуу байытууга түрткү болот. Жаш таланттарды окутуп өстүрүү максатында Баткен облусунда Улуттук көркөм сүрөт Академиясынын алдында көркөм сүрөт мектеп-интернаты 1996-жылдан баштап жигердүү иштеп келе жатат. Бул мектепте Баткен облусунун алыскы айылдарынын, райондорунун, шаарларынын таланттуу жаш балдары көркөм сүрөт жагынан илим-билим алып, өнөрлөрүн өркүндөтүп жатышат. Алар келечекте кыргыз маданиятына, искусствосуна салым кошуп, мыкты сүрөт чыгармаларынын авторлору болооруна ишенем.

***- Сиз келечекте белгилүү айкелчи болом деп ойлогонсузбу? Бул кесипти тандап калышыңызга ким түрткү болду?***

- Айкелчилик бул көркөм сүрөт искусствосунун түрлөрүнүн бири болгондуктан чыгармачылык ой-жүгүртүүнүн, айлана-чөйрөнүн өзгөчөлүгүн, кооздугун көрө билүү, аны көркөм кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн талап кылаары белгилүү. Ушул сапаттар менин ата-энемдин таалим-тарбиясы, алардын көркөм кол өнөрчүлүк менен эриш-аркак жашоосу аркылуу менде балалык чагымдан баштап эле калыптана баштаган сыягы, себеби атам Садык эң

жакшы жыгач устасы болгон, апам Ырыс айылдагы белгилүү эң мыкты уз, оймочу, саймачы, бычмачы жана тикмечи болгон. Апамдын колунан жасалган улуттук оймолор түшүрүлгөн жибек саймалар, килемдер жана башка эмгектер азыр да үй-бүлөлүк реликвия катары менде сакталып турат. Алардын мен суктанган укмуштуудай кол эмгектери мага таасирин тийгизбей койгон жок. Мен кичинемден сүрөт тартканды, чоподон ар кандай нерселерди, өзгөчө жан-жаныбарларды жасаганды жакшы көрчүмүн. Менин бул кызыгуумду биринчилерден болуп байкаган мектептеги Ачыл, белгилүү философия илимдеринин доктору Ачылова Рахаттын атасы болгон. Ал мага сүрөт искусствосу жөнүндө маалымат берген алгачкы адам жана менин биринчи мугалимим болуп калды.

- ***“Бала кыялы бал” демекчи, өзүңүздүн бала чагыңыз туурасында токтоло кетсеңиз?***

- Менин балалыгым өзгөчө кооз, тоолуу Баткен районунун Говсувар айылында өткөн. Мен туулган айыл бийик тоолор менен курчалып, көз жоосун алган кооз жаратылышы белгилүү. Өзгөчө жазында, өрүк гүлдөгөн маалда жана алтын түстүү күздүн күнүндө табигат суктанаарлык эле. Бул жерде эң сонун ийкемдүү чопо да бар. Көп учурда балдар менен ошол чоподон аркар, кулжалардын, эчки-текелердин элестерин жасап күнгө кургатып алчубуз. Эсимде, күндөрдүн биринде, айылдын четиндеги “Жабдынын бели” ашуусунун жолунда мен жерге сүрөт тартып жатсам үч жолоочунун жолукканы. Камчынын учу менен тартылган тоо арасындагы аттын сүрөтү жолоочулардын көнүлүн бурду окшойт, алардын бири “муну ким тартты?” деп сурап калды. Балдар мени көрсөтүп чочугандарынан кетенчиктеп туруп калышты. Ал киши мени атына өңөрүп алып жол карата сүрөт искусствосу тууралуу көп сөздөрдү айтты. Бейтааныш адамдан мен чоң шаарларда музейлер болорун, Москвада Третьяков галереясы, Ленинградда Эрмитаж бар экенин уктум. Ошондо мен сүрөтчү деген кесип болорун билдим. Ал мени айылга жеткирип, акырында “сен сүрөтчү болосун!” деп айтты да, районду көздөй кетип калды. Ал адамдын ким экенин билбейм, кийин да жолуккан жокмун, бирок ал менин жашоомдо чоң роль ойноду.

Ошол күндөн тарта менин искусствого болгон кызыгуум күчөп айкелчилик кесиби боюнча билим алууга борборго келгем.

***- Алдыдагы максаттарыңыз кандай? Өлкөбүздүн скульптура жаатында дагы кандай ачылыштарды жасасам деп жатасыз?***

- Алдыда дагы чоң-чоң максаттар бар. Азыркы күндө мен уникалдуу үзгүлтүксүз билим берүү системасы калыптанып калган, Улуттук көркөм сүрөт Академиясын мындан ары да өнүктүрүп-өстүрүү жаатында иш алып барып жатам. Кесипкөй сүрөтчүлөрдү даярдоо, жаш таланттарды тарбиялап, алардын өнөрлөрүн өнүктүрүү, татыктуу билим берүү биздин, Академиянын эмгек жамаатынын эң башкы максаты. Академиянын жана анын алдындагы Кыргызстандын алыскы аймактарында жайгашкан көркөм сүрөт мектеп-интернаттарында билим берүү сапатын жакшыртуу, мындан ары да жаш таланттарга тереңирээк көңүл бөлүп, алардын сүрөтчү катары өсүп жетилишине түрткү болуу биздин максатыбыз. Ошону менен бирге эле чыгармачылык иштеримди да кошо алып жүрөм. Мен баардык чыгармачылык адамдардай эле ар дайым изденүүдө жашайм.

***- Баткен элине каалооңуз...***

- Өрүкзар аймагынын келечеги кең, дагы чоң-чоң алгылыктуу иштер жасалат деп ишенем. Баткен элине менин каалоорым, ар дайым ачык асман алдында тынчтыкта, бейпилдикте бакубат жашоо! Ар бир үй-бүлөдө ынтымак болуп, ийгилик коштосун! Дагы бир жолу 80 жылдык мааракe менен Баткен элин куттуктайм!

**Гүлчехра Тажибаева**

("Кызыл Туу" газетасынан алынды)



**Калыков Сеитмурат Турдубаевич**
**Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы- акими**

## ТЕХНИКАЛЫК ПРОГРЕССКЕ, ИЛИМ-БИЛИМ СЕРЕСИНЕ

Убакыт учкан куш сымал алга карай канат сермей берет. Күн айга, ай жылга уланып, мезгил кылымдар менен тогошот тура. Мына эми Баткен өз алдынча район болуп түзүлгөндүгүнө 80 жыл толду. Баткен алгачкы жылдарда түптөлүү этабын басып өттү. Соко-боорсун менен жер айдап, дыйканчылыктан түшүм жыйган болсо, азыр техникалык жетишкендиктерди жеңил эле пайдаланып жатабыз. Таштардагы, зоокалардагы фактографиялык сүрөттөрдөн- жапырт сабатсыздыктан илим-билимдин сересин сермедик. Баткен району 80 жылдын аралыгында экономикалык, маданий-социалдык жана техникалык жактан мурда болуп көрбөгөндөй өсүштөргө жетишти.

Райондун 80 жылдык юбилейлик маарекесине даярдык көрүп жатып, жергебиздин өткөн тарыхына сарасеп салууга туура келет. Анткени "Тарыхын жоготкон эл, өзүнөн өзү эле кумга себилген суу сымал жоголуп кетет" деген экен улуу демократ акын Токтогул. "Замандын тамыры-тарых, мөмөсү-келечек" деген омоктуу ойду айтыптыр таланттуу жазуучу, тарыхчы Гыламидин Абдракманов. Баткендин эзелки, учурдагы тарыхы тууралуу изилдеген, илимий негизде, публистикалык маанайда жазып жатышкан атуулдардын аттары арбып жаткандыгы кимди гана болбосун сыймыктантпай койбойт. Демек эли-жерибиздин жоголгон жана жазылбай калган тарыхын жазып, келечек муундарга мурас катары калтыруунун учуру [illegible]

Тарыхый өгүттөн алып караганда Баткен аймагындагы эстеликтер жана учкай болсо да тарыхый маалыматтар аркылуу эзелки доорлордогу элдин турмуш-тиричилик, маданият, салт-санаа, үрп-адат, оозеки көркөм чыгармачылык жана эли-жерин душмандан коргогон баатыр уул-кыздарыбыздын эрдиктери тууралуу маалымат алууга жетиштик.

Кыргыздардын Энесайдагы мамлекети жибек жолуна байланыштуу экономикалык жактан белгилүү өлчөмдө өнүккөндүгүн билебиз. Ошол улуу жибек жолунан "Кыргыз жолу" делинген бутак тартылган. Ушул бутактын бир багыты өткөн кылымдарда Баткен аймагы аркылуу өткөн. Канатташ жайгашкан Кытай, Иран, Ауганистан жана башка мамлекеттер менен байланышып тургандыгын райондун Актурпак айылынан алыс эмес жердеги "Сүрөтү Таш" эстелиги айгинелеп турат. Мындан тышкары Кара-Булак, Туура-Таш, Көк-Таш көрүстөндөрү, Канигут кени, Кан чеби, Рават кербен сарайы аркылуу биздин аймактагы тарыхый көрөнгөлөр менен тааныша алдык.

Баткен району кенеш бийлиги учурунда декларативдуу болсо да белгилүү деңгээлде өнүгүү жолунда болгондугун жогоруда айттык. Атап айтканда айыл-чарбасы өнүгүп мал чарбачылыктан, дыйканчылыктан мол түшүм өндүрүү менен гана чектелбестен, мамлекетке сатуу менен арбын кирешелер алынып турган. Ошону менен бирге райондо саясый, мамлекеттик жана укуктук аң сезим калыптанды.

Ал эми 20-жылдардын аягында, 40-жылдарга чейин районубуздан айрым зээндүү жигиттер сабатсыздыгын жоюп эле калбастан ар кайсы жерлерде билим алып, элге кызмат кыла башташкан. Алардын ичинде Салихов Дастан Орто Азия Коммунистик университетин, анын бир тууганы Салихов Мурат Кыргыз Агартуу институтун бүтүрүшөт. Булар республикалык деңгээлде саясий турмуштун сахнасына көтөрүлүшкөн. Башкача айтканда Кыргыз ССРнин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагалык кызматына, экинчиси тажик ССРнин юстиция эл комиссары кызматына көтөрүлүшүп, белгилүү мөөнөттө иштешкен. Басмачылар менен күрөшүүдө, совет бийлигин

чындоодо, колхоздорду түзүп, аны өнүктүрүүдө канчалаган райондун жигиттери, кыздары каны-жанын аяшпастан иштешкен. Алардын катарына Сеитмуратов Султанмурат миң башы баш болгон Абдибалиева Галбүбү, Абдуллаева Үрүнса. Айтматов Сыдык, Нарматов Бото, Алимов Дубана, Юсупов Дубана, Акматов Бердикул жана башка ушул сыяктуу атуулдарын атоого болот. Алардын аруу, таза ысымдары тарыхта жазылып калды.

Баткен районунун эли Ата Мекендик Согуштун азап тозогун баштан кечиришти. Белсемдуу эркектер, эр жеткен уландар согуш майданына чакырылып, эрдиктерди көрсөтүштү. Булардын ичинен 667 си эли жерине жеңиш менен келишти 1106 адам согуш майданында баатырларча курман болушту. 1780 адам дайыны чыкпай калды. Булардын мекенди коргоодогу эрдиги эч качан унутпайт.

Ал эми тылдагы кары-картаң кемпир -чалдар, аялдар, өрезеге жете элек боз балдар, эселек кыздар эмгек талаасында түнү-күнү эмгектеништи. Согуш майданына азык түлүктөрдү, кийим кечелерди, акчалай жардамдарды жөнөтүп турушкан.

9-Май – Жеңиш майрамы өзгөчө майрам. Совет элинин, ошонун ичинде биздин райондун уул кыздарынын, уулдарынын кырчын өмүрү каны менен жаралган. Ооруктагы кары жаштын өжкиндуу эмгеги, кажыбас кайраты, көз жашы менен жуурулушкан Жеңиш майрамы. Согуштун орду толгус курмандыктарын, анда баатырларча көз жумган эр азаматтарын элибиз эч качан эстен чыгарбайт.

Баткен районунун ар тараптан алдыга карай өнүгүшү айрыкча Төрт Гүл суу сактагычынын курулушуна, кылымдар бою камгак басып жаткан талааларды өздөштүрүп, сууну жеткирүүгө байланыштуу. 9 миң гектардан ашык жер өздөштүрүлүп эгин талаасына айланды. Чоң-Талаа, Жаңы-Жер, Чек, Кызыл-Бел, Бозадыр, Чет-Кызыл сыяктуу жаңы айылдар пайда болду.

Төрт-Гүл суу сактагычын курууда, жаңы жерлерди өздөштүрүүдө Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун ошол учурдагы биринчи катчысы М. Н. Нургазиевдин, Ж. Бапыркановдун. А. Кожомкуловдун жаңы жерлерди ишке

кийирип гүл бакчага, ажайып жаңы айылдарга айлантууда Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун биринчи катчысы А. К. Касымбаевдин, эмгек жамааттарынын эмгектери эбегейсиз.

Төрт-Гүл СМУсунун курулуш мантаждоо башкармачылыгы суу сактагычты эле эмес, көптөгөн маданий турак жайларды, машина-трактор парктарын, цехтерди да курган. Алсак, жалпы аянты 10883 м кв турак үйлөрдү, Ж. Бөкөнбаев атындагы орто мектептин имаратын, 2 балдар бакчанын, кино театрдын, мончонун, кызыл үйдүн имаратын куруп, пайдаланууга берген.

Район 60-70-жылдарда айыл чарбасын өнүктүрүүгө айрыкча маани берген. Майда колхоздор ирилешип, совхоздорго бириккен. Ар бир чарба өзүнүн шартына жараша адистешкен "Москва" колхозу, малчылык, дыйканчылык, "1-Май" совхозу малчылык тамекичилик, Фрунзе совхозу малчылык- бакчылык, "Лениндин 100 жылдыгы" совхозу малчылык, Аксай совхозу эчкичилик, Төрт-Гүл, "Советтик Кыргызстан" совхоздору бакчылык-жүзүмчүлүк багыттары боюнча адистешип иш алып барышкан.

Райондо эт, сүт, тыбыт өндүрүү жана мамлекетке сатууда чоң ийгиликтер жаратылган. Коомдук малга тоют жана жем даярдап берүүдө, элди камсыздоодо дыйканчылыктын да маданияты жогорулаган. Баткен району эл чарба планын ийгиликтүү орундатканы үчүн 1979-жылы КПСС борбордук Комитетинин СССР министрлер советинин ВЦПС тин жана ВЛКСМдин, 1981-жылы Кыргызсатдын жогорку бийликтеринин Өтмө Кызыл Тууларын жеңип алууга татыктуу болушкан

Нишанов Орунбай, Карабаев Чаканбай, Эшмурзаева Барака, Төрөбаев Амиракул, Исаев Али ж. б Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттары болушкан. Ал эми Бадалов Калбай, Бостонов Эргеш "Ленин ордени", Маматалиев Жусуп "Эмгекке Даңк", Байназаров Бакир "Октябрь Революциясы", Жусупов Дубана, Ниязова Анипа ж б. "Эмгек Кызыл-Туу" ордендери менен сыйланышкан

Райондун аймагында күрдөөлдүү курулуш иштери

жүргүзүлгөн. Райондун борборунда 4 имараттан турган төрт кабаттуу турак үйлөр, маданият сарайы, административдик, райондук ооруканынын имараты, аэропорт жана башка көптөгөн курулуштар курулган. Ошондой эле райондун калк жыш жайгашкан айылдарында маданий административдик, турак үйлөр, коомдук мал үчүн короо -сарайлар курулган.

Элге билим берүү, медицина, маданият тармактары онүгүп, жергиликтүү кадрлар менен толукталган. Соода, тиричилик жактан кызмат көрсөтүү өнүккөн.

Жалпылап айтканда районубуздун аймагынан ааламга белгилүү скульптор Тургунбай Садыков, илимпоз окумуштуулар Ачылова Рахат, Нур уулу Досбол, Арапов Байыш, Топчуев Аркабай сыяктуу көптөгөн уул кыздарыбыз бар экендиги үчүн сыймыктанабыз. Ошондой эле алгачкы юристерибиз Айжигитов Абдирашид, Маркаев Айбаш, партиялык советтик жетекчилер Ходжеав Бусурман, Садыков Самат, Момунов Жолдошбай сыяктуу адамдарды атоого болот. Ал эми элге билим берүү тармагында Кожобаева Сагын, Эрматов Сейитказы, Акпаров Жолдошбай, Салиев Бөрү, Амиралиев Сапарали, Топчубаева Рахат, Медицина тармагында Султанмуратов Сейитмурат, Абдиллаев Гапар, Матказиев Эргеш, Төрөев Сайпидин, Саттаров Мустаза сыяктуу көптөгөн таланттуу тарбиячылар, белгилүү дарыгерлер бар.

Жыйынтыктап айтканда, совет бийлиги учурунда ири ийгиликтер, өсүп-өнүгүүлөр менен бирге оркойгон орчундуу кемчиликтер да болбой койгон эмес. Канткенде да элибиздин эзелки тарыхын, андагы аттын кашкасындай болгон эр азаматтарды, ардактуу аял затынын өкүлдөрүн эске салып, тарыхыбызды тастыктап жана баалабасак келечек бизди кечирбеши мүмкүн. Ошондуктан өткөндүн өрнөктүү жактарын өзүбүзгө алып келечекте ири ийгиликтерге бара беришибиз абзел деп ойлоймун.

1991-жылы 31-августта кыргыз эли эгемендүүлүккө жетишти. Кыргызстан өз алдынча мамлекет болуп калды. Алгачкы учурларда бир топ кыйынчылыктарды жеңүүгө туура келди. 1991-2000-жылдардагы жер реформасынын жүрүшүндө

районубузда жеке менчик жер ээлери пайда болду. Алардын басымдуу бөлүгү чарба жүргүзүүнүн чакан формаларын тандап алышты. Майда товар ишмердиги айылдардагы эң натыйжалуу өндүрүшкө жол ачты. Колхоз, совхоздордун мезгилинде жеке жоопкерчиликтен, коммерциялык тобокелчиликтен жана ак эмгектен пайда табуудан четтей баштаган айылдыктар үчүн чакан чарбалар нарк экономикасынын нагыз мектеби болуп калды. Район айылдык кооперацияны өнүктүрүүгө көбүрөөк багыт алууда.

Айылдык реформаны жүргүзүү менен бирге жайыттарды пайдалануунун маселелерине көбүрөөк көңүл бурулууда. Малдын санын көбөйтүп жаткан дыйкан чарбалары жайыттарды жакшы пайдаланууну колго алышты. Социалдык мобилизация жана микрофинансылоо системасы райондо жыл сайын кеңейип күчкө толуп баратат.

Райондун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү жылдан жылга өсүп жатат. 2012-жылы дүң продукциянын көлөмү 4 млрд 919мин сомду, 2013-жылы 5 млрд 604мин сомду түздү. Анын ичинен өнөр жайы 48, 2 млн, чекене товар жүгүртүү 1млрд 208 млн, салыктар жана жыйындар 54 млн 300 миң, капиталдык курулуш 1 млрд. 400 млн го жетти.

Өткөн жылы 1 млрд. 200 млн сомдук инвестиция тартылды. 2763 жаранга 223 млн сомдук кредит берилди. Айыл чарбасынан 2 млрд 818 миң сомдук азык-түлүк өндүрүлдү. Башкача айтканда анын ичинен 5922 т эт, 19 т сүт, 4млн го жакын жумуртка, 11, 7 т жүн өндүрүлдү.

Суу чарбасын, электр тармагын андан ары өнүктүрүүгө сууга жана электр кубатына болгон муктаждыктарды толугу менен чечүү иштери жүрүп жатат. Жолоочуларды мерчемдүү жерге ташып жеткирүү жана жолдорду пайдалануунун натыйжалуулугу боюнча жакшы жумуштар аткарылып жатат.

Корутундулап айтканда “Элүү жылда эл жаны” дегендей Баткен районунун түзүлгөндүгүнө 80 жыл болуптур. Ушул мезгилдердин ичинде сокодон техникалык прогресске, зоокалардагы, таштагы оймо чийме ( фактография) сүрөттөрдөн өнүккөн илим-билим сересине өстү. Мындан ары да райондун келечеги кең деп ишенимдүү айтамын.

# КИРИШҮҮ

Баткен аймагы  Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө жана Түркистан-Алай тоо кыркаларынын этегинде жайгашкан. Баткен аймагы жөнүндөгү алгачкы маалыматтар атактуу дарыгер Абу Али Ибн Синонун эмгектеринде' Истахринин “Китап масалик алмамалигинде”, Магдисинин “Хулуд ал - ааламында”, Закридин Махаммад Бабурдун “Бабурнамесинде” учкай гана баяндалган.

Орус саякатчысы А. П. Фетченко, археологдор А. Н. Бернштам, Ю. Д. Баруздин, Ю. А. Затнепетровскийдин археологиялык изилдөөлөрүндө Баткен өрөөнү тууралуу маалыматтар берилген. XVIII- кылымдын экинчи жарымында А. И. Вилькине, М. С. Андреев жана Н. Г. Малицкий Канигут үңкүрүндө болушуп, аталган үнкүрдү кененирээк изилдеп чыгышкан.

Баткен району жайгашкан аймактын эзелки тарыхы, элдердин маданияты, салт-санаасы, үрп-адаты, уруу-уруктары тууралуу илимдин негизинде кеңири изилденген эмгек жокко эсе эле. Ошону менен катар А. Бартольд, К. Жамгирчинов, И. Петров, Ж. Мукамбаев, Э. Абдуллаев, Э. Мамытбеков, К. Иманалиев, Ж. Жусупакматов, Ю.Заднепетровский сыяктуу бир канча окумуштуулардын эмгектеринде жана баткендик жазуучу М Үсөновдун тарыхый романдарында Баткендин тарыхы ичкилик кыргыздар анын курамындагы кыпчак, нойгут урууларынын тарыхый өзгөчөлүктөрү, салты тууралуу жалпылаштырылып, айтылган илимий изилдөөлөр, аныктамалар бар.

**Сүрөтү-Таш эстелиги.** Баткен чөлкөмүндө коло кылым же общиналык коом учурунда эле элдер жашаган. Тарых илимдеринин доктору, Ю. Заднепетровский «Байыркы Баткен эстеликтери» деген илимий эмгегинде жогоруда аталган коомдо Баткен аймагында элдер жашагандыгына далил катары Ак-Турпак айылынан анча алыс эмес жерде жайгашкан аскадагы Сүрөтү-Ташты алган. Андагы чегилип, тартылган сүрөттөр өз убагында сыйкырдуулугу, тактыгы менен элге кызмат кылгандыгын белгилеген.

инв №: 16990

«Сүрөт жазмалар, алар бай казына, элибиздин эзелки тарыхы жана бай мурасы. Алгачкы адамдардын пикир алышуудан келип чыккан каражат. Булар маселен «Саймалуу-таш (Көкарт), Тегермен-таш (Алай), Сүрөтү-таш (Араван. Баткен) ж. б. у. с. Сүрөт жазмалар жана алар жөнүндөгү маалыматтар» деп көрсөтөт. ОШМУнун профессору А.Ж. Жусупакматов («Саймалы-Таш сүрөт жазма сырлары» Ош 1998-ж. )

Окумуштуу У. Ж. Жусупакматов Кыргызстандын түштүгүндөгү таштарга, зоокаларга түшүрүлгөн сүрөт-жазмалар жөнүндөгү эмгектерин жалпылаштырып “Древние картосхеми земли в пиктографии петрофилов юга Кыргызстана” деген дүйнөлүк мааниси бар чоң көлөмдөгү эмгек жазды. Ал 2006-жылы китеп болуп басылып чыкты. Аталган китепте Баткен районундагы Сүрөтү-Таш жөнүндө атайын тема менен ар тараптан аныктама берди. Окумуштуу Ю. Заднепетровскийдин Сүрөтү-Таш жөнүндөгү пикирин терендетип, фотоаппарат менен тартылган сүрөттөрдү Кыргызстандын түштүгүндөгү жана Сибир, Алтай тараптагы таштагы жазуулар менен салыштырып илимий негиздеги аныктамаларды айдан ачык көрсөттү.

Демек, Баткендеги Сүрөтү-Таштa ушул аймакта жашаган байыркы көчмөн адамдардын турмуштук жашоо абалы, түшүнүгү, ой жүгүртүүсү, көз карашы абстарктуу түрдө чагылдырылган. Башкача айтканда, ороктой болгон белги жылдын кайсы мезгилин, дарыя сыяктанган сызык Кара дарыя ошол учурда барлыгын тастыктап, тизилип бир катарда бараткан адамдардын алдында, артында атчан адамдардын сөлөкөтү сымал сүрөттө Кытайгабы, Ирангабы Фергана же башка тарапка алып бараткан кулдарды элестетет. Төө, эшектердин жүк тартып баратканы- демек соодагерлердин сапарын жана мал жандыктарга окшогон сүрөттөр ошол чөлкөмдө жашаган элдердин мал багуусун элестетет. Таштагы бул сүрөттөр бир эле доор эмес бир нече коомдук түзүлүштөрдөн кабар берет. Дагы бир кызыктуу жери таштагы сүрөттөрдүн арасында чекиттер бар. Бул Сүрөтү-Ташка карай келаткандагы эл жашаган конуштардын же байыр алган жерлердин белгиси болуу керек

Байыркы замандарда жазуу болбогондуктан адамдар Сүрөтү, Саймалы таш сыяктуу кан жолдун тоомундагы көрүнүктүү таштарга картанын элесин түшүрүп, жолоочуларга, соодагерлерге багыт беришкен. Маданият, социалдык абалын, түшүнүгүн, көз карашын чагылдырган. Сүрөтүнүн экинчи атын Дарбаза Таш деп да аташкан. Анткени, эки тарабы аскалуу таш. Бийиктиги 160-180 метрди түзгөн, ортосу 3-4 метр. Ошол кууш жеринен жолоочулар өтүшкөндүктөн Дарбаза Таш деп айтылып калыптыр. Сүрөтү Ташты учурунда Бабур да китебинде жазып калтырыптыр Исфаранын түштүк тарабында бир шери (бир шери- 2 км чамасында) Санчын айнек (Ааалам айнеги) бар. Андан бардык нерселер чагылдырылып көрүнүп турат деп жазган экен ("Бабур- наме"-1493, 1493, 1494)

Тилекке каршы, Сүрөтү-Таш тарыхый эстелигинин жарымын өзбектер жардырып, Сох суу сактагычынын тосмосуна пайдаланышкан. Жапыс сүрөтү бар таштын жарымын сел басып көөмүп калган.

Баткен- шамалдын борбору деген маани берет. (Перси тилинде "вот кон" шамалдын борбору, орусча центр ветров) айрымдар шамалдын кени деп да айтышат. Баткен илгерки заманда шамалдын борбору же кени эле болбостон Алай, Гисар аймактары аркылуу Кытай, Иран, Авганистанды байланыштырган Улуу Жибек Жолунун соодагерлер каттаган тогуз жолдун тоому, кан жолу болгондугун жогорудагы окумуштуулардын аныктамасына таянып айта алабыз. Экинчиден, социалдык көрөнгөсүн, маданиятынын алгачкы абалын Сүрөтү-Таш аркалуу кабар алууга болот.

Баткен районунун аймагында албарс миздүү курал-жарактардын жасалышы, аны жер астынан казып алып, иштетүү маданияты Кани-Гут (гундардын кени) үңкүрү, экинчиси "Асман аттарынын» тукумун берген Тулпар-Көл баяны, үчүнчүсү, күзгү-таш (Сүрөтү-Таш).

Мезгилинде Ферганадагы Давань мамлекети тушунда, башкача айтканда, Давань падышасынын учурунда биздин эрага чейинки экинчи кылымда Баткен аймагында отурукташкан элдердин жашоо турмушун аныктаган эстеликтердин бар

экендигин аныкталган. Кара-Булак, Мыктын гөрү жана башка жерлердеги көрүстөндөрдү казуу менен изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Ак-Дөбөдө диаметри 25 метрге барабар болгон үңкүрдөн кол өнөрчүлүккө байланышкан оймо-чиймелүү, кооз үй буюмдарын табышкан.

Архиолог Ю.Баруздин Кара-Булак көрүстөнүндө 900 жүздөн ашык мүрзөнүн бар экендигин белгилеген. Мүрзөлөрдөн аталган доорлорго таандык адамдардын үй-жай буюмдарынын өзүнчө эле галереясын табышкан. Табылган байыркы эстеликтердин жыйынтыгынан улам аларды биздин эрага чейинки биринчи кылымдын Кара-Булак архиологиялык маданиятына кирс тургандыгын окумуштуу-архиологдор аныкташкан.

Орто кылымдын тушундагы чогулган буюмдарды, материалдарды иликтөө ишинин жыйынтыгында архиолог-тарыхчы Ю. Заднепетровский мындай деп көрсөткөн:

«Аянты 4 гектарга жеткен Бужум кыштагы да адамдын көңүлүн тартып турат. Бул Баткен өрөөнүндөгү илгерки ири кыштактардан болуп саналат. Колдогу материалдарга караганда мындагы жашоо тириликтин башталыш башаты биздин эрага чейинки биринчи кылымдан тартып 14-15 кылымдарга туура келет.

Баткен аймагында биздин эрага чейинки биринчи жана 10-12 кылымдарда тоо-кен өндүрүшүнүн пайда болуу жана аны иштетүү доорун камтыйт. Архиологдор тарабынан Рават тараптан өндүрүштүк маанидеги табылгаларды табышкан. Алсак буюмдардын арасындагы темир печканын диаметри 2 метрге жеткен. Учурунда Ибин-Сино да эмгектеринде Самаркан-Рават чөлкөмүндөгү Канигутту эске алган создүн этимологиясын чечмелегенде Кан-кен, гут калктын аталышы, башкача айтканда, гундардын кени деген мааниге жакындашат.

Самаркандек-Рават аймагындагы Канигут Кара-Булак, . Кыштут орөөндөрүндөгү үңкүрлөр, кен породаларын эритип алгандан кийинки калдыктар азыркы күнгө чейин бар экендиги талашсыз.


**Кудаяркан чеби.** Кудаяркан чеби – райондун аймагындагы тоолуу, кууш капчыгайда, дарыяны бойлой кеткен жол боюндагы

дөңсөө жерди атайын тегиздеп, бул чептен капчыгайдын дээрлик башынан аягына чейин жана Кожо-Ашкан тарапты да толук көзөмөлдөп турууга ыңгайлашкан жерге, сууну бир топ ылдыйдан кол менен ташып, бир канча жумушчу күчү менен салынгандыгы бир көргөн көзгө дайын болуп турат. Ал жөнүндө тарыхый маалыматтарда: "Кокон хандыгынын чеби. XVIII кылымдын аягы, XIX кылымдын орто ченинде кытайдын чек арасына жакын бийик дөңсөөгө тургузулган. Сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 2-2, 7 метрге, (алгачкы бийиктиги 3, 2 м. ) туурасы 1 метрге жетет. Бажыкана анын айланасындагы көчмөн калктан зекет чогултуучу жер катары кызмат кылган. Анда Кокон хандыгына каршы кыргыздардын көтөрүлүштөрүн басуу үчүн гарнизон турган. Кыргызстан Россияга кошулгандан кийин бул чеп пайдаланылбай калган", – деп кыскача гана жазылган. Бул учкай гана берилген маалыматтан тышкары бул чеп жөнүндө башка далилдүү маалыматтар жокко эсе. Бир да окумуштуу же атайын адис бул чепти атайын изилдөөгө алган эмес.

Чептин негизгиси – жогорку бөлүгү 4, 9 гектар аянтты ээлейт. Ал эми экинчи коргон 1 гектар аянтты тегерете курчаган. Эки коргон тең пакса менен урулуп, бурчтарында, көрүнөө жерлеринде цилиндр формасындагы имараттар кароолканалар, кызмат бөлмөлөрү курулган. Эки коргондун бири-бирине өтмө жолу да курчоо аркылуу туташкан. Дубалдын 1-1, 5 метр бийиктигинде мылтык учу эркин баткандай көзөнөктөр жайгашкан.

1976-жылдан баштап, чепти коргоо, сактап калуу камкордугу көрүлгөн. Баткен райондук кеңешинин төрагасы Бусурман Ходжаевдин сунушу, Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучусу, Кыргызстан Коммунистик партиясынын, эмгектин ардагери Ормонов Заирдин демилгеси жана түздөн-түз жетекчилиги менен чеп коргоого алынган. Чептин ичиндеги негизги бөлүгүнө мөмө жемиш бактары өстүрүлгөн. Эс алуучулар, туристер үчүн төрт бөлмөлүү имарат курулган. (А.Ормонов. "Байыркы бабалар жеринде". 2004-жыл. 24-бет).

**Ичкилик уруусу жана анын тайпалары жөнүндө.** Окумуштуу-диалектолог тилчи Ж. Муканбаевдин аныктамасына




**Кыргыз элинин теги.** *(Санжыра боюнча)*

таянганда Баткен чөлкөмүндө байыркы доорлордо сияхпуш (мук) деген калктар, уруулар жашаган. Жогоруда айтылгандай азыркы учурда да айрым жерлерде «Мыктын гөрү» деп аталган дөбөчөлөр бар экендиги улгайган адамдарга маалым.

Эң эле орчундуу маселе-бул биздин ата-бабаларыбыз Баткен чөлкөмүнө, башкача айтканда Баткен, Лейлек, Сүлүктү, Кадамжай, Кызыл-Кыя аймагындагы кыргыздар ичкиликтер кайсы учурда көчүп келишкен деген маселе ар түрдүү пикирлерди жаратып келүүдө.

Ичкиликтер жөнүндө Мурзапар Үсөн «Улуу талаанын урпактары» деген тарыхый эссесинде кеңири түшүнүк берген. «Манас» эпосунда кыргыз тукумдарынын эң байыркысы ушул ичкилик тукумдары экендиги азыркы Лейлек, Баткен, Кадамжай, Жаңы Ноокатты жердегендер айтылат.

Окумуштуу-тарыхчы В. Бартольд «16-17 кылымдарда Тянь-Шандык кыргыздар» деген эмгегинде 1635-жылдын 11-декабрынан 1636-жылдын январына чейин өтүүгө өтө кыйын экендигине карабастан Гисарга 12 башчысы менен 12000 үй-бүлө кыргыз көчүп келет. Бул «кафыр» деп аталган «Кара кыргыздар кийинки айда Балкы хандыгы тарабынан кабыл алынган» деп

тастыкталган. Окумуштуу-тилчи Ж. Муканбаев «Памирдик, Каратегиндик кыргыздарда» деген китебинин 9-бетинде окумуштуу-тарыхчылардын «кафир» деген сөздү атайын тырмакчага алып, баса белгилегендигин да себеби болсо керек. Анткени кыргыздар Тянь-Шань тарапта жашап турган учурларда мусулман динин толугу менен кабыл ала электигин тастыкташат.

Демек, Тянь-Шань Монголдордун зомбулугуна чыдабаган кыргыздардын айрым бөлүктөрү өнүттүү жай издеп, Гисар тарапка кыштын кычыраган суугуна, жолдун татаалдыгына кайыл болуп, үй-бүлөсү менен качууга аргасыз болушкан. Муну академик К. Юнусалиев да тастыктайт. Ал «Казак кайың сааганда, кыргыз Гисар киргенде» деген макал элде сакталып калгандыгын эске алат. Анткени, айыгышкан күрөш, айгакчыл заман учурунда аргасыздан казактар токойго качып суусап ачка калганда кайың дарагынын суусунан пайдалангандыгын, кыргыздын айрым тайпалары Гисар ,аркылуу түштүккө ооғондугун айткан.

Зардалылык 96 жаштагы Атаяров Досбол карыянын айтымында мусулман санасы боюнча 1000-жылында Баткендик бабаларыбыз Тянь-Шань тараптан чыгып, Кара-Суу бою Чаңгыр-Таш аркылуу Кара-Көл, Сары-Көл, Ыраң-Көл, аркылуу Гисарга келет. Анан көчүп-конуп жүрүп, Ысвара (Исфара) аркылуу өтөт. Зардалылыктардын Сакы бабаларынын бир тууганы Бакы Күнгөй тамда (азыркы Исфара шаарынын бир канча км аралыкта жайгашкан), Согментте Манаш калып, өзү балдары менен Зардалыга барып, жайгашат. Сакы баба жашап турган аймагы Зардали үчүн Мархаматка барып, (азыркы Жалал-Абад областында) малдын терисине арап тамгасы менен «Уваска» жаздырган. Ага мөөр басылып тастыкталган. Уваска атадан балага өтүп, этияттык менен сакталып келген. Досбол карыя өзү да аталган уvasканы бир нече жолу колу менен кармап, окуп көргөнүн айткан. Алибаев Саттар уваска менен тааныш болгондуктан анын негизинде Зардалылыктардын көчүп келип, жайгашкандыктары, салт-санаа, үрп-адаттары жөнүндө тарыхий поэма жазган. Анын кол жазмасы республикалык илимдер академиясындагы архивде сакталып турат. Саки бабанын

уваскасы биз үчүн тарыхый документ катары эсептелинет. Ичкиликтер жана анын курамындагы уруулар жашап жаткан жергелерине он алтынчы кылымдын экинчи чейрегинде көчүп келип жайгашып, бир нече кылымдардан бери осүп, өнүп көбөйүп гүлдөгөн жерге айлангандыгына талаш жок.

16-кылымга таандык "Тарыхтардын жыйнагы" (Маджему-ат-Таварих) деген китептин маалыматына караганда кыргыздар Ходжент тоолорунда жашагандыгы, ата-теги жөнүндө түшүнүк берет.

Ичкиликтер жөнүндө окумуштуулардын пикирлери бир нукта эмес. Атап айтканда К. И. Петров азыркы ичкилик кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү 12-13 кылымдарда Енисей жактан Тянь-Шанды көздөй жылган булгач, керемүч топторунан чыккан деп эсептейт. Ал орто кылымдагы авторлордун маалыматтарына таянып, булгачтар тобунун курамын бостон, кесек, жоокесек, канды, төөлөс ж. б бөлүмдөрдөн турганын айтат. Ал эми керемүчтөрдүн курамында тейит, ават, оргу деген бөлүмдөр болууга тийиш деп болжол кылат. Ошону менен катар бул окумуштуу булгачтарды азыркы ичкилик кыргыздардын ядросу болуп эсептелинет-деп көрсөтөт.

Ичкиликтердин чоң атасы Салмасбек Булгачынын бостон, тейит, жоо, кесек, доолос, кадыршах канды деген уурааны болгон («Манас эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери» 1966-ж 23-б З. Мамытбеков).

Бирок окумуштуу Э. Абдуллаев тарыхчы К. И. Петровдун пикирлерине кошулуп келет да, мындай болгондо азыркы ичкилик кыргыздарына кирген этнонимдердин көпчүлүгү (нойгут, кыпчак, найман сыяктуу кээ бир гана бөлүмдөрдөн башкасы) бүт бойдон Енисей, андан кийин Алтай тарабынан көчкөн жана булардын азыркы ысымдары кийинки кездерде эле пайда болгон деп айтууга болот деп айткан. (Э. Абдуллаев «кыргыз гонорлору» 1966 ж Фрунзе 126). Жогорудагы окумуштуу ичкиликтердин негизги бөлүктөрүнөн же урууларынан болгон кыпчак, нойгут, найман урууларынын аттарын кашаага алып, ачык пикир айткан эмес. Мындай пикирге кошулууга болбойт. Анткени кыпчак, нойгут, найман

уруулары Енисей, Алтай тараптан келбегендигин тастыктаган аргументин аталган автор илимий негизде тастыктаган эмес.

Ичкиликтерде нойгут, кыпчак, найман урууларында эле эмес жалпы кыргыз, түрк тилдүү калктарга кара аттын кашкасындай белгилүү макал-лакаптар, фразалогиялар, учкул сөздөр жана миңдеген архаикалык сөздөр бар. Мисалы: чөргөө, чөргөк деген лексикалык сөздөр азыркы күнгө чейин колдонулат.

«Байрагында (илгерки Кыпчактардын) болсо кайчылаштырылган эки пычак тартылып, Кыпчак деген сөз ошо эки пычактан (эки пычак-кыпчак) келип чыккандыгын, анан дагы канатташ жашаган кыргыздарга дайыма көмөктөш болушуп, жоого чагылгандй тийгенде «купчагына гана келишкендер кийин кыпчак аталып кетишкенин аксакалдар айтышкан» («Улук талаанын урпактары», М. Усон, 10б).

Ичкиликтер байыркы тарыхчы, «Тарыхтын атасы» атагына жеткен Геродотко белгилүү болуп, аларды (ичкиликтерди) исседондор деп атаган. (М. Усон. «Улуу талаанын урпактары» 32б)

Ичкиликтер дүйнөлүк тарыхка алгач (б. з. ч. VII кылымда) Иссодон деген ат менен түшкөн. Андан кийин ичкиликтер ошол эле Городоттун эмгектеринде скиф (искулят) – деген ат ичкилик деген атын б. з. ч. VI-IV кылымдагы грекче көчмөндөр – деген маанини билдирип калган. (Мурас. №49. Орозбек Айтымбет)

Жогорудагы окумуштуулардын эмгектериндеги пикирлерге таянып келет да Г. Мадаминов «Лейлек жана Лейлектиктер тарыхы» деген эмгегинде мындай деген бүтүм чыгарат:

«Көпчүлүк кыргыз уруулары Лейлек аймагында байыркы доордон бери эле жашап, бул аймакты мекендеп келишкен». ( «Лейлек жана Лейлектиктер тарызы» 1998. 27б. )

Эгер бул пикирге кошула турган болсок, ичкиликтердин Ават, Кыпчак, Нойгут ж. б. у. с Баткенде жашаган уруулар да байыртадан эле азыркы аймакта жашап келген деген бүтүмгө келүүгө болот.

Баткенди байыр алган бабаларыбыз малчылык, дыйканчылык менен алектенишкен. Климаттык, географиялык өзгөчөлүккө жараша дыйканчылыкты, мал чарбачылыкты өнүктүрүшкөн. Жер айдап, эгин өстүрүү менен катар аягы Мадиген, Андиген, Кожепкен, Зардалы,

Алтын-Бешик, Гороту, Көл жайлоолорун жайлап мал карашкан. Аскаташ белестерден көтөрмө арыктарды казышып жерлерди өздөштүрөшкөн.

Ичкиликтер анын ичинде баткендиктер өз алдынча обочолонуп жашашкан эмес. Канатташ элдер менен бир жагынан каратегиндик, алайлык кыргыздар жана тажиктер менен, экинчи канатында Ноокат, Ош кыргыздары жана өзбектер менен карым-катнашта алака түзүп, соода-сатык иштерин жүргүзүп турушкан. Кала берсе, кыз берип, келин алып, кудаа-сөөк байланыштарын жүргүзүп турушкан.

Элдик оозеки чыгармалардан «Төштүк», «Эр Табылды», «Жаныл Мырза», «Ак Саткын менен Кулмурза» сыяктуу эпостордун варианттарын «Тайчи - Ойчу» сыяктуу күүлөрдү жана кыргыз элине тиешелүү жөө жомокторду оозеки атадан- балага айтышып мурас катары калтырышкан.

Канатташ жашаган элдер менен ар тараптан алака жүргүзүү менен айрым басып алууну көздөгөн, элди бөлүп-жарган бузукуларга каршы күрөшүп, айбат көрсөтүп, келишкен. Ошондон улам Жаныл Мырза, Эртабылды сыяктуу жигит, кыздары жоо менен беттешип, баатырдыкты көрсөтүшкөн. Баткен чөлкөмүнөн Токтогул ырчы баш болгон далай ырчылар чыккан. Абдыракман (Бужум), Шоорук (Газ), Алим, Акмат (Орто-Боз), Кожомурат(Ак-Сай), Айтымбек (Самаркандек), Абдиманнап (Кишемиш) сыяктуу ырчылар өткөн. Алим ырчы Орто Азиянын көп жерлеринде чоң акындар менен айтышып жеңген. Акмат ырчы өз заманында чоң ырчылардын бири. Кожомурат ырчы Ак-Сай айылында (1899-1983-ж) туулган. Ходжаев Бусурмандын атасы. Ал өтө чебер, төкмө ырчылардан болгон деп эскерет Саттаров Сабит Рахматулла. Үй-куруу, темирден жарак-жабдык, тиричилик куралдарын жасоо боюнча да устачылык усулдары өнүккөн. Оймо-чийме, жүндөн кездеме токуу, териден, кийизден кийим-кече тигүү чеберчилиги өнүгүү жолунда болгон.

Эл көбүрөөк жайгашкан кыштактарда мечит жана анын жанында кичине медреселер болгон. Кожент, Кокон тараптагы медреселерден окуп келип арап тамгасын үйрөткөн, мусулманчылык боюнча иш алып барган билимдүү молдолор, эшендер иш алып барышкан.

Кокон хандыгы Алим хандын (1800-1809) Омор (1809-1822) Мухаммед али Мамадали (1822) хандыгынын тушунда саясий жактан өнүгүп аймактык жактан кеңейген. Ичкиликтердин нойгут уруусунан чыккан Нарбото бий Кокон хандыгын 1870-1800-жылдарда 30-жыл бою башкаргандыгы жөнүндө айрым тарыхчы, жазуучулар жазып

жүрүшөт. Ал эми Алымкул Аталык тарыхта белгилүү инсандардын катарына кирет.

Алыкул Аскер башы (Аталык) жөнүндөгү чыгарманы аны менен такай бирге жүрүп, анын инсандыгын көрүп билген, согуштук окуяларга түздөн-түз катышкан, баатырдыгына күбө болгон Муса Юнусжан 1902-жылы жазган. Бул адам Алымкулдун кызматчысы, ордодогу салтанатты башкаруучусу жана катчысы болгон. Аскер башчынын өмүр баянына да кеңири токтолгон.

Молло Юнусжандын арап алфавитинде жазылган кол жазмасын Андижан университетинин профессору Р. Шамсудинов, доцент П. Равшанов өзбек жазуусуна которуп, жарыка чыгарышкан. Ал эми Ош мамлекеттик университетинин доценти, философия илимдеринин кандидаты, урматтуу жердешибиз Топчуев Аркабай акебиз кыргызчалап, баш сөз жазып китеп бастырган. (Бишкек-Ош, 1999-ж.)

«Алымкулдун атасы Асанбай Бужум-Баткен чөлкөмүндө жашаган ичкиликтердин кыпчак уруусунан болгон. Кийинчерээк Өзбекистандын Андижан областына караштуу Коргон-Төбө кыштагында жашап калган. Ошол аймактын бийи болгон. Энеси Шаарбан Кокон уездинин Нойгут болушунда Бужум-Баткендин букараларынын биринин кызы экен. Алымкул эки жашка чыкканда атасы каза болот. Энеси үй-бүлөөсү менен Бужумга көчүп келет. Тагасы молло Дос Алымкулду тарбиялап өстүрөт. Жездеси Тагайкул аскер ишине үйрөтөт.

Анын зиректиги, иш билгилиги, билимдүүлүгү, эл арасында урмат-сыйлуулугу үчүн Коргон-Төбөдө бий көтөрүлөт. Кийинчерээк Кудаярхандын аталаш агасы Малабекке нөкөр жигит кызматын аткарып жүргөн учурда Алымкул 22 жаш курагында болгон.

Кудаярхандын мамлекетти башкаруудагы алсыздыгы, калайык калкка зулумдугу, элдин жашоо турмушунун өтө жакырдыгы, эл арасында кадыр-баркынын төмөндүгү негизги себептерден болуп элдик козголондор, толкундоолор күчөйт. Экинчи себеп падышачылык Россия, Орто Азиянын Кокон мамлекетинин аймактарын колония катары басып алуу үчүн аракеттенип, даярдыктарды көрүп жаткан. Ушул эки жагдай Алымкулду аскер ишине биротоло аралашып, карапайым калктын (анын ичинде кыргыздардын) таламын талашууга,

алардын бейпил жашоосу үчүн, адилеттикти орнотуу үчүн күрөшүүгө, элдин башын бириктирүүгө максаттантып аттантат.

1863-жылы июнь айында Алымкул башчылык кылган кыргыз-кыпчактар Коконду камоого алып, ордону ээлейт. Кудаярхан экинчи жолу ордодон качып чыгат. Эреже боюнча 1863-жылы 9-июль күнү Малабектин 12 жашар уулу Султан Сейит такка отургузулат. Кыргыз-кыпчак жамаатындагы көрүнүктүү ишмер, кыргыз-кыпчактын урматтуу чыгаан уулу Алымкул Султан Сейит регент («амирул умаро», «эмирлердин эмири») аталык, аскер башчы болуп көтөрүлөт. Иш жүзүндө Кокон мамлекетин башкаруу ага тапшырылат. Бийлик кыргыз-кыпчактарга өтөт.

Орус падышачылыгынын тапшырмасы боюнча генерал Черняев Олуя атаны, Чымкентти басып алып, Ташкентти, андан кийин бүт Кокон кандыгынын аймактарын басып алуу үчүн чабуулга өтөт. Атап айтканда 1865-жылы жазында Ниязбек чебин ээлеп алып, Ташкент шаарына баруучу сууну тостуруп, жер-жемишти, тамак-аш азыктарын өткөрбой элди оор абалга алып келет. Ташкентти коргогон Алымкул Аскер башынын негизги күчтөрү менен орус аскерлеринин ортосундагы кандуу кармашта Алымкул ийининен жарадар болуп каза табат.

Көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, таланттуу колбашчы жана кыргыз элинин ичкилик, кыпчак уруусунан чыккан белгилүү тарыхый инсан Алымкул Аскер башы Аталыктын табыты 1865-жылы 10-май күнү Ташкенттеги Шейкантаур көрүстөнүнө коюлган».

Ал эми Мулла Халбак Ибн Мусса Андижани «Алымкул салгылашуулар баяны» деген поэмасын жазган. Азыркы Кадамжай районунун жараны, кыргыз элинин жазгыч акыны, гуманист агартуучусу Молдо Нияз «Алымкыл Аталык» поэмасын жазып калтырган. Аталган акындар Алымкулдун баатырлыгын, эли-жери үчүн жанын аябаган эрдигин, кыргыз-кыпчактан чыккан мамлекеттик ишмердигин, чыныгы инсандыгын даназалашкан.

## Алымкул аталык жөнүндө
**(ИНТЕРНЕТ БУЛАКТАРЫНАН)**



**Автору: Акматов Мамасалы**

Менин чоң атам, Акматтын бир тууган агасы Суран жашырак кезинде эле каза болуп, анын баласы Сатарды агам Такабайга кошуп чоң атам багып чоңойткон экен. Биз чоң атабызды көрбөй калдык. Атам Такабай ажы *(өткөн жылы 88 жашында көзү өттү)* он бирге чыкканда атасы Акмат Сибирге айдалып үч жылдан кийин апасы өлүп, атам тогөлок жетим болуп чоңойгон экен. Сатар авабыз атамдан бир кыйла жашы чоң болгондуктан аны биз Сатар чоң ата деп айтаар элек. Ошол Сатар чоң атам мен мектепте төртүнчү, бешинчи класстарда окуган мезгилде: "Биздин чоң аталар хан болгон, Алымкул аталык Кокон хандыгын башкарган», - деп айтып калчу эле. Анан көбүнчө жанагы «жинди суудан» ичип алганда, мен Алымкулдун урпагынанмын деп өзүн баатырларча сезип кыйкырып калаар эле. Мен кичине кезимде уккан ушул сөздөр, күнү бүгүнкүдөй эсимден кетпейт, ал мезгилде бул сөздөрдүн маанисин деле түшүнгөн эмесмин. Биздин айылда *(Барпы айыл өкмөтү, Комсомол айылы)* Ынак санжырачы деген авабыз жашап өткөн *(1906-1987-жж)*. Ынак авабыздын айткандары айрым ошол кездеги журналисттердин архивинде эле калбаса айылда ошол кишинин айткандарын жазып калбаптырмын деп өкүнүп жүргөн адамдар аябай көп. Кыргызстандын кайсыл булуң-бурчунан болбосун ал кишиге жолуккан адамдын, ата-тегин, уруусун жана жети атасына чейин тактап-аныктап айтып берген киши болгон. Кыргыз Республикасынын жазуучулары, журналисттери Ынак абага келип жолугушуп, ал кишиден мурдагы доордо өткөн атактуу адамдардын тарыхын, ата-тегин сурап билишип, көптөгөн материалдарды чогултушкан. Алардын бири жазуучу - Түмөнбай Байзаков. Азыркы аксакалдардын айтуусунда Ынак авабызда

Кокон хандыгы тууралуу мурдагы заманда жазылган материал болгон экен. Жазуучу Төлөгөн Касымбеков «Сынган кылыч» тарыхый романын жазып жатканда Ынак аксакалга атайын келип, ошол материалдарды сурап алып кеткен дешет.

Атам болсо: «Биздин Алымкул аталыкты, Алымбек датка дешип алайлык кылыш алышты» - деп кейип калат. Көрсө, Алымкул аталык жөнүндө Совет өкмөтүнүн доорунда эч бир жерде айтылган да, жазылган да, изилденген да эмес экен, ошондуктан атам Алымбек датканы ушул Алымкул аталык болсо керек деп ойлоп жүрүптүр. Көп жылдар бою ушул атамдын айткан сөздөрү жүрөгүмдү өйүп жүргөн болчу, акыры мен бул инсан жөнүндө Ташкендин, Анжияндын архивдеринде жазылып калган материалдар бар деп угуп, Өзбекстандын жазуучуларына, тарыхчы-окмуштууларына кайрылып, ал киши жөнүндө материалдарды сурамжылап чогулта баштадым. Алымкулдун балдарынын сүрөтүн, небере-чеберелерин таап, жашаган жерлерин аныктап, ошол мезгилде жашаган адамдар, ал кишинин баатырдыгына, жасаган эмгегине арнап жазылган чыгармалар бар экенине күбө болдум. Андан сырткары, «Елкин» («Жалын») деген тарыхый романды да Өзбекстандын жазуучусу Х. Турсунматовдон алдым.

Алымкул аталык Кокон хандыгын башкарган учурда тышкы саясатты, финансы тармагында иш жүргүзүүгө чоң көмөк көрсөтүп, эң жакын кеңешчиси жана катчысы *(муншии)* болгон Молдо Жунус 1902- жылы жазып калтырган «Амир лашкар Алимкул тарихи» *(«Аскер башчы Алымкул тарыхы»)* аттуу эмгегинин жана ошол учурдагы окуяларды чагылдырган башка архивдик материалдардын негизинде өзбекстандык тарыхчы, илимпоз Рустамбек Шамсутдинов менен жазуучу Хабибулло Турсунматов биргеликте тарыхый роман жараткан экен. Романды окуп чыгып, чыгарма ушунчалык жакшы жазылгандыгына таасирленип, автордон уруксат сурап, аны которо турган адамды издеп таап, кээ бир сөздөрүн кошо которушуп, "Жалын" деп аталган китепти өз каражатыма чыгарып, элге бекер тараттым. Китепти журналист Абдумуктар Исраилов которду.

Кыргыз элинин басып өткөн тарыхы али толук изилденип жазыла элек экен деген чечимге келдим, себеби ошол эле кыргыздын улуттук баатырларынын бири, кечээги эле 19-кылымда жашап өткөн

чыгаан инсан кыска өмүрүн Мекендин эркиндиги үчүн арнаган, падышачылык Россия баскынчыларына каршы согушта 34 жашында шейит кеткен, улкөн колбашчы Алымкул аталыктын аты, аткарган иштери толук изилденбей, элге кеңири айтылбай келген. Качан гана Кыргыз мамлекети өз алдынча эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин бул инсанга кээ бир кыргыздын тарыхчы-окумуштуулары көңүл бура баштады. Алар К. Молдокасымов, Т. Топчуев жана Т. Кененсариев. Ушул жерден айта кетчү нерсе Молдо Нияздын кол жазмалары да качан гана Кыргыз эли өз эгемендүүлүгүнө ээ болгондон кийин 1993-жылы китеп болуп жарыкка чыкты. Ал үчүн Молдо Нияздын колкитептерин чогултуп, арап тамгасынан которуп, китеп кылып чыгарган агайыбыз Омор Соороновго ыраазычылык билдиребиз. Алымкул менен бирге орус баскынчыларына каршы күрөшкөн, Алымкул өлгөндө жаназасына катышкан Молдо Калыбек Муса эл баатыры Алымкулдун көрсөткөн эрдигине багыштап «Алымкулдун согушу» деген дастанын жазган. Молдо Калыбек Кокон хандыгында жүз берген бардык окуялардын катышуучусу болгон. Ал 1873-жылы Ош, Жалал-Абад, Көк-Арт өрөөнүндө Мамырбек башчылык кылган козголонго катышкандыгы үчүн айыпталып, 10 жылга Сибирге айдалган. Алымкул тууралуу дастанын ал Сибирде сүргүндө жүргөндө жазган.

**Алымкул аталык кыска өмүрүн Мекендин эркиндиги үчүн арнаган, падышачылык орус баскынчыларына каршы согушта 34 жашында шейит кеткен, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, талантгуу кол башчы, кыргыз элинин чыгаан уулу жана кыргыздын кыпчак уруусунун таз тобунан чыккан аскер башчы молдо Алымкул Асан уулу 1831 жылы – азыркы Анжиян облусуна караштуу Коргон-Төбө районунун Таштак айылында төрөлгөн.**

Архивдик материалдарга таянсак, атасы Асан өз мезгилинде Коргон-Төбөнүн бийи болгон. Алымкул аталык жөнүндө Өзбекстандын Илимдер Академиясынын чыгыш таануу жана кол жазмалар институтунда сакталган Алымкул менен бирге жүргөн кеңешчиси жана катчысы Молдо Жунус муптий 1902-жылы жазып калтырган «Аскер башчы Алымкул тарыхы» *(«Амир лашкар Алимкул тарихи»)* аттуу эмгегинде кеңири берилген.

Молдо Жунустун жазып калтырганы боюнча Аскер башчы эки жашка чыкканда атасы кайтыш болуп, энесинин колунда калып, Бужунбүткөн айылында *(азыркы Баткен районунун Бужум айылы)* алты-жети жашка чыкканча окуп, тарбия алат. Сабаты чыккан соң, Коргон-Төбө болуштугуна көчүп келип, анан Анжияндагы Акмечит медресесинде бир-эки жыл окуп, андан кийин Коконго барып, ал жерде ажы раис мырза дамылла Аяз маркумдун уулунун колунда билим алат. Ошол жерде кат таанып, илим алып, он сегиз жашка чыкканда жездеси Тагайкул датка алып келип, аскердик иштерге аралаштырат. Андан көп өтпөй эле бир убактарда атасы бий болгон ошо Коргон-Төбөгө бий болуп дайындалат.

Акылы тетиктигин, зиректигин жана баатырдыгын байкаган Кудаярхандын ата бир эне башка агасы Малабек, кийинчерээк Алымкулду өзүнүн эң жакын жан-жөкөрү катары алып жүрөт. Кудаяр ханды куул чыгып, Кокон хандыгына тактыга отургузууда Малабекке чоң жардам берген Алымкул болгон. Кокон тактысына Малабек хан болгон күндөн баштап ал бийик даражадагы кызмат орундарына бекитиле баштаган.

Малахан аябай ачуулуу, ач көз, сараң жана жеткен каардуулугу менен айырмаланган. Алымбек датка баштаган кыргыздын төбөсү көрүнгөн адамдары жана Малахандын кылыктарына тойгон. Кол алдындагы төбөлдөрү биригип, бир күнү түн ичи Малахандын жагагына кирип барып аны өлтүрүшүп, эртеси Шаамуратбекти хан көтөрүп шайлашат. Шатманкожону миң башы шайлап, Алымкул аскер башчылыка бекитилет. Хандыкты чыңдоо үчүн, аскерлерди көбөйтүүгө аскер башчы менен Шатманкожо миң башы Анжиян тарапка кетишет. Ушул кырдаалдан пайдаланган, Кудайархан Бухаранын эмири Музаффар менен Кокон хандыгын экинчи жолу басып алат.

Аскер башчы, Шаамуратхандын чарасыздыгына жана коркоктугуна ачуусу келди. Ал борборду жок дегенде бир айга кармап тура алат деп үмүт кылган. Алымкул Кудаярханга баш ийбеди, аларды тоо таянып ыңгайлуу жерде күтүп жатты. Бухаранын эмири Музаффарды, Кудаяр ханды ар тарабынан курчап,

кысымга ала баштады. Мындан коркууга түшүп калган эмирге элчи жиберип, мындай деди: «Азирети эмир, биз сизден корkконубуздан качканыбыз жок, сизди алдап ушул тузакка түшүрүүнү пландаштыргaнбыз. Эгер менин сунушума көнбөсөңүз майданда салгылашууга биз даярбыз. Анда сиздин ахвалыңыз кандай болоору бир кудайга маалым. Эгер шартыма көнсөңүз, Кудаярханды алып, аман-эсен Бухарага кайтыңыз. Сиздин аман-эсен чыгып кетишиңизге шарт түзүп беребиз». Мындай сунушту эмир дароо кабыл алып, Алымкулга ыраазычылык билдирип, Кудаярханды алып, Бухарага жол тартты.

Алымкул аскер башынын Кудаяр хандын, аны колдогон Бухара эмири Музаффардын үстүнөн болгон бул жеңиши ага зор атак-даңк алып келген.

Ушул окуядан кийин хандыктагы эки тизгин, бир чылбыр Алымкулдун колуна толук өтүп, кимди хан көтөрөм десе анын эрки менен чечилип калат. 1963-жылы 9-июлда Жармазарга Маргалан, Ош, Анжыян, Шахрихан, Наманган, Чуст, Кокондун тегерегиндеги жогорку мартабалуу журт билермандары чогулуп, Мала хандын 11-12 жаштагы уулу Султан Сейитти Намангандан алдырып келип, хан көтөрүшөт. Ал, хан көтөрүлгөнү менен бардык хандыктагы иштерди, тактап айтканда: мурас, каржылоо, аскер иштери, өлүм жазасына тартуу сыяктуу башкы маселелер аскер башчы Алымкулга жүктөлөт. Бул жөнүндө атайын келишим түзүлүп, ага хан башында турган бардык улама, зыялы жана мартабалуу адамдар кол коюшуп мөөрлөрүн басышкан. Ушул келишимге ылайык, хандыктагы бардык бийлик Алымкулдун колуна өтүп, ошол күндөн тартып, ага "амирул умаро"*(эмирлердин эмири)* деген наам берилген. Так ушул күндөн тартып ал жашы жете элек Султан Сейитке баш көз болуп, эл арасында Алымкул аталык деп аталып калган.

Бул окуяга күбө болгон кокондук бир адам мындайча баяндайт: «Маргыланга кирип, Жармазарга кондук. Шаардын уламалары, шаар төбөлдөрү тосуп алышты. Алар менен бирге зыяпатта болдук. Зыяпаттан соң молдо Алымкул сөз баштады: «Мамлекетибизде болуп жаткан башаламандыктардын себеби бир адамга баш ийбегенибиздин натыйжасы. Бардыгыбыз биримдикте бир ханды тандап алып, ага баш ийсек жакшы болот эле, буга эмне дейсинер, кимди каалайсыңар?» – дегенде Кокон уламаларынан Зиявидин максым мындай деди: «Бул

кызматка өзүңүздөн башка ылайыктуу адам көрүнбөй жатат». Алымкул буга макул болбой, укпаганга салып: «Анык бир адамды тандоо керек!»- деди. Тиги максым кайра эле баягы сөзүн кайталады. Алымкул Зиявидинге каран: «Сиз мени дейсиз, менин ниетим хан болуу эмес, мамлекетке кызмат кылуу, андан көрө ханзаадалардан бирөөнү сунуш кылгыла» - деди.

Ханзаадаларды бирме-бир атап отуруп, акырында Султан Сайитке токтолуп: «Атасы көпчүлүктүн жолунда жүрүп каза болгон эле, өзү жетим», - дешип Малабектин уулу Султан Сейитке токтолушту. Алымкулдун көз карашын баамдап отурган көпчүлүк, бул сунуш анын купулуна толгондугун байкашты да: «Бул орунга Султан Сейит ылайыктуу», - дешип жаалап жиберишти. Ошентип, Султан Сейит ак кийизге салынып хан көтөрүлдү».

Алымкул аталык бийликке келген учурда Кокон хандыгы таланып-тонолгон оор абалда эле. Хандыкты ушундай кыйын кезеңде башкаруу үчүн албетте зор талант, жөндөм керектелет эмеспи. Султан Сейит формалдуу түрдө хан көтөрүлгөнү менен, бардык түйшүк, жоопкерчилиги Алымкул аталыкка жүктөлгөн. Ошондуктан ал хан атыкпай эле, Алымкул аталык хан атыга баштады.

Алымкул аталык Кокон хандыгын бийлеп, жан үрөп, аталык милдетин аркалап, хандыктагы кыргыз, кыпчак, өзбек, казактардын башын бириктирип, бүлүнгөн хандыктын бүтүндүгү үчүн кам көрүп, адилет башкарууга аракет кылгандыгын кошо жүргөндөр, аны жакындан тааныгандар аталык жөнүндө ыр түрүндө, кара сөз менен, кээ бирлери чоң көлөмдүү дастан жазышып биздин урпактарга калтырып кетишкен. Алымкул менен бирге орус баскынчыларына каршы күрөшкөн, ал өлгөндө жаназасына катышкан Молдо Калыбек Муса эл баатыры Алымкулдун көрсөткөн эрдигине багыштап «Алымкулдун согуш баяны» деген дастанын жазган. Молдо Калыбек Кокон хандыгында жүз берген бардык окуялардын катышуучусу болгон. Ал 1873-жылы Ош, Жалал-Абад, Көк-Арт өрөөнүндө Мамырбек башчылык кылган козголоңго катышкандыгы үчүн айыпталып, 10 жылга Сибирге айдалган. Алымкул тууралуу дастанын ал Сибирде сүргүндө жүргөндө жазган.

Кыргыздын дагы бир чыгаан патриоту, философ акыны, тарыхчы Молдо Нияз *(1823-1896)* Алымкул аталыктын кылган эмгектерин өз көзү менен көргөн адам катары ири көлөмдөгү ыр түрүндө жазып кеткен кол жазмаларындагы ырларынан бир үзүм мисал келтиреби. Анда мындайча сүрөттөлөт:

Ак жолборстой Алымкул
Айкырып атка мингенде
Аччыгы чындап келгенде
Кызыл - чаар Шер эде
Кыргыздан чыккан эр эде
Кара - чаар Шер эде
Карадан түшкөн эр эде
Алыскы жоо - душманга
Айдыңы көп зор эде

Алымкул аталык эли-жери үчүн өз жанын аябаган Мекенчил адам болгон. Буга далил катары Орусия аскерлери Чымкентти басып алгандан кийин генерал Черняев Алымкул аталыка төмөндөгүдөй сунуш киргизген: «Чимкенттин ары жагы Орусия империясыныкы болсун, бери жагы *(Ташкентке караган жагы)* Кокон хандыгына карасын деген бүтүм чыгаралы».

«Мен жанымды берсем беремин, бирок эл-жеримди бербеймин», деп бул сунуштан Алымкул баш тарткан. Ал, карамагындагы жерди өз кызыкчылыгын ойлоп, мусулмандарды Орусияга таштап коюп, бүтүмгө келди деген жаман атка конууну каалабай, тирүү кезде өзүмө, өлгөнүмдөн соң балдарыма, неберелериме наалат айтылат деп, тарых алдында, келечек алдында абийиринин таза болушун көздөгөн. Эми согуш болсо, өзү өлсө да, элинин эркиндикке чыгышын Алладан тилеген.

Алымкул аскер башчы Чимкент шаарына бастырып келген орус аскерлеринин мизин кайтарып, аларды Олуя Атага чейин кууп барган, ошол учурду Молдо Нияз ырларында мындайча баяндайт:

Жети баш кафир орусту
Жер менен жексен кылам деп,
Жети күндүн ичинде
Жетип Чимкент үстүндө
Уруш кылды Алымкул.
Кыймылдатпай жайыдан
Жылбас кылды Алымкул.
Кыргын салып оруска
Кыйганы келди Алымкул.
Олжо кылып кафирдин
Атын алды Алымкул.
Өлтүрбөстөн коркутуп,
Өтүн алды Алымкул.

1865-жылы 28-апрелде Черняев жетектеген орус аскерлери кайрадан жүрүшүн баштап, Ташкенттин чыгышындагы Ниязбек чебин ээлеп алат. Бул кабар Кожент шаарында бухаралыктардын баскынчыл жортуулуна каршы чараларды көрүп жүргөн Алымкул аталыкка жетип, ал шашылыш түрдө жыйнаган алты миң кишилик кошуун, 40 замбирек менен Ташкентти коргоо үчүн жолго чыгат.

Алымкул аталыктын кошууну менен Черняевдин аскеринин алгачкы беттешүүсү 9-майда, эртс мененки саат жетиде Шор-Төбө деген жерде болот. Алымкул аталык Чыгыштын аскер





ыкмаларын чебер колдонуп, орус баскынчыларына олуттуу каршылык көргөзгөн. Үч жолку орус аскеринин чабуулунун мизин кайтарып, баскынчыларга үстөмдүк кыла баштаган. Аскер башчыны жеңе албастыгын күн мурунтан эле билген генерал Черняев Ташкендин байлары менен тил табышып, алар болсо Алымкулдун эң жакын адамдарынын бирин *(удайчысын)* сатып алышат. Алымкул орустардын мизин кайтарып, курчоого алып алсырата баштаган учурда артынан ошол чыккынчы атып коет. Бул учурду Молдо Нияз мындайча берет:

Орустар осол болгондо
Кафирге ташвиш түшкөндө
Батбактар моюн сунарда
Мусулман журт тынарда
Ок жаңылды өзүнө
От чагылды көзүнө
Ат боорудан кан кетти
Жаннатка карап жан кетти
Ордодон туйгун учту деп
Оруска чапты сүйүнчү
Кыргыздын ханы өлдү деп
Кытайга чапты сүйүнчү
Бутпарас маңгыт аралаш
Бухарга чапты сүйүнчү

Ак жолборс көзүң өттү эде

Саратанда кыш түштү

Сан журтундун башыга

Кыяматтай күн түштү

Алымкулдун уулу келип, атасын көрүп «Атаам» деп ыйлап жиберет. Молдо Алымкул уулун жанына чакырып кулагына бир нерсе деп шыбырап, койнунан пайгамбардын ыйык чачын алып, уулуна берет. Чыккынчылардын кыянаттыгы аскер башчыга да маалым болот. Жарат алган Алымкулдун дарты оорлошуп, ошол күнү бешимден кийин жан берет.

Алымкул аталыктын сөөгүн кайсы мазарга коюу тууралуу узак талкуу болгон соң, анын бир нече ишеничтүү кишилеринин кеңеши менен 11- май 1965 жылы азрети Шейх Ховаид Тахур мазарына коюшту. *(Мухаммад Салих Ташкентий. Дүйнө тарыхы).*

Алымкул аталыктын үч уулу болгон. Чоңу Ташмухаммад *(Ташмат мырза)* Коргон-Төбө, Көк-Арт өрөөнүндө болуштука шайланган. Кичүү уулу Шермухаммат *(Шермат мырза)* Анжиян шаарынын башкаруу кызматын өтөгөн. 1916-жылкы козголоң убагында кызматынан четтетилген. Дагы бир уулу Рустабек болсо кээ бир маалыматтарга караганда АКШда жашап өткөн.

Алымкулдун небере-чеберелери, гывыралары жана жакын тууган-уруктары ушул учурда Бишкекте, Сузактын Барпы айылында, Ошто, Кара-Сууда, Нокатта, Араванда жана Өзбекстандын Коргон-Төбө районунда, Ташкент шаарында жашашат.

Алымкулдун чоң уулу Ташмат мырзанын баласы Карабектин уулу Ташматов Кайтпас Карабекович азыркы учурда Өзбекстандын жогорку сотунун орун басары болуп эмгектенүүдө. Анын баласы Ташматов Азиз Кайтпасович Өзбекстан финансы министиринин орун басары-Ташкент шаарынын эсеп палатасынын төрагасы болуп иштеп жатат.

# БАТКЕН РАЙОНУНУН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

Кыргыз Автономиялуу областы Кыргыз Автономиялуу Союздук Республикага айлангандан кийин башка бир нече комиссиялар сыяктуу эле райондоштуруу боюнча атайын комиссия түзүлгөн. Бул комиссиянын сунуштары РСФСР ББАКтын Президиумунун 1928-жылдын 10-декабрындагы «Кыргыз АССРинин Ош округун түзүү жөнүндөгү» токтомунда:

1. Кыргыз АССРинде Ош жана Жалал-Абад кантондорунун чегинде волостук бөлүштүрүүдөн райондук бөлүштүрүүгө өтүү менен Ош округу түзүлсүн, борбору Ош шаары.

2. Ош округунун аймагы райондорго төмөнкүдөй болуп бөлүштүрүлсүн.

Сүлүктү району Ош кантонунун Нойгут-Кыпчак жана Исфана волосторунун чегинде, борбору – Сүлүктү поселогу, – деп бекитилген.

Ошентип Баткен аймагы 1928-жылдан баштап Сүлүктү районунун курамында боло баштайт.

ББАКтын Президиуму 1931-жылдын 20-июлунда «КАССР административдик бөлүштүрүү» жөнүндөгү токтомунда республиканын аймагында 24 район түзүү жөнүндө бекиткен. Анда Сүлүктү району (борбору – Сүлүктү поселогу) түзүлүп, (кийин Лейлек району деп аталган) анын курамына азыркы Баткен районунун аймагындагы Орто-Боз, Рабат, Баткен-Бужум, Кара-Булак, Суу-Башы айылдык кеңештери киргизилген.

ББАКтын бул токтому анын мурдагы токтомдоруна караганда бир канча өзгөчөлүктөргө ээ болуп, мурдагы волосттордун ордуна айылдык кеңештер түзүлүп, ал жаңы социалисттик түзүлүштүн принциптерине негизделген болчу.

Андан көп өтпөй эле ББАКтын Президиуму 1934-жылдын 20-августунда кабыл алган №125-токтомунун негизинде Кыргыз АССРинде 24 район түзүлгөн. Ал токтомдун протоколунда: Кыргыз АССРинин Лейлек районунан административдик борбору

Баткен кыштагы болуп, курамындагы Баткен-Бужум, Дара, Зардалы, Кара-Булак, Кыштут, Орто-Боз, Рабат, Суу-Башы айылдык кеңештери жана ага караштуу айыл-кыштактарынын чегинде жаңы Баткен району түзүлсүн – деп жазылып, Баткен району: борбору – Баткен кыштагы, жакынкы темир жол станциясы – 22 км. Фрунзе шаарына чейин 1067 км. анын ичинен темир жолу менен 1045 км. райондун территориясы 5231,0 кв. км. – деп көрсөтүлгөн.

Райондогу административдик-аймактык түзүлүштүн негизин айылдык кеңештер түзгөн. Административдик бөлүнүшү боюнча: райондогу 32 калктуу конуштар 8 айылдык кеңештерге (Баткен, Дара, Зардалы, Кара-Булак, Кыштут, Орто-Боз, Рабат, ) бөлүнгөн. Ал кезде райондун аймагында 84 калктуу конуштар болгон, бирок алардын ичинен 32 гана айыл макамына ээ болуп, калган кичине айыл-кыштактар алыскы тоо арасында, кокту-колоттордо жайгашкан болчу, кийинчерээк алардын дээрлик бардыгы түздүк аймактарга көчүрүлгөн. Административдик бөлүнүү боюнча ар бир айылдык кеңешке орто эсеп менен 4 төн айыл туура келген. Орто-Боз айылдык кеңешинде 6, Баткен айылдык кеңешинде 5 айыл болуп, калган айылдык кеңештерде 3-4төн айыл болгон.

Баткен Лейлек районунун борборунан алыс болгондугу, жол каттамынын начарлыгы, азыркыдай байланыш каражаттарынын жоктугу Баткен аймагында Совет бийлигин чыңдоого, коллективдүү чарбаларды(артелдерди) түзүүгө, башкаруу, элдин социалдык, экономикалык абалын жакшыртууга терс таасирин тийгизген. Мындай абал жалпы кыргыз автономиялуу республикасына таандык эле. Ушундай жагдайлардан улам Баткенди өзүнчө район статусун берүү проблемасы келип чыккан.

Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиуму 1934-жылдын 19-апрелинде "Лейлек районунун курамынан Рават, Орто-Боз, Баткен, Бужум, Кара-Булак, Суу-Башы, Кыштут, Дара айылдык Кеңештерин бөлүү жөнүндө" №21-чечимин кабыл алган. Аталган токтомду бекитүү жагы Бүткүл Россиялык

Аткаруу Комитетинин Президиумунан суралган. (негиз- ЦГА КР ф. 21, БП 9л. 57л. 37)

ВКПнын Кыргызкомунун бюросу 1934-жылдын 27-июлунда №31 протоколу менен Баткен-Бужум райкомун түзүү үчүн Кулумбаев. А. (катчы) Адылов, Абдахимовдордон турган уюштуруу бюросунун курамын бекиткен. Аталган бюро уюштуруучулук, саясий-массалык иштерди алып барышкан. Ушул жылдын акырында райондо 4 баштапкы партиялык уюм, 2 партиялык топто 18 партиянын мүчөсү, 31 партиянын мүчөлүгүнө кандидат, 8 партияга тилектештер болушкан.

Райондук комитет түзүлүп, Кулумбаев Абли биринчи катчылык кызматка шайланган. Кулумбаев А. 1905-жылы Тянь-Шань районундагы Куланак айылында жарды- дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1929-жылы партиянын катарына өткөн. Ташкенттеги Орто-Азиялык мамлекеттик университетте 1929-1931-жылдары окуган. 1931-1934-жылдары Фрунзе шаарындагы партиялык кадрларды даярдоочу мектепке окутуучу, Аламедин райкомунда бөлүм башчы, биринчи катчынын орун басары кызматтарында иштейт. 1934-1937-жылдарда Баткен райкомунун 1-катчысы кызматтарында иштөө менен райондо жакшы жетекчи катары урмат-сыйга татыктуу болгон. Партиянын катарын өстүрүүгө, алардын активдүүлүгүн көтөрүүгө айрыкча маани берген. 1937-жылдын январь-февраль айларында эле 12 адам К(б) партиясынын катарына кабыл алынып, 12 адам тилектештер тобуна кошулган. Комсомол уюму тарабынан партияга өтүүгө 9 колхозчуга рекомендация берилген.
1936-жылдын февралындагы маалымат боюнча райондо 27 комсомол уюму иш жүргүзгөн. Анын катарында 266 комсомолдун мүчөсү жана мүчөлүгүнө кандидаттар ар бир айыл-кыштактарда жалындуу демилге менен иштешкен.

ВКП(б) Кыргызкомунун бюросу 27-июль 1934-жылы №31-протоколу менен Баткен райондук аткаруу комитетинин төрагалыгына партиянын мүчөлүгүнө кандидат Сыдыков Саматты, райзонун башчылыгына Попковду дайындоо жөнүндө чечим кабыл алган.

Сыдыков Самат Баткен районунун Раут-Каут кыштагында

1908-жылы дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ташкент шаарында ислам дини боюнча билим алып, 1922-жылы келген. Тажикстандын Исфара шаарындагы ШКМда мугалим болуп иштеген. Баткен аймагындагы жаштарды окууга үгүттөөдө жана билим алууларына чоң салымын кошкон. С. Сыдыковдун жетекчилиги менен 1924-жылы Баткен айылында райондо биринчи болуп баштагыч мектеп ачылган. Баткендин чөлкөмүндө мектептерди ачууда, окуу-тарбия иштерин жолго коюуда жана «Кошчу», «Бухара» уюмдарын, Тоздорду, колхоздорду түзүүдө үгүт насаат иштерин жүргүзүп, түздөн-түз уюштуруучулардан жана жетекчилерден болгон. Баткен районунун өз алдынча түзүлүшүнө, өсүп-өнүгүшүнө эсепсиз эмгегин сарптаган атуулдардан болгон. 1942-жылы аскерге чакырылып, фашисттик баскынчылар менен күрөшүүдө өзүнүн эр жүрөктүүлүгүн көрсөткөн. 1943-жылы 23-июлда баатырларча курман болгон. (А. Кочкоров. «Самат» район, Баткен 1998-ж).

Баткен району уюшулган 1934-36-жылдары райондун жетекчилигинин алдындагы негизги милдеттер: коллективдештирүүнү аягына чыгаруу, айыл чарбасын көтөрүү, коомдук малдын санын көбөйтүү, ал үчүн тиешелүү шарттарды түзүү, эгин талааларын айдоо, себүү жана жыйноо иштерин уюштуруу, МТСтердин иштерин жакшыртуу, партиялык уюмдардын эл менен байланышын чыңдоо, айылдык Кеңештердин, комсомол уюмдарынын ролун күчөтүү, сабатсыздыкты жоюу, билим берүү, саламаттыкты сактоо, айыл Кеңештери менен райондун борборун байланыштыруучу жолдорду оңдоо, телефон орнотуу, электр жарыгы менен камсыз кылуу, партиянын саясатын эл арасына кеңири жайылтуу жана социалисттик укладды чыңдоо болгон.

Коллективдүү чарбага биригүү, кедей-кембагалдардын колхоздорду башкарууга катышуусу, партияга, комсомолго мүчө болуу, чоңдор арасында туташ сабатсыздыкты жоюу, балдарды мектептерде окутуу, аялдарды коомчулукка тартуу сыяктуу маселелер коомчулук арасында идеологиялык-саясий жана маданий жактан өтө чоң жаңылык болуп, ал адамдардын рухий аң-сезимине күчтүү таасир эткен. Партиялык, мамлекеттик

саясат мына ушул иш чараларды аткарууга багытталып, ал аркылуу жаңы коммунисттик коомду куруу негизги максат болгон. Албетте, бул иш чараларды турмушка ашырууда карама-каршы күчтөр да болбой койгон эмес.

1934-жылы январда Кыргызстандын облустук VII партиялык конференциясы болот. Анда Кыргызстандын айыл чабасында ийгиликтердин жаралгандыгы тууралуу баса белгиленет. Оор өнөр жайындагы жетишкендиктер, кадрлардын катарынын өскөндүгү, партиялык иштердеги абал талкууланат. Өлкө экинчи беш жылдык планды аткарууга киришет.

1936-жылдын январына карата райондо Баткен, Кара-Булак, Суу-Башы, Кыштут, Дара, Зардалы, Рават, Орто-Боз айылдык Кеңештери иштеп жаткан. 51 айыл кыштактарда 19446 адам жашаган. Райондун аймагы 4225 чарчы километрди камтыган. Калктын 99, 71 пайызын кыргыздар түзгөн. Айдоо аянты 12576 га, анын ичинен кайрак жер 6769, 8 га, сугат жер 5806, 7га болгон.

Кыргыз обкомунун түштүк райондору боюнча статистикалык маалыматына караганда 1935-жылы райондун колхоздорунда 290 жылкы, 478 бодо мал, 2943 кой-эчки, 158 эшек, 18 төө багылган. Ал эми колхозчулардын жеке менчигинде 1060 жылкы, 4842 бодо мал, 18824 кой-эчки, 1944 эшек, 245 төөк бар экендиги катталган.
1935-жылда колхоздордун саны 20га өскөн. Атап айтканда «Сталин», «Кызыл-Жол», «Ворошилов», «Орджоникидзе», «Энгельс», Кара-Булак, «1-Май», «Коммунизм», Кеңеш, Ынтымак, «Андреев», «Фрунзе», «Молотов», «Калинин», Кызыл-Ай, «Киров», Ровут, Палал, «Большевик», «Октябрь» колхоздору түзүлүп, иштеп жатышкан. 1940-жылга колхоздордун саны 40ка жеткен.

Райондо алгачкы ирет колхоздорду уюштурууда активдүүлүктү көрсөтүү менен бирге ошол чарбаларда башкарманын төрагасы(раиси) болуп көп жылдар иштешкендер:

Айтматов Сыдык, Рысбаев Турдубай, Рахматов Саттар, Нарматов Бото, Байжигитов Жусуп. Амиракулов Нурмат, Абдырахманов Матраим, Парманов Атабек, Алимов Дубана.

Атабаев Ысман, Орозов Жалил, Сайпазаров Султан, Амираев Осмон, Базарбаев Сулайман, Марипов Айбала, Абдиллаев Акылбек, Сапаров Ували, Салиев Момун, Эргешов Камбар, Юсупов Дубана, Беркматов Акбар, Акматов Бердикул, Акимов Мадымар жана башкалар.

Баткенде алгачкы учурларда түздө, артелдер уюштурулган. Артелдерге жердин көп бөлүгү, жумушчу күчү, шаймандар топтоло баштаган. Ошол эле учурда тоздордун, артелдердин мүчөлөрүндө жеке чарбалары да болгон. 1936-жылдын башында райондо 127 кызматчы, жумушчу, 5813колхозчу, 5060 кедей-кембагал жана 7840 орто дыйкандар, 51 бай жана кулак бар экендиги катталган.

Райондо бул жылы машина-трактор станциясы уюшула элек болчу. 1009 ат, 203 төө, 1811 эшек, 1037 өгүз транспорт катары жана чарба жүргүзүүдө негизги күч катары пайдаланылган. 12576 га айдоо аянтынын 6769, 9 гектарына кылкандуу дан эгиндери кайракты кошкондо, 129 гектарына шалы, 302 гектарына ар түрдүү эгиндер өстүрүлгөн. (ЦГА ф161. оп. 1. д. 5. л. 28-29)

Колхоздор уюшула баштаганда мамлекет тарабынан берилген каражат аз санда болгондуктан колхозго мүчө болуп өткөндөр өз ыктыяры менен колунда бар уй, өгүз, ат, эшек, кой-эчки, аттарын беришкен. Материалдык-техникалык база ушинтип түзүлө баштаган.

1938-жылы райондо МТС анын алдында саясий бөлүм түзүлгөн. 37 СТЗ тракторлору жер айдоодо колхоздорго жардам кыла баштаган.

Баткен өз алдынча болуп бөлүнүп, райондук партиялык, аткаруу комитеттери түзүлгөндөн кийин эл чарбасын өнүгүү жолуна багыттоо иштери тез темпте колго алынат. Коллективдештирүү аяктап, колхоздорду уюштуруучулук чарбалык жактан бекемдөө, өнүгүү жолуна багытталат. Мал чарбасынын, дыйканчылыктын түшүмдүүлүгү, кирешелүүлүгү үчүн күрөш башталат.

Мындай күрдөөлдүү максат-пландарды ишке ашыруу үчүн калктын калың катмарында үгүт иштери күчөтүлөт 1936-жылы

коммунисттердин саны 101ге көбөйөт. Анын ичинен партиянын мүчөлөрү 30 адам, кандидаты 71 адам болгон. Социалдык абалы боюнча жумушчу-4, колхозчу-68, кызматчы-23, үй кызматчысы-6 адам. Билими боюнча 37 адам кат таанып, жаза билген, 27 адам чала сабат, 37 адам сабатсыз болушкан. Мындан башка 266 сабаттуу, чала сабат комсомолдор эл арасында саясий массалык иштерди жүргүзүшкөн.

Андиген, Геревшин, Кишемиш, Кык, Сейлик, Горотту, Алмалы, Мазар жайлоолорундагы тоо арасында жашаган 569 адамды түздүккө көчүрүп, жер берүү, отурукташтыруу иштери жүргүзүлгөн.

Отузунчу жылдардын орто ченинде райондун аймагында бийликке каршы куралдуу басып алуучулук кыймылдары токтоп, тынчтык багытына өткөн менен 458 адам айрыкча көзөмолдө турган. Алар мурдагы басмачылардын катарында болгон, бийликке каршы чыгып, тымызын иш алып баргандар болгон. 57 мечит иштеп турган. Мечитке барып, намаз окугандарга тоскоолдуктар болгон эмес.

Кыргызстан КП(б) Баткен райкомунун жана райондук аткаруу комитетинин органы «Сталиндик Жеңиш» газетасынын биринчи саны 1938-жылы 23-февралда жарык көргөн. Анын биринчи редактору Темирбаев Полот болгон. Ал эми Баткен райкомунун 1938-жылдын 28-сентябрындагы №12- токтому менен райондук газетасынын редакторуна Полот Туратов дайындалган. Райондук гезиттин чыгышына ошол кездеги Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы, андан кийин эле Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасы болуп иштеген жердешибиз Мурат Салиховдун эмгеги баа жеткис. Ошентип, райондун калкын маалымат менен камсыздоо иши башталып, кийин бул багытта бир топ бараандуу иштер аткарылды.

Баткен районунун айыл чарбасынын, мал чарбасынын өнүгүшү, анын эсебинен райондун бюджетинин камсыз болушу менен райондогу социалдык маселелерге да көңүл бөлүнө баштаган.

1934-жылы райондун борборунда (Каңсык айылында, анткени бир топ жыл ушул айыл райондун борбору болуп, райондук мекеме-ишканалар 1960-жж. чейин ушул айылда жайгашкан) 20 койкалуу райондук оорукана уюштурулуп, кийинки жылдарда андагы койканын санын көбөйтүү каралган. Ал эми 1935-36-жж. райборбордо райондук амбулатория, райондук аптека, Зардалы, Кара-Токой, Самаркандек айылдарында фельдшердик бекеттер уюштурулат. Бул кызматтар элдерди дарылоо, алардын ден соолугун жакшыртуу, жугуштуу ооруулардын алдын алуу, балдарды эмдөө ж. б. иштерди аткарып, райондогу саламаттык сактоо тармагы барган сайын жакшыра баштайт.

Элдин сабатсыздыгын жоюу жана билим берүү тармагын жакшыртуу менен бирге райондук жетекчилик 1936-жылы райондун борборуна 30 орундуу балдар бакчасын уюштурушуп, анын алты айлык бюджетине райондук казынадан 9441 сом бөлүнгөн.

Район түзүлгөндөн кийин 2 адам райондук мекемелерге жетекчилик кызматтарга коюлган. Атап айтканда, Газыев Кадыр райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчылыгына, Турусбаев Темирбай байланыш бөлүмүнүн башчылыгына, Абдылаева Үрүнса райкомдун инструкторлугуна, Мамажунусов Койчуман райондук азык-түлүк даярдоо комитетине өкүл-инспекторлук кызматына дайындалышкан.

Райондо мал чарбасында, дыйканчылыкта социалисттик мелдештер уюштурулуп, стахановдук кыймылдарга үн кошкон койчу, колхозчулардын саны көбөйөт. 1937-жылы Республикада бүткүл союздук Стахановчу малчылардын кеңешмеси болуп өтөт. Ага 25 стахановчу-малчы катышат. Баткен районунун Андреев атындагы (Бужум) колхоздун чабаны Анаров Сайназар (Сайназаров Тажибайдын агасы) делегат болуп катышат. Республикадагы 22 малчылардын катарында Анаров С. «Ардак Белгиси» ордени менен сыйланат.

Райондо колхоздордун саны 1940-жылы 40ка көбөйгөн. Малдын саны беш жылда дүркүрөп өсө баштаган. Атап айтканда, 1935-жылдын январына салыштырганда 1940-жылдын январына карата

колхоздордун жылкысы 1761 башка же 507 пайызга, Бодо мал 1207 же 258%га, кой-эчки 14905 башка же 506% га, эшек 341 же 215%га, төө 24 башка же 133 пайызга көбөйгөн. Колхозчулардын жеке менчик малы да өскөн. Жылкы 2140 башка, бодо мал 12830, кой-эчки 64150, эшек 4280, төө 1000 башка көбөйгөн. Жалпысынан алганда, райондо 3901 жылкы, 14037 бодо мал, кой-эчки-79055, эшек-4621, төө 1024 башка жеткен. (негиз: ЦГА КР. Ф-328. оп. 1. д. 1547. л. 13).

# СОГУШТАГЫ ЭРДИКТЕР, ООРУКТАГЫ КҮЖҮРМӨН ЭМГЕК (1941-1945)

Гитлер башында турган фашисттик Германия 1941-жылы 22-июнда Советтер мамлекетине кол салганы баарыбызга белгилүү. Дал ушул күндөн тартып Европанын талаасында согуш оту жанды. Биздин райондун эр азаматтары да согуш майданына барышып баскынчылар менен күрөштү. Согуш 1418 күнгө жана түнгө созулду. Ар бир эрезеге жеткен эркек отту кечип эл чстинде, майдан бетинде эрдик көрсөтсө, алардын жубайлары эмгек майданында каармандыкты көрсөтүштү. Жетидеги бала менен жетимиштеги карыяга чейин «Бардыгы Жеңиш үчүн- бардыгы фронт үчүн» деген максатты туу тутушкан.

Согушта союз боюнча алганда 27 милион адам согушта каза болсо, анын ичинен 162миң кыргызстандыктар эле. Ал эми биздин райондон 3493 адам согушка барып 667 адам кайра келген. 1106 киши согуш майданында каза болуп, 1780 адам дайынсыз жок болуп кеткен.

Жеңиш күнүнө карата 1941-1945-жылдары Гитлердик баскынчыларга жана Япондук милитаристерге каршы Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жана дайынсыз жоголуп кеткен Баткен областынын жоокерлери жөнүндө «Эскерүү китеби» жарык көрдү. Китепти даярдап басып чыгаруу обладминистрациянын мурдагы губернатору М. Ж.. Жумабеков, облустук ардагерлер кеңешинин төрагасы К. Ташбалтаев аксакалдын эмгектери эбегейсиз экендиги талашсыз. Баткен району боюнча китепти иликтеп караганда 1106 адам согуш майданында окко учуп 1780 адам дайынсыз жоголгон. Булардын ичинен орустар-65, украиндер -4, татарлар -8, башкырлар-5, өзбектер-3, улуту көрсөтүлбөгөн адамдар 83-бардыгы 178 адам, калгандары кыргыздар болушкан. Кенже лейтенант -8, лейтенант -8, капитан-1. Бардыгы -20 офицер райондон согушка барып, командирлик кызматын аткарышкан. Жердешибиз капитан Орозалиев Турсунбай 1922-жылы туулган, салгылашуу учурунда ок жанылып 1945-жылы 7- январда жараатган каза

болгон, сөөгү Литва ССРинде коюлган. Малаев Пазыл кенже лейтенант, 1924-жылы туулган, 1945-жылы 24-февральда баатырларча курман болгон, сөөгү Латвия ССРинин аймагына коюлган. Малбаев Пазыл кенже лейтенант 1918-жылы туулуп 1945-жылы 24-декабырда баатырларча курман болгон соогу Латвия ССРнин Матыки кыштагына коюлган. Булар бир тууган болушкан.

Баткен районунан барган 136 жоокер согуш майданында эрдиктерди көрсөтүшкөндүгү үчүн орден, медалдар менен сыйланышкан. Алардын катарында Акматов Дүйшө, Байназаров Бакир, Гаипов Темирбай, Эркебаев Жаанбай, Матемиров Имат, Акматов Абдиллат, Жусупов Исамидин, Жусупов Дубана, Батыркулов Торко, Амиров Ормон, Абакиров Жумаш, Мамытов Кочкор, Касымов Кабыл, Бекматов Борон, Сапаров Соорбай ж. б болушкан

Кыштут айыл өкмөтүнө караштуу Сай айылында туулуп өсүп, 1939-жылы армияга чакырылган Акматов Дүйшөнүн эрдиги эбегейсиз. Баатырларча эрдик көрсөткөндүгү үчүн 2- даражадагы жана 3- даражадагы Даңк эки ордени, 1-2 даражадагы Ата Мекендик согуштун эки ордени, «Эрдиги үчүн» «Варшаваны бошоткондугу үчүн», «Берлинди Алгандыгы үчүн», жана башка юбилейлик медалдарды алууга татыктуу болгон. Согуштан келгенден кийин «Коммунизм» колхозунда райондук токой чарбасында, Сай байланыш бөлүмүндө иштеген. Жаштарды эли, жерин сүйүүгө, патриотуулукка тарбиялоодо райондо бараандуу иштерди жүргүзгөн. Жусупов Исамидин 1941-жылы согушка кеткен. Согуш майданында Туркистан согуштук округунан баштап Берлинге чейин барган. Эржүрөктүүлүгү үчүн «Ата Мекендик согуштун» 1-2 даражадагы эки ордени, кийинки бейпил турмуштагы эмгеги үчүн «Эмгек Кызыл Туу» ордени ж. б медалдар менен сыйланган. Мугалим, комсомолдун райкомунун экинчи катчысы, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары, Баткен айылдык Кенешинин төрагасы кызматтарын абийирдүүлүк менен аткарган, күйүп-бышып иштеген. Айрыкча элге билим берүү багытында жакшы кызмат өтөгөн. Согуштан кайтып келгенден кийин Гаипов Темирбай.

Байназаров Бакир, айыл чарбасында Рахматов Ашир партиялык, Эркебаев Жаанбай, чарбалык профсоюздук жетекчилик кызматтарда, Матемиров Имат, Исмаилов Матраим аскердик комиссариатында кызматтарында көп жыл бою эмгектеги каармандыктары үчүн орден, медалдары менен сыйланышкан.

Ата Мекендик согуштун жеңиши менен аякташына райондун ооруктагы аялдар, жаштар, карыялар күндү-күн, түндү-түн дебей азык-түлүк, тамак аш продукцияларын өндүрүү үчүн жигердүүлүк менен иштешкен. Биринчилерден болуп Эшмурзаева Барака, Калмуратова Уулжан, Жакшыбаева Уулжан, Айдарова Арзыгүл, Дубанаева Салия, Айтбаева Бажи, Норузова Говар сыяктуу келиндер трактиристик кыска мөөнөттүү окуусун окушуп, трактор айдашкан. Исфара шаарындагы темир жолго тамак-аш азыктарын араба, ат, эшекке жүктөп ташып барышып согуш майданына жөнөтүп турушкан. Район 1941-1945-жылдарда толук эмес маалымат боюнча 25797 тоннадан эгиндерин, 17345 даана жылуу кийим, жашылча жемиш, эт азыктарын согуш майданына жиберишкен.


Акматов Бердикул

Кыргызстан КП БКнын, Жогорку Советинин Президимунун тапшырмасы боюнча Тянь-Шань обкомунун катчысы К. К. Каракиев, Кыргыз ССР радиокомитетинин төрагасы Н. Л. Дубровский, Ош облустук жер бөлүмүнүн башчысы А. Х. Анарбаевдердин жетекчилигиндеги делегация 1943-жылы июль айында 6 вагондо азык-түлүктөрдү, белектерди Ленинград шаарына алып барышат. Аталган делегациянын курамында Баткен районунун «Ленинград» колхозунун раиси Акматов Бердикул да болгон. Ал колхозчулардан жыйналган 50 кап гүрүч, 30 кап өрүк, 90 баш үй, 1000 кг кургатылган мөмө-жемиш, танка куруу үчүн 80000 миң сом акча, 40000 миң сомдук заемдун акчасын Ленинград колхозунан Ленин заводуна деп алып барып

тапшыргандыгы тууралуу архивдик документтер далилдейт.

Ленинград шаары душмандар тарабынан 900 күн курчоодо калып тамак-аш жетишпей, ачкачылык арааны ачылып, турган учурда Б. Акматов тарабынан жеткирилген азык-түлүк аз болсо да курал-жарак жасап чыгарып жаткан Ленин заводунун жумушчу жоокерлерине белгилүү өлчөмдө жардам болуп, алардын духун көтөргөн. Заводдун жетекчилиги белек катары Ленинград колхозуна бир полутурка жүк ташуучу автомашина берген.

Бужумдагы Андреев атындагы колхоздун колхозчусу Токтобаев Абдраим согуштун азап-тозогун сезип, техника, ок-дарынын жетишсиздигин билип, колхозчуларды, тууган уруктарын баш коштуруп, 2 тонна буудай, арпа, 10 кой, 2 уй жыйнап, 160 миң сомду, 50 миң заемдун акчасын СССРдин куралдуу көчтөрүнүн эсебине жөнөтөт. Ага төмөндөгүдөй жооп келген:

«Баткен, Ош облусу Андреев атындагы колхоздун колхозчусу жолдош Токтобаевге:

Сиз тарабынан жөнөтүлгөн акча каражатына танка жасалып, подполковник жолдош Торчишин командалык кылган аскер бөлүгүнө жөнөтүлдү» (полевая почта №67922)

**Кызыл Армиянын МВ жана КТ согуштук даярдык көрүү жана түзүм башкармасынын Началниги; Танкалык войсканын Генерал майору Лепедаев.**

А. Кайымов. Д. Шамшиев, С. Айтматов, Б. Маткаримов, К. Абдивалиева, Б. Акматов, А. Беркматов, Т. Файзуллаев, М. Маткурбанов, А. Осмонов, Б. Нуралиев, У. Абдиллаева, сыяктуу колхоздун раистери жана активистеринин ар бири 30-44 миң сомдон акчаларын жыйнашып, согуш майданына жардам иретинде жөнөтүшкөн.

Согуш учурунда Баткен районунун Кишемиш, Сымап, Адыр-Экөө аймактарында калай, сымап кени казылып алынган. 150 дөн ашык адамдар шахталарда жана башка жумуштарда иштешкен. Аталган металлдар курал жарак жасап чыгаруу боюнча өтө керектүү болгон. Ошондуктан аталган кендер союздук масштабда мааниге ээ болгон. Анда иштегендер согушка

жонотулбостон брон менен калтырылган. Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларынын шахталарында, жол, темир жол курууда да Баткендик жумушчулар, аялдар, өспүрүмдөр согуш бүткөнгө чейин иштеп турушкан.

1941-1945-жылдарда тылдагы күжүрмөн эмгектери үчүн райондун 3106 адамы СССР Жогорку Советинин Президимунун Указы менен «Эмгектеги Каармандыгы Үчүн» медалы менен сыйланган. Бул адамдардын тизмеси Баткен облустук архивинде сакталып турат. Медал ээлерине мамлекет тарабынан жеңилдиктер берилүүдө. Сыйлангандардын арасында согуш мезгилинде райкомдо, райаткомдо иштешкен Файзуллаев Ташмурат, Макканбаев Муктар, Токсонова Мария, Абдиллаева Үрүнса, Ботокозуева Кайры, Алимов Курбан, Асанов Алим бар. Билим берүү тармагынан; Пазылов Раимберди, Кожобаева Сагын, Такырбашева Салкын, Айдаров Эгемберди, Абакиров Жумаш, Адылбеков Турду ж б у с. сыйланган. Райондун 3 миңге жакын колхозчу, малчы, тракторчу, сугатчы бригадирлери бар. Эшмурзаева Б, Асанов М. Калмуратова Уулкан, Жакшыбаева Уулжан сыяктуу алгачкы механизаторлор да сыйланган.

**Жыл сайын 9-майда Улуу Ата Мекендик согуштун жеңиш күнүн майрамдап келебиз. Бул майрам өзгөчө майрам. Совет элинин мыкты уул кыздарынын кырчын өмүрү каны менен жаралган. Ооруктагы карыя, кемнирлердин, жубайларын казатка аттанткан аялдардын эр жете элек улан кыздардын өтө кыйынчылык шарттардагы кажыбас эмгеги, көз жаш менен жаралган Жеңиш майрамы! Жылдар өтөт, кылымдар оошат, бирок ар бир жылы 9-майда улам кийинки муундар миллиондогон жоокерлердин элеси, эстелиги алдында баштарын ийип таазим кылаарында шек жок.**

# РАЙОНДУН ЖИГЕРДҮҮ ЖЕТЕКЧИЛЕРИ

Район өз алдынча түзүлгөндөн кийин алдыдагы максат, план-программаларды аткарууда партиянын райкому башында турган райаткомдун, мекеме-ишканалардын, колхоз-совхоздордун жетекчилиги жана мал, айыл чарба адистери, жалпы жамаат менен бирдикте иш алып барышкан. Кадрлар бардыгын чечкен максат-мүдөөлөрдү жүзөгө ашырышкан.

1934-жылдан 2014-жылга чейин Баткен районунун башчысы болуп, 27 жетекчи иштеген:

| | |
|---|---|
| Кулумбаев Абилай | 1934-1937 |
| Чибутов Сарыгүл | 1937-1938 |
| Коробов П. А. | 1938-1941 |
| Гарифулин С. | 1941-1943 |
| Мирабдазизов Халил | 1943-1947 |
| Айжигитов Дауран | 1947-1950 |
| Асранкулов Бөрүбай | 1950-1952 |
| Жапаров Ташболот | 1952-1953 |
| Кудайбердиев Мурзакарим | 1953-1957 |
| Искандаров Токтобай | 1957-1961 |
| Арзыкулов Сатар | 1961-1965 |
| Атабаев Жоро | 1965-1968 |
| Нургазиев Муктар | 1968-1973 |
| Сыдыкбаев Намасалы | 1973-1975 |
| Касымбаев Алимжан | 1975-1985 |
| Жунусов Аман | 1985-1987 |
| Тилекеев Жеңиш | 1987-1990 |
| Турмаматов Курсанали | 1990-1991 |
| Камчыбеков Равшан | 1991-1994 |
| Жээнбеков Мурзаибраим | 1994-1995 |
| Бердиев Дастан | 1995-1999 |
| Маматалиев Абдрахман | 1999-1999 |
| Гайыпкулов Искендер | 1999-2002 |
| Алиев Болот | 2002-2004 |
| Имаров Алияр | 2004-2006 |
| Ходжаев Дастан | 2006-2009 |
| Орозбаев Мамашарип | 2009-2010 |
| Айкынов Хаит | 2010-2011 |
| Калыков Сейтмурат | 2011-2014 |



***Кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматов партиянын Баткен райкомунун 1-катчысы А. Касымбаев, райкеңештин төрагасы А. И. Шингарев жолугушуу учурунда***

Кыргызстан компартиясынын Баткен райкомунун 2-3-катчылыгында, бөлүм башчылыгында, чарбалардын парткомдорунун катчылыгында пофкомдун төрагалыгында Ракматов Ашир, Кабылов Ысман, Сапаров Мамади, Момунов Жолдошбай, Мергенов Буркан, Эркебаев Жаанбай, Калилов Абдыкаар, Жамалов Пайзилла, Эгембердиев Убали, Сейдакматов Кайрылла, Хурамшин Явдат, Нажмидинов Көлчү, Мамадиев Сүйүнбай, Вахидова Лилия, Жороев Саттар, Ташкожоев Имар, Кулдашева Токтокан, Акматов Абдимуса, Рахманбердиев Жамалдин, Айкынов Хаит, Калилов Пайзилла, Зулпукаров Жумабай, Калбаев Тагайберди, Гайлаков Тажибай, Темиркулов Анаркул, Абдиева Раат, Ахмедова Чынара, Кошматов Саит, Мидинов Шерали, Абдырахманов Ажибай жолдоштор көп жыл иштешкен.

Ал эми райондогу номер экинчи кызматта Эмгекчилер депутаттарынын райондук Кеңешинин аткаруу комитетинин (райондук Кеңештин) төрагалары болуп: Сыдыков Самат, Тиллабаев, Арбаев Асан, Баймуратов А. Байджанов А. Умаров Балтабай. Туратов Полот. Жолдошов Сыдык, Ахматов Мамат, Досматов Акмат, Сагыналиев Жумабек. Ходжаев Бусурман,



***Баткен райкомунун конференциясынын катышуучулары***

Шингаров Иван, Базавлюк Александр, Дыйканов Ахмеджан, Турмаматов Курсанали, Калыкова Гүлүмкан, Абдуллаев Болот, Темиркулов Али, Пинназаров Абдипатта, Имаров Алияр, Эшмурзаев Каныбектер иштешкен.

Райкомдун биринчи катчысы Нургазиев Муктар Нургазиевич, райаткомдун төрагасы Ходжаев Бусурманкул Ходжаевич Төрт-Гүл суу сактагычын куруудa чарбаларды ирилештирип, малдын санын арттырып, азык-түлүк продукцияларын арбын өндүрүүдө, дың жерлерди өздоштүрүп, түшүмдүүлүктү көтөрүүдө, маданий курулуштарды куруп, маданий-социалдык турмуш-тиричликти жакшыртууда кадрларды тарбиялап жетекчиликке котөрүүдө зор уюштуруучулук, практикалык иштерди алып барышкан.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму 1962-жылы 30-декабрда эл депутаттарынын жергиликтүү “Кеңештерди кайра түзүү жана Кыргыз ССРинин административдик –территориялык түзүлүшүн өзгөртүү жөнүндөгү” Указын кабыл алат. Партиянын Баткен райкому да жоюлат. Жоюлган райкомдордун ордуна айыл чарба башкармалары түзүлөт. Баткенде аталган башкарманын башчылыгына Кабаев Мукаш дайындалат. Андан кийин 1968-1976-жылдарда айыл чарба башкармасын Киркиреков Тууганалы жетектейт. 1976-1984-жылдарда Эгембердиев Аширбек иштеген.

Киркиреков Тууганалы жана Эгембердиев Аширбек иштеген 15 жылда райондун айыл чарбасы дүркүрөп өскөн. Жаны жерлер өздөштүрүлүп, коомдук малга тоют, жем мол камдалган.

Малдын асылдуулугу артып, төл, эт, сүт, жүн мурда болуп корбогөн өсүшкө жетишкен. Дыйканчылык агротехникалык талапка жараша арбын түшүм берген. Булардан кийин Анарбаев Абдималик, Эргешов Каныбек, Имаров Алияр, Калыков Сейитмурат, Акбаров Абубакир, Мадалиев Акжол, Максутов Кубат, Маккамбаев Матраим айыл чарба башкармасы жетектешкен.

Колхоз-совхоздордун жетекчилеринен Умарбаев Турдубай, Момунов Жолдошбай, Шүкүров Ысмайыл, Медеров Мелис, Алимов

Мыйзам, Кудрявцев В. В, Кенжебаев Асылбек, Ташкожоев Имар сыяктуулардын кошкон салымы чоң болгон.

«Вазир жакшы, хан жакшы» дегендей айыл чарбасынын дүркүрөп өсүшүнө айыл чарба адистеринин эмгеги албан экендиги талашсыз. Башкы агрономдор Алтымышов Ураим, (райондо биринчи) Марданов Абдыганы, Бабаев Пахридин, Акылбеков Касым, Момунов Сүйүн, Сапаров Дөөлөт, Султанов Абдипатта дыйканчылык тармагында 30-40-жылдык ак эмгектерин сарпташты. Бухгалтериялык эсеп-кысап иштеринде жаштарга үлгү катары иштешкен башкы бухгалтерлер Максытов Мамазаит, Мурзамуратов Рахман, Дыйканов Нажимидин, Абдыкахаров Атахан, Саматов Айдарали зоотехник, ветврачтар-Нажмидинов Колчү, Сайназаров Токсон, Калбаев Тагайберди, Момунов Тойчу, Кошматов Сайит, Сейтмуратов Сүйүнбай, Шамуратов Соорбай, Шабаев Назкул, Темиркулов Анаркул, жолдоштор райондун чарбаларында башкы адистикте, чарба жетекчилигинде, партиялык кызматтарда талыкпай иштешкен. Ушулар түздөн-түз эмгекчи, малчы, дыйкандар менен бирдикте эриш-аркак эмгектенип, анын негизинде район дүркүрөп өсүп, азык-түлүк продукциясын мол өндүрүп, мамлекетке сатууга жетишкен.

# ЖАЙДАРЫ, ЖАРКЫН МААНАЙ АЯЛЗАТЫ

Райондун түзүлгөнүнө 80 жыл болуптур. Ушул аралыкта аялзатынын көптөгөн өкүлдөрү тагдырдын татаал сыноолоруна туруштук берип эле койбостон, тайманбас мүнөзү, талыкпаган эмгеги, акактай таза абийири, дилинин актыгы, ички дүйнөсүнүн назиктиги жана байлыгы менен районубузду бүткүл Республикага, кала берсе айрым айымдар аалам алкагындагы элдерге таанылып, даназалаптыр. Райондо, кыз-келиндер колунан көөрү төгүлгөн чебер, жүрөгүндө мээрим уялаган баатыр эне, таланты ташкындап турган акын, ырчы, педагог-мугалим, врач кыскасы айжаркын аялзаты арбын.

Баткен районунун түптөлүп, өнүгүшү процесинде эркектер менен бирге аялдар да чоң салымдарын кошушкан.

Абдибалиева Калбүбү, Абдуллаева Үрүнса, Эрматова Каным сыяктуу аялдар колхозго алгачкылардан болуп киришип, эсепчи, бригадир, колхоздун раиси жана башка кызматтарда иштешкен. Абдуллаева Үрүнса райондун Газ айылында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Колхозго мүчө болуп, аялдар арасында үгүт иштерин жүргүзгөн. Биринчилерден болуп комсомолго, большевиктер патриясында мүчө болгон. 1940-жылы партиянын Баткен райкомунда аялдар кеңешин башкарган. 1-Май колхозунун башкармасынын төрайымы болуп иштеген. Согушка 44 мин сом акча каражатын жардам иретинде жөнөткөн. 1941-1945-жылдарда ооруктагы салымы үчүн "Эмгектеги каармандыгы" үчүн медалы менен сыйланган.

Абдувалиева Калбүбү "Бауман" колхозунда бригадири, баштапкы партиялык уюмдун катчысы, башкарманын орун басары, Андреев, Молотов, Фрунзе атындагы колхоздордун башкармалардын төрайымы кызматтарын аткарган. Анын эмгеги бааланып, Кыргыз ССР Жогорку советине 2 жолу депутат болуп шайланган. 1941-1945-жылдарда тылдагы "Каарман Эмгеги Үчүн" медалы жана мамлекеттик Ардак Грамоталар менен сыйланган.

Улуу Ата-Мекендик согуш мезгилинде райондун кыз

келиндери, аялдар өндүрүштүн бардык тармактарында иштешкен. Эшмурзаева Б, Калмуратова У, Жакшыбаева У, Айдарова А, Дубанаева С, Ноорузова Г МТСте окуп трактористтике окушуп механизаторлук кеипке ээ болушат. Кыйынчылыкка карабастан, жер айдап, эгин өстүрүүгө, түшүм жыйноодо үлгүлүү эмгектенишкен.

Согуш мезгилинде райондо 43 аялдар кеңешинин 1296 мүчөсү болгон. Алардын 96 сы стахановчу- эмгек каармандары болгон. Бужумдагы "Ынтымак" колхозунун комсомолдук жаштар бригадасын Оволова Арзыгүл, "Ворошилов" колхозунда жаштар бригадасын Жаникулова башкарган. Жүгөрүнүн гектарынан 18-25 центнер түшүм алышкан.

Эшмурзаева Барака, Назарова Тоту, Рават, В. И. Лениндин 100 жылдыгы совхозунда эс алууга чыкканга чейин дыйканчылык талаасындаэмгектин үстүндө болушкан. Райондо жүгөрүдөн түшүм алууда рекорддук көрсөткүчкө жетишишкен. 1944-жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынышкан. Эшмурзаева Б, Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болгон. "Ленин", "Октябрь Революциясы" ордендери жана мамлекеттик "Ардак Грамоталар" менен сыйланган.

Жогорудагы эжелердин жолун жолдоп талаачылык жумуштарында бригадирлик кызматты кынтыксыз аткарып, коомдук малга мол тоют, жем даярдаган эр жигиттерден кем эмес эмгектенгендер көп. "1-Май" совхозунан Сыдыкова Мыскал, "В. И. Лениндин 100 жылдыгы" совзозунан Тагаева Мастура, "Ак-Сай" совхозунан Өсөрөва Разия, "Москва" кохозунан Шүкүрова А сыяктуу дыйканчылыктын устат бригадирлери өсүп чыгышкан.

Сүт-товар фермаларында саанчы болуп иштешкен "Москва" колхозунун саанчысы, "Эмгектеги Каармандыгы үчүн" медалынын, "Ардак белгиси" Октябрь Революциясы" ордендеринин ээси Ниязова Анипаны, ушул эле колхоздун МТФнын комсомолдук жаштар бригадасынын бригадир-саанчысы, кийинчирээк "Нургазы" дыйкан чарбасынын башчысы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланган Осмонова Зараханды, "Фрунзе" совхозунун саанчысы Абдулласва Пайзини, "В. И. Лениндин 100 жылдыгы" совхозунун

саанчысы Айтбаева Сайрам менен Үсөнөва Рахатты, "1-Май" совхозунун саанчысы А. Үрүстөмованы райондун эли сыйлап, урматташат.

1965-жылда райондо жумушка жарамдуу 10855 адамдын 5100ү аялдар түзгөн. Алардын ичинен саламатыкты сактоодо 65, билим берүүдө 189, соодада 83, ишкана-мекемелерде 200, айыл чарбасында 3700 аялдар эмгектенген.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун 30-октябрь, 1967-жылдагы №2092-7 Указы менен Акматова Майдакан, (Рават) Бабаева Парпи, (Самаркандек) Кенжебаева Разия, (Рават), Жороева Шаангүл (Баткен) "Баатыр эне" ардактуу наамы менен сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Указына ылайык 1967-1968-жылдары "Энеге Даңк" ордени менен 56, "Энелик Медалы" менен 129 аял сыйланган болсо, 1977-1978-жылдары 25 аял "Баатыр Эне" ардактуу наамы, 675 аял "Энеге Даңк" ордени, "Энелик Медалы" менен сыйланууга татыктуу болушкан.

Сатарова Кимсан, Сейтказыева Жамила, Козуева Ашырбүү, Абдуллаева Жамила, Кадырова Пати, Калилова Анар, Биева Убадат, Каработоева Турдугүл, Нурматова Саламат, Орозалиева Асалкан, Ормошова Пайзбүбү, Камчыбекова Жамал 10 жана андан ашык бала төрөп тарбиялап өстүрүшкөн. Ошол эле учурда өндүрүштө да иштеп, райондун өнүгүшүнө зор салымдарын кошушкан. Баатыр Энелер "Москва" колхозунун тамекичиси Саттарова Кимсан, "1-Май" совхозунун тамекичиси Камчыбекова Жамал тамекичиликтеги каарман эмгектери үчүн "Эмгек Кызыл Туу" ордени менен сыйланышкан.

Райондук керек-жарак коомунда 40 жылдан ашык соода тармагында иштеген Нафиева, Жданова Т, Полотова Айша, Максутова Бүүсулуу, Ботокозуева Кайры сыяктуулар элди маданияттуу тейлөө менен урмат-сыйга ээ болушкан. Ошондой эле райондук турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты 1971-жылы уюштурулуп, 2 этаждан турган, баардык шарттары эске алынган имарат пайдаланууга берилген. Анда жетекчи болуп Тажибаев Адилжан, Эрматов Сейдакмат директор болуп иштешкен. Элди турмуш-тиричилик жактан тейлөөдө тигүүчүлөр Бакирова Ажар, Миңбаева Асылкан, Тажибаева Батма,

Таабалдиева Батма жана башкалар үзгүлгүксүз иштеп келе жатышат.

Райондун кыз-келиндеринен илимпоздор, акын, жазуучулар чыгышты. Алардын алгачкы карлыгачы Ачылова Рахат. Ал биринчи Жала-Абаддагы педагогикалык техникумду, Кыргызстан Мамлекеттик Университетин бүтүргөн. Кыргызстанда кыз-келиндердин арасынан биринчилерден болуп, философия илимдеринин кандидаты, доктору жана профессордук бийик даражага жетишкен. Кыргыз Жогорку Советинин депутаты болгон. Ачылова Р илимпоз эле эмес, мамлекеттик, коомдук ишмер.

Кыргыз элинин кыздарынан чыккан профессионал сүрөтчү, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Садыкова Айнагүл. Илимпоз, жазуучу Шайдуллаева Топчүгүл, илимпоз, дипломат Каламбекова Бактыгүл, Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Казак Республикасынын эмгек сиңирген артисти Садыкова Саламат Баткендин эле эмес, бүткүл Кыргызстандын сүйүктүү кыздары болуп калышты.

Партиялык, Советтик органдарында жетекчилик кызматтарда иштеген кыздарыбыз бар. Комсомолдун райкомунун биринчи, партиянын райкомунун үчүнчү катчысы Колдошова Токтокан, Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын мурдагы губернатору, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Орозова Карамат, райондук кеңештин төрайымы кызматын аткарган. Калыкова Гүлүмкан, райкомдун бөлүм башчысы, районунун жетекчиси Абдиева Раат, Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун үчүнчү катчысы жана коомдук ишмер Ахмедова Чынара, партиялык, Советтик кызматкерлер Мамбетова Токтокан, Вахидова Л. Ш. “1-Май” колхозунун партиялык комитетинин катчысы Салиева Сала, “Советтик Кыргызстан” совхозунун партиялык комитетинин катчысы Гуланова Зуура сыяктуу партиялык, советтик кызматтарда иштеген кыз-келиндерибиз болгон.

Самаркандек айылдык кеңешинин төрайымы Нурманбетова А. Баткен айылдык кеңешинин төрайымы Токонова Мария, Кара-Бак айылдык кеңешинин төрайымы

Карагүлова Салия ж. б. кыздарыбыз райондун элинин сыймыгы болуп эсептелет.

Райондун билим берүү тармагындагы педагог мугалимдердин көпчүлүк бөлүгүн аялдар, кыз-келиндер түзөт. Кожобаева Сагын 1938-жылдан агартуу тармагында эмгек жолун баштап, катардагы мугалимден Баткен райондук элге билим берүү бөлүмүнүн жетекчилик кызматына чейин көтөрүлгөн. “Эмгек Кызыл Туу” ордени, “Эмгектеги Артыкчылыгы үчүн” медалы менен сыйланган. Акынова Тилебуруш, Амиралиева Лидия Дмитриевна, Топчубаева Рахат, Чернышова Надежда Павловна, Орозова П, Мавлянова Р, Шерматова П сыяктуу эл агартуунунун мыктылары өзгөлөргө өрнөк болуп иштешкен. Аталган ардактуу агартуучу аялдардын окуткан окуучуларынын айрымдары республикага белгилүү мамлекеттик коомдук ишмерлер, илимпоздор болушкан. Ар түрдүү тармактарда иштеп жүрүшөт. Саламатчылык сактыгында эмгектенген врач, медайымдардын катары да кийинки кездерде арбып баратат. Райондук оорукананын башкы врачтык кызматын Захарова Я, И. Хурамшина, Шорохова Т. Ш. аткарышкан. Врачтар Кочкорова Жумагүл, Шорохова Тажиниса, Умарова Ажар, медициналык кызматкерлерден Каланова Галбүбү, Баитова Жээнгүл, Губанова Галя, Мурзакмедова Зухра, Костригина Вера, Попова Вера райондук ооруканада көп жыл бою эмгектенишкен. Ал эми врачтар Сарыбаева Хафиза, Исакова Айнура, Хусеинова Махбуба бөлүмдөрдүн башчылары кызматын аткаруу менен оорулуулардын тез сакайып кетүүсү, төрөлгөн бөбөктөрдүн ден-соолугунун чын болуусу үчүн жоопкерчилик менен иштешет.

Учурда Орозова Карамат Бабашевна Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде депутат. Мыйзам чыгарууда, шайлоочулардын суроо-талаптарын жүзөгө ашырууда өз үлүшүн кошуп жатат. Ахмедова Чынара Мамедовна Бириккен улуттар уюмунун ЮНИСЕФ балдар фондусунун Баткен областы боюнча долбоорунун Координатору, “Айжан” коомдук фондунун директору болуп иштейт. Мектептке, чейинки балдар мекемелерин техникалык курал, жабдыктар менен камсыздалышы боюнча иштеп жатат.

Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары Кыдырова Кишимжан Абдыкадыровна көп жылдардан бери райондук маданият тармагында, райондук акимчиликте иштеп, райондун экономикалык, маданий-социалдык жактан өнүгүшүнө чоң салым кошуп жатат.

Ходжаева Айсулуу Бусурманкуловнанын маданият тармагын жетектегендигине көп жылдардын жүзү болду. Райондо таланттуулардын кагарын өстүрүп, көмөк көрсөтүү, китепканалардын ишин жакшыртуу, концерттерди, жолугушууларды өткөрүү ж. б. маданий иштерди билгичтик менен жетектейт.

Кабылова Бүалма райондо биринчилерден болуп 1981-жылы Кыргызстан мамлекеттик политехникалык институттун технология факультетин бүтүргөн. 1981-1992-жылдар аралыгында райондук май заводунда башкы инженер болуп иштеген. Эгемендүүлүк мезгилинде жеке ишкер катары дагы эле кызмат кылып жатат.

Мамадиева Айгүл орус тили боюнча адис болуп, жогорку окуу жайын бүтүп келгенден кийин Жоомарт атындагы орто мектепте мугалим, Баткен областтык мамлекеттик администрацияда кызматкер болуп иштеген. Бир канча жыл бою областа шайлоону мыйзам чегинде өткөрүү боюнча тренинг нускоочу болуп иштеп азыркы учурда Баткен шаарындагы эл аралык коргоо жана көмөктөшүү борборунда орус тил мугалими болуп иштеп жатат.

# КООМДУК ТАРТИПТИН САКЧЫЛАРЫ



Баткен райондук ички иштер бөлүмүнүн милиция кызматкерлеринин райондун өсүшүнө кошкон салымдары да чоң болгон.

1934-жылы райондук ички иштер бөлүмү түзүлөт. Алгачкы жылдарда Ботокозуев Нурмат (Самаркандек), Кайымов Курманбек (Сан-Сарай), Амиров Сабир (Таян) сыяктуулар Совет бийлигине каршы тымызын иш жүргүзгөндөргө, тартип бузуп, карапайым калкка зомбулук көрсөткөндөргө, уурулук кылып, элдин жеке мүлкүнө, мамлекеттик мүлккө кол салгандарга каршы айоосуз күрөшкөн.

Нурматов Матиса райондо жергиликтүү кадрлардын алгачкыларынан болуп, бөлүмдүн башчылыгына коюлган. Кийинчерээк Араван, Чоң-Алай райондорунун ички иштер бөлүмдөрүндө жетекчилик кызматтарында иштеген. Богокозуев Нурмат райондогу корбашы, басмачылар менен күрөшүүдө кыраакылыгын көрсөткөн. Көп жылдар бою тартип сактоо жаатында эмгектенген. “Эмгек Кызыл Туу” ордени, бир нече медалдар менен сыйланган. Кайымов Курманбек, Амиров Сабир өтө кылдат, мыйзамдын аткарылышына сергек мамиле кылган кызматкерлер болгон.

Ахмедов Мамат - Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Жеңишке жетишкенден кийин районго келип райондук ички иштер бөлөмүндө иштеп калат. Алгач катардагы милиционер, участкалык инспектор кызматтарында иштейт. Баткен, Лейлек райондору (1962-1964) бириккен учурда Баткендеги бөлүмдүн башчысы, анан Айдаркен шаарчасынын бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Милициянын подполковниги даражасы менен эс алууга чыккан. Ахмедов Маматтын бир кызы Кадамжай районунун Айдаркен шаарчасынын советинин төрайымы, Кадамжай райондук кеңешинин төрагасынын орун басары, өкмөт башчысы кызматтарында иштейт.

Райондук ички иштер бөлүмүндө жетекчи болуп Нурмамат Матиса, М. Зулпиев. Жунусов О, Итигулов А, Султанов М, Райимбердиев Р, Каримбердиев Н, Жуманалиев Ч, Султанов К, Аскаров М. ж. б. иштешкен. Азыркы учурда Усанов Арстанбек райондук ички иштер бөлүмүн жетектейт. "Менин милициям мени коргойт" дегендей тартипти, учтав талаптарын так сактап, үлгүлүү жүрүш-туруштары менен калк арасында кадыр-баркка жетишишкен. Элди, жеке жарандарды коргогон милиция кызматкерлери менен эл сыймыктанат. Алардын катарында учурунда күндү-күн, түндү-түн дебей, ичкен ашын жерге койгон, чын ыкластан кызмат өтөгөн эмгек ардагерлери бар. Аларга Акматов Абдиламит, Эрматов Абдилла, Байтемиров Жаникул, Кадыров Исак, Тагаев Ураим, Жаныбаев Мамыт, Тагаев Баит, Садыков Турдубай, Молдоев Сапарбай, Айжигит аксакал, анын баласы Айжигитов Турдубай, Сыдыков Мейлибай, Абдиллаев Жумабай сыяктууларды кошууга болот.

Айжигитов Турдубай атасынын жолун жолдоп, жаштайынан милициялык кызматка барган. Алгачкы учурларда Баткенде, анан Ош областтык ички иштер бөлүмүндө кызматкер, Таш-Көмүр шаарынын, Токтогул районунун бөлүмдөрүндө начальник болуп бир нече жыл иштеген. Кадамжай районунун Айдаркен шаарчасында бөлүмдүн башчысы болуп иштеп туруп майор чини менен эс алууга чыккан.

Кудайбердиев Мурзабек Баткен районунда бир топ жыл иштеген. Айрыкча, кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө өзгөчө кызмат көрсөткөн. Кадамжай районунда, Талас областынын Кара-Буура районунда ички иштер бөлүмүнүн башчысы кызматтарын абийирдүүлүк менен аткарган.

Турсуматов Мусулманкул көптөгөн жылдар райондун бөлүмүндө иштеген. Анын жөндөмдүүлүгү, уюштургуч жана принципиалдуу мүнөзү эске алынып, Баткен областтык ишки иштер башкармачылыгына начальник кызматына дайындалган. Полковник чинин алууга татыктуу болгон. Кийинки учурда Бишкек шарында кызматын өтөөдө. Райондо жергиликтүү кадрлардан Жанышов Султанали полковник даражасын алууга татыктуу болгон. Эс алууга карабастан дагы эле областтык ички

иштер бөлүмүндө иштейт. Ата жолун жолдогон Жанышов Уланбек областтык бөлүмдө, Уларбек областтык ички аскер кызматында эмгектенишет.

"Аганы көрүп ини өсөт" дегендей полковник чиндүү Калилов Кубаныч. Ырысбаев Асылбек, Ниязкулов Дубана. Эркебаев Нургазы, Бурканов Ачылдар да агаларынын жолун жолдоп жакшы иштеп жатышат.

# РАЙОН АЙЫЛ ЧАРБАСЫ МЕНЕН ДАҢКТАЛАТ

Баткен районунун өнүгүшүнө Төрт-Гүл суу сактагычынын мааниси абдан жогору болгон. Анткени айыл чарбага гана ыңгайлашкан бул аймакта, суусуз дыйканчылыкты өнүктүрүүгө, дыйканчылык тармагысыз айыл чарбасын жакшы жолго коюуга мүмкүн эмес болчу.

Төрт-Гүл суу сактагычынын ишке берилишинин натыйжасында райондо дың жерлер өздөштүрүлүп, чарбалардын экономикалык-чарбалык мүмкүнчүлүктөрү кеңейе баштайт. Колхоздор ирилешкен совхоздорго айланып, адистештирилген чарбалар түзүлөт.

Мурдагы колхоздорго караганда совхоздордун жана



Райондун чарбаларынын директорлору жана парткомунун катчылары

экономикалык мүмкүнчүлүгү кеңейген, мамлекет узак жана кыска мөөнөттүү карыздарды жеңилдетилген шарттар менен берип турган.

Жаңы чарбалардын түзүлүшү жана сугат аянттарынын көбөйүшү менен райондо айыл чарба продукцияларынан алынган түшүмдүүлүк да жогорулай баштаган. 1985-жылы район боюнча гектарына: дан – 60, тамеки – 37, бакча – 126, жашылча – 103, картошка – 66, мөмө-жемиш – 5, жүзүм – 13 центнерден алынган. Бул цифралар райондо мурдагы жылдарга салыштырмалуу айыл чарба продукцияларын түшүмдүүлүгү бир топ жогору болгондугун айгинелейт.

Айыл чарба продукцияларынын түшүмдүүлүгүнүн жогорулашы менен райондун чарбаларынын айыл чарба продукцияларын сатуудан түшкөн акча каражаттары да көбөйө баштайт. 1985-жылы райондун чарбалары айыл чарба продукцияларын сатуудан жалпы 29 051 миң сом акча каражаттарын табышат. Бул цифра райондун тарыхындагы эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири болгон. Аны чарбалар боюнча бөлүп караганда: Ак-Сай совхозу – 2716 миң, "1-Май" совхозу 3699 миң, "Кызыл-Бел" мамлекеттик адистештирилген чарба – 4828 миң. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоз – 3202 миң, "Москва" колхозу – 5683 миң, "Советтик Кыргызстан" совхозу – 3397 миң, "Төрт-Гүл" совхозу – 2035 миң, Фрунзе атындагы совхоз – 3491 миң сом акча каражаттарын табышкан. Муну менен райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жогорулашына шарт түзүлүп, аны менен айрым социалдык-маданий маселелер да чечиле баштаган.

Жыл өткөн сайын чарбалардын кирешеси көбөйүп, райондун экономикалык көрсөткүчтөрү жогорулай баштаган. Баткен районунун чарбалары 1987-жылы рентабелдүүлүк боюнча 1 824 миң сомдук киреше табышып, мурдагы жылга карата рентабелдүүлүктү 7, 3%га жогорулатышкан.

Райондо негизги багыт мал чарбасына бурулган. 1973-жылы райондун чарбаларында малдын башы ири мүйүздүү мал 7746, кой-эчки 150 358, жылкы 1490 башка жеткирилет. Мындан көрүнүп тургандай райондо мал чарбачылыгынын негизин кой чарбасы түзгөн. Ошол жылы ар бир жүз баш тубар малдан 93 козу, 76 торпок,

56 кулун алынган, ал эми ар бир саан уйдан 1761 кг. сүт саап алынып, ар бир баш койдон 3, 1 кг. жүн кыркылып алынган.

Республика боюнча эң кирешелүү тармак кой чарбасы болгон. Райондун чарбалары 1973-жылы 8 млн. 23 миң рубль кирешe алышкан. Бул сумма ошол мезгилде абдан чоң киреше деп эсептелген жана 1970-жылдары райондун тарыхында мал чарбасын өстүрүүнүн, андан олуттуу киреше алуунун мезгили болгон.

Райондун тарыхында кой чарбачылыгын өнүктүрүүдөгү үзүрлүү эмгектери үчүн Рабат айылдык Кеңешинин Молотов атындагы колхозунан Нишанов Орунбай Кыргыз ССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышына (1938-1946-жж) депутат, ушул эле чарбадан Карабаев Чаканбай Кыргыз ССР Жогорку Советинин үчүнчү чакырылышына (1951-1954-жж), Төрт-Гүл совхозунан Төлөбаев Амиракул Кыргыз ССР Жогорку Советинин онунчу, он биринчи чакырылыштарына (1980-1990-жж), Фрунзе атындагы совхоздон Исаев Али Кыргыз ССР Жогорку Советинин он биринчи чакырылышына (1985-1990-жж. ) депутат болуп шайланышкан. "1-Май" совхозунан Бадалов Калбай, В. И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздон Бостонов Эргеш Ленин ордени, Фрунзе атындагы совхоздон Маматалиев Жусуп I, II, III даражадагы "Эмгекке даңк" ордендери менен сыйланышкан.

1970-1975-жылдарда кылкандуу дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү ар гектар аянттан 7, 3 центнерден 13, 4 центнерге, же эки эсеге жакын көбөйгөн. Жүгөрүнүн даны 32, 8 центнерден 61, 3 центнерге жогорулап, 1975-жылы 4782 тонна жүгөрүнүн даны жыйналган. 1970-жылы 987 гектар беде аянтынын ар гектарынан 65 центнерден түшүм жыйналган болсо, 1975-жылы беде аянты 2, 3 эсеге көбөйүп, жалпы 2234 гектарга жеткирилген.

Райондун климаты жүгөрү өстүрүүгө ыңгайлуу болгондуктан, суулуу жерлерге жүгөрү көп себиле баштаган. Жүгөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууда В. И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы, "1-Май" совхоздору жакшы ийгиликтерди камсыз кылышып, түшүмдүүлүктү гектарына 129 центнерге чейин жеткиришип, коомдук малды тоют менен камсыздоого чоң

салым кошкон. Бул цифра райондун шартында абдан чоң көрсөткүч болгон жана чарбалардын рентабелдүүлүгүн жогорулатууга түздөн-түз таасир эткен.

Райондо жүгөрү өстүрүү боюнча атактуу бригадирлер жана тажрыйбалуу адистер өсүп чыккан. В. И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздун бригадири, атактуу жүгөрүчү Эшмурзаева Барака 1968-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланган, Ленин, "Октябрь Революциясы" ордендери менен сыйланган. Ал эми Фрунзе атындагы совхоздун жүгөрүчүсү Байназаров Бакир жүгөрүдөн мол түшүм алуунун устаты катары "Кыргыз ССРинин айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наамга татыктуу болгон.

Баткен району 1979-жылы эл чарба планын ийгиликтүү орундаткандыгы үчүн Бүткүл союздук социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болуп, КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун, 1981-жылдын жыйынтыгы боюнча республикадагы социалисттик мелдештен жеңүүчүсү катары Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргызсовпрофтун жана Кыргызстан ЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун жеңип алган.

Эки жыл аралыгында мындай ири көрсөткүчтөрдү жаратып, союздук маанидеги жана республикалык өтмө Кызыл Тууну жеңип алуу райондун тарыхындагы орчундуу окуялардан болгон. Мындай өтмө туулар жылдын жыйынтыгы менен гана ыйгарылып, ага кошо ири суммадагы акча каражаты да берилген. Бул ийгилик ошол кезде райондук коомчулук үчүн өтө чоң сыймык, урмат жана даңк болгон. Аны менен райондук жетекчиликтин коомчулуктагы, жогорку бийлик алдындагы кадыр-баркы жогорулаган, айрымдарынын андан кийинки кызматтык тепкичтери да өйдөлөгөн. Мамлекеттик план-тапшырмаларды ашыра аткаруу менен мындай жогорку ийгиликтерди жараткан райондор экономикалык жактан да көп мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп, социалдык тармактар да бир топ жакшырган.

Жунусов Аманбай Жунусович 1985-жылы июнь айында Кыргызстан Компартиясынын Баткен районунун 1-катчылыгына

шайланат. Жунусов А. Ж. буга чейин Ош областынын Кара-Суу районунда мамлекеттик асыл-тукум заводдорунда, Кара-Суу-Сузак райондук айыл чарба башкармасында зоотехник, башчы, Сузак, Совет райондорунда райкомдук экинчи, биринчи катчылык кызматында иштеген.

Баткенде малды асылтукмдаштырууда, коомдук малды багууга, жетик, тажрыйбалуу кадрларды кызматка көтөрүүгө айрыкча көңүл бурулган. Малдын санын көбөйтүү үчүн жалган кошуп жазуулардын реалдуулукка келтирет. Кой-эчкилерге жем берүүнү ар бир чарбада бордоштурган. Уруктандырууну эрте баштатып, алынган козуларды сорттогуп, эт багытындагы козуларды атайын бактырган. Күзүндө жүнүн кыркып алгандан кийин этке тапшырткан. Сүт өндүрүүгө көзөмөлдү күчөткөн. Ошол эле учурда тоют, жем өндүрүүдо бай тажрыйбаларды ишке кийирген. Силос, чыктуу тоют. б. даярдоого маани берген. Чуй, Өзгөнгө барып тоют топтоо кескин кыскарган.

Мындай иш аракеттер жемишин берген. Алсак райондо дуң продукция өндүрүү 1985-жылы 15606 мин сомду түзсө, 1987-жылы 24570 минге жогорулаган. Айыл чарба азык-түлүгүн мамлекеттке сатуудан акча каражаты 23 млн 579 миң сомдун ордуна 26 млн 866 миң сомго көбойгөн.

Ар бир саан уйдан 3211 кг дан, ар бир койдон 3, 7 кг дан жун, 100 уйдан 91 музоо, 100 койдон 93 козу, бээден 71 кулун алынган. Айтылган продукциянын сапаты кескин жогорулаган. Алсак сүттүн 1986-жылы 4262, 7 тоннасы 1-сортко, 218, 7 тоннасы 2-сортко, мамлекетке тапшырылган.

1987-жылы эт (КРС) жогорку сапатка 801, 2 т, орто салмакта 114, 8 т, ото арык салмакта 19, 8 т. МРС жогоркусу 504 т. Ортосу 424, 9т. Ортодон төмөркүсү 95, 9 тонннаны түзгөн.

Райондун чарбаларында айыл-чарба продукциясын түшүмдүүлүтү ар гектарынан дан-43, тамеки- 27, жүзүм-31, беде урук- 2 центнерди түзгөн.

Бирок, Баткен районунун ошол жылдардагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө андай өзгөрүү байкалган эмес. Демек, мамлекеттик план-тапшырмаларды аткарууда, кошуп жазууларга жол берилип, айрым көрсөткүчтөр формалдуу, кагаз жүзүндө

гана аткарылган. Анткени ошол мезгилдерде мындай ыкма бүткүл өлкө боюнча кенен жайылып, аны менен мамлекеттин экономикалык онүгүүсү улам начарлай баштаган болчу.

Ошентип, өткөн кылымдын жетимишинчи-сексенинчи жылдарында Баткен району да Кеңеш доорунун гүлдөп, өнүгүү мезгилинде эл чарба пландарын ийгиликтүү орундаткандыгы үчүн жана социалисттик мелдештин жеңүүчүсү катары Бүткүл союздук, республикалык өтмө Кызыл Тууларды жеңип алды.

Бирок, сексенинчи жылдардын аягында райондо мамлекеттик пландарды аткаргандыгына карабастан, чарба жүргүзүүдө ысырапкорчулукка, ыксыз чыгымдарга, көз боемочулукка, кошуп жазууларга, шандануучулукка көз көрүнөө жол берилип, экономикалык көрсөткүч уламдан-улам төмөндөй баштады.

Жыйынтыктап айтканда, коммунисттик коомдун акыркы жылдарындагы бүткүл өлкөдөгү экономикалык кризистик абал Баткен районуна да таасирин тийгизип, ал кризис коммунисттик коомдун кыйроосун тездетти.

## Баткен жонүндө К. М. Батыркановдун баяны



Китепте белгилүү инсан, ардагер-ирригатор, мурда суу чарба министри болуп кызмат кылган Калкаш Мамбетович Батырканов жаш кезинде Баткен жергесинде Баткен СМУсунда жетекчи болуп иштеп, Баткен жергеси, жаңы сугат жерлер, жаңы колхоздор кандай өндүрүлгөндүгү жөнүндө баяндайт. Ал убакта жаңы жерлерде түзүлгөн совхоздор суу чарба министирлигинин карамагында болгон.

Эсте калган Баткен жергеси эски аксакалдардын айтуусунда илгери Баткендик кыргыздар мал жандыктарын жаз келери менен того таянып айдап жайлоого чыгып кетишчүү дешет. Жакада анда-санда бээ-бечаралар

калбаса, бары того, салкын төргө жай мезгилин өткөрүшчү экен. Жайлоого кетээрде, жалданып мардикер болуп иштеп берүүгө коңшу өзбек, тажиктер өздөрү келчу экен. Алар жердин шартын жакшы билип жүзүм, коон. дарбыз жашылчалардын түрүн. өзөн суулардын сай жээгинде шалы өстүрүшкөн. Көпчүлүк кыргыздар жалдама иштермандарга жердин түшүмү менен эсептешип, өздөрүнө жердин аянтына жараша күзүндө баланча мейиз, күрүч, дан жана башка өсүмдүктөрдүн түшүмүн сүйлөшүп алып, жайлоосуна кете беришкен. Мардикерлер жай бою жерди иштетишип, күзүндө сүйлөшкөн өлчөмдөгү дан-азыктарын жер ээлерине берип турушкан. Кокус бербей койсо, кандай болчу? – деген суроого жооп: анда кыргыздар барып чаап алышчу экен. Бирок андай жагдайлар өтө сейрек болчу экен. Мардикерлер ылдыйкы кошуналардан болгондуктан арыздашуудан абдан коркушкан.

Жердин баркын билген кошуна багбандар суу баскан жердин чөбүн чаап жер кылып, отурукташып алышкан. Мисалы азыркы Сох жана Ворух анклавдары ошондой жаралган. Кээ бир жерлерде кыргыздын короосу гана кыргыздыкы, тегерегиндеги чарба багбан коңушулардыкы. Азыркы делимитация менен демаркация өтө кыйындык менен жылып жатканы өкүнүчтүү. Ошондой «через полосица» болуп кыргыздар, коңушулар жайгашкандыктан ортодо пайда болгон маселелерди чыр чатаксыз чечилишүү мүмкүндүгүнө ишениш өтө кыйын. Мүмкүн анклавдарды жоготуп, анын ордуна конушуларга башка жерден жер берип, алмашса бүтөр беле?! Эсимде 1956-жылы Хрущев Н.С. келгенде «братская помошь» деп Кыргызстандын «Шуроб» шактысын Тажикстанга белек кылып бергени. Баарына белгилүү Баткендин эң баалуу өсүмдүгү «өрүк», ал абдан жогорку кирешени алып келет. Өрүк багынан эмгекчил адам өрүктөн тышкары кара буудай, жашылчалардай дагы бир түшүм алат. Өрүк бактарынын көпчүлүгү чоң, көп жыл болгон бактар, аларды жаңыртып жаны жаш өрүк тиккенин биз иштеп турган убакта көрбөдүк. Өрүк багы канча жыл жашайт деп аксакалдардан сураганда даана жооп бере алган эмес Бироо 200-жыл жашайт десе башкалары 500 жыл дешет. Тегин, өрүк багы көп

жашап көп түшүм берет экен. Бул баалуу мөмөнү чет өлкөлөргө экспорттосо андан дагы жакшы болот. Кыргыздын жерлери көп, бирок ал жерлерде жашоочу эл алигече сейрек.

Төрт-Гүл СМУсу жаңы уюштурулуп бутуна туруп келаткан мезгил. Лейлек, Баткен, Кадамжай уч райондун сууга байланыштуу курулуштарын жүргүзчүбүз. Курулуштун жаралышынын эң башкы максаты -Баткендин суу баскан жерин үч эсе көбөйтүп район аталышына өбөлгө болду. Баткен Лейлек району менен бирге болуптуруп, 1964-жылдын аягында бөлүнүп чыгып өзүнчө «Баткен» району болуп аталды. СМУ Төрт-Гүл суу сактагычын курууга керектелүүчү участкаларынын турак жай. базаларын куруу менен алек эле. Мында Совет өкмөтүнүн көрөгөчтүгү, алдын ала, элге кылган чоң камкордугу айкын көрүнүп турат. Себеби алыс тоодо тургандар абдан начар ахвалда турушкан цивилизациядан алыс, жер кепе алачыкта жашашкан электр жарыгы, суу жок жолдору начар райцентр менен байланыш жок эсе, кээ бир жерлеринде жалгыз аяк жол, жалама зоо, учуп кетсе адам дайынсыз жоголчу экен. Балдары окуудан оксүп турушкан. Анын үстүнө жыл сайын кошуна тажиктер улам ойдөлөп жылып, суу жеткен кыргыздын жерлерин ээлеп чек арага жакындай беришкен. Тилеке каршы, көчүп келгендер жарым айда ал жердин ысыгына чыдабай түн ичинде эч кимге билгизишпей кайра көчүп кетишиптир. Бир айга жетпей райондун чоңдору күч органдары менен барып экинчи ирет «добровольно-принудительно) көчүрүп келишкени, анан акырындык менен мажбур көнүшүп даяр үйлөргө киришип, өз жерлерин өздөштүрүп, гуруктуу отуруктапып калганы эсимде.

## Төрт-Гүл: "Суу жерге, Байлык элге"



*Осмонов Бекташ*

Баткен облусу өзгөчө стратегиялык аймак, ал Өзбекстан, Тажикстан Республикалары менен чегаралаш жайгашкан. Облус сурьма, көмүр, алтын, күмүш, нефть, газ жана башка пайдалуу кендерге бай.

Баткен облусу өзүн-өзү багууга кудурети жете турган регион, ошондуктан экономикабызды колдо бар ресурстарды пайдаланып өнүктүрүү зарыл. Бул үчүн көп аракет керек: биринчиден, жер астындагы ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга жетишүү; экинчиден, стратегиялык ресурстарыбыз болгон энергетика менен сууну иштетүү. Ал эми коомдук байлыгыбыздын үчүнчү булагы болуп жер эсептелинет. Бизде жер менен суу бир бүтүндүктү түзөт.

Баткен бермети болгон, эл "Баткен денизи" деп эркелете атап алган Төрт-Гүл суу сактагычы Баткендин кайрадан жаралышы, төрөлүшү болду десек аша чапкандык болбойт. Суу сактагыч курулуп, шыбактуу талааларда суу аккандан бери 38 жыл болуптур. "Баткен денизин " жаратууга кол кабыш кылып, салым кошкон бир топ инсандар бар. Кол баяны-ошол каарман инсандардын өмүр баяны.

Төрт-Гүл суу сактагычы курулганга чейин Баткен чөлкөмүндө бардыгы болуп 4467 га аянты болгон. Ал эми бүгүнкү күндө Төрт-Гүл суу сактагычы 13мин гектардан ашуун жерди суу менен камсыз кылып турат.

Илгери Баткендин кен талааларына келген бир сынчыл казак мындай деген экен "Ойбай-ау!" Даланар кен экен, а бирок тауларынар узунунан эмес, көлдөлөнинен жайгасыптыр. Сууга жетинбегенсинер го Осыл жерде көп эл күн кеширe алмайт-ау!". Казак боордошубуз айткандай, өткөн кылымдын башында Баткен талааларын көргөн ар кандай адам бул жерде суу келип, бакчылыктуу аймакка айланышына [illegible] жетпеген чындык.

Жергиликтүү эл да Бужумдагы, Кызыл-Жолдогу, Булак-Башыдагы сырыгып чыккан булактардын жылжып аккан суусуна каниет этүүдөн башка айласы жок эле.

Совет Өкмөтү акырындап бутуна туруп, техника күчүн сезе баштаган. Эл арасынан суурулуп чыккан азаматтар Баткен чөлкөмүнө Көк-Суу (Сох) же Ак-Суу (Исфара) дарыясынан кайсыл бир жол менен суу жеткирүүнүн айласын издей баштаган. Ошентип Исфара дарыясынан суу алып келүү идеясын жүзөгө ашыруу үчүн аракет башталат. 1941-жылдын башында "Кыргыз суу чарба өндүрүштүк бирикмесинин" инженерлер тобу тарабынан изилдөө -долбоорлоо иштери жүргүзүлгөн. Тилекке каршы, Улуу Ата-Мекендик согуш башталып, бул иш 25-30жыл артка сүрүлгөн.

Тарыхтын ар кайсыл коз ирмеминде эл тагдырын чечүүдө даанышман инсандардын шарапаты тиет тура. Бул сапар да ошол чындык кайталанды. Кыргыз элинин чыгаан уулу И. Раззаков 1945-50-жылдары Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин төрагасы, 1950-61-жылдары Кыргызстан компартиясынын биринчи катчысы болуп турган учурунда Төрт-Гүл суу сактагычынын келечеги үчүн көп күчүн жумшап гана калбастан, жергиликтүү аксакалдардын айтканына караганда 50-жылдары Баткенге атайын келип, суу сактагычтын ордун атчан кыдырып көрүп чыккан экен.

Адам жүрөгүнө уялаган жакшы тилек эч качан эскирбейт эмеспи. 1951-жылы Кыргыз ССРинин айыл чарба министирлигинин суу чарба бөлүмү тарабынан Исфара дарыясынын суусун Баткен чөлкөмүнө жеткирүүнүн чиймеси кайрадан иштелип чыгылган болсо, 1957-жылы "Кыргыз суу чарбанын " инженерлери долбоор даярдашып, ал долбоор 1962-жылы18-августта Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабынан бекитилген. Ошентип 1963-жылы курулуш иштери жандана баштаган. Исфара дарыясынын суу жеткирүүчү канал, 2 туннелди казуу иши жана суу сактагычтын ордун даярдоо иштери аткарылган. Ал эми Төрт-Гүл курулуш курaштыруу бирикмеси түзүлгөндөн кийин суу сактагычты куруу гана эмес, сугат үчүн башка көптөгөн обьектилерди куруу иштери да кызыган. 1965-

жылы Төрт-Гүл курулуш кураштыруу бирикмеси Кыргыз ССРинин суу чарба министрлигинин Көчмө Кызыл Туусун жеңип алган.

1965-66-жылдары кыйла иштер аткарылып, туннелдер казылып, компрессордук установка даяр болгон, электр линиялары тартылган. Жыл акырында суу тосмосу жана магистралдык каналды куруу башталган. 1968-жылы Суу чарба институту тарабынан долбоордун баасы такталып чыгып, суу сактагычтын өзүнө турган наркы 43, 7 миллион сом (Советтик рубль) болоору аныкталган. Курулуш иши улам жанданып отуруп, суу сактагычтын орду чополуу, б. а. суу өткөрүмдүү экендиги эске алынып, 1969-жылы СССР долбоорлоо институтунун Совети тарабынан суу сактагычтын түбүнө жарым этилен пленкасын төлөө чечими кабыл алынып, ага 5 миллион 863 миң сом бөлүнгөн. Бардыгы болуп суу сактагычтын курулушуна 50миллион 578миң сом жумшалган. Бардык акча каражаты Кыргыз ССРинин эсебинен сарпталган.

Суу сактагычтын, канал менен туннелдердин курулушу улам кучак жайып, кубаттуу техникалар жана жабдуулар менен толукталып олтурган. Жумушчу күчү туруктуу толукталган, курулуш ишине Кыргызстандын гана эмес, коншулаш Тажикстандын Исфара районунан да жумушчулар тартылган.

Мезгилинде союздук маанидеги ири курулуш болуп эсептелген бул эмгек майданы көптөгөн эмгек азаматтарын жараткан. Алар: эксквотаршиктер Валерий Кузмичев, Турсунбай Сайдакматов, бульдозеристтер Кочкор Мадымаров, Валерий Пустовой, айдоочулар Сабыр Алишеров, А. И. Мартынов ж. б. Бул инсандардын кужурмөн эмгеги жогору бааланган. Алар "Комунисттик эмгектин жамааты" "Комунисттик эмгектин мыктысы" деген ардактуу наамдарга татышкан. Айтор, жүздөгөн адамдардын ак тилеги, уюштуруучулугу, бешене тери менен иштин темпи тездеген. Курулушту сапатуу, уюшкандыкта улантып, өндүрүштүк жана техникалык иштерди жүргүзүүдө М. К. Кошоев, Б. П. Чечерин, Г. Г. Пендюрин ж. б. инженер-техникалык кызматкерлердин рационализатордук жаратууларынын мааниси зор болгон.

Бүгүн эл ырыскысы болуп калган көл 30дан ашуун улуттурдын бекем ширешкен достук колдорунан жаралган. Москвадагы "Гипроводхоз" институнун инженерлери долбоор түзүшкөн. Алар менен бирге Г. В. Соболин баштаган "КыргызГипроводхоз" инженерлер тобу иштеген. Исфара дарыясынан суу сактагычка чейин 20 чакырым каналдын жана үч чакырымдык туннелдин долбоорун "Ленинметротрастын" Ленинград филиалы даярдаган. Бул долбоорду жүзөгө ашырууда "Гидроспецтрой" башкармасы Кадамжай шахта курулуш менен чогуу иштеген. Ошондой эле "Кыргызвзрывпром" жамааты эн жакшы эмгектенген. Учурунда алардын иши тууралуу "Советская Киригизия" газетасы минтип жазган: "Сегиз айдан бери бул багытта тан калаарлык жардыруулар тынч күндө адамдардын жыргалчылыгы үчүн аткарылды..."

Эбегейсиз чоң иштердин бири суу сактагычтын үч тосмосу эле: Батыш тосмосунун узундугу 500метр, бийиктиги 36метр. Чыгыш тосмосунун узундугу 550, бийиктиги-20метр. Үчүнчү тосмо Исфара дарыясына курулган.

Төрт-Гүл суу сактагычынын жана ага суу келүүчү, суу чыгаруучу каналдарды курууга Өзбекстан, Тажикстан Республикалары, Россия Федерациясы, Украина, Белоруссия чоң көмөк көрсөткөн. Металл конструкциаларды Россиядан, кубаттуу техникалар Украина менен Белоруссиядан, темир бетондор Өзбекстандын Бекавад шаарынан алынып келинген. Тажикстандын автобазаларынын автоунаалары да курулуш иштерине тартылган. Жарым этилен пленкаларын Москвадагы "Дорогомилов" химиялык комбинаты атайын даярдап берген. Буга чейин комбинат туурасы 2, 6 метрлик пленкаларды чыгарышса, эми Төрт-Гүл үчүн туурасы 4, 3 метрлик пленкаларды чыгарган. Дүйнөлүк тажрыйбада биринчи жолу 40 метр терендикте 650га жерге пленка төшөлгөн.

Суу сактагычты курууга мурдагы СССРдин булуң-бурчтарынан ондогон тажрыйбалуу адистер келишкен. Маселен, курулуштун башчысы Н. С. Лысюктун өмүрү жана иши үлгү. Ал Украинадан жолдомо менен Баткенге келип, алгач прораб. андан соң у[illegible]касынын башчысы [illegible]лгон. 1970-жылы "Төрт-Гүл"

курулуш курапттыруу башкармасынын" башчысы болуп калган. №1-экскаватордук комплекстүү бригадада эмгектенген. Н. Ф. Ногецтин улуту немец, жардамчысы Курсан Саттаров -кыргыз, канал жана коллекторлорду куруунун устаты- орус Жеглов А. К. экскаваторчу А. Е. Ершов, инженер Сунчелеев ж. б. кужүрмөн эмгектин үлгүсүн көрсөтүшкөн. Булардын аракетинин натыйжасында ири курулуш сапаттуу бүткөрүлүп, достуктун күчү лагы бир жолу даңазаланды.

Баткендеги мындай улуу курулуш майданындагы иш он жылга созулду. 1961-жылдан 1971-жылга чейинки аралыкта ондогон инсандар эл сыймыгына татыктуу болун, өкмөттүк сыйлыктарды алууга арзышты. Экскаваторчу Турсунбай Сейдакматов, жетекчи Абдимомун Маккамбаев, дын жерди өздөштүрүүдөгү эбегейсиз эмгеги үчүн Сабыр Момунов Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын ээлери болушкан.

Көлдөн башталган магистралдык канал жана андан бөлүнгөн каналдар ондогон километрге созулуп, миндеген гектар дын жерлер өздөштрүлдү. 1971-жылы апрел айында суу сактагычтын пайдаланууга берилиши менен "Москва" колхозуна (Кара-Булак айыл өкмөтү) 500га жаңыдан өздөштүрүлгөн жер кошулду. Ал эми 1972-жылы Фрунзе атындагы совхозу (Кара-Бак айыл өкмөтү) 1169га сугат жерге ээ болду. Мурда кескелдирик мекендеп, боз шыбак гана өскөн ээн талааларда Кызыл-Бел. Чек. Жаны-Жер, Чет-Кызыл, Чоң-Талаа сыяктуу жаны айылдар өсүп чыгып, миндеген үй-бүлөлөр бактылуу жашап жатышат. Жүздөгөн гектар өрүк бактары, жүзүмзарлары жерибиздин көркү, элибиздин байлыгы болуп калды.

Аталган курулуш Бүткүл союздук эркиндүү курулушка айланган. Жыйырмадан ашык улуттардын окүлдөрү бир тууганддык маанайда, бир гана максат менен -Баткендин аймагын гүл бактарга айландыруу элдин бактылуу келечеги, бараандуу байгерчилик турмушу үчүн эмгектенишкен. Коммунисттик партиянын чыныгы аталык камкордугу болгон. Мындай камкордукту баалабагандык наадандыктын жеткен чеги эмеспи.

## УОС: Суу-өмүр булагы.



Ибдрагимов Д.
УОСтун башчысы

Баткен райондук суу чарба башкармасы 5 гидроучасткадан турат, мекемеде 164 жумушчу кызматчылар эмгектенет, алардын ичинен 85 жумушчу насостук бекеттерде жана тике суу кудуктарында иштейт.

Мекеменин карамагында 98, 05 км чарбалар аралык каналдары, 12 даана насостук бекети, 126 даана гидротехникалык курулмалары, 56 даана суу өлчөөчү постору (гидропост), 68 даана тике суу кудуктары (скважина, Исфара дарыясында Башкы алуу түйүнү жана сыйымдуулугу 90 млн. м3 болгон А. Кожомкулов атындагы Төрт-Гүл суу сактагычы турат.

Биздин аймакта Төрт-Гүл суу сактагычы 1971-жылы курулгандан кийин 9, 0 миң га жаңы жер өздөштүрүлүп, райондун айдоо аянты 14691 га жеткирилип, кошумча 5 совхоз уюштурулган. Суу сактагыч курулгандан кийин жаны жерлер өздөштүрүлүп жер кыртышы шагалдуу(гравий) болгондуктан сугат суу берилгенде ным сакталбай тез жерге синип кетип, 1971-1978-жылдар аралыгында жер астынан суулар көтөрүлүп 2, 5-3, 0 миң га өздөштүрүлгөн жерлерди шор баскан. Ошого карабастан Суу чарба министрлиги тарабынан "Мелиоративдик абалды түп тамыры менен жоюуу" долбоору иштелип чыгып 1978-жылдын 1989-жылга чейин Мелиорация абалын жакшыртуу үчүн 1-кезектеги, 2-кезектеги долбоорлор Кыргыз суу долбоор институт тарабынан түзүлүп 2, 5 мин гектар жерлер калыбына келтирилди. Ага 8, 5-9, 0 млн руб жакын акча каражаты сарпталган. Ошондо 186, 0 км коллектордук дренаждык сеттер курулган. Анын ичинен ачык типтеги КДС -145, 6 км, жабык типтеги 41, 6 км казылган. Андан сырткары жер астындагы сууларды сооруп кургатуу үчүн (вертикалдык дренаждар) скважиналар 68 даана, азыркы Кара-Бак айыл өкмөтү менен Кара-Булак [illegible] өкмөтү жана Баткен шаарынын аймагында курулган.

Андан кийин 1987-жылдан 1993-жылдар исинде Төрт-Гүл суу сактагычын айланып өтүүчү канал курулган(обводной канал) бул каналдын курулганынын себеби өзгөчө Исфара дарыясынан келген ылайка кум аралашкан ботко суу суу сактагычка куйбастан түз эле эгин аянттарына барат.

Мына ошондон бери 20 жылдын жүзү болду, жерлердин кыртышы кыйла өзгөрүлдү десем жанылышпаймын. Жерлер кара топурактуу, кумдуу болуп жер астынан көтөрүлгөн суулар да бир топ кыскартылды. Андан сырткары райондо 12 насостук станцияларды тейлеп келүүдөбүз, эскилиги жетип, алды 1963-1972-жылдары курулган. Атап кетсем алар Ак-Куль, Шереч жана Ак-Сай насостук станциялары.

Кыргыз Республикасынын президенти Алмазбек Атамбаевдин демилгеси менен суу чарба жана Мелиорация департаменти тарабынан быйылкы жылга Ак-Куль насостук станциясына 1 комплект насостук агрегат берилди.

2012-жылдын апрель айынан райондун элинин өтүнүчү менен айыл өкмөтүнүн жана Баткен мелиоративдик отрядынын карамагындагы 68 даана тике суу кудуктары (скважина), райондук суу чарба башкармасынын карамагына өткөрүлүп берилген. Себеби алар өз убагында тике суу кудуктарын иштете алышпай элдердин нараазычылыгын туудурушкан. Ошондон кийин тике суу кудуктарды өз убагында иштетүү колго алынып, мурда 1992-жылдары өзүм ушул мекемеде жетекчи болуп турган кезде тике суу кудуктардын насосторун толугу менен өзүбүздө ондоп түзөө үчүн “Мүрөк” кичи ишканасын ачкан болчубуз. Кийинки кездерде аталган ишкана иштебей калган эле. Ал кайрадан ишке киргизилип бир жыл ичинде отуздан ашык насос толугу менен ремонттон чыгарылды. Бир насосту Ош шаарына ремонтко берүү үчүн 35-40миң сомду түзсө, ал эми өзүбүздө бир насостун ремонту(кабель, крылчатка, ротор ж. б. ) запастык тетиктерди сатып алганды кошкондо баасы 15-16 мин сомду түзүүдө. Бул деген эки эседен ашык акча каражаты үнөмдөлөт.

Кыргыз Республикасынын Суу чарба жана Мелиорация департаментинин башкы директору К. Таштаналиевке ыраазыбыз. Азыркы учурда акча каражаттын тартыштыгына карабастан

жогорудагы аталган насостук станция жана скважиналарга запастык тетиктерди жана ремонтко акча каражатын үзбөй чечип берүүдө.

Ошондой эле проектиси тарабынан каржыланып Исфара дарыясында жайгашкан(головной)башкы суу алуу түйүнүнүн автоматташтыруу иштери жүргүзүлгөн. Ошондой эле проектиси тарабынан Төрт-Гүл суу сактагычтын батыш жана чыгыш суу бөлүштүрүүчү башняларын, плотиналардагы пьезометрдик скважиналарын жанылап берүү үчүн азыр Кыргыз Суу долбоор институтунда долбоор түзүлүп жатат.

Кыскасын айтканда райондогу сугат жер аянттарынын көпчүлүгү насостук станциялардын жана тике суу кудуктары менен сугарылат. Ал эми ондоо иштерине кеткен запастык тетиктер жаны электр энергиясы көп талап кылынгандыктан суу маселеси жагынан көйгөй көп. Ошондуктан келечекте өз нугу менен агып келүүчү каналдарды капиталдык курууга киргизүү менен жаны жерлерди өздөштүрүү керек, насостук станцияларды мүмкүн болушунча кыкартуубуз зарыл.

Келечекте капиталдык курууга кирген долбоорлор:

1. 12 чакырым аралыктагы Р-4каналын кенейтүү жана жалпы узундугуна 4, 2 чакырым аралыктагы жаны каналды куруу менен 1000 га дын жерди өздөштүрүү;
2. Ак-Татыр айыл округундагы Рават айылында БСР куруу менен 108 га жаны жерди өздөштүрүү;
3. Самаркандек айыл округунун сугат жерлерин сугат суу менен толук камсыз кылуу максатында Ак-Татыр каналын эки варианттагы дюкердик жана тунелдик сугат курулмаларын куруу сунушталган;
4. Төрт-Гүл айыл округундагы Чоң-Гара айылын агын суу менен камсыз кылуу жана ошол аймактагы дын жерлерди өздөштүрүү максатында;

Көп улуттук өкүлдорүнүн шиделишкен достугунун негизинде районубуз өсүп, өнүп азыркы сереге сермелди. Алсак, УОСто суу сакталгычты курууда эбегейсиз эмгегин сактагандардын бири орус элинин эр-азаматы Р. З. Сучулеев эле чейрек кылым ишмердигин биздин районго сарптаган. Ал

мамлекеттик « Эмгектеги Каармандыгы үчүн» «эмгек Кызыл-Туу» ордени менен сыйланган. Төрт-Гүл курулушунда иштеген эмгек каармандары коммунисттер машинист, экскваторчу Сейдахматов Турдубай, бульдозорист-Мадымаров Кочкор, шофер-Алишеров Сабыр, инженер профкомдун төрагасы Маккамбаев Абдимомун. Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаттары сыйлыгына татыктуу болушкан.

Райондук суу чарбасында Ерхов. А, Мамадиев Ы. М, Кошматов Б. К, Айкынов Ж. А, Ибраимов. Д. И жетекчилик кызматтарын абийирдүүлүк менен аткарышкан. Ардактуу ардагер, Ата-Мекендик согуштун катышуучусу Юсупов Дубана, Алиханов Сейдахмат, Муралиев Амиракул, Айдаров Кожомберди, Маккамбаев Абдималик, Жапаров Жанибек сыяктуу коммунисттер жигердүүлүк, жооптуулукту жогору коюп иштешкен.

## В. И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхозу

Райондо алгачкы совхоз- Рават совхозу. Ал 1960-жылы Орто-Боз айылдык Кеңешиндеги колхоздордун курамында түзүлгөн. А.Надырбеков директорлукка биринчи келип, эки жыл иштейт 1962-1967 - жылдарда Кандаков В. В 1968 - жылдан 1973 - жылга чейин Бутаев З.А. эмгектенет. Ал мыкты кызмат көрсөткөндүгү үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланат.

Ак-Татыр каналы 1954-жылы партиянын Баткен райкомунун биринчи катчысы Кудайбердиев Мурзакаримдин демилгеси менен башталган. Райондо эпкиндүү курулуш деп эсептелген. Райондун бардык колхоздорунан адамдар келип иштешкен. Калинин, Карл Маркс атындагы колхоздордун Самаркандек айылынын аймагындагы 300га ашык жерлер суу менен камсыз болгон. Каналдын курулушуна Кыргыз ССР Жогорку Советинин Орто-Боз шайлоо округунан депутат Кыргыз ССР Илимдер академиясынын президенти Иса Коноевич Ахунбаев жардам берген. Аталган каналдын курулушу бтр [illegible]дын аралыгында бүткөрүлгөн. [illegible]-Дөбө, Ак Татыр.



**В. И. Ленин 100 жылдыгы атындагы совхоздун директору М. Медеров, парткомдун катчысы П. Калилов, профкомдун торагасы П. Жамалов 1982-жыл.**

Жаны-Бак, Самаркандек айылдары суу менен камсыз болгон. Маданий социалдык жактан өскөн. Гагарин, Самаркандек орто мектептери кийинчерээк Тургунбай Садыков, Паскы арык, Жаныбак орто мектептери курулган.

1970-жылы Рават совхозу В. И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоз деп өзгөртүлгөн. Ж. Момунов, М. Медеров, Т. Жолдошов директор болуп иштешкен.

Совхоздун парткомунун катчылык кызматында Ходжаев Б. Х, Жамалов П, Жолдошов Т, Калилов П, Хамираев А. жолдоштор иштешкен. Жолдошов Туйгун Жолдошевич Кыргыз ССР Жогорку Кеңешине депутат болуп шайланган, "легендарлуу" депутаттардын сабында күрдөөлдүү кызмат өтөгөн.

"В. И. Лениндин 100 жылдыгы" совхозунун административдик имараты, клуб, мончо, балдар бакчасы, Самаркандек орто мектебинин типтүү имараты, участкалык ооруукана, СПТУ окуу жайынын имараты, кызматчы-жумушчулар үчүн турак үйлөр, ашкана, медпункттар курулуп элди турмуш тиричилик, маданий жактан тейлеп жатат.

Коомдук мал үчүн сүт товар фермасынын короо сарайы, кой-эчкилерге ылайыкташтырылган 64 короо сарай жана 128 чабан, малчылар үчүн турак үйлөр курулган. Суу түтүкчөлөрү курулуп, жергиликтүү эл таза суу менен камсыз болгон.

Рават кийинчерээк Лениндин ысмындагы совхоз райондо мал чарбасынан азык түлүк жана башка продукция өндүрүүдө алдынкы катарда жүргөн. Алсак 1981-1982-жылдары 2126 тонна дан, 461 тонна тамеки, 95 тонна жашылча, 7153тонна кесек тоют, анын ичинен 3787 тонна сенаж, 6191 тонна силос, 156 тонна мөмө жемиш, 173 тонна жүн, 250 т эт, 27мин даана жумуртка, 10т жибек пиласы, 1432т сүт өндүргөн. Ал эми мамлекетке 461т тамеки, 68т жашылча, 153т мөмө жемиш, 1395т сүт, 920т эт, 228, 9т жүн, 26 мин даана жумуртка, 10т жибек пиласын саткан.

Совхоз 1985-жылы 3млн 302 мин сомго, 1986-жылы 2млн 984мин сомго, 1987-жылы 3млн 18 мин сомго айыл чарба продукциясын мамлекетке саткан. Кой-эчкилердин саны 60 минге жеткен. 2миңден ашык бодо мал, 220 топоз багылган.

Ушул совхоздун аймагында дүйнөгө, Кыргызстанга белгилүү, кадырман атуул Социалисттик эмгектин Баатыры, СССР сүрөтчүлөр академиясынын академиги, Ленин орденинин ээси, атактуу айкелчи Тургунбай Садыков, окумуштуу, илимпоздор Ачылова Рахат, Нур уулу Досбол, Абдивалиев Ибраим, Арапов Байыш жана башкалар өсүп чыгышкан.

КРнын Илимдер Академиясынын академиги "Элдердин достугу" "Эмгек Кызыл туу", "Ардак Белгиси" ордендеринин ээси. КРнын өнөр жайынын эмгек сиңирген ишмери, КРнын Жогорку Советинин төрт жолку депутаты, Баткен областынын тунгуч гебернатору Мамат Айбалаев, партиялык, советтик, чарбалык ишмерлер Ходжаев Бусурман. Момунов Жолдошбай,

Жолдошов Туйгун, Алимов Мийзам, Жамалов Пайзилла, Калбаев Тагайберди, Дыйканов Максатбек жана башкалар аталган аймактын ардактуу атуулдары.

Башкы адистер Марданов Абдыганы, Шабданов Тажибай, Кошматов Саит, Мурзамуратов Р, бөлүм башчылар Алимбаев А, Сапарбаев Т, Гапаров Кайым, ферме башчылары Бегматов Жолдош, Жакыпов Ж, бригадирлер Кушбеков С, Өрмонов К, Пазылов А, Пазылова М, саанчылар Айтбаева С, Үсөнова Р, Үсөнова М, механизаторлор Чаканбаев Ч, Ганыев А, шофер Саттаров Э, чабандар Бостонов Э, Абдрахманов Э, Беков Э жолдоштор совхоздун чарба иштеринде мыкты эмгектенишкен. Орден медалдарга, мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болушкан.

Марданов Абдыганы Баткен районундагы алгачкы жогорку билимдүү агроном. 1962-жылы айыл чарба институтун бүтүрүп келери менен Рават совхозунда эмгек жолун баштап, 35 жыл бою бир чарбада агроном анан башкы агрономдук кызматта иштеген. Үч-Дөбө, Ак-Татыр, Жаны-Бак, Мин- Өрүк айылдарынын түптөлүшүнө жаны жерлерди өздөштүрүп, бак өстүрүлүшүнө тикеден-тике жетекчилик кылган. Айрыкча Жаны-Бак, Ак-Татыр, Мин-Өрүктө өрүк тигүү үчүн пландаштырган, башкача айтканда жип тартып, көчөттөрдү тигүүдө эл менен бирге иштеген. Калың бак пайда болгондон кийин да анын асыралышына кам көрүп, келген. Кандаков В. В директор болуп иштеп турган убакта анын демилгеси менен аянттарга өрүк тигиле баштаган. Акыйкатта 450 гектар жердеги миңдеген өрүк көчөттөрүн чырпыгынан чынар кылып, өстүрүүгө бар билимин жаштык күч кубатын сарптаган. Марданов Абдыганынын эмгеги бааланып "Ардак белги" ордени, "Эмгектеги Каармандыгы үчүн медаль жана мамлекеттик Грамоталар менен сыйланган.




**Аксай совхозунун директору Т. Жолдошев, парткомдун катчысы Т. Калбаев, профкомдун төрагасы Т. Акылбеков (1980-жыл)**

## “Ак-Сай” совхозу

“Ак-Сай” совхозу 1980-жылы 22-апрелде Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана Министрлер Советинин биргелешкен токтому менен В. И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздон бөлүнүп чыккан. Совхоз эчки багууга адистештирилген. Алгачкы учурда 22 миң эчки бөлүнүп берилген. Совхозго Жолдошов Туйгун директор болуп дайындалат. Партиялык комитет түзүлүп, анын катчылыгына Калбаев Тагайберди шайланат, андан кийин Абдрахманов Ажибай, Ниязкулов Эргешбайлар иштешкен. Профкомдун төрагалыгына Акылбеков Касым, Бостонов Эркин, Сыдыков Калык иштешкен.

Жаңы совхозду туптөө, кадр менен толуктоо, финансылык маселелерди жолго коюуда совхоздун директору Жолдошов Туйгун көп иштерди жүргүзгөн. Совхоздун администрациясы үчүн контора, гараж, жыгач иштетүүчү цех, балдар бакчасы үчүн имарат, кызматчы

жумушчулар үчүн кирпичтен турак үйлөр курулган. Бош турган жерде эл жашаган Ак-Сай айылы пайда болгон.

Совхоз негизинен эчки өстүрүү менен андан тыбыт өндүрүү колго алынган. Башкы зоотехник Шайдуллаев Тажибай, башкы ветеринардык врач Сайназаров Токсон, бөлүм башчылар, ферма башчылары ынтымакта, биргеликте иштешкен.

Башкы экономисти Исаков Дөөлөт башкы бухгалтер Абдыкахаров Атакан эсеп-кысапты, учет-отчетту жана чарбанын кирешелүүлүгүн байытууну колго алышып, жогорку жоопкерчилик менен иштешкен.

Айрыкча башкы экономист Исаков Дөөлөттүн эмгеги чоң болгон. Ал 1950-жылы 23-мартта Шураб шаарында жумушчунун үй бүлөсүндө туулган. Орто билим алгандан кийин Тажик ССРинин Дүйшөмбү шаарындагы малекеттик университетине кирип, 1977-жылы финансы-кредит факультетин бүтүрөт. Финансист адистигине ээ болот. Ушул эле жылы Баткен районунун «1-Май» совхозуна башкы экономист болуп, 1980-жылга чейин иштейт. Ал чарбадан Ак-Сай совхозуна көтөрүлөт. Аталган совхоздо алты жыл башкы экономист кызматын аткарат. Мал чарба адистери менен бирге эчкилерден тыбыт тарап алуу, аны сорттоо маселелеринде иш алып барат. Тыбытты Россияга алып барып реализациялоодо түздөн түз катышып жүргөн. Тыбыттын өз наркын көтөрүүдө, совхозду байытууга зор салымын кошкон. Акча каражатын үнөмдөп, өндүрүштү өнүктүрүү жолдорун мыкты адис катары билген. Совхоздо урмат сыйга татыктуу эле.

Т. Жолдошов башка кызматка өткөндөн кийин Калбаев Тагайберди совхоздун директору болуп иштейт. Тажрыйбалуу жетекчи болгон. Ак-Сайда эле эмес, бүткүл Түштүктө тыбыт багытындагы эчкилерди өстүрүү боюнча илимий иштин натыйжасын чыгарат. 1998-жылы ушул багытта айыл чарба илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражага жетишкен. Ак-Сай совхозунун эсебинен көпүрө, мектеп ж. б. маданий имараттар курулган. Миң-Өрүк массивиндеги адырга миндеген өрүк көчөттөрү тигилген. Көптөгөн иштер жүргүзүлгөн.

Совхозго Жаны-Жол районунан тыбыт багытындагы придон асыл тукум эчкилер алынып келинген. Акырындап 1985-жылдарга карата эчкилердин саны 40 миңден ашат. Алгачкы учурларда ар бир эчкиден 1, 5 грамдан тыбыт таралып алынган болсо, 1986-жылы 350-450 грамдан тыбыт тарап алууга жетишилет. Ушул жылы совхоз мамлекетке саткан тыбыттан 1, 5 млн накта акчалай киреше алган. Совхоздо башкы зоотехник Айжигитов Аширали башкы ветврач болуп Сайназаров Токсон иштеген.

Совхоздун коомдук малына тоют, жем топтоо үчүн дыйканчылыктын түшүмдуулугун көтөрүүдө башкы аграномдор Акылбеков Касым, Мамадив Осмон, Бабаев Пахридиндер мыкты эмгектенишкен.

## "Москва" колхозунун баяны

Москва колхозу Сталин, Андреев, Калинин, Бауман атындагы колхоздорунун базасында түзүлгөн. Райондо ири колхоз болгон. Колхоздун башкармасынын төрагасы болуп, Сагирдинов А, Мурзакматов Садир. Ормонов Заил, Файзуллаев Ташмурат, Шукуров Ысмаил, Умарбаев Турдубай, Жусупов Абдимитал, Рахманбердиев Жамалидин, парткомдун катчылыгында Жамалов Пайзилла, Сайназаров Тажибай, Жороев Саттар, Шабаев Назкул иштешкен. Дыйканов Нажимидин, Миңбаев Токтоназар, Абдыкаров Атакандар башкы бухгалтердик кызматты аткарышкан.

Москва колхозу райондогу башка колхоздордон айырмаланып, айрыкча статуска ээ болгон. Анткени райондун так борборунан орун алган. Алгачкы учурларда Кансык, Базар-Башы, Бужум, Кызыл-Жол айылдары өз алдынча Сталин, Андреев, Калинин, Кызыл-Жол, Бауман колхоздорунан турган. Аталган колхоздордо Жусупов Дубана, Ракматов Саттар, Айтматов Сыдык, Абдивалиева Галбүбү, Алиев Исамидин ж. б. колхоздордун башкармасынын башчысы (праис) болуп иштешкен.

Айрыкча, Жусупов Дубана, аялдардын ичинен биринчи актив болуп чыккан Абдивалиева Галбүбүнүн иш аракеттери.

колхоз турмушун, калктын жашоо тиричилигин жакшыртуудагы эмгектери чоң болгон. Жусупов Дубана 1939-жылы аскер кызматына чакырылган. Ата-Мекендик согушта Сталинградды, Донду, Киевди фашисттик баскынчылардан бошотууда эрдикти көрсөткөн. Жеңиш менен туулуп өскөн жергесине келгенден кийин Кара-Булак айылдык кеңешинин төрагасы, Андреев, Ленинград колхоздорунун төрагасы болуп иштеген. 1954-1955-жылдары Карл Маркс колхозунун төрагасы эле. Актатыр каналынын курулуп, суусуз жаткан 300г жерди өздөштүрүүдө чоң салым кошкон. Райондук суу чарба башкармасынын бөлүм башчы кызматын аткаруу менен баштапкы партиялык уюмунун катчы милдетин аткарган. Эл арасында өтө бийик, кадыр барктуу, отүмдүү инсандардын катарындагы инсан элэ.

Айтматов Сыдык райондун алгачкы активдүү жаштарынан болгон. Басмачыларды тап душмандарын жоюуда, коллективдүү чарбаларды түзүүдө уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн. 1933-1960-жылдарда Ак-Турпак, Сталин, Шверник атындагы колхоздөрүнүн төрагасы, Москва колхозу түзүлгөндөн кийин 1965-жылга чейин колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары кызматтарын аткарган.

Айтматов Сыдык эмгектик эс алууга чыккандан кийин да райондун ардактуу ардагери катары саясий –тарбиялык жана жаштарды эли жерин, мекенин сүйүүгө эпкиндүү эмгеги менен кызмат кылууга тарбиялоодо активдүү катышкан. Айтматов Сыдык “Эмгектеги Каармандыгы үчүн”, “Эмгек ардагери”, Улуу Жеништин 25, 30жылдыгы медалдары Кыргыз ССР Жогорку кеңешинин “Ардак Грамоталары” менен сыйланган.

Абдивалиева Галбүбү райондо аялдардын арасынан биринчилерден болуп комсомолдун, Кыргыз большевиктер партиясынын мүчөлүгүнө өткөн жалындуу жаштардын алдынкы сабында жүргөн. Райондун аймагында тап душмандарын жоюуда, артелдерди уюштурууда активдүүлүгүн көрсөткөн. Колхоздо башкарманын төрагасынын орунбасар кызматын кынтыксыз өтөө менен баштапкы партиялык уюмдун катчылык милдетин да аткарган. Согуштун оту албырттап жанып тылда эмгек кайнап турган учурда 1945-жылы Андреев колхозун 1947 жылга чейин

башкарган. Москва колхозу түзүлгөнгө чейин Молотов, Фрунзе атындагы колхоздорго төрага болуп, өзүнүн уюштуруучулук жана аялзатына тиешелүү зиректик, мээрбандык мүнөздөрү менен айырмаланган. Кыргыз ССР Жогорку Советине эки жолку депутат, Кыргызстан компартиясынын Баткен районунун Ош обкомунун партиялык конференцияларына делегат, райкомдун обкомдун пленумдарынын мүчөсү болгон. 1946-жылы СССРЖогорку кеңешинин Президиумунун төрагасы Калининдин Указы менен тылдагы эмгектик эрдиги бааланып "Эмгектеги Каармандыгы Үчүн", "Каарман эмгеги үчүн" медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин "Ардак Грамоталары" менен сыйланган.

Баласы Эрматов Сейитказы элге билим берүү тармагында өмүр бою иштеген, иштерман, агартуунун алдынкы катардагы тарбиячы, педогогу болгон. Көп жылдар Кара-Булак орто мектебинин директору, Районунун коллегия мүчөсү милдеттерин аткарган. Небереси Эрматов Сейдакмат райондун турмуш тиричилик комбинатынын жооптуу кызматкери, директору кызматтарын аткарып келген. Баткен шаардык мэриясы түзүлгөндө анын төрагасы болуп, чын дил, чыгармачылыгы, билгичтик менен жетекчилик кылган. Эл ичинде кадыр-баркка сый урматка жетишкен.

Колхоздун башкармалыгы Кара-Кол каналын куруудa Кара Булак, Бужум массивдериндеги жерлерди өздөштүрүүдө коомдук малды көбөйтүүү менен анын асылдуулугун арттырууда чоң иштерди жүргүзүп келген.

Бодо малдын башы 3 минден ашып, кой- эчкилердин саны 60 минге жеткен. 9-10-11- беш жылдыктарда 1971-1985- жылдагы мамлекетке 70455 центнер эт, 137699 ц сүт, 6806ц жун, 475ц пилла, 40638ц тамеки тапшырган. Ал эми 1986-1990-жылдары б. а. 12- беш жылдыкта 1332, 4 тонна эт, 7191, 8т сүттү, 179, 2т жун 1118, 5 т тамекини, 160 т жибек буласын мамлекетке саткан.

Кыргызстан КПБКи Кыргызсовпроф, Кыргыз ССР Министр Совети, Кыргызстан ЛКСМ БКи 11-сентябрь 1981- жылдарда мал кыштатууну ийгиликтүү өткөрүү боюнча социалисттик мелдешин жеңип алгандыгы жана мал чарбасынан продукцияны арбын

өндүрүп, пландагы ашыкча мамлекетке саткандыгы үчүн "Москва" колхоздун "Ардак Грамотасы" жана 28 мин сом акчалай сыйлык менен сыйланган. Бул учурда колхоздун башкармасынын төрагасы Умарбаев Турдубай партиялык комитеттин катчысы Шабаев Назкул болгон.

Умарбаев Турдубай, Шүкүров Ысмайыл колхоздун башкармасынын төрагасы болуп иштеп турган чейрек кылым аралыгында колхоздун административдик конторасы, Бужунда, Кара-Булактагы клубдар, сүт товар фермасынын механизациялаштырылган короо сарайы, малчы, саанчы, чабандар үчүн турак үйлөр, элүүгө жакын кой короолору, тамекини кайра иштетүүчү цех жана медпункттар курулган. Бужум массивинде 28 скважина ишке киргизилген.

Юсупов Абдимиталип Ташбаевич колхозго төрага болуп ишке келгенден өдүрүшкө илим техникалык жетишкендиктер, малды асылдандыруу, үрөн чарбачылыгындагы, дыйканчылыктагы жогорку көсөткүчтөрү үчүн КПСС БКнын, ВЦСПСтин, ВЛКСМ БКнын көчмө Кызыл Туусу берилген, Колхоз "Моквич"-2141 маркасындагы жеңил автомашина жана акчалай сыйлыктар менен сыйланган.

Юсупов А. Т. Украина ССРиндеги Крым мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүрүп, илимпоз-агроном адистигин алган. "Фрунзе" совхозунда агроном, башкы агроном, Төрт-Гүл совхозунда парткомдун катчысы райондук агроөнөржай комплексинин башкы агроному, айылчарбахимия бирикмесинин төрагасы, Баткен областык өсүмдүктөрдү коргоо инспекциясынын башчысы кызматтарында иштеген.

Колхоздун айыл чарбасында башкы ветврач Сайназаров Токсон, МТФнын ферма башчысы Абдыракманов Дүйшө, башкы агроном Орозов Курбанбек бригадирлер Матисламов Мажит, Абддырасулов Ысак сыяктуулардын коомдук малдан арбын продукция өндүрүүдө, дыйканчылыктын маданиятын көтөрүү менен мал тоют, жем жыйноодо жакшы иштерди жүргүзүшкөн. Чабандар Оробаев Адылбек, Сапаров Абдивали, Ашыралиев Сапа, Имаров Сыдык, Исаев Мамат ар жүз тубар койдон 110-130дан козу ар биринен 2-3 килограммдан жүн алып турушкан.

Саанчылар Ниязова Анипа, Осмонова Зарахан ар бир саан уйдан 3300-3500 килограммдан сүт саап алууга жетишкен. Аталган чабан, саанчылар эпкиндүү эмгектери үчүн мамлекеттик орден, медалдар менен сыйланышкан.

Бужум айылынын атуулу Жоошов Сүйүн атайын айыл чарба окуу жайын бүтүргөн. Колхоздо бригадир, алдынкы механизатор болуп иштеген. Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушу башталган учурда бульдозористтик, машинисттик кызматка барган. Суу сактагычтын 600г аянтын тегиздөөдө, Кызыл-Бел, Чек, Жаңы-Жер, Чоң талаа массивдериндеги боз адырларды тегиздеп, ишке келтирүүдө белгилүү Сейдакматов Турсунбай, Мадымаров Кочкорлор менен бирге үзгүлтүксүз иштеген. Кадамжай районунун Бүргөндү, Ноокат районундагы Төлөйкөн массивдеринин жерин өздөштүрүүдө жаштык жалынын күчүн аябай, жумуштун оордугуна, чандыгына карабай эмгектенген, Кийинчерээк кайрадан “Москва” колхозунда иштеген.

Москва колхозунун аймагынан Сайназаров Тажибай, Ракманбердиев Жамалдин, Пазылов Рысбай, Темирбаев Мамасыдык мекемелердин жетекчилери сыяктуу партиялык, чарбалык калк арасында кадырлуу атуулдар арбын. Сайназаров Тажибай Ош педогогикалык мамлекеттик институтун бүтүргөн. Көп жыл агартуу тармагында иштеген. Кыргызстан компартиясынын Баткен райкомунда агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткарган. КПСС БКнын Ташкенттеги партиялык жогорку окуу жайын бүтүргөн. “Москва” колхозунун парткомунун катчысы болуп иштеген. Өтө принципиалдуу кайсы гана кызматта иштебесин жеке жоопкерчиликти жогору койгон, сылык сыпаа кызматкер болгон.

Ракманбердиев Жамалдин партиянын Баткен райкомунда инструкторлук кызматтан агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы, Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун экинчи катчысы, “Москва” колхозунун башкармасынын төрагасы, Баткен областык мамлекеттик администрациясынын кызматкери, бөлүм башчысы ккызматтарын абийирдүүлүк менен аткарган.

Колхоздун аймагындагы билим берүү тармагындагы алгачкы мугалимдер Пазылов Ураимкул, Кожобаева Сагын, Акынова Тилебуруштар болушкан. Пазылов Ураимкул согуш мезгилинде Бужум мектебинде мугалим, Кыргызстан компартиясынын инструктору болуп иштеген. 1946-жылы СССР Жогорку Кеңшинин Президиумунун Указы менен "Эмгектеги Каармандыгы үчүн" медалы менен сыйланган. Агартуу тармагындагы Абдыганиев Сайдакпар, Осмонов Бекташ, Ысмайылов Мамажунус, Мурзапар Үсөн, Курбанов Турат, Казаков Галбай врачтар Айжигитов Тургунбай, Осмонов Жапар, Акматов Абыткан, Акматов Иляскан элге билим берүүдө, саламаттыкты сактоодо мыкты иштешкен.

## Совхоз-1-май- "Сары алтынга", малга бай

Кара-Токой, Апкан, Бөжөй кыштактары биригип, Ленинград колхозу түзүлгөн. Акматов Бердикул, Эркебаев Жаанбай колхоздун раистери болуп иштешкен. Ал эми Согмент Газ айылдары 1- Май Таян, Кеңеш, Кыштут, "Большевик", Сай, "Коммунизм" колхоздору деп аталган. Аликулов Туушай, Матраимов Бекташ, Айжигитов Абдирашит, Сайназаров Тажибай, Султанов Сайназар, Парманов Атабек, Абдырахманов Матраим, Абдыкалыков Ажы, Бекташов Жетимиш аталган колхоздордун раистери болуп эмгектенишкен.

Кийинчерээк бул колхоздор биригип 1-Май Ленинград колхозу болуп түзүлгөн. Аталган эки колхоз 1971-жылы, 27-марттагы Кыргызстан КП БКнин, Кыргыз ССР Министрлер Советинин Токтомунун негизинде 1-Май совхозу болуп уюштурулган. Ош облусунун Кара- Суу районунан Кенжебаев Асылбек директорлук кызматка келген. Айыл чарбасын мыкты билген адис, тажрыйбалуу, өжөр, эл менен иштеше билген жетекчи болгон. Совхоздун аймыгында таш короолорду, сүт- товар фермасынын эски имаратын жана чабан, малчы, саанчылардын турак үйлөрүн кайрадан учурдун талабына жараша курдурган. Совхоздун борбордук конторасын, Боз-Адыр айылын жаңыдан

куруута жетишкен. Акматов Абдимуса, Мурзаев Курмушу, Сейитмуратов Суюнбай, парткомдун катчылары, Калилов Абдыкаар, Мейтинбаев Кадырбек, профкомдун төрагалары кызматында совхоздун экономикалык социалдык жактан өнүгүүсүнө зор салым кошушкан.

Мал чарбасын өнүктүргөн, Гороту, Сейлик, Каратазы аймактарын, Боз-Адыр массивин кайрадан өздөштүрүп, коомдук малга тоюттун запасын камдоого жетишкен.

Бодо малдын саны 3 минге, кой эчкилер 50 миңге, топоз 500 башка жеткен. Ар бир саан уйдон 2500-3000 килограмдан сүт, койлордон 2, 5-3, 8 кг дан жүн кыркылып алынган.

Ленин ордендүү чабан Бадалов Калбай, эмгек "Кызыл Туу" ордендүү Жалилов Анарбай, Айдаров Баймурза, саанчылар-Урустамова У, Ысманова К сыяктуу эмгек алдынкылары өсүп чыгышкан.

1-Май совхозунда Кенжебаевден кийин Султанов Буркан, андан кийин Алимов Миизам директор болуп иштешкен. Булардын эмгектери да чоң болгон. Район боюнча ушул совхоз техникалык- баалуу өсүмдүк тамекиден мол түшүм алып, мамлекетке сатып турушкан. Бул совхоздун кирешесин көбөйтүү менен бирге карапайым жумушчулардын турмуш-тиричилик жактан байышына шарт түзгөн. Бригадир-тамекичилер, Сыдыкова М, Матраимов С, Жапаров А, Абдуллаев К. жакшы иштешип, орден медалдарды алууга татыктуу болушкан. 15 км аралыкка Боз-Адыр каналы курулуп, 1, 5 гектар жер өздөштүрүлгөн. Орозалиев Токтоназар комсомолдук жаштар бригадасын жетектеген. Ар гектар жерден 100-110 центнерден дан, 450-500 центнерден жашыл масса өндүрүп турган. Партиянын Баткен райкомунун бюро мүчөсү болгон. Орозалиев Т Ош областында алдынкы биргадирлердин катарында Эмгек Кызыл Туу орденин алууга жетишкен.

Жыйынтыктап айтканда, 1-Май совхозу 1985-1987-жылдары 5 млн 776 миң сомдук айыл чарбасынан азык- түлүк өндүргөн. Ушул жылдары совхоз мамлекетке 8 млн 949 мин сомдук азык – түлүк продукциясын саткан. Тамекиден жыл сайын бир млн сомдон накта киреше алып турган.

Кара-Токой айылынын тургуну Маркаев Айбаш жана Айжигитов Абдирашит Ташкенттеги юридикалык институтун бүтүрүшкөн. Маркаев Айбаш Ош областынын райондорунда прокурор, сот кызматтарында иштеген. Кыргызстан КП Ош обкомунда кызматкер бөлүм башчы, партиялык контролдоо комиссиясынын төрагасы кызматында көп жылдар бою эмгектенген. Совхоздун тургундары, райондо партиялык, Советтик кызматтарда көп жыл иштешкен Мурзакматов Садир, Мергенов Буркан, Касымов Ысман, Калилов Абдикаар, Нажимидинов Койчу, Жаныбаев Мамыт, Мадымаров Калбай, Акматов Абдимуса, Сейитмуратов Сүйүнбай, Шамуратов Соорбай, Исаков Мурзакмат, Ысманов Аширали, Метинбаев Кадырбек, Эркебаев Элчибек сыяктуу атуулдарды атоого болот. Максытов М, Айкынов К, Беркматов О, колхоз, совхоздордо, райондун чегинде бухгалтер, башкы бухгалтердик кызматтарды иштеп, райондун экономикасын өнуктурүүдө зор салымдарын кошушкан.

## Кызыл Туулуу "Фрунзе" совхозу

Кыргыз КПБнын жана министрлер Советинин Баткен районунун колхоздорунун базасында совхоздорду түзүү жөнүндө токтомунун(1971 ж март) негизинде Фрунзе Орджоникидзе, Коммунизм атындагы колхоздор биригип, "Фрунзе" совхозу түзүлөт. Жаринов В В директор болот. Андан кийин Кудрявцев В В, Алимов М, Исаков Д, Айкынов Ж. совхоздун директору болуп иштешкен. Совхоз малчылык- тамекичилик багытында иштеген. Парткомдун катчылык милдетин Эгембердиев Ували, Тайлаков Тажибай, Темиркулов Анаркул аткарышкан.

Эмгекчилер депутаттарынын Баткен райондук кеңешинин 1960-жылдын 10-мартындагы чечиминде Зардалы кыштагындагы калкты Кара-Бак айылына көчүрүп, турак жай менен камсыз кылуу каралган. Карабак айылынын маданий-социалдык шартын жакшыртуу боюнча перспективалуу планы түзүлөт. Акырындап жүз элүү үй курулуп, зардалынын калкы жайгаштырылат.

Жаринов В. В, Кудрявцов В. В. директор болуп иштеген учурда совхоздун административдик имараты сүт товар комплекстүү фермасынын сарайы 30га жакын короо сарайы, чабандар үчүн турак үйлөр, Кара-Бак айылдык кеңешинин, ФАП. Бото Нурматов атындагы орто мектептин имараттары курулган. Кара-Бак-Баткен жолу асфальтталган. Айылга бара бериштеги жолдун эки тарабындагы 150га жерлерге өрүк тигилип өстүрүлгөн.

Исаков Дөөлөтбек Тураевич совхозду жетектеген жылдарда совхоздун экономикасы тез темпте өнүккөн. Алсак 1988-жылы 2858т дан, 1494т сенаж, 388т саман, 2680т силос, 6418т сенаж жыйналган болсо, 1991-жылыдан 5658 тоннага, сенаж 6877тоннага, саман 450тоннага, силос 3847тоннага, сенаж 3441 тоннага, жашыл масса 2881 тоннага көп жыйналган.

Совхоздо мал чарбачылыгынан, дыйканчылыктан жана башка тармактардан алынган киреше көбөйгөн. 1987-жылы 3млн 312миң сом, 1988-жылы 3 млн 013миң, 1989-жылы 2 млн 942 миң, 1990-жылы 2-млн 122 миң, 1991-жылы 7 млн 496 миң сом киреше алынган. (Баткен райондук архиви 2009-жыл №36, опись13 35, 36, 37, 100беттер. ) Бул жылдарда техникалык баалуу өсүмдүк тамекиден да киреше кескин көбөйгөн. Анткени совхоздо тамеки жалбырагын ферментациялоочу цех курулуп, тамекини кайрадан иштетип, товар катары сатышкан. Ошондон улам 1991-жылы эле тамекиден 5миллион го жакын акча каражаты алынган. 1990-жылы совхоздо тамекини өстүрүү жана техниканын жардамы менен тизүү, кургатуу, таңгактоо жана сорттуулугу боюнча райондук семинар кеңешме өткөрүлүп, совхоздун тамекичилеринин иш тажрыйбалары жайылтылган. Бригадир Мукумов Базарбай “Кызыл Туу” ордени жана башка тамекичилер орден медалдар жана баалуу сыйлыктар менен сыйланышкан.

Исаков Д совхозду башкарган учурда эки кабаттуу клуб, парк, спорт сарайы (толук бүткөрүлбөгөн) мончо, Зардалыга барчу жолдо Сох дарыясына көпүрө курулган. Зардалы жолу Жылуу Сууга чейин жеткирилген. Зардалыга автоунаа менен барууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Чет-Кызыл айылы түптөлүп бак тигилген.

Кара-Бактын жогорку зонасында 450гектар жерге өрүк, шабдалы, алма, бадам тигилип өстүрүлгөн. Канал курулуп, аталган бак суу менен камсыз болгон.

1987-жылы "Фрунзе" совхозунун базасында айыл чарба фирмасы түзүлүп, аны совхоздун директору Алимов Мийзам жетектеген. Фирманын составына "Төрт- Гүл", "Советтик Кыргызстан" совхоздору айыл чарба азык түлүгүн даярдоочу уюм кирген.

Кара-Бакта балык өстүрүүчү жана килем цехтери иштеген. Анда даярдалган килемдердин сапаты жогору болгон. Килем цехинин чеберлери Курманжан Датканын портретин килемге түшүрүшкөн. Ал азырда Алайдагы Курманжан Датканын музейинде сакталып турат.

"Фрунзе" совхозунун аймагынан көрүнүктүү партиялык, советтик, мамлекеттик ишмерлер, кызматкерлер тарбияланып, районго ар тараптан чоң салымдарды кошушкан. Баткен райондук кеңешинин биринчи төрагасы Самат Сыдыков, Бото Нарматов, Бакир Байназаров, Ысман Кабылов, Убали Эгембердиев, Жаныбай Зулпукаров, Анаркул Темиркулов, Тажибай Тайлаков, бульдозорист-машинист Турсунбай Сейдакматов, бригадирлер Базарбай Мукумов, Сабыр Момунов, педогог фермер Пирмат Төлөмүшов Карабак айылдык кеңешинин төрайымдары Айша Жапарова, Салия Карабекова, юрист Батыр Сатыбалдиев, финансист Адимат Аширкулов, врачтыр Жунусалиев Дыйканали, Кочкоров Апызали, алдынкы педогогдор Аззам Орунбаев, Расабай Шамуратов, журналист Адылбек Батыров, суу чарба адиси механик финансист Дөөтали, Атамали, Аскарали Ибраимовдор, инженер Кочкоров Элчибек. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Улукбек Кочкоров да Кара-Бак айылынын тургуну.

Совхоз 1976-жылдан 12-январындагы Кыргызстан компартиясын Ош обкомунун областтык Кеңешинин токтому менен мал кыштатууну үлгүлүү өткөргөндүгү жана ийгиликтери үчүн өтмө Кызыл Туусу менен сыйланган. (Совхоздун директору Кудрявцов Виктор Василевич, парткомдун катчысы Эгембердиев Убали Эгембердиевич)

Мал кыштатууга коюлган бодо малды 99, 9 пайызга, кой-эчкини 99, 2 %га жылкыны 100%га сакташкан. Сүт өндүрүүнүн жылдык планын 115 пайызга аткарып, өткөн жылга салыштырганда ар бир уйдан сүттү 348 кг-га көбөйтүшкөн. Мамлекетке эт сатууну 113 пайызга, сүттү 117% орундатышкан. Жылдык план тапшырма боюнча бодо малды 100 пайызга, анын ичинен саан уйду 103га, 101%га, жылкыны 106%га орто, жогорку семиздикте асырашкан.

Совхоздо Байназаров Бакир, Сейдакматов Кайрыла, Момунов Сабыр, Абдуллаева Пайзи, Маматалиев Жусуп өндүү эмгектин кужүрмөндүгү райондо эле эмес областа республикада белгилүү болушкан. Маматалиев Жусуп өзүнүн 36 жылдык өмүрүн чабандык кесипке арнаган. 1974-жылы "Ардак белгиси" ордени, 1-2-3- даражадагы "Эмгекке Даңк" ордендери менен сыйланган. Чабандык кесипте алдынкы үлгүлөрдү пайдаланып, эт жүндү арбын өнүрүлгөндүгү, коомдук малдын асылдуулугун жогорулаткандыгы ВДНХ нын алтын, күмүш, коло медалдарын алууга татыктуу болгон.

Байназаров Бакир Ата Мекендик согуштун катышуучусу. өзүнүн майып экендигине карбастан чарбанын өнүгүшүнө зор салым кошкон. Алгачкы учурларда звеновый, анан бригадир болуп иштеген. Пахтадан гектарына 30 центнерден, жүгөрүдөн 70-80 центнерге чейин дан, 250-300 центнерден жашыл масса алууга жетишкен. "Октябрь Революциясы", "Эмгек Кызыл Туу" ордендери менен сыйланган. "Кыргыз ССРинин айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер", "Айыл чарбасын устаты", наамдарына татыктуу болгон.

## "Советтик Кыргызстан" совхозу

Дара капчыгайында 1935-1936-жылдарда Палал, Роут, Октябрь колхоздору түзүлгөн. Палал колхозун Исаев Максат, Акмалов Галип, Имаров Айбаш, Роут колхозун Кадыров Зайнал, Амиралиев Курбан жетектеген. "Октябрь" колхозунун башкармасында Алимбеков Атабай, Ормонов Метин, Сапаров Убаш, Абдиллаева Үринса төрагасы болуп иштешкен. 1951-

жылы үч колхоз биригип, Ленин атындагы колхоз болуп түзүлөт. Акпаров Амирбек төрага болуп шайланат. Борбору Палал айылы болгон. Ошол учурда колхоздо 5000 кой-эчки, 500 бодо мал, 100 жылкысы болгон.

1954-жылы апрелде Жаанбаев Эркебай колхоздун башкармасынын төрагасы болуп шайланат. Согуштан кийин райондун борборунан Кан кыштагына чейин автомашина жүрүүчү жол курулат. Таян-Роут-Сымап жолу да Эркебаев Жаанбай райис болуп турган учурда курулат. Колхоздо бир ЗИС машинасы болгон.

1947-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советине Суу Башы, Кыштут, Палал, Зардалы айылдык кеңештери боюнча Палал шайлоо округунан Баткен райкомунун 1-катчысы Мирабдазизов Халил депутат болуп шайланган.

1965-жылы чарбада ар 100 кой-эчкиден 79 дан козу-улак, жүзүнөн 81 музоо, 66 кулун алган. Ар бир кой-эчкиден 1, 7 кг. дан жүн кыркылып алынган.

Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1971-жылдын 22-мартындагы №101-токтому менен "Орджоникидзе", "Фрунзе" (Ленин), "Коммунизм" колхоздору ирилештирилип, "Фрунзе" атындагы совхозу түзүлөт. 1974-жылы "Фрунзе" атындагы сохоздон бөлүнүп, курамында Чек, Жаны-Жер, Кан, Сары-Талаа, Палал, Роут айылдары бириктирилип, бакчылык-жүзүмчүлүк багытындагы "Советтик Кыргызстан" совхозу түзүлөт. Директору болуп Асаналиев Жумагазы дайындалат. Андан кийин Тойчиев Айти, Анарбаев Абдималик директор, Сейдакматов Кайрыла, Орозова Карамат, Туланова Зуура парткомдун катчысы кызматтарында иштешкен.

Кыргызстан КП БКнын Баткен райкому жана эмгекчилер депутаттарынын райондук советинин 1974-жылдын 19-февралындагы токтомуна ылайык ушул жылы Чек айылында алгачкы 60 турак үй, 30 үйдүн пайдубалы бүткөрүлгөн. Кийин чарбанын жумушчуларынын күчү менен Чек, Жаны-Жер аймактарында бышкан кирпичтен турак үйлөр курула баштайт.

"Советтик Кыргызстан" совхозу мамлекетке эт, жүн, пилла сатуунун планын ашыгы менен аткарып, коомдук малга

тоют, жемди арбын даярдаганы менен бакчылык, жүзүмчүлүк багытындагы чарба экендигине жеткиликтүү маани берген эмес.

Кыргызстан КП БК жана Кыргыз ССР Министрлер Совети 1983-жылы 31-октябрда "Ош областынын Баткен районунун чарбаларында бакчылыкты жана жүзүм өстүрүүнү андан ары өнүктүрүү жөнүндө" атайын токтом кабыл алган. Анда райондун чарбалары 1981-1982-жылдары мөмө-жемиштерди, жүзүмдү жыйноо, мамлекетке сатуунун өндүрүштүк пландарын аткарбагандыгы сындалган. Айрыкча 1981-1982-жылдарда 318 га жерге бак тигүүнүн ордуна 255 га гана араң тигилгендиги баса көрсөтүлгөн. 1984-1985-жылдарда 1320 гектарга бак, жүзүм көчөттөрүн тигүүнү жана аны өстүрүүнү колго алуу сунушталган.

Жогорудагы сын-сунуштарды жүзөгө ашыруу үчүн "Советтик Кыргызстан" совхозунун жетекчилиги уюштуруу, практикалык иштерди ыкчам жүргүзөт. Натыйжада 1984-1986-жылдарда 850 гектар жерге мөмө-жемиш жана жүзүм көчөттөрү тигилет. 1985-1990-жылдарда 23296 ц жүзүм, 11014 ц. мөмө-жемиш 13744 ц. жашылча жемиш жыйналат. Ошол эле мезгилде совхоз мамлекетке 8531,0 ц. эт, 1016 ц. тамеки саткан.

"Советтик Кыргызстан" совхозун көп жылдар бою Анарбаев Абдималик башкарган. Билимдүү, ишке тиешелүү маселеге өтө принципиалдуу, жумшак мүнөз, жөнөкөй инсан болгон. Ал директор болуп иштеп турган убакта жогоруда көрсөтүлгөндөй совхоздун экономикасы жогорулап, элдин турмуш-тиричилиги жакшырган. Анарбаев А. А. совхоздун директорлугунан Баткен райондук айыл чарба башкармасын да жетектеди. Кыргызстан КП БКда инструктор, Кыргыз Республикасынын айыл чарба министри кызматтарында жакшы иштеди. Бирок, кокус каза болгон.

1983-жылдан "Советтик Кыргызстан" совхозунда бакчылыкка, жүзүм өндүрүүгө чоң маани берилип, совхоздо 500 тонна сыя турган мөмө-жемиш кампасы, винзавод курулуп ишке киргизилген.

Ормонов Заил "Ленин" (Фрунзе) колхозунда башкы эсепчи, колхоздун төрагасы болуп иштейт. 1960-жылы "Москва" колхозунун башкармасынын башчысы. РайПОго төрага

кызматтарын аткарган. Кайрадан "Ленин" колхозунда төрага болуп иштеп туруп, "Фрунзе" совхозу түзүлгөндө Дара боюнча бөлүм башчы кызматтарын аткарган Эл арасында өтө сыйлуу, кадыр-барктуу инсан болчу. Кудаяр хандын чебиндеги бакты да З. Ормонов аксакал тиктирген.

Адылбеков Турду–1942-1944-жылдары согуш майданында баатырларча салгылашкан. Согуштан кийин техникумда окуп келип, мектептерде директор, райББда инспектор, 1953-1955-жылдарда Эмгекчилер депутаттарынын Баткен райондук комитетинин жооптуу катчысы, Дара айылдык кеңешинин төрагасы, "Ленин" атындагы колхоздун төрагасы, бөлүм башчысы кызматтарын аркалаган.

Сейдакматов Кайрыла Роут кыштагында туулган. В. И. Ленин атындагы орто мектепти алгачкылардан болуп бүтүргөн. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин Баткен райондук кеңешинде инструктор, райондук "Жаңы турмуш" газетасынын редактору, "Ленин" атындагы колхоздун парткомунун катчысы болуп иштеген. 1960-1963-жылдарда Фрунзедеги партиялык окуу жайында окуган. "Орджоникидзе" атындагы колхоздун төрагасы, "Советтик Кыргызстан" совхозунун парткомунун катчысы, бөлүм башчысы болуп эмгектенген. Ардактуу ардагер.

Кан айылынын кулуну Бабашов Мамашарип Баткен райондук керек-жарак коомунда 40 жылдан ашык иштеген. Сатуучулуктан эмгек жолун баштап, бухгалтер, башкы бухгалтерлик кызматтарды аткарган. РайПОнун башчысы кызматында иштеп турган убакта элди керектүү товарлар менен камсыз кылууга, маданияттуу тейлөөгө, аткаруучулук тартипке өзгөчө көңүл бурган, билимдүү, зирек жетекчи болгон.

Дара өрөөнүнөн районго, Кыргызстанга таанымал иш билги адис кадрлар өсүп чыккан. Агартуу тармагында А. Миңбаев, Ж. Акбаров, П. Акматбеков, Т. Шагамурзаев, С. Шагамурзаев, Т. Бекназаров, К. Аркабаев, К. Баетов, С. Сайкалов, К. Акматов сыяктуу ардактуу агайлар бар.

Кайыңдынын кулуну, Айдаркен сымап комбинатынын директору Салиев Толубай, суу чарба адиси Камалов Абдимомун,

врачтар Жамылов Зулпукар, Парманов Алхам, РЭСтин башчысы болуп иштеген Акматов Улукбек, бухгалтер, айыл өкмөтүнүн башчысы Сайкалов Жусубали, инженер-механик Мамытов Үрүстөм ж. б. өздөрүнүн адистиги боюнча мыкты кадрлар.

## "Төрт-Гүл" совхозу

Төрт-Гүл совхозунун негизин Ак-Турпак айылы түзөт. 1936-жылы Ак-Турпак колхозу уюштурулуп, ага Беркматов Акпар төрагалыкка шайланат. 263 га жери, 232 малы, анын ичинен 32 уй, 15 жылкы, 186 кою болгон. Нуралиев Балтабай, Маккамбаев Мухтар бир нече жыл аталган колхозду башкарат. Кийинчерээк Сайдагы "Коммунист" колхозу кошулуп "Коммунизм" колхозу деп аталып калат.

1965-жылдардагы маалыматтар боюнча "Коммунизм" колхозу ар жүз кой-эчкиден 67 ден козу-улак, 100 дөн музоо, 46 дан кулун, ар бир койдон 2, 2 кг жүн кыркып алган. 1970-жылдын 16-февралында райкеңештин отурумунда "Коммунизм" колхозуна 14352, 53 га жерди мөөнөтсүз пайдаланууга берилсин деген чечим кабыл алынган.

Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1971-жылдын 22-мартындагы токтомуна ылайык "Коммунизм" колхозунун Сай участкасы "1-Май" совхозуна, калган аймактары "Фрунзе" совхозуна бириктирилет. Ушул эле токтомдо аталган совхоздун аймагындагы Кожешкен кыштагында жашашкан калкты Чоң-Гарага көчүрүү каралган. Ошонун негизинде Чоң-Гара айылына үйлөр, административдик, орто мектептин имараттары, суу түтүкчөлөрү курулуп, электр чубалгылары жеткирилет.

1974-жылдын экинчи жарымында Кыргыз мамлекетинин жогорку бийлик органдарынын кабыл алган токтомунун негизинде Ак-Турпак, Ак-Өтөк, Зарташ, Чоң-Гара, Чоң-Талаа айылдарын камтыган "Төрт-Гүл" бакчылык- жүзүмчүлүк боюнча совхозу түзүлөт. Совхоздун борбору Чоң-Талаага жайгашат. Ысманов Абдракман директор болуп дайындалып, парткомунун катчылыгына Ташкожоев Имар шайланат. Андан кийин Калыков

Сеитмурат директор болуп иштеп, парткомдун катчылыгын Темиркулов Анаркул аткарган. Мусаев Ташмурат профсоюз комитетинин төрагасы болуп иштеген.

1974-жылы март айында партиянын Баткен райкомунун 1-катчысы Сыдыкбаев Мамасали, райкеңешинин төрагасы Ходжаев Бусурман баш болгон аппарат кызматкерлери, райондун мекеме-уюмдарынын жамааттары Чоң-Талаага барып, жүзүм, өрүк көчөттөрүн биринчи жолу отургузушкан. Райондо бак тигүүнүн айлыгы жарыяланган.

"Төрт-Гүл" совхозу 1976-жылдан баштап жүзүмдөн мол түшүм алып, мамлекетке сата баштаган. Алсак 1976-1980-жылдарда жүзүмдөн 10749 центнер түшүм алган. Ал эми 1975-1980-жылдарда 3855 ц. бакча жемиштерин жыйнаган. Ошону менен бирге эле совхоз 1975-1980-жылдары 7002 ц. этти, 2024 ц жүндү да өндүрүп, мамлекетке саткан.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети, Кыргыз ССР Министрлер Совети 1983-жылы октябрда "Ош облусунун Баткен районунун чарбаларында бакчылыкты жана жүзүм өстүрүүнү андан ары өнүктүрүү жөнүндө" токтомун кабыл алган. Токтомдо бакчылыкты өнүктүрүү, жүзүм өстүрүүнү жогорулатуу үчүн райондун чарбаларынан 40 миң койду, 3 миң бодо малды кыскарткан. "Төрт-Гүл" совхозуна мөмө-жемиштерди 1984-жылдан өнөр жайлык негизде кайра иштетүү милдети коюлган.

Токтомду аткаруу үчүн "Төрт-Гүл" совхозунда мөмө-жемиш, анын ичинде өрүк, жүзүм көчөттөрү пландуу түрдө тигилип, агротехникалык эрежелердин негизинде өстүрүүгө айрыкча маани берилет. 1000 км. узундуктагы темир бетон мамылары даярдалып, жүзүмдүн шактары көтөрүлөт.

Чоң-Талаа айылында вино, сок, компот даярдоочу завод ишке киргизилет. 1981-1990-жылдарда же 10 жылда "Төрт-Гүл" совхозу 119336 ц. жүзүм, 12394 ц. бак жер- жемиштерин жыйнаган. Заводдон таттуу сок, тамшанткан вино чыгарыла баштайт. Төрт-Гүлдүн виносу жеринде эле эмес, Бишкек шаарында да сапаты боюнча жакшы бааланган.

Совхоз 1985-жылы 620 миң, 1986-жылы 1655 миң, 1987-

жылы 1587 миң сомдук дүң продукция өндүрүп, мамлекетке сатуудан 6 млн. 314 мин сом акча каражатын тапкан.

Бул чарбаны 6 жыл башкарган Калыков С. Т Скрябин атындагы Кыргызстан мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүрүп, зоотехник-инженер адистигине ээ болгон. Райондук малды асылдандыруу станциясында директор, Кызыл-Бел атайын адистештирлиген чарбасында башкы зоотехник, райондук "Агроөнөржай" бирикмесинин төрагасынын биринчи орун басары, райондук айыл чарба департаментинин башкы директору, райондук мамлекеттик администрациянын башчысынын орун басары, Бужум үрөнчүлүк чарбасынын директору кызматтарында жаштык жалын менен иштеп, илимдин жетишкендиктерин өндүрүшкө кийирүүгө көп салым кошкон.

Бул учурларда райондук агроөнөржай башкармасы эки жолу арбын сүт саап, мамлекетке сатуудан Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргыз ССР Министрлер Советинин өтмө Кызыл Туусун алууга татыктуу болгон. "Төрт-Гүл" совхозунда директор болуп иштеген 6 жылга жакын мезгилдин ичинде анын жетекчилиги менен совхоздун мал чарбасы тез темпте өнүккөн. Койлордон төл, жүн алуу көбөйгөн. Айрыкча топоздун санын өстүрүп, эт багытына көп көңүл бурган, аз чыгым жумшап, көп эт өндүрүүнүн жаңы ыкмасын билгичтик менен пайдаланууга жетишкен.

"Төрт-Гүл" совхозу 1989-жылы 1160 т. 1990-жылы 1271 тонна жүзүм өндүрүп, түшүмдүүлүк гектарына 81 центнерге жеткен. Жүзүм продукциялары, "Төрт-Гүл" винзаводунан даярдалган вино Россия Федерациясына, Өзбек, Тажик республикаларына экспорттолуп турган.

1990-жылы "Төрт-Гүл" совхозу мал кыштатууну ийгиликтүү өткөрүп, эт, жүндү, төлдү ашыкча алгандыгы үчүн Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин, Кыргызсовпрофтун жана ЛКСМ БКнын Кызыл Туусун алган. Совхоздо жүзүмдөн түшүм жогорулаган. Жүзүмдү кайра иштетип, вино, сок даярдоого айрыкча көңүл бурулган.

Чоң-Талаа, Ак-Турпак, Чоң-Гара, Зарташ айылдарынын

маданий, турмуш-тиричилик шарттарын көтөрүү боюнча да алгылыктуу иштер алынып барылган. Чоң-Гарада элди турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү комбинат, фельдшердик-акушердик пункт, Чоң-Талаадагы мектепке кошумча имарат курулган. 16 километрлик Ак-Турпак-Чоң-Гара-Чоң-Талаа жолу асфальтталган. Ак-Турпак каналы курула баштаган. Чоң-Гара, Чоң-Талаа айылдары газа суу менен камсыз болгон. Ак-Турпак, Чоң-Гара, Чоң-Талаа, Зарташ айылдарына чайканалар курулган.

"Төрт-Гүл" совхозунун потенциалын көтөрүү үчүн жигердүүлүк менен иштегендердин бири Төлөбаев Амиракул 40 жылдан ашык чабан болуп иштеп, "Эмгек Кызыл Туу", "Октябрь Революциясы", "Ленин" ордендерин, мамлекеттик "Ардак Грамоталарды" алган. Кыргыз ССР Жогорку Советине 2 жолу депутат болуп шайланган. Ал эми Исаев Али бүт өмүрүн чабандык кесипке арнаган адам. "Эмгек Кызыл Туу", "Элдердин Достугу" ордендеринин, бир нече медалдардын ээси. 1985-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланып, закон чыгарууга катышкан.

Ак-Турпак аймагынан алгачкылардан алга чыккан атуул Нуралиев Балтабай аксакал болгон. 1936-1940-жылдары Суу-Башы айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары, кеңештин төрагасы болуп иштеген. 1941-жылы большевиктер партиясынын катарына өткөн. Фрунзедеги кыска мөөнөттүү айыл чарба кызматкерлерди даярдоочу курста окуган. 1941-1944-жылдарда Кара-Булак айылдык кеңешинде төрага, "Фрунзе" колхозунда башкарманын төрагасы кызматтарын абийирдүүлүк менен аткарган. Кийинки жылдары "Оржоникидзе", "Ак-Турпак" колхоздорун башкарган. Ак-Турпак орто мектеби Нуралиев Балтабайдын ысмына коюлган.

Маккамбаев Муктар алгачкы учурда мугалим, анан эсепчи, партиянын Баткен райкомунда инструктор, "1-Май" колхозунун төрагасы кызматтарында иштейт. Баткен районунда пахта эгиле баштаганда бул техникалык өсүмдүктү өстүрүүгө көп күч аракеттерди жумшап, түшүмдүүлүктү көтөрүүгө салымын кошот. "Оржиникидзе", "Коммунизм" колхоздорунда башкарманын төрагасы болуп иштейт. Айыл чарбасындагы эмгеги үчүн "Эмгек

Кызы Туу" ордени, "Эмгектеги Каармандыгы Үчүн" медалы жана " Ардак Громаталар" менен сыйланган.

Бул аймактагы кадырлуу, мээнеткеч инсандардын бири Турдубаев Калык эле. Ал Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын бүтүргөн. 1942-1944-жылдары Улуу Ата Мекендик согушта душмандар менен салгылашып жүрүп, жараат алгандан кийин демоблизацияланат. Айылга келип, баштап колхоздо кампачы, андан кийин өз адистиги боюнча мугалим болуп иштей баштаган. Аны окуучулары адамгерчиликтүү, боорукер, мээнеткеч мугалим катары билишет. Жубайы Турдубаева Бурма экөө 5 уул, 5 кызды окутуп, татыктуу тарбиялап эрезеге жеткиришти жана эл кызматына жарагандардын катарына кошушту. Окуткан окуучуларынан республикага таанымал жетекчилердин илимпоз профессорлордун чыгып, элге кызмат кылып жатышы анын билим берүү майданындагы үзүрлүү эмгегинин натыйжасы десек болот.

"Төрт-Гүл" совхозунун аймагынан медицина илимдеринин доктору, профессор, СССР медицина академиясынын мүчө-коррепонденти, СССРдин саламаттыкты сактоосунун мыктысы, Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешининин депутаты Балтабаев Ташполот тарбияланып чыккан. Советтик кызматкер Калыкова Гүлүмкан партиянын райондук комитетинде көп жыл иштеп, Баткен райондук кеңешининин төрайымы, райондук социалдык жактан коргоо бөлүмүнүн жетекчиси кызматтарында эмгектенген. Таланттуу жазуучу Ражабалиев Аскарали, агрономдор Исаков А, Акпаров А. сыяктуу эр-жигиттер да ушул чарбанын аймагында туулуп-өсүп, элге ак ниет кызмат кылып жаткандардан

## Кызыл-Бел адистештирилген чарбасы, арбын азык-түлүктүн кампасы

Райондун колхоз-совхоздору ирилешип, коомдук малдын көбөйүшүнө, сугат жерлердин арбышына карабастан алынган азык-түлүк продукциясынын сапаты канааттандырарлык эмес болгон. Мамлекетке тапшырылган бодо малдын, кой-

...кийлердин салмагы семиздиги төмөн бойдон кала берген. Ушул кемчиликти жоюу үчүн чарбаларды адистештирүүгө концентралдаштырууга багыт алынып, дүйнөлүк алдынкы тажрыйбалар, илимдин өсүшү биздин районго да жеткен.

Ушул максатта райондогу колхоз-совхоздордун өзгөчөлүгүнө, шартына жараша бакчылык, жүзүмчүлүк, мал чарбачылык, тамекичилик жана эт өндүрүү боюнча атайын адистешкен чарбалар түзүлгөн.

Жогоруда аталган чечимдин негизинде Кызыл-Бел массиви айылга айланат, өздөштүрүлө баштайт. Баштапкы учурларда Кызыл-Бел тоют багытындагы чарба болуп «В. И. Ленининдин 100 жылдыгы» совхозу тарабынан уюштурулат. Жумушчу күч менен камсыз болуп, жаңы айыл түптөлө баштайт. Өзүнчө тоют топтоо чарбасы болуп түзүлгөн.

Кызыл-Бел малды бордоп семиртүүчү адистешкен чарбасы болуп түзүлөт. Кызыл-Жолдун күн батыш тарабында малды бордоп семиртүүгө ылайыкташтырылган комплекстин курулушу курулат. Механизациялаштырылган комплексте миңден ашык бодо малдар бордоп семиртилип, жогорку кондицияда мамлекетке эт тапшырылып турган. Ар бир бодо малдын салмагы 350-400 килограммдан кем болбогон. Райондун эң тажрыйбалуу мал чарба адистери, бухгалтер, экономисттер Айдаров Ачыл, Сайназаров Токсон, Маккамбаев Матраим, Шамуратов Соорбай, Максутов Кубат, Шабаев Назкул сыяктуу зоотехник, ветврачтар, Миңбаев Токтоназар, Матемиров Тойчубек, Ахмедов Яхиякандар башкы бухгалтер, башкы экономист болуп иштешкен. Малды бордоп семиртүүчү комплексти эл Баткендин БАМы деп ат коюп алышкан.

Алгач Кызыл-Бел Паран массиви деп аталган. Аймактын жерлери өздөштүрүлүп, айдоо аянттары даярдалат. Ушул учурда эмгекчилер депутаттарынын Баткен райондук Кеңешинин аткаруу комитети (төрагасы Б. Ходжаев) 1974-жылы 15-мартта «В. И. Ленин 100 жылдыгы» совхозунун Коргон айылынан элди Кызыл-Бел айылына көчүрүү жөнүндөгү №51-чечимин кабыл алат. Чечимде мындай белгиленет:

«В. И. Ленининдин 100 жылдыгы» совхозунун Коргон

айылынан Кызыл-Белге 67 үй бүлө көчүрүлсүн. Совхоздун дирекциясы жана райондук аткаруу комитетинин курулуш боюнча уюму (ОКС) 1974-жылдын 1-апрелине чейин көчүп келүүчүлөргө керектүү документтерди даярдасын. Мамлекеттик банктын Баткен райондук бөлүмүнүн башкаруучусу Абдуллаевге ар бир үй-бүлөгө 300 мин сомдон ссуда төлөп берүү тапшырылган.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1974-жыл 22-мартындагы «Баткен районун колхоз-совхоздорунун базасында жаңыдан чарба түзүү жөнүндөгү» токтомунун негизинде жаңыдан түзүлгөн Фрунзе атындагы совхозго «Москва» колхозунун Паран массивинен 4000 гектар жерди, Тажик ССРинин чарбаларына көп жылга пайдаланууга берилген. Кулькенттеги 600 гектар жер өткөрүлүп берилсин. «Фрунзе» совхозу бул жерлерди пайдаланууга мүмкүнчүлүгү жок. Ал эми «В. И. Ленин 100 жылдыгы» совхозунда 3301 га жер бар. Анын 725 гектары гана пайдаланууга жарактуу. Ошондуктан Паран массивинен 900 га жер «В. И. Ленин 100 жылдыгы» совхозуна тоют базасын чыңдоо үчүн өткөрүлүп берилсин.

Кызыл- Бел малды бордоп семиртүүчү адистешкен атайын чарбасы түзүлгөн. Алгачкы уюштуруучу директору Акматов Абдимуса андан кийин Тагаев Камал, Айдаров Ачыл, Момунов Жолдошбай, Сайназаров Токсон, Маккамбаев Матраим директорлук кызматты абийирдүүлүк менен аткарышкан. Парткомдун катчылык кызматында Турмаматов Курсан, Эгембердиев Абдимитал эмгектенишкен.

Кызыл-Бел адистешкен атайын чарабасынын директору Ж. Момунов, партком Турмаматов К. Профкому Ашымов Аширбай талаачылыкта эмгектенгендер үчүн зарыл болгон өндүрүштүк жана турмуш-тиричилик жактан шарттарды түзүп беришкен. Бригадаларда талаастандары, көмөкчү чарбалары болгон. Айыл чарба өнөктүгү өрчүгөн мезгилде механизаторлор, жумушчулар борборлоштурулган атайын талаастанда тамак-аш менен камсыздандырылган. Мындай шарт өндүрүмдүү жана натыйжалуу иштөөгө, оруп-жыйууну кыска мөөнөткө бүткөрүүгө чоң таасирин тийгизген.

Ансак, Жолдошбай Момунович директор болуп иштеп

турган 1989-жылы 214 гектарга буудай өстүрүлүп 10776 тонна жашыл масса, же гектарынан 50 ц түшүм жыйналган. Буудай жыйналгандан кийин бул аянттарга жүгөрү себилип, гектарынан 278 ц жашыл масса орулуп, силостолгон бир жазда эки түшүм алып турган. Мал тоют камдоо менен малды бордоп семиртүүгө маани берилген. Ушул 1979- жылы аталган мамлекетке пландагы 862 тонна биринчи сорттогу эт саткан. Ири мүйүздүү малдын ар бирин 346 кгдан, жылкыны 367 кгдан, кой-эчкилердин ар бирин 36 кгдан мамлекетке өткөрүшкөн.

## "Сүт көлүнөн"-сары май, айран, каймак даамы ай!



Пазылов Рысбай

Райондун чарбалары ирилештирилгенден кийин В. И. Лениндин 100 жылдыгы. "Фрунзе", "1-Май" совхоздору, "Москва" колхозу сүт өндүрүүгө адистешет. Аталган чарбалардын сүт-фермаларынын короо-сарайлары, райондук май заводунун имараттары жаны типте курулуп, механизациялаштыруу жумуштары жүргүзүлөт. Ошол эле учурда заводдун кызматкерлерине, малчы саанчыларга атайын турак үйлөр, мончо бала бакча, кызыл үй сыяктуу турмуш-тиричилик жактан тейлөө шарттары түзүлөт. Райондук май заводунун директору болуп Пазылов Рыспай, кийинчерээк Абдуллаев Болот жетекчилик кылган учурда заводдун иши өзгөчө өрдөйт. Заводдун автомашиналары эрте, кеч эки маал чарбаларда саалган сүттү ташып турушкан. Жалпысынан алганда 1971-1990-жылдар аралыгында завод 71395 тонна сүт кабыл алган. Май, быштак, курут, айран, сүт райондун борборундагы элге, оорукана, балдар бакчаларына жана Айдаркен, Кызыл-Кыя, Оштогу жумушчу,

кызматчыларга жеткирилип турган. 1981-1985-жылдарда Май заводу " Фрунзе" совхозунан 58312 центнер, "1-Май" совхозунан 36620 ц., "Лениндин 100 жылдыгы" совхозунан 33561 ц, Москва колхозунан 55 697 ц. сүттү кабыл алып, сүт азыктарын даярдап мамлекетке сатышкан.

Пазылов Рысбай Жалал-Абад кооперативдк техникумун, Самаркандагы кооперативдик институтун бүтүргөн. Райподо бухгалтер, ревизор, райондук даярдоо конторасында бухгалтер, башкы бухгалтер кызматтарында иштеген. 15 жылга жакын май заводун башкаруу менен өзүнүн ишкердүүлүгүн, эсепкөйлүгүн, жетекчилик жетиктигин көрсөткөн. Райондук даярдоо бөлүмүндө бир нече жыл директору болуп иштеген. Төрт-Гүл суу сактагычынын жака белиндеги мурда пайдаланууга мүмкүн болбогон 100г адырды өз күчү менен тегиздетип, өрүк, алма шабдалы дарактарын өстүрүп, каармандарча иштеген. "Алысты көздөгөн бак тигет" дегендей, багынын таттуу мөмөлөрү элге пайдасы тийип жатат.

## "Сары алтындан" салмактуу киреше.

Райондо техникалык баалуу өсүмдүк-тамекини өстүрүүгө 1970-жылдан баштап, көңүл бурулган. Райондук тамеки кабыл алуу мекемесинин өз алдынча түзүлүп, атайын билими бар адистердин иштей башташы, иштин ийгилигине өбөлгө болгон. Ар бир чарбаларда пункттар, тамекичиилик боюнча бригадалар түзүлгөн. "Фрунзе совхозунда", "Москва" колхозунда тамеки жалбырактарын тизүү, кургатып таңгактоочу цехтер иштеген. Жыл сайын тамекинин үзүп, тизүү, сортко бөлүштүрүп таңгактоо боюнча райондук семинарлар өткөрүлүп, иш усулдар жайылтылган.

Райондо 9-беш жылдыкта (1971-1975) 2471 тонна мамлекетке тамеки сатылса, онунчу беш жылдыкта 6716 тонна, 11-беш жылдыкта 11016 тонна тамеки кабыл алуу мекемеси тарабынан кабыл алынып, мамлекетке сатылган. Жалпысынан алганда 1971-1990-жылдарда район 28415 тонна тамекини жыйнап, мамлекетке саткан. Орто эсеп менен 5 миллиондон

ашык акча каражаты алынган. Айрыкча "1-Май", "Москва", "Лениндин 100 жылдыгы" атындагы колхоз, совхоздорунун тамекичилери жакшы иштешкен. Башкы агрономдор Султанов Абдипатта, Марданов Абдыганы, Акылбеков Касым, Бабаев Пахридин бригадирлер Матраимов Сайдимар, Абдуллаев Кочкорбай, бригадирлер Тагаева Мастура, Сыдыкова Мыскал, Шүкүрова Арзыгүл сыяктуулардын эмгеги чоң.

1970-жылдан 1992-жылга чейин же 22 жыл бою райондук тамеки кабыл алуу мекемесинде директорлук милдетти Сатыбалдиев Маматкасым жетектеп келген. М. Сатыбалдиевдин жетекчилигинде мекеменин кызматкерлери өтө берилгендик менен иштешкен. Директордун орун басары Назиров Абдимажит, агроном Сатыбалдиев Анарбай, Айдаров Жакып, Жапаров Расил, Кудайбердиев Эгемберди, Атабеков Галбай, Пакыров Далым, Калилов Эркин сыяктуу кызматкерлер тамекиден миллиондогон сом киреше алууга, элдин турмуш-тиричилигинин жакшырып, райондун байышына чоң салым кошушкан.

## Сыйлык-сыймык

Район 1979- жылы эл чарба план-милдетенмелерин ашыкча аткарып, экономикалык жактан жогорку көрсөткүчтөрдү камсыз кылгандыгы үчүн Бүткүл Союздук социалистик мелдештин жеңүүчүсү болуп, КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун, 1981-жылдын жыйынтыгы боюнча республикалык социалистик мелдештин жеңүүчүсү деп табылып, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргызсовпрофтун жана Кыргызстан ЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун жеңип алган.

ССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели Н. Подгорныйдын Указы менен СССРдин айыл чарбасынын алдынкылары тогузунчу беш жылдыктагы эмгектегтик эрдиктери үчүн орден жана медалдар менен сыйланышкан. Баткен районунан Фрунзе совхозунун сугатчылары Базарбаев Мукум "Эмгек Кызыл Туу" ордени, ушул эле совхоздун саанчысы Абдуллаева

Пайзи, "1-Май" совхозунун тамекичиси Абдиева Марал "Знак почета" ордендери менен сыйланат. ВИ Лениндин 100 жылдыгы совхозунун пиллачысы Атамбаева Кундуз, Төрт-Гүл совхозунун тарктористи Сагындыков Тумотай "Эмгектеги Каармандыгы Үчүн" медалдары менен сыйланат.

Айыл чарбасынан арбын азык түлүк өндүрүп, мамлекетке тапшыргандыгы жана эмгекте каармандыкты көрсөткөндүгү үчүн 1976-жылы райондун төмөнкү атуулдары орден медалдар менен сыйланган. "Москва" колхозунун саанчысы Ниязова Анипа, "Төрт-Гүл" совхозунун башкы чабаны Төлөбаев Амиракул "Октябрь Революциясы" ордени менен сыйланган. Ал эми "Эмгек Кызыл Туу" ордени менен "В. И. Лениндин 100жылдыгы" совхозунун сүт товар фермасынын башчысы Бегматов Жолдош, Компартиясынын Баткен райкомунун биринчи катчысы Касымбаев Алимжан Касымбаевич, "1-Май" совхозунун директору Кенжебаев Асылбек, "Фрунзе" совхозунун башкы чабаны Муратов Ороз, "Москва" колхозунун сугатчысы Садыков Акмат. Фрунзе совхозунун бөлүм башчысы Сүйүнов Нажимидин сыйланган.

### "ДАҢК БЕЛГИСИ" ордени менен сыйлангандар:

Ажибаева Махрам- "Лениндин 100 жылдыгы" саанчысы.
Акбаров Рысали- Төрт-гүл совхозунун бригадири.
Камчыбекова Сапия-1-Май совхозунун тамекичиси.
Момунов Сыдык- "Лениндин 100 жылдыгы" совхозунун механизатору.
Сейитова Курбанжан-Төрт-Гүл совхозунун звеновоюу.
Сулайманов Уркалый-Партиянын Баткен райкомунун бөлүм башчысы.
Ысаков Саттар- "Лениндин 100 жылдыгы" совхозунун звеновоюу.
"Экинчи даражадагы Эмгекке Данк" орденин алгандар.
Батыров Назар-Төрт Гүл совхозунун механизатору.
Жороев Сулайман- "Лениндин 100 жылдыгы" совхозунун падачысы.

Жусубалиев Примкул - Москва колхозунун падачысы.
Курбанов Эшан – «Москва” колхозунун механизатору.
Маматалиев Жусуп – “Фрунзе” совхозунун башкы чабаны.
Маматкулов Исмат – “Фрунзс” совхозунун жумушчусу.
Саидов Арал-Кызыл-Бел тоют топтоо чарбалар аралык чарбасынын жумушчусу.

1977-жылы социалисттик мелдеште жеңишке жетишкендиги үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели Л. И. Брежнев тарабынан “II Даражадагы Эмгекке Данк”ордени менен сыйлангандар:

Айжигитов Мурзамыт-“Москва” колхозунун башкы чабаны.
Алимова Кайринса – “1-Май” совхозунун тамекичиси.
Козубаев Кудайберди- Төрт-Гүл совхозунун башкы чабаны.
Момунов Сабыр – “Фрунзе” совхозунун башкы бригадири.
Назаров Аликан – “Москва” колхозунун механизатору.
Норузов Абдибали- “Фрунзе” совхозунун башкы чабаны.
Сапаров Абдинаби- Москыа колхозунун чабаны.
“Лениндин 100 жылдыгы” совхозунун бригадири Дубанаев Маннап “Эмгектеги Каармандыгы үчүн” медалы менен сыйланган.

# РАЙОНДУН МАДАНИЙ-СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН ӨНҮГҮШҮ

1935-жылдын аягындагы архивдик маалымат боюнча райондун аймагы 422500 кв километрди түзгөн. 19478 адам жашаган, 00, 4 пайызы орустар, 0, 25%ы ар түрдүү элдердин өкүлдөрү болушкан. Колхозчулардын саны5813, колхозго мүчө боло элек кедей-кембагалдардын саны-5060, орто дыйкандар-7940, кызматчылар-80, байлар жана кулактар-41, шайлоо укугунан ажыратылгандар-517 адамды түзгөн.

32 кыштак Баткен, Кара-Булак, Суу-Башы, Кыштут. Дара, Зардали, Рават, Ортобоз айылдык кеңештеринин административдик аймагынын курамына кирген.

Район боюнча 1 жеңил, 1 жүк ташуучу автомашина, 156 араба (пирган) болгон. Баткен-Самаркандек, Баткен-Кара-Булак-Кара-Токой багыттары боюнча жолдордо гана дөңгөлөктүү транспорт жүрө алган. Азыр райондун ар бир беш адамына бирден автотранспорт туура келет.

Райондун кыштактары, колхоз, артелдер менен байланышуу кыйынга турган. Баткен кыштагында байланыш бөлүмү, Самаркандек, Таян кыштактарында почта бөлүктөрү жаңыдан түзүлгөн. Эгер областын, республиканын борбору менен тезинен байланышуу керек болсо, Исфара, Канибадамдагы телеграфты пайдаланышкан.

1935-жылдан Ортобоз айылдык Кеңешинин Кишемиш кыштоосунда Союздук мaанидеги Калай кенин изилдөө экспедициясы изилдей баштаган. Согуш учурунда калай казып алуу иши күчөтүлгөн. Трактордун жана айрым техникалардын бөлүктөрүн адегенде арабага, анан эшек атка жүктөн, көпчүлүк кишилер көтөрүп жүрүп, кишемишке жеткиришкен. Рават-Мадиген бөксөсүнөн көмүр казып алуу артели иштеп, ар бир кварталда 120-130 тонна көмүр казып алып турган. Кийинчерээк Канигут кенин казып алуу да бир Канча жылга сөзүлгөн.

Райондун борборунда 1 клуб, элдүү кыштактарда 12 кызыл чайхана кызмат көрсөткөн. Коммунист комсомол активисттер

республикалык «Сабаттуу бол!», «Кызыл Кыргызстан» гезиттеринин материалдарын, райкомдун, райкеңештин чечим, токтомдорун пайдаланып, эл арасында үгүт, тарбия иштерин жүргүзүшкөн. Райондук «Сталиндик Жеңиш» газетасынын 1-саны 1938-жылы 23-февралда жарык көргөндүгү белгилүү.



1973-ж. "Кызыл-Туу" райондук газетасынын редактору, К. Султаналиев, «Чалкан» журналы-нын кабарчысы М. Жоошбаев, кабарчылар, Ж. Аззамаов, К. Кошматов, А. Сапаров. Б. Миңбаев, П. Калилов

Темирбаев Полот тунгуч редактор экендиги жазылган. Бул учурда Туратов Полот газетанын жоопту катчылык кызматын аткарган. 1938-жылы 28-сентябрдагы Баткен райондук комитетинин №12 токтому менен Туратов П. редакторлукка дайындалган. Аталган эки инсан Самаркандек айылынан чыккан алгачкы айгылуу кызматкерлердин катарына кирет ар түрдүү жооптуу кызматтарда иштешип, райондук маданий-социалдык жактан түптөлүшүнө салымдарын кошушкан. 1934-жылы

жаңыдан түзүлгөн элге билимберүү бөлүмүнүн башчылыгына Газиев Кадыр, саламаттыкты сактоо бөлүмүнүн жетекчилигине И. Д. Пефти дайындалат.

1938-жылы райондук машина-гракторстанциясы (МТС) түзүлөт. МТСте айыл чарбасы боюнча малчылык, дыйканчылык жана техникалык бөлүмдөрү түзүлөт. Бул бөлүмдөр райондун аталган тармактарын өнүктүрүү боюнча иш алып барышкан. Адисттер негизинен ар түрдүү элдердип окулдөрү болушкан. Шайдилла Ганы(согуштан кийин) парт жетекчи, директор, В. И. Шевчук, А. Т. Шербаков, В. П. Лященко(агроном), Ш. В. Вахидов(башкы зоотехник), Кучеренко (башкы ветврач), Казимирь(башкы инженер) кызматтарында иштешкен. Вера Петровна Лященко жаш курагында келип, элүү жылдан ашык агрономдук иште, айыл чарба башкармасында, райондук кеңеште, райкомдун партиялык көзөмөлдөө бөлүмүндө иштеди. Вахидов Шарап райондук ветстанциясында, ветлабараторияда, райаптекада үзгүлтүксүз иштеп, эс алууга чыккан. Анын кыздары Лилья, Элмира Баткенде төрөлүп, бала-чакалуу болушту. Экөө эл агартуу тармагында райкеңеште, райкомдо директор, жооптуу катчы, бөлүм башчы кызматттарын абийирдүүлүк менен аткарышты.

1941-жылы райондо 9 баштапкы партиялык уюмдун учетунда 85 большевиктер партиясынын мүчөсү жана кандидат, 60 баштапкы комсомолдук уюмда 400 дөн ашык комсомолдун мүчөлөрү болушкан. Соугш учурунда 938 агитатрор жана комсомолдун, коммунисттик активдер жана партияда жок жаштар эл арасында үгүт, түшүндүрүү, тарбиялык иштерди жүргүзүшкөн. 38 кызыл уй, 19 кереге гезит, 24 көргөзмө такта. 30 талаа станы, 9 окуу үйү иштеген.

1936-жылдагы архивдик материалдар боюнча райондук калкынын 3 % гана сабаттуу, 10, 8 чала сабат, 86, 2% сабатсыз болгон. Мындай абалдан арылуу үчүн райондо I, II баскычтагы 37 мектеп, сабатсыздыкты жоюу боюнча 36 мектеп иштеген. Кыргыз АССРинин Аткомунун 1930-жылдагы чечимин аткаруу үчүн кары-жаш дебей мектепке билим алууга, сабатсыздыкты жоюу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Согуш бүткөндөн кийин райондун экономикасын жолго коюу менен бирге элдин турмуш-тиричилигин жакшыртуу максаттарын ишкер ашыруу үчүн Баткен райкомунун 2-партиялык конференниясы болуп өтөт. Ошол учурда райкомдун биринчи катчысы Асранкулов Борүбай, экинчи катчысы Искендеров Төрөбай, райкомсомолдун катчысы Нурматов, Райкеңештин төрагасы Умаров болушкан. Мурзакматов Садир райкомдун агитация жана пропаганда бөлүмүнүн, Сапаров Маамади уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, Туратов Пусур «Сталиндик Жениш газетасынын» редактору болуп иштешкен.

Кадрларды окутуу, кызматка көтөрүү, маселесине айрыкча көңүл бурула баштайт. Кадр боюнча райкомдо номенклатура, резерв түзүлүп, иш алып барылат. Райондо 347 кадрлар эсепке алынат. 59 кызматкер ээлеген кызматын аткара албагандыгы үчүн бошотулуп, билимдүү, иш билги, согуштан кайтып келген кадрлар менен толукталат. Согуштун катышычуларынан 14 адам жетекчи кызматтарга көтөрүлөт. Алардын арасында Жусупов Исамидин, Шайдиллаев Ганы, Жусубалиев Исамидин, Алтымышов, Избасаровдор болгон.

Райондо 1945-жылы 9 врачтын ордуна 2 врач иштеген болсо, 1947-жылы 6 врачка, 8 фельдшерге, 5 медсестрага көбөйгөн. Ошол учурда Осипов башкы врач болгон. 1947-жылы райондо бир гана В. И. Ленин орто мектеби, 9 толук эмес орто мектеп, 23 башталгыч мектептерде 2842 окуучу окуган. Мугалимдердин сапаттык составы-1 жогорку билимдүү, 118 орто, 12 атайын орто, 4 толук эмес жогорку билимдүү, бардыгы 132 мугалим иштеген.

Элүүнчү жылдары райондо 166 көп балалуу аялдар бар эле. Алардан 32 аял «Энелик Данк» ордени жана медалдар менен сыйланышкан. 4 аял жетекчилик кызматка көторүлгөн. Райкомдун номенклатурасында 15 аял турган.

## Райондогу күрдөөлдүү курулуштар

Райондо социалдык- маданий багытындагы курулуштар 1960-жылдардан колго алына баштайт. Баткен райондук Кеңеши 1962- жылы 10-мартта алыскы, шарты начар аймактарда жашаган калкта келечектүү айылдарга көчүрүү боюнча чечим кабыл алат. Орджоникидзе, Коммунизм, Москва колхоздоруна көчүп келгендер үчүн 194 үй куруу планы аткарылат. Кожешкен, Зардалы, Дөгмөн кыштактарынан келгендер, Чоңара, Карабак, Баткен айылдарына жайгаштырылат.

Төрт- Гүл суу сактагычы Бүткүл Союздук курулуш болгон. Анда 25тен ашык улуттардын өкулдөрү бир максатта, ынтымакта иштешкен. Райондо 9мин гектар жер жаңыдан өздөштүрүлүп, суу менен камсыз болгон. Мамлекеттик акча каражатынын эсебинен жаны типтеги турак үйлөр, мектептер, балдар бакчалары, административдик имараттар, мончо, суу тутуктөрү, электр тармактары, жол курулган. Чоң Талаа, Жаны Жер, Кызыл Бел, Бозадыр, айылары пайда болгон. Райондо Тор- Гүл курулуш-мантажды башкармасы, колхоздор аралык курулуш уюму, көчуп жүрүүчү механизациялаштырылган прорабдык участкасы курулуш жана мантаждоо жумуштарын аткарышкан.

1965-1975- жылдарда Төрт- Гүл суу сактагычы, райондун борборундагы административдик имарат, (азыр обладминстрация жайгашкан) райондук басмакана, кинотеатр, райондук маданият үйү быткомбинат (УВД жайгашкан) балдар бакчасынын 2 имараты, Жоомарг орто мектеби курулуп, 10 000 чарчы метр жол асфалталып, 21 мин чарчы метр жолго шагал төгүлүп тегизделген. Элүү өрунду кошумча оорукана, РСУнун, нефтебазанын жаны базалары, "Кыргыз селхозтехниканын" имараттары курулган. Пролетар көчөсүндө медициналык жана билим берүү кызматкерлери үчүн эки кабаттан турган эки имарат курулуп, пайдалнууга берилген.

Кыргыз ССРнин Министирлер Советинин 1968 -1971-жылдагы Кыргыз ССРинин колхоз, совхоздорунун аймагындагы айылдарды электрлештирүү токтому кабыл алынат. 19060-1970-жылдары Баткен, Бужум, Кара-Булак, Базар-Башы, Кызыл-Жол,

Кара-Токой, Апкан, Бөжөй, Самаркандек, Паскы арык, Ак татыр айылдарына электр жарыгы жеткирилет. Ал эми 1971-1972-жылдары Жаны-Бак, Кара-Бак, Рават, Коргон, Кара-Суу, Авгол, Сары-Талаа, Таян, Кыштут, Согмент, Газ, Сай, Палал, Ровут айлдары электрелештирилет.

Райондо соода тарамгы жылдан-жылга кеңейген. 1972-жылы 54 магазин, 4 ларек, 9 ашкана, 3 чайкана, 7 буфет иштеген. Бул жылы чекенс товар жүгүртүү 6 млн, 475 мин сомду түзгөн. 1973- жылы бул сумма 438 млнго өскөн. Элдин керектүү товарларды сатып алууга жеке акча каражатынын көбөйтгөндүгүн тастыктайт. Кийинки жылдары телевизор, киржуугуч, муздаткыч, жеңил автомобил, мотоцикл, килем буюмдарын сатып алуу кескин көбөйгөн. Раойндук керек- жарак коомунун администартивдик имараты, складдары жаны курулган.

Эмгекчилер депутаттарынын Баткен райондук Кеңешинин аткаруу Комитети 11-апрель 1974-жылы №79- "Баткен айылындагы соода борборун пайдаланууга берүү жөнүндө чечим кабыл алган. Атап айтканда, 12 орундуу универсалдык магазин, 6 орундуу азык- түлүк магазини, нандын түрлөрүн сатуучу, кулинардык жана полуфабрикатттарды сатуучу магазиндер, 100 орунга эсептелген ресторан, 25 ионна картошка, пияз, жашылча сактоого ылайыкташтырылган жертөлө-кампа ылайыкташкан 1млн057 мин сомдук имарат пайдалнууга берилген. Райондун керек- жарак коомунун жетекчиси болуп Сыдыков Калык аксакал, анын баласы Калыков Эргеш, Мурзаакматов Садыр, Төлөнөв Абдилазиз, Кудорбаев Шаршен, Ахмедов Салижан, Бабашов Мамашарип, Аликулов Сууканали, Садыкова Турдугүлдөр эмгектенишкен.

Көп жылдар бою соодада тарамагында эмгектенип, элге кызмат өтөшкөн Ботокозуева Кайры, Нафиева Разия, Полотова Айша, Турмаматова Гүлсара, Жданова Назира, Пакырова А Орозов Сали, Кожоназаров Полот, Балтабаев Турудбай сыяктууларды атоого болот.

1977-жылы январь айында Баткенде 6-7 баллдык катуу жер силкинүү болгон ушуга байланыштуу Кыргыз ССР Министрлер

Совети 3 февралда Баткен, Лейлек, Фрунзе районунун калкына жардам көрсөтүү үчүн №32- буйругун кабыл алган. Жер силкинүүдө айрыкча Баткен көп жоготууга учураган. Жардам көрсөтүүнүн оперативдик тобун Ош областык өткөрүү комитетинин төрагасынын орунбасары А. М. Максимов жетектеген, штабы Баткенде турган.

Районго азык- түлүк продукталары, курулуш материалдары, темир жол аркылуу ыкчам түрдө жеткирилген. Реыпубликадан медициналык кызматкерлер келип жардам көрсөтүшкөн. Районго 2 санитардык автомашина УАЗ-450, УАЗ-469 автомашинасы берилген. 3000 чабан үйү, 400 палатка, 500 уктоочу мешок берилген. Курулуш адистери, курулуш кызматкерлери, жумушчулар жардамга келген.

Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун 1-катчысы Касымбаев Алимжан Касымбаевич, эмгекчилер депутаттарынын аткаруу комитетинин райондук Кеңешинин төрагасы Ходжаев Бусурманкул Ходжаевич мекеме- ишканалардын, колхоз-совхоздордун жетекчилери жана жалпы эл менен бирдикте уюштуруучулук иштерди алып барышкан. Жер силкинүүдөн жапа чеккен калкка жакындан жардам көрсөтүшкөн. Керектен чыккан административдик, жана мекеме, ишкинилирдын имраттарын, чарбалардагы айыл чарба курулуштарын, мектеп, оорукана, балдар бакчаларын калбына келтирүүдө күрдөөлдүү жумуштар жүргүзүлгөн.

1985-жылга карата райондо 40 мин чарчы метр турак жай 6018 окуучуга эсептелген 15 мектептин имараты, 312 орундуу мектепке чейинки балдар мекемелери, 52 орундуу мейманкана, хирургия, терапия, сынык бөлумдөрү, балдарды дарылоочу бөлүмдөр жайгашкан оорукананын эки кабаттуу имараты, 500 орундуу маданият үйү, райондук так ортосундагы 48 квартиралуу төрт кабаттан турган 4 турак үй имарттары, 1500 абанентке эсептелген телефон, телеграф түйүнү, 62 короо-сарай курулган. Асфалт заводу ишке кирген, аэропорт курулуп, Баткен-Ош, Бишкек маршруттарында ЯК-40, АН-26 самолеттеру жургунчулорду ташый баштаган. Райондун борборундагы көчөлөр, Баткен- Карабак, чек, Бозадыр, Айдеркен багытындагы жолдор асфалтталган.

## Агартуу тармагынын азаматтары

В. И. Ленин атындагы орто мектепти райондун алгачкы университети деп атоого болот. Анткени, райондо жалгыз орто мектеп болуп, айыл-кыштактардан ушул мектепке келип окуп, орто билим алышкан. Мектептин биринчи бүтүрүүчүлөрү, башкача айтканда, 1948-жылы 12 окуучу-Асанов Мидин, Айжигитов Абдирашит, Бакиров Сайди, Маркаев Айбаш, Абылов Калил, Кабылов Ысман, Козубаев Гапыр, Асанов Маннап, Шадиев Маннап, Козубаев Гапыр, Ысмаилов Пазыл, Дыйканов Нажимидин, Жаникулов Абдыразактар болушкан.

Ал эми жергиликтүү атуулдардан алгачкы жолу Салихов Мурат 1923-жылы Кыргыз агартуу институтун, Салихов Дастан Орто Азия Коммунисттик университетин (САКУ) 1932-жылы бүтүрүшкөн.

В. И. Ленин орто мектебинин биринчи бүтүрүүчүлөрү Айжигитов Абдрашит, Маркаев Айбаш Ташкенттен юридикалык жогорку окуу жайын бүтүрүшкөн. Андан соң Ош педагогикалык институтун Мергенов Буркан, Сайназаров Тажибай, Аскаров Наби, айыл чарба институтун Алтымышов Ураимдер бүтүрүшүп, жогорку билим алышкан. Ушулар менен удаа эле Кабылов Ысман, Ысманов Матисактарды атоого болот. 1956-жылы Жалал-Абад litединститутун Тагаев Турсумат, Матисаков Кочкор, Жаныбаев Мамыт, Сейтмуратов Садык, Гапаров Кадыр, Мадымаров Калбайлар бүтүрүшкөн.

Кара-Токой айылынын ардактуу атуулу юрист Маркаев Айбаш Ош областындагы Ноокат, Араван райондорунда прокурорлук, соттук кызматтан Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунда бөлүм башчылыгына чейинки кызматтарга көтөрүлүп абийирдүүлүк менен иштеген. Областа ардактуу инсандардын катарында кадыр-баркка ээ болуп, азыр ардактуу ардагер. Айжигитов Абдрашит юристтик кызматтарды кынтыксыз иштеп, абиир алган инсан. Ал айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча «25 минчилердин» катарында «Коммунизм», «1-Май» колхоздорунун башкармаларынын төрагалык кызматтарында бир канча жыл эмгектенген. Абдирашит



1962-жылы Фрунзе шаарындагы жогорку окуу жайларында окуган студенттердин бир тобу

Айжигитовдун балдары Айжигитов Султанбай юристтик кызматтарда, Баткен облусунун мамлекеттик администрациясынын Губернатору, Президенттин кеңешчиси кызматтарында, Дастанбай-Кыргыз Республикасынын аскер сотунун төрагасы, Арстанбай Жалал-Абад облусунун райондор аралык сотунун төрагасы, Абдурашит Баткен облусттук сотунун судьясы кызматтарында, кызы Айжигитова Мээринса райондун агартуу тармагында үзгүлтүксүз иштеп келүүдө. Областтык элге билим берүү башкармасында, көп жылдардан бери жетектеп келүүдө.

Ленин мектебинин 1950-жылдардагы бүтүрүүчүлөрү Кабылов Ысман, Ысманов Матисак, Мерген Буркан, Мадымаров Калбай, Калилов Абдыкадыр, Касымов Ганар, Сайназаров Тажибай, Жамалов Пайзилла, Ходжаев Бусурман, КПСС БКнын Ташкент партиялык жогорку окуу жайын бүтүрүшүп, көп жылдар бою партиялык, советтик, чарбалык жана агартуу тармактарында

эмгектенишкен. Жогоруда сөз болгон жергиликтүү кадрлардын алгачкы карлыгачтарынын райондун экономикалык, социалдык, маданий жактан өнүүгүшүнө кошкон салымдарын райондун эли унутпайт.

Алтымышынчы жылдары райондун билим берүү тармагы өнүгүп, өсүү баскычына көтөрүлөт. Жергиликтүү кадрлар менен толуктала баштайт. Алсак, 1960-1961-окуу жылында 3 орто, 7 сегиз жылдык, 8 жети жылдык жана 15 башталгыч мектептер бар эле. 3253 окуучу(булардын ичинен 1396 кыздар) окушкан. 217 мугалимдин жогорку билимдүүсү-49, ортодон жогорку билимдүүлөр-67, атайын орто-91, орто билимдүүлөр-10 мугалим. Ушул жылы атайын жолдомо менен кыз-келиндер институтуна-16 кыз, мединститутуна-3, Ош techинститутуна-3, Жалал-Абад педучилиүасына-17, Кызыл-Кыя медучилищасына-5 кыз окууга жөнөтүлгөн.

Ал эми 1987-жылы жалпыга орто билим берүүнүн мектептери 31ге көбөйгөн. Анын ичинен 28 орто, 7 сегиз жылдык, 3 башталгыч, 1 көмөк көрсөтүү мектептеринде 13783 окуучу окуган. Мугалимдердин саны-1067 ге жеткен. Мугалимдердин жогорку билимдүүсү-672, Райондун кесипчилик-техникалык №34, №57-окуу жайларында 458 окуучу ар түрдүү кесиптер боюнча окуган.

Райондо 17 балдар бакчалары 1195 бөлөчоктун ээлерине тарбия берген. 76 тарбиячынын 80 пайызы жогорку жана атайын орто билимдүү болушкан.

1934-2010-жылдар аралыгында райондук элге билим берүү бөлүмүнүн жетектеген жетекчилер:

Газыев К., Туратов П., Устемиров С., Давлесов Б., Кожобаева С., Сапаров М.. Ысаков Б., Султаналиев А., Мамырбаев С., Нуруев А., Мамадиев С., Абдиева Р., Рахманбердиев Ж., Кадыров А., Эркебаев Э., Айкынов Х., Орозбаев М.

1985-жылы 4 мугалим КРнын эмгек сиңирген мугалими наамын алышкан. 98и билим берүүнү мыктылары болушкан. Менимче билим берүү тармагында эмгектенген мугалимдердин бардыгы эле эбегейсиз эмгек сиңирген, мыкты, айкөл, ардактуу

адамдар. Барга көппөй, азга чөкпөй, окуучуларга мээрин төгүп, ак акыбет кылган, алган билимин, бар күчүн окуу-тарбия ишине арнаган, түндөсү түйшөлүп, өзү үйрөнүп, күндүзү класста окуучуга үйрөткөн., түнү-күнү түйшүк менен турмуш кечирген. Сабырдуу, мээнетчек, чынчыл, акыйкатчыл адамдар булар мугалимдер!

Баткен району экономикалык, социалдык-маданий жактан канчалык бийик серени сермеген болсо, бул билим берүү тармагынын да эмгектенген ардактуу агай, эжейлердин эбегейсиз эмгегинин үзүрү, акыбети!

Районубуздан чыккан атактуу мамлекеттик, саясий, коомдук ишмерлерден тартып, жөнөкөй кесиптин ээлерине чейин ушул мугалим-агай, эжейлердин колунан тамга таанып, жазууну үйрөнүшкөн. Ушулардын колунан тарбия-таалим алышкан. Ушулар келечектин пайдубалын түптөшкөн. Ушулар келечекке ак батасын берип, жаштарды аттандырышкан.

Ар бир мектепте, райондогу билим берүү тармагында аты белгилүү, өзүп чыккан күлүктөр, мүнүшкөрлөрдүн катарында билгисиз, ардактуу наам берилбегени менен өөз көптүрүп, көкүрөк кагып мактанбаган, чоңдорго жагынып. актанбаган, өз кесибин ызаттап, сүйө билген, окуучунун ички дүйнөсүнө кире билген жүрөгүндө шам чырагы бар дидарлуу мугалимдер, агай-эжейлер бар. Ушуларга улуу урмат, сыймыктуу сый көрсөтүп келе жаткан ата-энелерге, коомчулукка рахмат.

Жусупов Исамидин, Сайназаров Тажибай, Кожобаева Сагын, Эрматов Сейитказы, Акынова Тилебуруш, Сейтмуратов Садык, Акбаров Жолдошбай, Шагамурзаев Садык, Сайданов Убас, Осмонов Жолдош, Гапаров Бекбото, Миңбаев Аркабай, Таштанбаев Абдижапар, Салиев Бөрү, Орозов Саттар, Амиралиева Лидия Дмитрьевна, Амиралиев Сапарали, Топчубаева Рахат, Чернышева Надежда Павловна, Мамадиев Сүйүнбай. Галбай, Мийзам, Дөбүт Казаковдор, Наби, Латып Аскаровдор, Осмонов Бекташ, Абдыганиев Сайдакпар, Жамалов Авазбек, Турсунбаев Эркебай, Аззамов Жээнбай, А. Калилов, М. Шерматова, М. Исмаилов, К. Абдырахманов, Ы. Ураимов, Б. Гапаров, Б. Агабеков сыяктуу ардактуу атуулдарды атоого болот. Аталгандар 30-45-жылдык өмүрлөрүн, күч-кубатын билим

берүүгө арнап, эмгектенишкен, эл арасында, урмат-сыйга ээ болушкан.

Илимдердин докторлору, профессорлору жана илимпоздору Ачылова Рахат, Арапов Байыш, Балтабаев Ташболот, Нур уулу Досбол, илимпоздор Абдуллаев Ибрагим, Топчуев Аркабай, Алтымышов Амиракул, Анарбаев Абдисамин, Шайдуллаева Гопчугүл, Каланбекова Бактыгүл, Калбаев Тагайберди ж. б. жердештерибиз менен сыймыктанууга болот.

Ачылова Рахат, Балтабаев Ташболот, Нур уулу Досбол райондун шайлоочулары тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттыкка шайланышып, зор эмгек сиңиришкен. Нур уулу Досбол илимпоз эле эмес, мамлекеттик ишмер даражасына жетишти. КРнын илим, билим министри, КРнын өкмөтүнүн Премьер-министринин орунбасары, КРнын мамлекеттик катчысы кызматтарында иштеди.

## МЕДИЦИНА: БИРИНЧИ БАЙЛЫК - ДЕН-СООЛУК

**"Өзгөлөргө өмүр берип, өзүм күйүп бүтөмүн" (Гииократ)**

Түштүктө саламттыкты сактоону өнүктүрүү максатында 1927-жылы Кыргыз автономиялуу ССРинин токтому менен Баткен-Базар-Көргөн айылдарында оорукана куруу белгиленген. Ошол токтомдун негизинде Баткен айылдында 1929-жылы таштан болгон ооруканасынын имараты курулуп бүткөн. Анда Саломка атту фельдшер иштеген. Фельдшер негизинен аскер адамдарын дарылаган. 1934-жылы Самат Сыдыктын сунушу менен кыргыз обкому мурдагы курулуп бүткөн оорукананын имаратынын базасында 25 орунга эсептелинген оорукана ачылып ишке киргизилген. Ушул жылы саламаттыкты сактоо министирлиги тарабынан Харьков медициналык институтунун бутуруучусу Пефти Иван Дмитриевич грек улутундагы дарыгерди эки мээрман айым менен кошо Баткенге жиберилген. Оорукана үчүн ат араба, оорулууларга сүт берүү үчүн уйлар, керебеттер Фрунзе шаарынан Канибадам шаарына Мельников станциясына жонотулуп, ташылып келинген.

Дарыгерге дарылануу үчүн кайрылгандар көп болгону менен ооруканага эч бир адам жатып дарыланган эмес. 1934-жылы Таян айылында солдаттардын басмачылар менен беттешүсүндө жарадар болгон үч аскер адамдары дарыланып айыгып чыккан. Ушундан кийин жергиликтүү калкта ишеним пайда болуп, ооруканага жатып дарылана башташкан. Дарыгерлердин дини башка болгондуктан оорулуулар кооптонуу менен кайрылышкан.

Пефти Иван Дмитриевич 1937-жылы Араван айылына оорукана ачуу үчүн которулуп, анын ордуна В. И. Коломеец аттуу аял дарыгери келип иштей баштаган. Ошол мезгилде калк арасында безгек. бортмо келте, кургак учук, көтөн жара, ич келте, көк жөтөл, шал оорулары өтө көп кездешкен. 1937-жылга чейин бир да аял кош бойлуулугу боюнча көрүнгөнү да, төрөгөнү да келген эмес. Үйүндө эмчи-домчулардын жардамы менен төрөгөн. 1939-жылы Елена Ивановна Захарова, Палина Ермолоева Самсановналар жаңыдан Россиядан медициналык окуу жайларын бүтүрүшүп Баткенге атайын жолдонмо менен жумушка келишет. 1941-жылы Коломеец согушка кеткен.

1937-жылы Фрунзедеги атайын медициналык окуу жайын бүткөндөн кийин Рыскулова Какиш деген кыз эмгек жолун Баткен районундагы Дара фельдшердик пункутунда акушерка болуп, бүтүндөй Дара зонасына, Зардали айылын кошуп медицина жактан тейлеген. Эки жылдан кийин Кыргызстан мамлекеттик медицина институту ачылганда алгачкы студенттерден болуп аталган окуу жайды бүтүрүп, ошол институтта мугалим болуп иштеп калат. Кыргыз дарыгерлеринин даярдоодо зор салымын кошкон. Кийинчерээк Рыскулова Какиш Рыскуловна медицина илимдеринин доктору, профессору, Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын Академиги даражасына татыктуу болгон. Кыргыз медицинасына эбегейсиз салымын кошкон.

1947-жылы А. И. Осиповдун жетекчилигинде 6 врач, 5 медсестра, 8 фельдшер бүткүл районду тейлеген. Элүүнчү жылдардын экинчи жарымында таштан курулган кичинекей имарат, жыгач үйлөр бар эле. 1968-жылы азыркы балдар, реанимация бөлүмдөрү жайгашкан 60 орундуу жана 1970-жылы

100 орундуу, 1975-жылы 160 орунга эсептелген имараттар курулган. Самаркандек, Таян айылдарында, кийинчерээк Бужум, Кара-Бак участкалык ооруканалар ачылган. Материалдык техникалык жактан чыңдалып, кадрлардын саны өскөн.

1987-жылы райондо 427 медкызматкер иштеген. Анын ичинен 85 врач, 342 орто медкызматкерлер эмгектенген. Райондун калкынын 10 000 адамына 16 врач, 60 медкызматкер туура келген. Жалпысынан 465 койка, 115 балдар үчүн койкалар болгон. 27 сезондуу балдар бакчаларында 310 бала тарбияланып, 11335 балага акысыз сүт берилип турган.

И. Д. Пефти, В. Д. Кержнер, А. И. Осипов, Л. И. Захарова, Л. И. Хурамшина, В. И. Каламеец, У. М. Жумадылов, Т. Д. Дүйшөбеков, К. А. Алымбеков, Э. М. Матказиев, Ж. Э. Эсенжанов, М. И. Исламбеков, З. К. Козубаев, А. А. Анарбаев, Т. Ш. Шорокова, С. Төрөев райондук санэпидстанцияда С. И. Ибрагимов, Г. Ш. Шерматов башкы врач болуп иштешкен. Азыр Баткен областтык үй-бүлөлүк дарыгерлер башкармасын Сайпидин Төрөев, Баткен райондук ооруканасын Тургунбай Айжигитов жетектеп мыкты иштеп жатышат. Айрыкча, Кумарбек Алымбеков, Жолчу Эсенжанов, Эргеш Матказиев райондук оорукананы башкарып турган учурда ири ийгиликтер жаралган. Материалдык техникалык каражаттар менен камсыздоо өскөн. Билимдүү кадрлар менен чыңдалган. Дарылоонун сапаты жогорулап, бөөдө өлүмдүн саны кескин кыскарган.

Райондун саламаттыкты сактоо тармагында жарым кылымга жакын иштешкен, өзүлөрүнүн билгичтиги, дилгирлиги, ишкердиги жана орулууга карата маданияттуу мамилеси менен ардактуу дарыгер атанган, карапайым калк арасында урмат сыйга ээ болуп абийир алган врачтар, медициналык кенже кызматкерлер бар. Алар: Султанмуратов Сейтмурат, Абудллаев Гапар, Матказиев Эргеш, Сатаров Музтаза, Садыков Эгемназар, Осмонов Жапар, Калилов Жолдош, Кочкоров Апызали, Айжигитов Тургунбай, Төрөев Сайпидин, Калилов Мамырайым, Жолдошбаев Акматали, Козубаев Закир, Мамытов Шайбек.

Турмаматов Акпарали, Жунусалиев Дыйканали, Токтобаев Камчыбек, Жээнкулов Жолдош, Султанмуратов Ысмайыл, медициналык кенже кызматкерлерден: Баитова Жээнгүл, Каланова Галбүбү, Губанова Галя, Кабылов Сапарали, Саттаров Жусуп, Захарова Элена, Костригина Вера, Попова Вера, Галакпарова Раиса, Мурзахмедова Зухра, Абдилазизова Турган ж. б.

Хирург кесибин аркалаган Султанмуратов Сейтмурат, Абдуллаев Гапар, Матказиев Эргеш арбын алкоого, мактоого арзырлык. Түмөн түйшүктүү ак эмгектерин сарпташып, миңдеген адамдардын өмүрлөрүнө тутка болушкан. өлүм менен өмүрдүн ортосунда онтоп, көзү жалдырап жаткан оорулууларга операция жасап, алардын өмүрлөрүн узартышкан. Өжөрлүк, устаздык мүнөздөрүн райондо бары билишет. Сейтмурат аке мезгилсиз өчкөн менен анын жолун баласы Султанмуратов Ысмайыл улантып келе жатат. Ал эми Матказиев Эргеш, Абдуллаев Гапар дагы эле саламатчылыктын сакчылыгында эмгектенип келүүдө.

Медицина илимдеринин доктору, профессор Балтабаев Ташполот Балтабаевич Баткен элинин сыймыктанаар атуулу. Атырылып агып жаткан дарыянын боюнда Ак-Турпак айылын өрүкзарлуу, алма багынын арасында туулуп өскөн. Кыргызстан мамлекеттик мединститутун бүтүргөн. КМИИнин ички кеселдер кафедрасынын профессору, кардиология илим изилдөө институтунун бөлүм башчысы, башкы жетекчисинин орун басары кызматтарында үзүрлүү эмгектенген. СССР медициналык академиясынын мүчө-корреспонденти, СССР медициналык академиясынын мүчө- корреспонденти М. М. Мирахимов анын жетекчиси болгон.

Балтабаев Т. Б. катардагы врачтан СССРде жана Кыргыз Республикасында «Саламаттыкты сактоонун мыктысы» наамын алган. КРнын жогорку Кеңешине депутат болуп шайланган. Районго медициналык материалдык техникалык жактан жардам көрсөтүп, элдин саламттыгын жакшыртууга көмөктөшүп келүүдө.

Анарбаев Абдисамин Анарбаевич врачтык кесипке ээ болуп, саламаттыкты сактоо тармагында иштегенине жарым кылымга жакын убакыт болуптур. Ош областтык ооруканасында хирург-дарыгер, бөлүм башчы кызматтарында иштеген. Аспирантурада сырттан окуп, балдардын өпкө хирургиясы боюнча медицина илимдерине кандидаттык диссертациясын жактаган. 20дан ашык илимий макалаларды жарыялап, китеби жарык көргөн. 10 миңден ашык операция жасап, оорулууларды сакайткан. Баткен областтык борборлоштурулган ооруканасынын башкы врачы, башчысы кызматында көп жыл иштеди. Областтык Кеңештин депутаты, областтык мамадминистрациясынын коллегия мүчөсү катары областтын эономикалык, социалдык, маданий жактан өнүгүшүнө, областа медициналык жактан жардам көрсөтүүдө, кадрлар, жаңы техникалык аспаптар менен камсыз кылууда көп салым кошкон. Азыр Ош областтык балдар ооруканасынын башкы врачы, башчысы болуп иштеп жатат.

## Автокызмат – улуу урмат

Райондук автобазанын пайдубалы 1957-жылы түптөлө баштаган. Алгачкы учурда Пүлгөн автобазасынан бөлүнгөн 6 жүк ташуучу 1бензовозду Малияров Анарбай, Жакыпов Эргеш, Сарыбаев Абдирапи, Тажибаев Бахап, Кудайбердиев Өскөн, Абдираимов Пакырлар болуп айдап келишкен. Автобазанын алгачкы шоферлору болуп калышкан. Автоколоннанын тунгуч жетекчиси Биланов Мийзам элэ. 1958-жылы Оштогу түштүк өндүрүштүк трестинин буйругунун негизинде колонна Баткен райондук автобаза болуп түзүлөт. Автомашиналардын саны 18ге жеткен, 2автобус элди ташый баштайт.

1961-1964-жылдарда Усулов, Рысбаев, Жумабаев автобазаны жетектешкен. Автобазанын айланасы тосулган. Паркты тартипке келтиришкен. Автоунааларды техникалык жактан тейлөөгө шарттар түзүлгөн. Ал эми 1965-1969-жылдарда жетекчи болуп Маткаримов С. эмгектенген.

Каракол каналын, Төрт-Гүл суу сактагычын курууда

оодаргыч автомашиналардын шоферлору Кудайбердиев Ө, Сарыбаев А, Абдираимов К, Дүйшеев М. Ысманов М, Султанов М, Абдырасулов Ы, Гоксобаев С, Эшматов С. жана А. Шадиевдер күндүр-түндүр иштешкен. Эл чарба жүктөрүн ташуу менен бирге элди маданияттуу тейлөөгө да өтө көңүл бурулган. Автобуз айдоочулар Мурзаев К. Камалов М. Өмүрзаков А. Матраимов А. Айдаров Т. Жусупов Э. Ысманов Элчибек ж. б. мыктылар иштешкен.

1969-1975-жылдарда К. Б. Бейшеев жетекчилик кылган. Базанын короосун кенейтүү менен ондоочу чуңкурларды, бокстар, контора, клуб, мончо, кыймылдаткычтарды көтөрүүчү электр блогун курдурган. Базада иштегендерге маданий жактан шарттарды түздүргөн. Көзөмөлдөө жайлары ишке киргизген. 1976-жылы автобазага Алимбердиев Акматжан жетекчи болуп дайындалган. Бул инсан өзүнүн эмгек жолун шоферлуктан баштаган. Тажрыйбалуу, ишбилги, жөнөкөй мүнөз адам эле. Базанын пландары ашыгы менен аткарылып, рентабелдүүлүк өскөн. Райондун бардык айыл кыштактарына маршруттук автобуздар график менен үзгүлтүксүз каттап турган. Жүргүнчүлөрдү ташуу маданияты жогорулаган. Эмгек ардагерлерине, баатыр энелерге, согуштун катышуучуларына 50% жеңилдиктер берилген. Эмгектин кайтарымдуулугу жогорулап алынган жалпы киреше 110 пайызга, накта киреше 105 пайызга көтөрүлгөн.

Райондук автобазанын жана анын эмгек жамаатынын эмгеги жогору бааланып, Ош областык "Ардак тактага" жазылып турган. Ушул жылдары "ЗИЯ-130", "ГАЗ-163", "ГАЗ-151"маркасындагы автолордун саны 154кө, "ГАЗ-672" маркасындагы автобустар 40ка көбөйгөн. "ГАЗ24", "Волга" 17ге жеткен. Базанын автомашинелери жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү райондун гана чегинде ташыбастан Ош обласынын, Республиканын чегинде тейлеп турушкан.

Райондук автобаза өзүнүн эң өнүгүү чегине 1980-жылдарда жеткен. Бул учурда базада Кошбаев Абдипатта жетекчи эле. Ал киши техниканан көзүн билген билимдүү ары айкөл адам эле. 1989-жылы жүк ташуу планы 7?3 мин тоннанын ордуна 926 мин

тоннага, 15290 млн т- кмдин ордуна 17270 млн т км-ге, жүргүнчүлөрдү ташуу 1400 миндин ордуна 1600мин адамга өскөн. Аталган ийгиликтерди жаратууда жук ташуучу автомашиналардын шоферлору-комунисттер Зияев М, Орозалиев И, Жороев А, Самаров А, автобуз айдоочу шофер комунистер Матураимов Ы, Акматов К, Мурзаев К, таксисттер Кудайбердиев Ы, Сооров А, Бердишов Т сыяктуулар болушкан. Баардыгын кадрлар чечет дегендей автобазанын жамаатынын албан ийгиликтерге жетишине инженердие-техникалык кызматкерлердин үлүшү биринчи катарда турган. Жогорку окуу жайларын бүтүрүп, адистикке ээ болушкан жергиликтүү кадрлардып катары көбөйгөн. Базада баштапкы партиялык уюм, профсоюз, комсомол уюмдары агитациялык, тарбиялык иштерди системалуу алып барышкан. Эмгек тартиби так сакталган. Кадрлардын резерви, номенклатурасы түзүлүп ишке жайгаштыруу, тарбиялоо жана жогорку кызматтарга көтөрүү принциби партиялык, профсоюздук, комсомолдук уюмдар аркылуу жүргүзүлгөн. Атап айтканда, башкы инженерлер Турсунбеков Самарбек, Жанботоев Сабыр, Бакиров Анарбек, башкы механиктер Тажибаев Абдикаар, Тажибаев Адылжан, Максутов Абдибаит Гапаров Кантөрө, колонна башчылары Колдошов Акматали, Атакулов Жигитали көп жыл бою иштешип кызматтык милдеттерин жогорку жоопкерчилик менен аткарышкан.

Баштапкы партиялык уюмду Атакулов Жигитали 20жылга жакын жетектеген. Колонна башчылык кызматын да аткарган. Максутов Абдибаит комсомол уюмун Тажибаев Абдикаар профсоюз уюмун жетектеген. Баштапкы уюмдардын күжүрмөндүүлүгү өсүп, комунисттердин авангарддык авторитети жогорулап турган. Администрция аталган уюмдар менен бирдикте иш алып барган. Район боюнча автобазанын партиялык уюму алдынкы, үлгүлүү уюмдардан эле.

1990-жылдарда элибиз эгемендүүлүк алды. Ошого жараша автобазада да реформа ишке ашырылды. Баткен акционердик коому түзүлүп, анын президенттигине Нишанбай Алтымышов шайланды. Автопарк Россиялык көп орундуу автобуз Япон

технологиясы боюнча туркиядан чыккан автобус менен толукталды. Баткен-Бишкек, Ташкент, Кокон, Лейлек багыттары боюнча жүргүнчүлөрдү ташуу жолго коюлган. Автобуз паркы жамааттык, жеке адамдардын муктаждыктарын канааттандырып, тейлөө жумуштарын аткарып жатышат. (Баткен акционердик коомунун президенти Н. Алтымышовдун "Дангыр жол" китепчесинен кыскартылып алынды).

## Райондук байланыш бөлүмүнө 80 жыл

Баткен Лейлек районунун курамында турганда байланыш багытында иш жүргөн эмес 1934-жылдын 19-апрелинде Баткен району түзүлсүн деген токтом чыккан менен уюштуруу иштери жүрүп жаткан. Баткен райондук Байланыш бөлүмү түзүлүп, анын



**Байланыш бөлүмүнүн кызматкерлери**

башчылыгына Турусбаев Темирбай дайындалат. Самаркандек, Таян кыштактарында почта бөлүктөрү ачылат. Кат, кабар ж. б. ат менен айыл-кыштактарга жеткирилип турган.

Борбор менен байланыш үчүн Тажик ССРинин Канибадам, Исфара шаарларына барууга туура келген. Ушул себептерди эске алып, Кыргыз Автономиялык Республикасынын (Кир АССР) бюросу 1934-жылы 27-июлда №31 протоколун кабыл алат Анда мындай деп көрсөтүлгөн:

"Исфара менен Баткендин ортосунда бир айдын ичинде телефондук-телеграфтык байланыш орнотулат деген жолдош Фофанованын билдирүүсү көңүлгө алынсын. Жолдош Фофанова тез арада Баткенге өзү барсын"

Байкадыңызбы?-жогорку протоколдо Баткендин башка аалам алкагына чыгууга ошондо эле кам корулгон экен. Ошентип Баткен, Исфара телефон-телеграфтык байланышы ишке кирет. Ал жакынкы жылдарга чейин иштеп келди. Республиканын борборунан жана башка жактардан жөнөтүлгөн почта поезд аркылуу Канибадам шаарына жеткирилип, андан автотранспорт аркылуу райондук байланышчылары райондун булуң-бурчтарына жеткирилип турган,

Райондук байланыш бөлүмүнүн имараты азыркы жеринде жепирейган там болчу. Ал акырындап жаңыланган, Азыркы имарат 1978-жылдары курулган, Астынкы этажында адмнистрация жайгашып, экинчи этажында 500 абонентке эсептелген техникалык шаймандар орнотулган.

Райондук байланыш бөлүмү жана анын кызматкерлери элди телефон-телеграф аркылуу байланыштырууда, почта кызматын аткарууда айтып түгөнгүс эмгектерин, бар мумкунчулукторун сарпташкан. Мына быйыл райондук байланыш почта бөлүмүнүн түзүлгөндүгүнө 80-жыл толду.

Артка кылчайып карап, өткөнгө сарасеп салалычы, Кимдер бөлүмдү жетектеп. кимдер тагдыр өмүрүн байланыштырыптыр. Райондук байланыш бөлүмүнүн биринчи жетекчичи Турусбаев Темирбай. Анаров Назир, Адылбеков Казыбек. Хайрулин Ирис, Жедигеров Гүлбай, Учайкин В, Садыков Нусрат, Сайкалов Жусупали, Бердибаев Амин, Кайназаров, Салиева Айнагүл,

Аззамбаев Урайымберди, Имаров Алияр, Токтосунова Бермет, Эшмаматов Салай. Азыркы байланыш бөлүмүн Акылбеков Аскарбек Касымович жетектейт.

Кыргыз Республикасынын Өкмотүнүн 1994-жылдын 21-февралындагы №9-токтомунун негизинде "Кыргыз почтасы" мамлекеттик департамент түзүлгөн, башкача айтканда Кыргыз почтасы мамлекеттик ишкансына быйыл 20-жыл толуп олтурат.

1952-1994-жылдарда Кыргыз ССРи Байланыш министрлиги Ош областынын Баткен райондук байланыш бөлүмү болуп келген, Баткен областы түзүлгөндөн кийин 1999-жылы "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасынын Баткен областык филиалы болуп түзүлөт. Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларынын, Лейлек, Кадамжай райондорунун филиалдары Баткен областык филиалга караган. 2008-жылдын 30-декабрынан Баткен областык филиалы жойулган. Баткен кайрадан "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасынын Баткен райондук филиалы деп аталып калган.

Баткен райондук байланыш бөлүмүндө 80-жыл аралыгында жуздогон жумушчу кызматчылар иштеген. Алсак, Акматов Дүйшө, Эркебаев Муса, Кудайкулов Мурза, Даабеков Камыт, Пакыров Тешебай, Саттаров Камбар, Карабаев Кожоназар, Бурканов Адамжан, Мамытов Сейтказы Габдрафикова Мардания, Токтобаева Жээнгүл, Газыкулова Тажигүл, Аширова Мээрбан, Иркаева Гүлдар, Абдуллаева Угүлай, Латипова Рахиля, сыйактуулар иштеген.

Сай почтасында Акматов Дүйшө, Ак Сайда Ормонов Каражан, Ак-Татырда Байназаров Самат, Самаркандекте Жамалов Өмүрзак, Таянда Таиров Муктар, Сапаров Абдисалам, Дарада Зайналов Сейтказы, Кара-Бакта Бердибаев Амин, Кара-Булакта Кудайкулов Мурза көп жылдар бою участкалык почталарда иштешкен.

Акматов Дүйшө Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу эки жолку "Даңк" "Кызыл жылдыз" Ата мекендик согуштун биринчи жана үчүнчү даражадагы ордендери, көптөгөн медалдары менен сыйланаган. Согуштан келгенден кийин Баткен райондук байланыш бөлүмүнүн Сай айылындагы почта бөлүмүндө өмүрүнүн акырына чейин почтачы болуп иштеген. Ата жолун баласы Акматов Батыр улантып иштеп келүүдө.

Эркебаев Муса Баткендин Базар Башы же РТС айылынын тургуну болгон. Согуш мезгилинде байланыш бөлүмүндө иштеп согуштан келген каттарды өз ээлерине жеткирип берип турган. Кийинчерээк Канибадамдан почта күзөтүүчү Дара, Рават, зонасына почта жеткирүүчү, күзөтүүчү болуп (жанында куралы менен жүргөн) өмүрүнүн акырына чейин иштеди.

Адылбеков Газыбек, Бердибаев Амин, Даабеков Камыт, Кудайкулов М, Токтоева Жээнгүл, Газыкулова Тажиниса, Аширова Мээрбан сыйактуулар боз улан кырмызы кыз кезинде байланыш бөлүмүндө иштей башташып. өмүр бою байланыш бөлүмүндө иштеп калышкан. Айрымдары азыркы күндөда иштеп жатышат. Өмүрлөрү узун болсун.

Акырындап райондун баардык ишканалары колхоз совхоздоруна телефон жеткирилген. Айылдарда жеке үйлөргө телефон орнотулган. Байланыш бөлүмү кат кабар, посылкаларды жеткирген. Элге пенсия, пособияларды таратып келүүдө жыйынтыктап айтканда районго суу, электир жарыгы кандай керек болсо байланыш почта ошондой керек болгон. Байланышсыз Баткен району 80-жылда азыркыдай бийик сереге жетише албайт эле.

"Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасында Баткен райондук филиалында бүгүнкү күндө 60тан ашык жумушчу кызматкерлер иштейт. Баткен райондук филиалында көп жыл узулуу эмгектенип келгендердин атын атап койсок туура болот. Алар: Калыкова Тажигүл, Батыров Ураимберди, Жангиров Сайдакмат, Акматов Батыр, Токтоматов Октом, Абдиламитов Кадырали, Бабаева Топаниса, Исаков Абдинаби. Ошол эле мезгилде өз иштерин тыкандак менен аткарып келген жаштарыбыз арбын. Алар: Ормонов Арзымат, Таштанбаев Абдилазиз, Отонов Жанибек. Жарыбекова Бурул, Каримова Канышай, Суранчиев Канат, Үсөнов Базарбай. Жогуда аты аталагандар менен биздин колектив сыймыктанат.

## АРХИВ – элдин тарыхы, маданий мурасы

1999-жылы 13-октябрда Баткен областы түзүлүп, Ош областынан бөлүндү. Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын 27-март 2000-жылдагы № 32 – буйругу менен «Баткен областтык мамлекеттик архив жана документация башкармасы» түзүлгөн. Ушул эле буйруктун 3, 4-пунктуна ылайык Ош областтык архивинин Кызыл-Кыядагы филиалы Баткен областтык мамлекеттик архиви болуп уюшулуп. 2001-жылы 28-февралында Баткен шаарына 316 фонддо 38 миң сактоо бирдиги көчүрүлүп келген. Башкарманын курамына Баткен, Кадамжай, Лейлек райондук жана Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаардык архивдери киргизилип, биринчи директор Калилов Пайзилла Калилович, анын орун басары болуп Назаров Абдыбахап Назарович иштеген.

1938-1960-жылдар аралыгында областтын архив кызматы Ош областынын УНКВД курамында бөлүм катары иш алып барган. Бул жылдар аралыгында Баткен районунун архиви Баткен райондук ички иштер бөлүмүнүн курамында бөлүм катары иш алып барган. Архив бөлүмөн Бейшеев Жаникул жетектеген. 1970-жылы Ош областтык мамлекеттик архивинин филиалдары Жалалабад, Кызыл-Кыя шаарларында түзүлгөн. Кызыл-Кыя филиалына: Ноокат, Фрунзе (Кадамжай), Баткен, Лейлек райондору жана Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарлары кирген. Баткен райондук архиви 1978-жылы Ош областтык аткаруу комитетинин чечими менен "Баткен райондук өздүк курам боюнча ведомстволор аралык архив" болуп түзүлгөн.

### Архивдин жетекчилери:

**Бейшеев Жаникул** 1938-1960-жылдар аралыгында областтын архив кызматы Ош областынын УНКВД курамында бөлүм катары иш алып барган. Бул жылдар аралыгында Баткен районунун архиви Баткен райондук ички иштер бөлүмүнүн курамында бөлүм катары иш алып барган. Архив бөлүмүндө Бейшеев Жаникул жетектеген

Баткен райондук өздүк курам боюнча ведомстволук архивке биринчи жолу 1978-жылдын 27-май айынан 1979-жылдын 11-апрелине чейин **Калбеков Кудайберди Раимбердиевич** жетектеген. Калбеков Кудайберди 1948-жылы Баткен районунун Бужум айылында туулган. СССРдин ВДНХ сынын алтын, күмүш медалдары, Кыргыз ССРинин 50 жылдыгынын юбилейлик медалы, В. И. Лениндин 100 жылдык юбилейинде арналган медалдар менен сыйланган.

**Имаров Тажибай** В. И. Ленин атындагы мектебин бүтүргөн. 1963-жылы Жалал-Абаддагы педагогикалык училишаны, ОшМуну бүтүргөн, тарых мугалими болуп көп жылдар иштеген. 1980- 1982-жылдары Баткен райондук архивдин башчысы болгон.

**Назаров Абдыбаап** 1941-жылы 16-мартта Ош областынын Баткен районунун Кара-Булак айылында колхозчунун үй бүлөсүндө туулган. 1960-жылы Баткендеги В. И. Ленин атындагы орто мектебин бүтүрүп, ошол эле жылы Ош Мамлекеттик педагогикалык институнун филология факультетинин орус тили жана адабияты адистигине ээ болгон. Алгачкы эмгек жолун 1967-1968-жылдары Фрунзе атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1969-1971-жылдары Баткен райондук элге билим берүү болүмүндөинспектор, 1971-1981-жылдары 1-Май жана В. И. Ленин атындагы орто мектептеринде директор болуп иштеген. 1982-1987-жылдары райондук архивди жетектеген.

«Архивдин мыктысы» төш белгиси, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Граммотасы, Кыргыз ССР Агартуу министерствосунун Ардак Граммотасы, Ош областтык архив башкармасы ардак граммотасы областтык, райондук мамлекеттик администрациясынын граммоталары менен сыйланган.
Азыркы мезгилде ардактуу эс алууда, 3 кыз 1 уулдун ардактуу атасы.

**Каламбеков Ырысбай** 1934-жылы Баткен районунун Кызыл-Жол айылында туулган.

Каламбеков Ырысбай Эмгек жолун 1954--жылы Кызыл Жол баштагыч мектебинде пионер вожатый болуп иштөө менен

баштаган. 1959-жылы Баткен райсотунда, 1960-1965-жылдары Баткен районунда райкомсомолунда инструктор болуп иштеген. 1962-1965-жылы Ташкенттеги айыл чарба итнститутунун суу чарба адистигин сырттан окуу бөлүмүндө окуган.

1967-1971-жылдары Баткен УОСунда же Водхоз суу-чарбасында инженер, 1971-жылдары Баткен райондук айыл чарба башкармасында курулуш боюнча инженер, 1980-1984-жылдары №17-кесипчилик окуу жайында мастер, 1988-1991-жылдары жана 1992-1995-жылга чейин райондук архивдин башчысы болуп иштеген.

**Айжигитов Турдубай** 1945-жылы Ош областынын Баткен районуна караштуу Баткен айылында кызматчынын үй бүлөсүндө туулган.

Айжигитов Турдубай эмгек жолун 1963-жылы Бишкек шаарында приборлорду контролдоо жана ченөө заводунда токар болуп иштөө менен баштаган. 1964-1966-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1966-1967-жылдары Баткен районунда "Кызыл туу" газетасында фотокорреспондент, 1967-жылы көрсөтмө менен Ош областтык ички иштер бөлүмүндө кызмат өтөгөн. Токтогул районунун ички иштер бөлүмүнүн начальниги, Кадамжай районунун Хайдаркан шаарчасынын ички иштер бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан. УВД-да ардагерлер кеңешинин төрагасы болуп иштеген.

Баткен райондук архивди 1998-1992-жылдары башкарган

**Исаков Давлятбек Тураевич** 1950- жылы 20-мартта Тажик ССРи нин Шураб шаарында жумушчунун үй бүлөсүндө туулган.

**Исаков Давлятбек Тураевич** эмгек жолун 1972-1973-жылдары Шураб шаарындагы №8 шахтада шахтнр болуп иштөөдөн баштаган. 1973-1977- жылдары Душанбе шаарында Ленин атындагы Таджикстан Мамлекеттик универстетинде экономикалык факультетине тапшырып, экономист адистигине ээ болгон. 1977- 1980- жылдары Баткен районуна караштуу "Первомайский" совхозунда башкы экономист, 1980-1986-жылдары Баткен районуна караштуу "Ак-Саи" совхозунда башкы

экономист, 1986- 1989- жылдары Баткен райондук агро өнөр жай бирикмесинде пландоо экономикалык бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

1989-1992- жылдары Баткен районуна караштуу Кара-Бак айылындагы М. В. Фрунзе атындагы совхоздун директору, 1992-жылы Баткен районундагы Ак-Сай айылындагы "Ак-Сай" өндүрүштүк айыл чарба коорперативинин төрагасы, 1993-1994-жылдары Баткен райондук мамлекеттик администрациянын юрист консультанты болуп иштеп, 1995-1997-жылдары Баткен райондук мамлекеттик архивинин жетекчиси болуп иштеген. Азыркы учурда ардактуу эс алууда.

**Сапарова Шааркан Айжигитовна** 1949-жылы кызматчынын үй бүлөсүндө туулган. Сапарова Шааркан эмгек жолун 1966-жылы Кызылжол сегиз жылдык мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1975-1976-жылдары Ош областтык мамлекеттик архивинин инспектору, 1976-1977-жылдары Ош областынын Карасуу районундагы "Учкун" орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1977- 1979-жылдары Баткен районунун Кызылжол орто мектебинин окуу бөлүм башчысы, 1979-1989-жылдары Баткен райондук ЗАГС бөлүмүнүн башчысы, 1989-1998-жылдары Баткен районунун тарых эстеликтерин коргоо бөлүмүнүн жооптуу катчысы болуп иштеген.

1998-жылдан бери Баткен райондук мамлекеттик архивинин башчысы. 4 баланын сүйүктүү энеси. Бир нече жолу Ош областынын администрациясынын, Баткен областынын администрациясынын ардак граммоталары менен сыйланган.

**Эшмурзаев Каныбек Тайирович** 1961-жылы 14-августта Баткен районундагы Ортобоз айылында жумушчунун үй бүлөсүндө төрөлгөн.

Эшмурзаев Каныбек Тайирович 1968-жылы Ю. А. Гагарин атындагы орто мектебине кирип, 1979-жылы ошол мектепти аяктап, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетинин математика бөлүмүнө тапшырып, 1983-жылы математика мугалими адистигинине ээ болгон.

Баткен райондук мамлекеттик архивинде архивист кызматында эң көп иштеген архивист Тагаева Касиеттин атын

атабасак болбос. Тагаева Касиет эмгек жолун 1962-жылы Лейлек районуна караштуу Исфана айылында быткомбинатта тигүүчү болуп иштөөдөн баштаган. 1964-жылы Баткен райондук китепканасында, 1965-1967-жылдары Райкомсомолдо машинистка - секретарша, 1967-1977-жылдары Баткен райондук ЗАГС бөлүмүндө, 1978-1980-жылдары Баткен райондук маданият үйүндө бухгалтер болуп иштеген. 1980 - 2000-жылдар аралыкта Баткен райондук мамлекеттик архивинде архивист болуп иштеп жогорудагы жетекчилердин дээрлик көпчүлүгү менен иштешкен.

2006- жылдын март айынан баштап, КР нын өкмөтүнөн 2002-жылдагы №264 токтомуна ылайык Баткен областтык мамлекеттик архивинин буйругу менен “Баткен райондук мамлекеттик архиви” деген статус берилген.

Баткен райондук мамлекеттик архиви, Кыргыз Республикасынын “Улуттук архив фондусу” жөнүндөгү мыйзамды өкмөттүн Республикадагы архив иштерин жакшыртуунун чаралары жөнүндө токтомдорун жетекчиликке алуу менен жыл сайын алдына коюлган план- тапшырмаларды аткарып келүүдө.

Азыркы күндө Баткен райондук мамлекеттик архивинде 106 фонддо 13841 документ, анын ичинен 3894 туруктуу сакталуудагы, 9947 өздүк курам боюнча документтер мамлекеттик сакталууда турат. Кабыл алуунун булагы болгон 49 мекеме ишкананын иш номенклатурасы, ведомстволук архивдин жана Эксперттик комиссиянын жоболору түзөлөп алар менен иш алып баруудабыз. Мекеме- ишканалардан жыл сайын сактоо мөөнөтү жеткен документтерди архивке мамлекеттик сактоого кабыл алынат. Документтерди сактоочу бөлмөлөрдө фонддор боюнча инструкциянын негизинде стелаждарга жайгаштырып, топографиялык көрсөткүчтөр жазылган. өчүп бараткан текстерди калыбына келтирүү, тытылып калган документтерди калыбына келтирүү ар көн сайын көзөмөлдө турат. Документтерди мамлекеттин эсебин тактоо боюнча номерниктер, фонддордун гизмелери, карточкалар. фонддордун баракчалары, архивке келген документтердин тизимин тактоо

китепчелери бири-бири менен салыштырылып турулат. Жыл ичинде бир миңге жакын атуулдардан келип түшкөн суроо талаптар аткарылат.

## ТАЛАНТТУУЛАР ТАРЖЫМАЛЫ

Баткен ааламы кооз табиятка бай. Ак чокулуу бийик тоолору, арча, кайыңдуу жайлоолору, гүлгө оронгон колоттору, оргуштап чыгып жаткан орошон булактары буркан-шаркан түшүп, атырылып агып жаткан дарыялары, таштан-ташка секирип элеңдеген кийик-текелери, ажайып мукам менен обон созгон уларлары, «какыбактаган» кекиликтери, кайкып учкан түркүн куштары, бажырайган айгүл гүлдөрү, күкүктөп, ашыгын издеген күкүк үндөрү.... деги ушул сыяктуу уникалдуу өзгөчөлөнгөн табияты бар.

Ушундай табият коөздугу таасир кылганбы, айтоор эл арасынан Токтогул олуя баш болгон, Абдырахман, (Бужум) Шорук (Газ), Алибаев Саттар(Зардалы), Акмат (Ортобоз), Кожомурат (Аксай,) Ходжаев Бусурманкулдун атасы Айтымбай (Самаркандек) Абдимитал. (Кишемиш)сыяктуу ырчылар төш болгон ак таңдай ырчылар, сүйлөгөндө адамды муюткан чечендер өтүптүр. Совет доорунун алгачкы жылдарында районубуз акын-жазучудан куру-кол болуп, Кубанычбек Маликов менен Жоомарт Бөкөнбаевди аркаласак, алар да бурулбай туруп калышкан учурлар да болгон.

Жетимишинчи жылдарда ташканыдаган таланттуу жаштардын агымы пайда болду. Райондук «Кызыл туу» газетасында айылдык кабарчылардын, жаш таланттардын башын бириктирип, адабий ийрим түзүлгөн. Ошол учурда Атакул Жакыпов, (Кара-суу Баткендин курамында эле) Топчугүл Шайдуллаева, Жусуп Айдаров, Бегали Парманов, Акматов Нооман, Максатбек Мергенов, Калыков Сейитмурат сыяктуу жаш калемдердин макалалары, ырлары газетага жарыяланып турган. “Ленин” орто мектебинде окуп жүргөндө (1962-ж) «Баткеним» деген ырым «Кызыл туу» газетасына жарыяланып калганы эсимде. Ушул ырдын шары менен университетке окуп калган элем.

«Баткеним койнунду көп аралadым,
Буруксуйт гүлгө оронгон талааларын.
Баштагы такыр жаткан кум ордунда,
Бак турат, көтөрө албай алма шагын.

Бардыгын сүрөттөөгө жетпейт чамам,
Бүт алтын, каухар беле ушул талааң!
Мээнеткеч, жоомарт мүнөз элдери бар,
Баткеним өзүң менен сыймыктанам!»

Баткендин тарыхында таланттуу жаштардын шыбак, Айгүл, өрүк гүлү жыттанган талааны дүңгүрөткөн дүбүртү угулду. Чырагыбыздын пилигине май тамгандай эле болду. Эмнеге Баткенден акын-жазуучулар чыкпайт?-деген өзгөлөрдүн шылдыңдуу, ары чындык суроолоруна азыр жообуз даяр.

Жазуучулар, жаш акындар-күлүктөр,
Таптаптыр го эли болуп мүнүшкөр.
Атак-Даңктуу акын, жазуучу болом деп,
Проза, поэзия жазат үмүткөр.
Күлүктөрү улам алга умтулат,
Туяктардан таштак жерден от чыгат.
Түздүк жерде төрт аягы тыбырап,
Камчыланат өзүндө өчү барчылап!
Жоон тобу чыгып келет жарыштан,
Айрымдары артта калды алсырап.

Мурзапар Үсөнов, Аскар Ражабалиев, Жусуп Айдаров, Атакул Жакыпов, (Р. Гамзатов Чыңгыз Айтматовду жарым европеец, жарым азият деген сыңары Атакул да алгач Баткендик, анан Лейлектик), Тургунбай Жумаев, Топчугүл Шайдуллаева, Султанмуратов, Гыламидин Абдырахманов, Хаитали Атабаев, Бегали Парманов, Урпия Жусупова, Абдинаби Даабеков, Зулпукар Балтабаев сыяктуу алды Республикага таанымал, арты район областка белгилүү жазуучу, акындарыбыз, журналисттерибиз адабият майданында күлүктөр сыңары жарышып келе жатышат.

Мурзапар Үсөнов сүрөтчү, жазуучу, акын публицист

катары кыргызга таанымал. «Улуу талаанын урпактары», «Исседондор», «Мекенге арзуу», «Кан Манастын бейитин издеп», «Аалам алкагында», «Сакылар жери» роман, эссе, повестери, публицистикалык, тарыхый чыгармалары китеп болуп жарык көрдү.

Шайдуллаева Топчугүл илимпоздук жана жазуучулуктун жүгөн, чылбырын шайкеш алып жүрөт. Кызыбыз көп кырдуу купия сырдуу таланттын ээси. «Кызбала» (социологиялык изилдөө), «Жаншерик» китептеринин автору. Республикалык басма сөздө аңгемелери, публицистика чыгарма, макалалары байма бай жарыяланып келет. Республикага коомдук ишмер катары да кара аттын кашкасындай таанымал жаркын маанай кызыбыз менен сыймыктанабыз.

Ражабалиев Аскар күлгүн жаш курагын эле эмес буурул чач убагын да жазуучулукка, журналистикага ыроолоп келе жатат. Кыргызда акындардын чыгааны Жолон Мамытов Асакемдин талантына баа берип, басма сөз аркылуу чыгармачылыгына байсалдуу келечек каалаган. Таланттуу жазуучу Мурза Гапаров менен коюн, колтук алышып ага-ини катары бирге чыгарма жазышкан. Жакшынын шарапаты демекчи А. Ражабалиев аларга удаа адабият майданында орун-очок алган жазуучулардын катарына кошулду. «Өкүм», «Үч тагдыр» аңгемелери, «Кыргызстан маданияты» жумалыгына, «Көктөм» алманахына жарыяланды. «Ай түшкө кирет», «Сагыныч кушу» аңгемелер жыйнагы, Баткен областынын 10 жылдыгына карата публицистикалык жыйнагы жарык көрдү. Басмага даяр далай чыгармалары топтолгон. Көпкө үмүттөндүргөн жазуучубузга ийгиликтерди каалайбыз.

Акын Тургунбай Жумаевдин ырларын окуганда окутуучу агай, эжейлердин, окуучулардын бай ички дүйнөсү, айжаркын сулуулугу, кырмызы, кылык-мүнөздөрү менен туш келип, жаштыгыңды, мектептеги кең мейкиндикти эстейсиң. Анын лирикалык каармандарын ың, сулуулугун, улуулугун Тургунбайдын көзү менен караганда гана рахат аласың. Ички дүйнөң дүрбөлөңгө түшүп, суктанткан сүйүүнүн накта балын татасың.

Акын Жусуп Айдаровдун ырларында мекенди, эли-жерди, ага-энени сүйүү, урматтоо сезими, патриоттук пафос басымдуулук кылат. А. Ражабалиев менен Турдуевдин аңгеме, ырларын окуганда карангы түн, ай жарыкта жаркын маанай, жароокер жаш селкини күткөн учурларга кабыласын. Бажырайып гүл ачкан өрүкзарды, алмасы кызарып бышкан алмабакты аралай басып рахаттанып каласын. Өрүктөрдүн шагындагы газенектен даам татып, шириндигине тамшанасын окурман. Ушундай акын-жазуучуларыбыз бар. Арабызда эле жүрүшөт. «Колдо бар алтынды баркы жок» дегендей аларды алыбызга жараша баалабай жатабызбы деп шек санап кетесин.

## «БЕРЧИ МАГА ЖАРЫМ КАШЫК МУЗЫКА»

Райондук маданият болүмүнүн башчылык кызматында Рахматов Ашир, Самаров Анаркул, Ашымов Аширбай, Мурзабекова Салия, Абдырахманов Гыламидин, Жайнаков Апаз, Орозова Карамат, Тарсаеа Сопубек, Ходжаева Айсулуулар иштеп келишкен. Райондун маданият кызматкерлери жана жетекчилери Кыргызстанга белгилүү Жайнаков Апаз, Садыкова Саламат, Сопубек Тарсаев сыяктуу ырчылардын талантына көмөк, жашоосуна жөлөк болушкан. Парпиев Мансур, Анарбаева Гүлбара, Султанов Заирбек, Козубаев Мамажан, Жамантаева Алия, Дыйканов Карим, Умарова Зуура жана башка ырчы, музыкант кыз, уулдарыбыз менен сыймыктанууга болот.

Райондук маданият үйүнүн алдында 1991-жылы элдик театр түзүлүп, 2006-жылы анын базасында Баткен облосттык музыкалык драм театры ачылды. Бул учурда облосттык маданият башкармалыгын башкарган Нууман Сайдуллаевдин, Апаз Жайнаковдун эмгектик салымдары чоң болгон.

Бүгүнкү күндө районубуздун аймагында 15 айылдык маданият үйлөрү бар. Балдар музыкалык мектебинин Кара-Булак жана Самаркандек айылдык филиалдары ачылды. Айылдык маданият үйлөрүндө даталуу майрамдарга карата ар түрдүү кечелер, оюн-зооктор уюштурулат. Таланттуу жаштардын ийримдери иштейт. Кез-кезде өздүк көркөм чыгармачылык боюнча жарыштар өткөрүлөт.

Райондо 1966-жылы 6 клуб, 20 китепкана, 8 көчмө клуб болсо, 1970-жылы райондук маданият үйү, музыкалык мектеп, 12 айылдык клуб, 4 авто клуб, 23 китепкана элге кызмат кылган. Китепканалардагы китептердин саны 104347ге, китеп окуучулардын саны 15568 адамга, кинофильм көрүүчүлөр 328 миң адамга өскөн.

Азыркы учурда 2014-жылга карата Баткен райондук борборлоштурулган китепканалар тармагында 255, 670 даана китеп бар. Анын ичинен райондук китепканада 51516, Балдар китепканасында 22690, айылдык китепканаларда 181470 даана китеп бар окурмандардын саны 19530 жеткен. Китеп билим булагы дегендей окурмандар китепканалардагы ар түрдүү жанр, стилдеги китептерди окуп билимин терендетип келүүдө. Китепканаларды түзүү жана аны талапка жараша өркүндөтүү боюнча райондун көптөгөн уул-кыздары эмгектенишкен. Алсак, Токсонова Мария, Жумаев Тажибай, Айжигитова Тажиниса, Матраимова Калча, Кадыралиева Кулира, Камчибекова Мээрбан көп жыл бою ушул тармакта иштешкен. Жетекчилерден Гоксонова Мария, Бейшеев Абдылас, Пирматова Гүлсунбүбү, Султанова Асемкан сыяктууларды сыймык менен атоого болот.

## РАЙОНДУК СТАТИСТИКА БӨЛҮМҮ



Бүгүнкү күндөгү жетекчиси Садиров Бакытбек Бостонович 1978-жылы туулган, билими жогорку, экономист-менеджер.

Областтык статистика башкармасынын ««Ардак Грамотасы»», Баткен областтык мамадминистрациясынын губернаторунун ««Ардак Грамотасы»» жана Улуттук статистика комитетинин төрагасынын «Ардак Грамоталары» менен сыйланган.

Баткен райондук статистика бөлүмү 1934-жылы район түзүлгөндөн кийин райондук кеңештин алдындагы бөлүм

кагары ишин баштайт. Райондун колхоздорунан эсеп, учет боюнча маалыматтарды алып жалпылаштырган. Ал маалыматтар партиянын райкомуна, жогорку органдарга берилип турган.

Алсак, 1935-жылдын жыйынтыгы боюнча Баткен районунун саясий-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн кыскача маалыматы бар. Анда райондун аймагы 4225 кв. км калкынын саны-19446. Анын ичинен колхозчу-11639. Кедей-кембегал 1334, орто дыйкан-5371, кызматкер-86 адам деп көрсөтүлөт. Андан ары айылдык кеңештер, мектептер, мал чарбачылыгы ж. б. маалыматтар көрсөтүлгөн. Демек, ушул маалыматтарды статистика кызматкерлери алып барган.

Райондук статистика бөлүмү өзүнчө бөлүм болуп түзүлгөндөн кийин анын жетекчилери: Маккамбаев Расул, Алтымышов Ураим, Вахидова Лиля Шариповна, Жумабаев Малик, Кенжеев Акылбек, Жээнбеков Алишер, Матемиров Тойчубек, Мурзакматов Сапарали, Эргешов Мурзакмат, Мидинов Шерали.

Алтымышов Ураим, адистиги боюнча агроном. Баткен районунда биринчи жогорку билимдүү адис болгон. Маккамбаев Расул, Жумабаев Малик райондук статистиканын ишин оңдоп, жогорку денгээлге көтөрүүдө көп эмгек сиңиришкен. Жумабаев Малик 20 жыл райстатты башкарган. Иштемчил, билимдүү ары адамгерчиликтуу кызматкер болгон. Мидинов Шерали стат бөлүмүн жетектөөдө жигердүүлүктү, иш билгиликти көрсөткөн. Эргешов Мурзакмат райстатта бир нече жыл иштеп жүрүп, Баткен областы түзүлгөндө областтык статистика башкармасынын начальниги кызматына которулган. Бул кызматта 15 жылдан бери иштеп келе жатат.

Ал эми райондун статистика бөлүмүндө Зайналов Гыламидин, Абдиллаев Сайпилла, Султанмуратова Минавар көп жыл бою бир жерде, статистика ишинде эмгектенип келишти. Зайналов Гыламидин 1975-жылдан бери статтагы кызматтык милдетин кабагым-кашым дебей кынтыксыз аткарып келүүдө. Анын көп жылдык жемиштуу эмгегин жогорку бийлик баалап, сыйлыктарды берген. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин ««Ардак Грамотасы»», Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин. Кырыгз ССР

Министрлер Советинин, Кыргызсовпрофдун жана Кыргыз АКСМ БКнын СССРдин 70 жылдыгына карата ««Ардак Грамотасы»», Кыргызстандын профсоюздарынын федерациясынын Президиумунун төрагасы К. Осмоновдун колу менен ««Ардак Грамотасы»» жана Баткен областтык, Баткен райондук мамадминистрацияларынын «Ардак Грамоталары» менен сыйланган.

Райондук статистика бөлүмү 1959-жылы 15-январда райондогу калктын саны боюнча каттоо жүргүзүп, жыйынтыктаган. Алсак, 1-январь 1959-жылга карата райондо 18029 адам жашаган. Алардын 8811и эркек, 9308и аял болгон. Ушундай эл каттоо жумуштары да райстаттын кызматкерлери тарабынан чыгарылган.

Ал эми 2014-жылдын 1-январына райондун калкы 86347 адамды түздү. Алардын 43937 и эркек, 42410 у аялдар.
2013-жылдын 31-декабрына карата Ири мүйүздүү малдардын саны 27392, алардын 14982си уйлар, 49157 койлор, 67079 эчкилер жана 55438 уй канаатуулары. Ал эми ири мүйүздүү малдардын ичинде «Топоз-Баткен» мамлекеттик чарбасынын 773 топозу бар.

2014-жылдын январынан баштап айыл аймактарындагы чарба китепчелерин Норвегиялык проектин эсебинен алты компьютер алып берип электрондук «Айыл» прогаммасына өткөрүлгөн. Бул маалымат тутумунан айыл аймагында жашаган элдердин саны, жаш курагы боюнча, малы, үлүш жерлери, тамарка, техникалары, ПИН коддору жана паспорт сериялары камтылган маалыматтарды тапса болот.

Азыркы учурда статистикалык маалыматтарды топтоо, сактоо жана коргоо, райондун социалдык-экономикалык абалын мүнөздөөчү айлык, чейректик, жылдык докладдарды. экспресс-чыгууларды, статистикалык жыйындарды, аналитикалык материалдарды ж. б. даярдашат. Дагы көптөгөн жумуштарды аткарышат.

## РАЙОНДУК ЭЛЕКТР ТАРМАГЫ. (РЭС)



**РЭСгин башчысы К. Маркаев**

Баткен районунун түзүлгөндөн кийин борбордуу электр жарыгы менен камсыз кылуу маселеси каралган. 1934-жылы райондук электр тармагы түзүлөт. Алгачкы учурда агрегат аркылуу андан кийин Өзбек ССРинин Шорсуу айылынан, кийинчерээк Исфара шаарынан Баткенге чейин мамылар орнотулуп, зымдары тартылган. Мекеме, уюмдарга элге электр жарыгы берилген. Бирок, үзгүлтүк менен жалпы пайдалануучуларга жеткен эмес. Согуш бүтүп, калыбына келтирүү мезгилинде электр жарыгы менен камсыз кылуу колго алына баштаган. Баткен, Кара-Бак, Бужум, Кара-Булак, Кара-Тотой, Кызыл-Жол, Самаркандек айылдары электрлештирилген.

1966-жылы 16-февралда эмгекчилер депутаттарынын Баткен райондук актаруу комитети, «Баткен районун электрлештирүү, радиолоштуруу жана телефондоштуруу, газдаштыруунун жана райондук чарбалар чарбалык эсептин негизинде титулдук тизмесин түзүү жөнүндөгү №166 чечимин кабыл алат. 1967 жылы Базар башы айылында 134 үй, Булак-башыда 49 үй, Кыштутта 57, Актурпакта-40, Зарташта 25 үйгө электр жарыгы киргизилет. Ошондой эле Рават совхозундагы Самаркандек, Ортосай, Паскыарык, Карабак айылдарына электр жарыгы жеткирилген.

Кыргыз ССРинин Министрлер Совети 1968-жылы, 1971-жылы Кыргыз ССРинин колхоз-совхоздорунун аймагындагы айылдарды электрлештирүү токтомдорунун негизинде Баткен районунун электр жете элек айылдары мекеме-ишканалар, мектептер. Чарбалардын сүт-товар орермалары коргоо-сарайлар гараж ж. б. обектер туташ электрлештирилген. Кала берсе Дара өрөөнүнүн алыскы айылдарына чейин электр жарыгы жеткирилген.

Караев Абдилаким, Кудайбердиев Кадыр, Сулайманов Самат, Осмонов Аззам, Акматов Улукбек, Маркаев Каламбектер райондук электр тармагына жетекчи болушкан. Башкы инжинердик кызматта Бачкараева Татьяна Георгевна, Бабаева Аззам, Акматов Улукбек, Надиров Маматиса, Ражапов Акпарали, Акботоев Жолдоштор иштешкен.

Кудайбердиев Кадыр-1960-1988жылдарда РЭСтин начальниги болуп иштеген. Башкача айтканда, Кудайбекдиев К. электрикмантердон жетекчилик кызматтарда 28 жыл боюу үзгүлтүксүз иштеп келген. Районду туташ электрлештирүү, кубаттуулугун чыңдоо, кадрлар менен толуктоодо Кудайбердиев Кадырдын кошкон салымы эбегейсиз чоң.

Учурда Маркаев Каламбек РЭСтин жетекчиси болуп иштейт. Ош Технологиялык университетти бүтүргөн. Электромантер, диспечер, башкы инженер кызматтарын аткарган. Атасы Маркаев Ороз Боз-Адыр аймагында электрик болуп 40 жылдан ашык иштеген. Эл арасында кадырлуу адам.

Акматов Улукбек Палалооз айылында төрөлгөн. Айылда дизел агрегаты менен электр жарыгы берилер эле. Жаштайынан карангычылыктын азабын корогон. Ошондуктан электрик болуп, элге кызмат кылам деп максат койгон экен. 1988-жылы Канибадам техникалык техникумду бүтүргөн. РЭСте 1988-жылдын аягынан баштап электрик диспечер башкы инженер болуп иштейт. Ош технологиялык Университетин бүтүрүп инженер-электрик адистигин алган. Районду электр жарыгы менен камсыз кылууда чоң эмгек сарптап келе жатат. Азыр «Ош электро» ААКнун Баткендеги филиалынын директору болуп иштейт.

Райондун электр тармагында 30-40 жыл иштеп эмгек сиңирген кызматчы, Жумушчулар арбын Алардын катарына Осмонов Аззам, Акботоев Жолдош, Саттаров Курсан, Саитов Усон, Маркаев Ороз, Бердиев Манас, Надыров Маматиса сыяктуулар мыкты иштеп, эл алкышына сын- урматына татыктуу болушкан.

Райондун аймагына электр мамыларын тургузуп, зымдарын тартууда Баткенден Акботоев Жолдош, Саттаров Курсан, Ражапов Акпарали. Суу-Башы, Кыштут айылдарынан Маркаев

Ороз, Жапаров Аяз, Аманбаев Имат, Турсунбаев Ж. Эргешов Сулаймандардын эмгектери эбегейсиз.

1903-жылы РЭСтен Баткендеги электр кубатуулугун сатуу ишканасы (ОППРЭ) бөлүнүп, иш жүргүзө баштаган. Бул ишкана Акматов У, Осмонов Аззам жетектеген. Бирок мындай бөлүнүү натыйжа бербегендиктен кайрадан РЭСке бириккен.

Райондук электр тармагы жылдан жылга уюштуруу жана практикалык иштерин өркүндөтүп жатат. 2013-жылы 116 млн 800 мин КВТ-саат электр кубаттуулугун пайдаланган. Жалпы жооготуулар 15, 9 пайызды гана түзгөн.

Калктан 39 млн 931 миң сом акча жыйналган 2012-жылга салыштырганда ашыкча жыйналган салымдар 1 млн 395 миң сомду түзөт. Ар бир абонентке орто эсеп менен 332 КВТ же 233 сом туура келген. Башкача айтканда райондук электр тармагынын кызматкерлери электр кубаттуулугун үнөмдөө ыкмасын натыйжасына ашыкча маани берилет. Калктын калың катмары менен жакшы иш алып барып жатышат. Электр кубаттуулугун пайдалануучулардын маданияты жогорулап жеке жооптуулугу өскөндүгү булл кызматкерлердин көзөмөлдөө милдеттерин жакшы жүргүзгөндүктөрү менен түшүндүрүлөт.

Район боюнча 488 трансформатор бар. Анын ичинен РЭСтин балансында 324 даана мекеме-ишканалардын эсебинен 166 даана 10КВ жогорку чыңалуудагы аба линиялары 474 км-ди 0, 4 КВ кичу чыналуудагы аба линиясы 360 км узундукту түзөт. Ошондой эле 35\10КВ жогорку чыңалуудагы 8 даана подстанция бар. Айгүл-Таш подстанциясы курулуп бүткөрүлгөн Аталаган электр түйүнүнүн эл аралык денгээлде мааниси чоң стратегиялык жактан келечеги кең. Анын ачылышына мурдагы президент Бакиев. К. С. катышкан. РЭСтин жумушчу-кызматкерлери аталган подстанцияларды мезгили менен кароодон өткөрүп ремонт иштерин жүргүзүп турушат.



**Баткен райондук мам. администрациясынын алдындагы резервдик ротасы**

## БАТКЕН КООГАЛАҢЫНЫН КЕСЕПЕТТЕРИ (1999-2000-Ж. Ж.)

Исламдык экстремисттик адамдардын тобу 1999-жылы 30-июлда Тажикистандын Жерге-Тал району менен чектешкен Жылуу-Суу аймагында пайда болот. Дары суунун профилакториянын башчысы Амиралиев Аззамдын айтуусу боюнча 17 боевик кечинде келишип, тамак ичишип, намаз окуган дан кийин кетишет. Алар өзбек тилинде сүйлөшкөн.

1999-жылдын 31-июлдан 5-августуна чейин согушчандар ар кайсы жерлерден көрүнө башташат. Жоош момун болуп көрүнүшөт. Тамак-аш даярдоо жана тамактандырууну суранышат. Акчасын алдын ала берип жүрүшөт. Орус, өзбек тилинде сүйлөшөт. Мындай кабарды уккан райондук укук коргоо бөлүмдөрүнөн жана жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү барып согушчандар менен байланыша башташат. Баткенге Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин башкы штабынын башчысы, улуттук коопсуздук комитетинин, ички иштер

министрлигинин башчыларынын орун басарлары келишет. Боевиктер менен сүйлөшүүгө аракеттенишет.

5-августта Баткен районунун акими А. Маматалиев, УМНБнын райондук бөлүмүнүн башчысы мин. оборондун экинчи офицери согушчандар лагерине аттанышат. Бирок, алар туткундалып калышат, эртеси бешим ченде тажик чек арасы тараптан келген куралдуу согушчандар Кожешкенге, Зардалы кыштактарына басып киришет. Кийинки күнү Алтын Жылгадагы япониялык геологдордун конушуна кол салышат, 4 геологду, котормочуну ошол эле күнү генерал-майор А. Шамкеевди жана 1 жоокерди кармап алып кетишет. Экстремисттердин куралдуу аракеттеринен чочулаган Роут, Палал, Кан, Сары-Талаа, Авгол айылдарындагы жаш карылар Чек, Жаны-Жер, Кыштут, Таян айылдарынын калкы Баткенге алынып келинип жайгаштырылат. Тамак-аш менен камсыздандырылат. 25-августта экстремисттер Роут айылына кирип келишет. Палалдагы көпүрөнү жардырып керектен чыгарышат. Зардалыда Карабак айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Тайлаков Тажибайды, РОВДнын инспектору Шадыбеков Касымды атып өлтүрүшөт.

Экстремисттер райондун аймагына өткөндөн баштап, республика боюнча коргонууну күчөтүү боюнча даярдыктар күчөтүлөт. Райондун Зардалы, Дара аймактарында аскер бөлүктөрү жайгаштырылат. Жерди, элди коргоо, куралчан экстремисттерден коргоо күчөтүлөт. Запастагы офицерлер, авган согушунун катышуучулары өз ыктыярлары менен келишип, аскер бөлүктөрүндө кызмат өтөшкөн. Республиканын бардык тарабынан тамак-аш, азык-түлүктөр, акчалай жардамдар келген. Дара өрөөнүнөн 3 жарым минге жакын адам өз үйлөрүн таштап качышкан. Булардын бардыгы азык-түлүк, жай менен камсыз болуп турушкан.

23-24-августтун түнү Алтын-Жылга аймагында 60-100гө жакын куралчандардын отряды Ош УВДнын атайын даярдыктан өткөн кызматкерлери жана МВДнын ички войскасынын жоокерлери менен кагылышуу 4 саатка тан атканга чейин уланат. Биз тараптан бирөө каза болуп, 6 адам анын ичинде райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысы Султанов К. жаракат алат.

Экстремисттер көп жоготууга учурап, мизи кайтарылат.

Атайын билдирүүлөрдөгү көрсөтмөлөргө таянып айтканда жалпысынан 700 дөн ашык куралчандар болгон. Зардалыда 150 бандит турган. Жергиликтүү калкты кыйноого салган эмес. Бирок кетирбей кармап турушкан. Чоң базасы Кожешкенде (400 бандит) жайгашкан. Ушул жерде туткундарды кармап турушкан. Жалпысынан чек арадагы лагерде 1000 ге жакын бандит болгон.

17-октябрдын түнүндө 150-200 чамасындагы бандиттер Сырт айылындагы блокпостогу улуу лейтенант Исмаилов Жумабектин взводуна кол салышкан. Блокпостту жарып Өзбекистандын Сох анклавына өтүп кетүүнү пландаштырышкан. Биздин жоокерлердин билгичтик тактикасынын негизинде кагылышууда ондогон бандиттер өлүп, жарадар болушкан. Үч-талаа командири өлгөн. Анын ичинде куралчандар отрядынын командири Юлдашев Абдували да өлгөн.

20-21-сентябрда Сырт, Газ айылдарындагы аскер отряддарына кол салышат. Жергиликтүү жашоочулардан туткундап алып кетишет. Ат, эшектерди, азык-түлүктөрүн тартып алып, жүктөрүн жүктөп улоо катары пайдаланышат. Газ айылынан Нажимидинов Садирдин айтуусуна караганда туткундап алгандарды Зардалыга баргандан кийин бошотушкан. Сай айылынын тургуну Абдуллаев Кочкорбайдын айтымында өзүнүн атын жана башкалардын Гороту жайлоосундагы ондогон ат, эшектерди алып кетишкен.

Республиканын коопсуздук Советинин катчысынын билдирүүсүнө караганда 1999-2000-жылдардагы Баткендеги коогаланда 120 террорист өлтүрүлүп, 200 дөн ашыгы жарадар болгон. Көптөгөн курал-жарактар алынган.

Коргоо министрлигинин эсеби боюнча республиканын түштүгүндө 1999-2000-жылдарда болгон коогаланга аскер кызматчыларынан, бөлүктөрдөн, коргоо министрлигинин мекемелеринен, күч органдарынан ж. б бирикмелерден 5861 адам катышкан. Анын ичинен кыска мөөнөткө кызматка чакырылгандар - 5616, ДРАнын катышуучулары – 94, күч органдарынын пенсионерлери – 164 адам. 78 адам каза болуп, 10 адам майып болуп калган. Баткен окуясында каршылыкты жоюу үчүн коогаланга

катышкандардын 80 пайызын Коргоо министрлиги тарабынан жөнөтүлгөн.

Баткен коогаланынын себеби эмнеде, ислам куралчандары эмне үчүн ушул чөлкөмдү, ушул багытты тандап алышты?
Анткени алардын башкы максаты – бул багыттын наркожолго ыңгайлуулугу. ушул багыт боюнча өз товарларын Россияга, Европага оңой өткөрүп кетүү, жаңыдан түзүлүп жаткан эгемендүү өлкөлөрдүн бийлик өкүлдөрүнө исламдын саясатын таңуулоо болгон.

Бул аймакты тандап алуунун дагы бир өзгөчөлүгү анын географиялык жактан Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстандын б. а. үч республиканын тогошкон жери. Баткендин Зардалы аймагынан Тажикстандын Варух, Өзбекстандын Сох анклавтарына өтүүгө ыңгайлуулугу.

Мындай көркоорлук аракеттерге райондун эле эмес бүткүл кыргыз эли каршы көтөрүлүштү. Республиканын куралдуу күчү, ички иштер министрлиги, аскердик мекемелер кыска мөөнөттө ыкчамдык менен экстремисттерге каршы күрөшүштү. Республиканын баардык жеринен, Россия жана башка мамлекеттер тарабынан гуманитарадык жардамдар жеткирилди. Качкын аталган адамдарга баардык шарттар түзүлдү. Кыска мөөнөттө райондун аймагынан боевиктер сүрүп чыгарылды. Мекенди сүйүү, ынтымакчылык, тууганчылык, бири-бирин сыйлоо духу кызыл желеги бийик көтөрүлдү.

## Акыркы кат



**Бул катты жазган Карабак айыл өкмөт башчысынын орун басары Тажыбай Тайлаковдун акыркы сураныччы орундалбай жарык дүйнө менен кош айтышкан. Генералдар Исмаил Исаков менен Калмурат Садиевдерге чейин жетип, элдин арызынын билдиришти.**

Үй-ичиңиз, эл-журт менен тынчпысыздарбы? Акжол! Зардалынын элинин атынан өтүнүч сураймын. Зардалыдагы куралдуу күчтөрдүн бирин дагы калтырбай алып кетип калышты. Зардалыда жашаган эл дагы эле Кызыл-Булакта жашап жүрүшөт. Шудман өрөөнүндөгү адамдардын буюмдары, азык-түлүктөр таланып кетти. Азыр душмандар жеп, талкалап, каалагандарын жасап жатышат. Ошондой эле Зардалыда жашаган 107 кожолуктагы 434 адам өтө коркунучта калды. Эл бийликтегилерге өтө наарazычылыгын билдирип, биздин адреске да өтө катуу айтып жатышат. Коргондун үстүндө мен, Акмурза, дагы 2 милициядан башка адам жок. Сизден сураныч, биздин акимге маселе коюп, куралдуу күчтөрдөн бир ротаны же укук коргоо органдарынан жибериңиздер. Биздеги ахыбал өтө оор. Себеби, 2-3 күндүн ичинде душмандар келип, Зардалынын элин бүт бойдон заложник кылат деген сөздөр болуп жатат. Дагы айтаар сөз, Зардалыдан солдаттарды алып кетип жатканда Акмурза экөөбүз Исаков, Садиев генералдарга кирип элдин тагдыры, коопсуздугу эмне болот деп сураганыбызда, приказ болду. Бир дагы солдатты койбой алып кетебиз, эл өзүңөрдү өзүңөр коргоп алгыла, бул жерде постко солдаттарды коюу үчүн, аларга бюджеттен акча карап берүүсүн, элдин атынан президентке, депутаттарга арыз жазып кайрылгыла, биздин колубуздан эч нерсе келбейт деп жооп берди. Элдин атынан арыз жаздырып беришиңиздер керек экен. Элдин абалы оор, коопсуздук жагынан өтө коркунучта турушкан, элдин саат санап тиктеген жагы Шудман, Кызыл-Булак болуп калды деп **Т. Тайлаков**

Тажибай Тайлаков 1941-жылы Баткен районунун Зардалы кыштагында төрөлгөн. Зардалы башталгыч мектебинде 4 жылдык билим алгандан кийин, Баткендеги В. И. Ленин орто мектебин бүтүргөн.

Ош мамлекеттик педагогикалык окуу жайынын тарых факультетинде окуп, 1968-жылы жогорку билимге ээ болгон. Алгачкы эмгек жолун Кара-Бак орто мектебинде мугалимдик кесиптен баштаган. Кара-Бак айылдык кеңешинде жооптуу катчы, айылдык кеңештин төрагасы. Фрунзе совхозунун профсоюз комитетинин төрагасы болуп 10 жылга жакын иштеген. Фрунзе

шаарындагы Скрябин атындагы институтун сырттан окуп, зоотехник кесибине ээ болгон. 1980-жылы Фрунзе атындагы совхоздун партиялык комитетинин катчылыгына шайланып, 1992-жылга чейин иштеген. 1992-жылдан Кара-Бак айыл өкмөтүнүн төрагасынын орун басары кызматында өмүрүнүн акырына чейин эмгектеип келген.

Тайлаков Тажибай окуучуларга татыктуу тарбия, терен билим берүүдө, өзүнүн мыкты педагог экенин корсөткөн. Педагогикалык жамаат менен бирдикте, ата-энелер менен тыгыз байланышта иштөө менен кадыр баркка жетишкен.

Ал эми профсоюздук, Советтик, партиялык кызматтарды кынтыксыз, жоопкерчиликти жогору коюу менен эмгектенген. Айылдык кеңешке, Баткен райондук кеңешине депутат, Баткен райондук партия комитетинин конференцияларына делегат болуп, партиянын Баткен райкомунун плениумунун мүчөлүгүнө шайланган. Мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болгон.

Тайлаков Тажибай совхоздо парткомдун катчысы кызматын аткаруу менен, коммунистердин авангарддык ролун жогорулатууга айрыкча маани берген. Бригадир Байназаров Б. чабан, Маматалиеыв Ж. саанчы, Абдуллаева П. сыяктуу эмгек каармандары коммунистер активдүүлүктү көрсөтүшкөн.

1999-жылдын 2-жарымында Кожошкен, Зардалы, Дара аймактарында экстремисттик топ басып кирген чакта, Тажидин Тайлаков айыл өкмөтүнүн төрагасынын орун басары катары Зардалыда жашаган элдин бейпилдиги үчүн тайманбай күрөшкон. Адамдарга бел болуп, таянган тоо болуп, сабырдуулукка чакырган. Күндөлүк турмуш тиричилигине кам көргөн. Экстремисттер менен сүйлөшүүлөргө барып, бейажал өлүмгө, кан төгүүгө жол бербөө үчүн иштерди жүргүзгөн. Кала берсе Зардалыдан солдаттарды алып кетип жатканда, генералдар Исмаил Исаков менен Калмурат Садивге кайрылып, Зардалыдагы калкты коргоо үчүн, солдаттарды калтырууну өтүнгөн. Баткенден кайра Зардалыга барып, 400дөн ашык адам менен бирге болгон, эл үчүн каны жанын аябай, жүрөгүн окко тосуп элди коргогон. Акырында сепаратисттердин огунан каза болгон. Тайлаков Т. эл баатыры, эр жүрок инсан.

Быйыл аталган Баткендеги сепаратисттер менен болгон

коогаланга 15 жыл болот. Райондун бийлиги жалпы коомчулук ындагы кесепеттерди Тажибай Тайлаков сыяктуу, окко учкандарды эскеришет.

Тажибай Тайлаков 3 уул, 4 кызды тарбиялап өстүргөн. 2 кызы жана 1 уулу жогорку билимдүү. Ал эми эн кенже баласы Динмухамед Ош шаарындагы Ниязаалы Борошов атындагы музыкалык колледжинде билим алууда. Жакында атасы Тайлаков Тажибайды эскерүү концерт кечесин өткөрдү. Динмухамед Рыспай Абдыкадыровдун ырларын эн сонун аткарат.

**Баткен окуясында курман болгондордун тизмеси:**

1. Бекбалаев Сагынбек Тентимишович- полковник, Нарын облусу, Кочкор айылы
2. Бейшебаев Улукбек Саттарович – майор, Ош шаары,
3. Маматкулов Сайнабидин Эргешович – майор, Токтогул району, Карасуу айылы,
4. Субанбеков Жылдызбек Алтынбекович – майор, Талас облусу, Карабуура району,
5. Райымбеков Бейшенбек Жакшылыкович – капитан, Нарын облусу, Минкуш поселогу,
6. Самасков Руслан Густамович – капитан, Бишкек шаары,
7. Кушбеков Кубанычбек Нурбекович – ага лейтенант, Ысыккөл облусу, Оргочор айылы,
8. Заярко Руслан Николаевич – ага лейтанант, Нарын шаары,
9. Голубев Владимир Викторович – лейтенант, Бишкек шаары,
10. Бурханов Данияр Абдуманапович – лейтенант, Анжиян облусу, Кожабат району
11. Алмабеков Бакыт Бабаканович - лейтенант, Ыссыккөл району, Чоңөрүктү айылы,
12. Эрмеков Шайырбек Абдырасулович – кенже лейтенант, Өзгөн району, Куршаб айылы,
13. Сайпидинов Курсанбек Орозалиевич – прапоршик, Ош шаары,
14. Осмонов Туратбек Жумалиевич- ага сержант, Ысык-Ата району, Туз айылы,
15. Анарбаев Жолмат Каюмович – ага сержант, Баткен району, Рават айылы,

16. Саматов Куштарбек Мухтарович – сержант, Майлусуу шаары,
17. Эсенбеков Ишеналы Абылович – сержант, Аксуу району, Жанырык айылы,
18. Балтабаев Медербек Абдылдаевич – сержант, Аксы району, Аксуу айылы,
19. Аржыманов Рустам Асланович – сержант, Ош шаары,
20. Кучербаев Зайирбек Умарович – сержант, Майлусуу шаары,
21. Турдубеков Урмат Керимкулович – кенже сержант, Аксуу району, Зенден айылы.
22. Никитушкин Владимир Геннадьевич – кенже сержант, Ысыката району, Новопокровка айылы,
23. Мамырканов Эржан Зарлыкович – кенже сержант, Түп району, Маяк айылы,
24. Абдыкожоев Кубат Жалилович – кенже сержант, Жумгал району, Куйручук айылы,
25. Дүйшөбаев Аваз Асанакунович – кенже сержант, Түп району, Карасуу айылы,
26. Мухамедов Асылбек Абдувалиевич – кенже сержант, Бишкек шаары,
27. Доминов Алижан Асанакунович – ефрейтор, Майлусуу шаары
28. Тайлаков Тажибай - Кара-Бак айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары
29. Шадыбеков Касым - Баткен райондук ички иштер бөлүмүнүн инспектору



**Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын эмгек жамааты**

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДА ЭРИШИЛГЕН ИЙГИЛИКТЕР

1991-жылы Кыргыз Советтик Социалистик Республикасын СССРдин курамынан бөлүнүп, өз алдынча Кыргыз Республикасы болуп түзүлдү. Кылымдар бою энсеген максаттарына жетти. Республика эгемен мамлекет болуп калды. Ушуга байланыштуу мамлекеттик башкаруу түзүлүшүн, айыл чарбасын жана оор өнөр жайын жана башка тармактарын реформалоо маселеси келип чыкты.

Кыргыз Республикасынын президентинин жер реформасын ишке ашыруу жөнүндөгү 1994-жылы кабыл алган мыйзамынын негизинде Баткен районундагы В. И. Лениндин 100 жылдыгы, Фрунзе, 1-Май, Төрт-Гүл, Советтик Кыргызстан Аксай атындагы совхоздору, "Москва" колхозу, Кызылбел

адистештирилген атайын чарбасы жоюлду. Алардын ордуна Баткен, Самаркандек, Карабак, Карабулак, Төрт Гүл, Дара, Суу Башы, Кыштут айыл өкмөттөрү түзүлдү. Кийинчерээк Самаркандек айыл өкмөтүнөн Актатыр, Аксай бөлүнүп өз алдынча айыл өкмөтү болуп калышты.

Колхоз-совхоздордун базасында 432 жеке чарбалар, 11 фермердик, 259 дыйкан чарбалары, 7 айыл чарба кооперативдери түзүлдү. Огрардык реформага ылайык мамлекеттик жер аянттары, коомдук мал, айыл чарба техника шаймандары, айыл өкмөттөрүнө, элге бөлүнүп берилди. Ошондой эле райондогу айыл чарбасын тейлеген "Кыргызселхохтехника", автобаза, ветстанция, малдарды уруктандыруучу мекеме реформаланып, окционердик коомдорго жана жеке адамдардын колуна өткөрүлдү. Райондук керек жарак коому, элди турмуш тиричилик жактан тейлөө комбинаты мурдагыдай элге кызмат көрсөтүүнү толук камсыз кыла албай, бул кызматтарды жеке ишкерлер колго алып, иштеп жатышат.

2001-жылга карата жеке чарбалар 4530 га, фермерлер 21, дыйкан чарбалары 365ке оскон. Райондук май заводунун ордуна 9 чакан ферма уюштурулду. 1 эчки, 1 топоз, 10 кой өстүрүүчү фермердик чарбалар иштеген. Район боюнча айдоо аянтынын жалпы көлөмү 14483 гектарды түзгөн. Анын ичинен сугат жер 9424 га, кайрак 4959га, бак-дарактар 3991га(анын ичинен жүзүм 569га) гектар болгон. 7195 тонна эт, 19021 тонна сүт, 2005 тонна жун өндүрүлгөн.

110555 тонна буудай, 872 тонна тамеки, 3174т жашылча, 2790т мөмө жемиш жыйналган.

Жергиликтүү телекомунациянын 2500 обоненти болгон. АТСК 504200 декадалык, кадемдик УАТС-49 тибиндеги станциялардын жабдууларына негизделген райондук жана айылдык телекөрсөтүүлорду чагылдырган станциялар, телефондук бөлүмдөр иштеген.

Электр кубаттуулугу менен камсыз кылуу көйгөйлөрү чечилген. 545 км ЛЭП -10 кв, 341 км ЛЭП, 0, 4 кв болуштуруу станциялары иштер турган. Райондук коммуналдык чарба башкармалыгы тарабынан 7 артизандык скважина, 1 электр буу

казаны ишке киргизилип, райондун борборундагы калкты гейлеген. Каракол каналы реконструкцияланып, элди таза суу менен камсыз кылган.

Базар экономикасынын талабына ылайык калк жыш жайгашкан Самаркандек, Карабак, Бозадыр, Кызылбел сыяктуу 6 айылда базарлар иштеген. Баткен базары кеңейтилип курулган. 4000 соодо оруну, 35 соода туйуну элге кызмат кылган. 1999-жылдын аягында товар жүгүртүүнүн көлөмү 71, 1 млн сомго, калкка кызмат көрсөтүү 17, 7 млн сомго жогорулаган.

Баткен районунун аймагында 2013-жылда бардык социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр мурдагы жылга салыштырмалуу жогорулады. 2012-жылда ички региональдык дүң продукциянын көлөмү 4 млрд 919 млн 700 мин сомду түзгөн болсо, 2013-жыл ичинде 5 млрд 604 млн 100 миң сомду түзүп, мурдагы жылдын деңгээлине салыштырмалуу 113. 9 пайызга, же 684. 4 млн сомго өскөн.

Район боюнча 2012-жылдын жыйынтыгы менен өнөр-жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү 27, 6 млн сомду түзгөн болсо, 2013-жылдын жыйынтыгы менен 48, 2 млн сомду түзүп, 174, 6 пайызга аткарылган. 2014-жылга райондун өнөр жай продукциясынын көлөмүн жогорулатуу максатында райондун аймагындагы Актатыр айыл өкүмөтүнүн Тизгенташ көмүр кенин ачуу. Самаркандек айыл өкүмөтүндөгү “Азаматкен” көмүр кенин. Төрт-Гүл айыл өкмөтүндөгү “Глобал Алко” ишканаларынын кубаттуулугун жогорулатып башка өнөр жай ишканаларынын ишин жандандырып, жаңы өнөр жай ишканаларынын санын көбөйтүү милдети турат.

Чекене товар жүгүртүү 2012-жылдын жыйынтыгы менен 1 млрд 208 млн 200 сомду түзгөн. 2013-жылда 1 млрд 409млн 800 сомду түзүп, 116, 7 пайызга аткарылган. Акы алып кызмат корсөтүү 2012-жылда жыл 21. 2 млн сомду, 2013-жылда 27. 6 млн сомго жогорулаган.

Райондо салык жыйноо кызматы жылдан жылга өсүп жатат. Салык төлөөчүлөр да мыйзамдын негизинде иш алып барууну жолго коюп калышкан. 2012-жылдын 31-декабрына карата 54 млн 300 миң сом салык жана атайын төлөмдөр жыйналган. 2013-жылдын 31-октябрына карата мамлекеттик

казынага 115млн 400 миң сом салык жана атайын төлөмдөр жыйналып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 212, 5 пайызга аткарылган. Анын ичинен Республикалык казынага 2012-жылы 37. 2 млн сом чегерилген болсо. 2013-жылы казынага 64, 9 млн сом чегерилип. өткөн жылга салыштырмалуу 174. 4 пайызга аткарылган. Ал эми жергиликтүү казынага 39, 6 млн сом план бекитилип жергиликтүү бюджетке 50, 5 млн сом салык төлөмдөрү жыйналып, план 127, 5 пайызга аткарылган же пландан 10, 9 млн сомго көп жыйналган. 2012-жылы жергиликтүү бюджетке 17. 2 млн сом чегерилген болсо. 2013-жылы 50. 5 млн сом чегерилип, өткөн жылга салыштырмалуу 293. 6 пайызга аткарылган же 33млн 300миң сомго көп.

Капиталдык курулуш боюнча пландуу иштер жүргүзүлгөн. Жыл сайын капиталдык курулушка сартпталган акча каражаты көбөйгөн. 2013-жыл ичинде 1 млд 300 млн 818миң 400 сом жумшалып, план 134, 1 пайызды түзгон.

Инвестиция 2012-жылы 608млн 900 мин сомдук инвестиция тартылган болсо, 2013-жылы жалпы көлөмү 1млд 110млн 200мин сомго жогорулаган. Ушул жылы чет элдик инвестиция тартуу менен иштебей токтоп турган кендерди кайрадан иштетип жаны кендерди изилдөө иштери жүргүзүлүп, райондун экономикасын көтөрүүгө шарт түзүлгон.

ЮНИСЕФ жана ЮСАИД уюмдары менен тыгыз иш алып баруунун жана айыл өкмөттөрүнүн жигердүү иш аракеттеринин натыйжасында быйылкы жылы жаңыдан 5 айылга (Жаңырык, Бужум, Чоң-Кара, Кара-Бак, Сай) балдардын билим берүү борборлору уюштурулуп, керектүү эмеректер, окуу куралдары менен камсыз болуп 518 бала тартылып, мектепке чейинки мекемелердин саны 26 жетти. 2 мектеп 6 ФАП курулуп, 1мин 697 жумуш орундары түзүлдү. Мындан сырткары, жалпы суммасы 74 000 $ келишимдин негизинде 18 балдар бакчаларынын котельныйларына айыл өкмөттөрүнүн эсебинен 1, 5 млн. сом жумшалып жылытуу системалары пайдаланууга берилди.

Кытай республикасынын "Камалан инвест" компаниясы тарабынан социалдык обьектилерди куруу боюнча Дара айыл өкмөтүнө 3 млн. сом. акчалай, көпүрө куруу үчүн 2млн.

500 миң сом, Кыштут айыл өкмөтүнө 1млн сом. Кара-Булак айыл өкмөтүно 1млн сом акча каражаты бөлүнүп берилген, Андан сырткары Дара айыл окмөтүнүн Кан айылынын орто мектебинин имаратын жаңыдан куруу үчүн 42, 0 млн сом акча каражаты бөлүнүп, мектепти куруу иштери башталган Самаркандек айыл окмөтүндөгү "Азамат-Кен" ЖЧКсы Кытай Республикасынын Инвесторлору менен биргелешип, 94. 0 млн сомдук инвестиция тартып көмүр кенин ишин жандандыруу боюнча иш жүргүзүүдө.

Ошондой эле Ак-Сай айыл өкмөтүндө селден коргоочу дамба куруу үчүн 2млн 350 миң сом, Ак-Татыр айылындагы жолдорду жарыктандыруу боюнча 470 миң сом, Ак-Сай айыл өкмөтүндө Уч-Добо айылындагы балдар бакчасынын айланасын тосуу үчүн 470 мин. сом Ак-Сай айылынын таза суу боюнча 470мин сом, Самаркандек айыл өкмөтүндөгу Самаркандек айылынын Таза-Суу боюнча 470мин сөм, Кыштут айыл окмөтүнүн Таян айылындагы каналдарды ондоо үчүн 1млн 496 мин сом, Төрт-Гүл айыл өкмөтүндөгу Чоң-Талаа айылынын лотокторун ондоо үчүн 1млн 496 мин сом. Акча каражаты бөлүнүп, ондоп түзөө иштери бүткөрүлгөн.

Кредит 2012-жылы 2 605 жаранга 168 млн 20 мин сомдук кредит берилген. 2013-жылы 2 763 жарандар 223 млн 100 мин сомдук кредит алган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн бөлүнгөн үстөгү 10 пайыздык кредиттен биздин район боюнча 249 дыйканга, көлөмү 54 млн 940 мин сомдук жеңилдетилген кредит алышты, башкача айтканда былтыркы жылдын ушул мезгилге салыштырмалуу 12 млн 26 мин сомго көп жеңилдетилген кредит алган.

Район боюнча 2013-жылда фермер, дыйкандар жана жеке чарбалар тарабынан 2 млрд 817млн 700 миң сомдук айыл чарба продукциялары өндүрүлгон.

Райондо 2013-жылда 8723 га айдоо аянтына айыл чарба продукциялары эгилип, өткөн жылга салыштырмалуу 222 га айдоо аянтка көп эгилди. Бул жерлер негизинен мурдагы жылдары пайдаланбай келген жер аянттарынын жана кайрак жерлеринин эсебинен кошулган.

Райондун аймагында 2013-жылы 2240 га күздүк буудай,

1976 га жаздык буудай, 1061 га жаздык арпа, 1891 га дандык жугору, 259 га күрүч, 398 га дан буурчак, 295га май өсүмдүгү, 326га картошка, 160 га жашылча, 10 га тамеки, 40 га кара тамеки жана 103 га аянтка көп жылдык чөпттөр өстүрулгон. Райондукн аймагында 2013-жылда бардык дан 20 951 тонна өндүрүлгон.

Райондо 2013-жыл ичинде фермерлер жана жеке чарбалар тарабынан 5мин 922 тонна эт, 18мин 889 тонна сүт, 3млн 818 мин даана жумуртка, 11, 7 тонна жүн өндүрүлгон.

Райондун суу чарба башкармалыгына элди суу менен камсыз кылуу боюнча чоң милдеттер жуктологон. Жыл сайын 117-120 млрд суу таркатылып берилип турат. 2013-жылда Баткен райондук суу чарба башкармалыгы сугат мезгилинде суу пайдалануучулар ассоцациялары менен түзүлгөн келишимге ылайык 117 млн 550 миң кубометр сугат суу берилген. Акчалай кызмат көрсөтүү 1 млн 14 мин 282 сомду түзгөн.

Электр кубаттуулугу 2013-жыл ичинде пайдалануу үчүн 113млн 700 мин кВт-саат план берилген. 116млн 800 мин кВтҮсаат пайдаланылган. Башкача айтканда 3млн 100мин кВт - саат ашыкча пайдаланууга жол берилген. Жалпы жоготуулар 2013-жылы 15. 9 пайызды түздү. Анын ичинен техникалык жоготуу 15. 9% түзүп, коммерциялык жоготуу болгон эмес. Район боюнча 488 даана трансформатор бар, анын ичинен РЭТинин балансында 324 даана, 166 даанасы мекеме ишканалардын карамагында, 10 кВ жогорку чыңалуудагы аба линиялары 474 км, 0, 4кВ кичи чыналуудагы аба линиясы 360 км түзөт. Ошондой эле 35Ү10кВ жогорку чыналуудагы 8 даана подстанциялары бар.

Райондун аймагындагы жолдорду пайдалануу 19млн 211 миң сомго жогорулаган. Анын ичинен: капиталдык оңдоого 6млн 700 миң сом, кезектеги ондоого 8млн 300миң сом, бөөдө кырсыктарды жоюуга 244мин 300 сомдук жумуштар аткарылган. Ош-Исфана жолунун 212-214 чакырымына 3млн 600мин сом, 223-224 чакырымына 3млн 100 миң сомдук акча каражаты жумшалып, жолго кара шагал төшөлгөн.

Кезектеги оңдоо иштерине 8 млн 275миң 200 сомдук акча каражаты жумшалган. Ош-Исфана жолу боюнча 4 млн 589 мин сом. Бужум- Баткен-Исфара жолу боюнча 815миң 700 сом.

Баткен-Чоң-Гара жолу боюнча 740миң 300сом, Айгүлташ-Согмент-Таян жолу боюнча 331 миң 300 сомдук жумуштар аткарылган.

Райондун аймагында жалпы 52 мектеп өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө, анын ичинен 37 орто, 3 толук эмес орто, 3 гимназия жана 9 башталгыч мектептери. Аларда 16 249 окуучу билим–тарбия алууда. Балдар жана өспүрүмдөр спорт клубунда 826 бала спорттун 9 түрү боюнча машыгышып, балдар чыгармачылык үйүндө 376 өспүрүм 15 ийримде тарбияланышат.

18 бала бакчаларга жылытуучу системалар орнотулуп, 8 145 824 сом акча каражаты жумшалган. Жалпы бала бакчага тартылган балдардын саны -2161, тарбиячылардын саны -75, жардамчы тарбиячылар- 39.

Жаңыдан жумушка кирген жаш адистерди колдоо аларга моралдык жана материалдык жардам көрсөтүү максатында 2008-жылыдан бери жаш адистерге райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан 500 сомдон жана билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин райондук комитети тарабынан 250 сомдон акчалай жардамдар көрсөтүлүүдө. Өткөн окуу жылында да мектепте иштеп жаткан 11 жана 15 жаңыдан окуу жайын бүтүп келген адистерге жогоркудай колдоолор көрсөтүлдү.

Саламаттыкты сактоо тармагында 1 үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору, Самаркандек жалпы дарыгерлер борбору, 11 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 32 ФАП элге кызмат көрсөтүшүүдө. 2013-жылы Кыштут айыл өкмөтүнүн Чарбак айылында жана Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн Келечек айылында ФАПтын имараты курулуп ишке киргизилген. Ал эми Швецариялык Кызыл Крест коомунун эсебинен Сары –Талаа, Кайынды, Бай Кара-Бак жана Жаны-Жер айылдарына жаңыдан ФАП курулуп пайдаланууга берилген. Ошондой эле ушул уюмдун каржылоосу менен Самаркандек жалпы практикалык борборуна 1 млн 400мин рублге ГАЗ-25-527 маркасындагы тез жардам машинасы берилип, ушул айылдагы №8 УДТ 2 700 000 мин сомго капиталдык ремонттон өткөрүлгөн.

Райондун аймагында 11миң 046 пенсионер каттоодо турат. Анын ичинен: 7мин 338 карылыгы боюнча, 2 мин 567 майыптыгы

боюнча, 1мин 141 багуусунан ажырагандыгы боюнча пенсия алышат. 18 киши персоналдык пенсионер, 36 киши Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучулары. Орточо бир айлык пенсиянын өлчөмү 3 670 сом. Өткөн жылга салыштырмалуу пенсионерлердин саны 807 өскөнү менен пенсиянын орточо өлчөмү 60 сомго азайып кеткен.

Баткен райондук маданият бөлүмүнө караштуу 1 райондук маданият үйү, 15 айылдык маданият үйлөрү, 1 райондук борбордук, 1 райондук балдар, 21 айылдык китепканалар бар. Жалпысынан 81 кызматкер эмгектенет. Областтык, райондук денгээлде откорулгон концерттик программаларга, даталуу күндөрдөгү иш-чараларга кызматкерлер активдүү катышышкан.

2013-2014-окуу жылында Баткен райондук балдар музыкалык мектебинде 85 окуучуга 12 мугалим музыкалык билим тарбия берет. Райондук музыкалык балдар мектеби негизинен Баткен шаарынын балдарына музыкалык жактан тарбия берүүдө. Ошондуктан районубуздун бардык айылдык округдарынын жаш таланттары музыкалык билим алуусуна шарт түзүү учурдун талабы.

Учурда райондун аймагында жалпы 1 спорттук клуб, 9 спорттук зал, 7 секция иштеп, аларда жалпы 18 дене-тарбия жана спорт кызматкерлери эмгектенишет. Балдардын спорт жана өспүрүмдөрдүн клубунда волейбол боюнча 195, баскетболдо 32, грек-рим күрөшүндө 17, улуттук күрөштө 64, тогуз коргоолдо 16, бокста 32, оор атлетикада 16 окуучу болуп жалпысынан 27 группада 304 өспүрүм спорттук оюндар менен машыгып жатышат. Оор атлетика боюнча райондун спортсмендери Кыргыз Республикасынын чемпионатында 2 алтынды, 2 күмүш, 1 коло медалды камсыз кылышты.

2013-жылдын 26-27-апрелинде мамлекеттик ишмер Э. Эркебаевдин элесине арналган волейбол боюнча эл аралык турнурде Самаркандек айыл өкмөтүнүн курама командасы I орунду камсыз кылышты. 2013-жылдын 24-25-августтарында өткөн облус аймагындагы командалар катышкан кичи футбол боюнча "Губернатордун кубогунда" Баткен району I орунду камсыз кылышып кубокту женип алышты.



**Ыссык КөлдөгүБүткүл Дүйнөлүк Көчмөндөр оюнуна катышкан райөндун жетекчилери жана айыл өкмөтүнүн башчылары**

# РАЙОНДУН АЙЫЛ ӨКМӨТТӨРУ

## АК-САЙ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ



**С. Акылбеков**

**Ак Сай айыл өкмотүнүн башчысы**

Ак –Сай айыл өкмөтүндө Бердиев Абдипатта Абдуллаевич башчы болуп иштеп келген. Азыр айыл өкмөттү Акылбеков Субанкул жетектейт. Ал буга чейин Ж. Момунов атындагы орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, Т Садыков атындагы орто мектепте иштеп келген. КРнын билим берүүдөгү отличниги төш белгиси менен сыйланган. Ош педагогикалык институтун бүтүргөн. 2010-2013-жылдарда Ак-Сай айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары кызматында иштеп келген.

Ак-Сай айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы- Шадиев Зайнидин, айыл кеңешинин төрагасы Халматов Курсанали. Ак-Сай, Капчыгай, Көк-Таш, Үч-Дөбө, Таш-Тумшук, Минбулак айылдары бар. 7833 калк жашайт, 1828 кожолуктан турат. Жалпы аянты 3711г. Анын ичинен сугат жер-223, 3г. үлүш жер-203, 3г. КБФ нын жери- 148 гектарды түзөт. Айыл өкмөтто элдин колунда 25883 мал бар. Анын ичинен бодо мал 2813, кой, эчки - 21759, жылкы- 405, тоок-4682.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-январындагы №191Үб жана 18- февралындагы №44 б буйругунун негизинде «мамлекеттик салымдар» беренеси боюнча Көк-Таш-Аксай-Тамдык авто жолунун курулушу улантылууда, жолго шагал төшөө менен тегизделди. 3, 9-5, 1 чакырым аралыктарда курулуш иштери жүрүп жатат. Ошондой эле узундугу 3*12 м көпүрөө курулду. Аксай Рават 25, 6 км аралыктагы жолду куруу кызыктуу жүрүп жатат.

Көк-Таш-Аксай-Тамдык жолуна республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен 30млн. Таштумшук айылына таза суу жеткирүүгө 3, 100 млн. сом акча каражаты каралган. Ал эми АКТЕД тарабынан айыл өкмөттогу балдар бакчасына инвентар алып берүүгө, Минбулак мектебини куруууга ПРООН, таза суу үчүн АКТЕД, жайыттарды колдоого АРИС көз карандысыз уюмдары жана НПО, жергиликтүү салымдар каралып, жүзөгө ашыруу учу ниш-аракеттер көрүлүүдө.

Жергиликтүү калкты тейлоо үчүн 2 тегирмен, устакана, ветаптека, ветеринардык даарылоо пункту, пилорама, навайкана, 5 ФАП, аптека, 2 китепкана, ж. б. иштейт.

# АК-ТАТЫР АЙЫЛ ӨКМӨТҮ



**Рахматбай у. Каныбек**
**Ак Татыр айыл өкмөтүнүн башчысы**

Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн башчысы Рахматбай уулу Каныбек, жооптуу катчысы Эшмурзаев Жанышбай Таирович, айылдык кеңештин төрагасы Садыков Жумабай, аялдар кеңешинин төрайымы Мамытова Минавархан Тогоновна.

Айыл өкмөтү Ак-Татыр, Ортобоз, Рават айылдарынан турат. Айылдарга Мамытов Алмазбек, Курашов Абдилахат, Үсөнов Абдикарим айыл башчылык кызматын актарат. Калктын саны-6730, 1863 кожолук бар. Жалпы аянты-38780 гектар. Анын 592 гектары элге үлүшко берилген. КБФнын жери 169 гектарды түзөт. Сугат аянты-107 г. Кайрак-525, Көп жылдык бактар-632г.

Элдин колундагы техниканын жалпы саны 355. Анын ичинен жеңил автомашиналар-264. Айыл чарба техникалары-11 мотоцикл-15. Жук ташуучу унаалар-65. Колдо бар техниканы айыл өкмөтүндө жашаган адам санына болгондо ар бир 3 адамга бирден техника туура келет. Ал эми ар бир 5,5 адамга бирден жеңил автоунаа туура келет.

Ак-Татыр айыл окмөтүнүн аймагы Дания сыяктуу мамлекеттердин территориясынан чоңдук кылат. Рават массивинде кайрак айдоо аянттары арбын, эгер климаттык шартжакшы болсо кайрак буудай, арпа эгиндеринин ар чектарынан 8-10 центнер түшүм жыйналып алынат. Быйылкы жылы айыл өкмөтүндөгу адамдар 90г күздүк, 83г жаздык буудай 34 гектарга арпа өстүруп, гектарынан 10 центнерден дан жыйнап алышкан.

Айыл өкмөтүнүн элинин колунда 10678 мал бар. Анын ичинен бодо мал 1954, кой, эчкилер8595, жылкы 178, тоок 5150, (1980жылдары №3-Рават бөлүмүндө эле 20 мингежакын совхоздун малдары болгон) Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн аймагы мал өстүрүүгө. арбын киреше алууга ыңгайлуулугу менен айырмаланат.

Көз карандысыз уюмдар 9. 65135 млн ШПО жана

жергиликтүү бийлик жамааттар тарабынан 7, 35 млнсом акча каражатычегерилген. Телевышка, АК-Арык сугат суусун чыгаруу, Т. Садыков, Ж Момунов орто мектептерин оргтехника менен камсыздоо, Рават орто мектебине спортзал куру, таза суу менен камс кылуу сыяктуу көйгөйлуу маселелер чечилмекчи.

Ал эми республикалык жергиликтүү бюджеттин эсебинен 5 проект ишке ашмакчы. Атап айтканда Ак-Татыр айыл өкмөтүнүн конторасын куру Рават БСР, Ак-Татыр айылына башталгыч мектеп имараты, насостук станция, көпүрөө салу проектер боюнча жумуштар жүргүзүлүп жатат.

Ак-Татыр айыл өкмөтүндө 4 тегирмен, темир иштетүүчү устакана, 3 АЗС, 17 магазин, комок, навайкана, кондитердик цех ж. б. Эл кызматын кылууда.

Т. Садыков, Ж. Момунов атындагы Рават орто мектептеринде 1310-623 окуучу билим, тарбия алууда, 83 мугалим иштейт. Ошондой эле 3 мектепке чейинки билим алуу мекемелеринде 110 жаш жеткинчек тарбия алып жатат.

## ДАРА АЙЫЛ ӨКМӨТҮ



Жетекчиси – Сайкалов Жусупали. Баткен районунун Кайынды (Роут)айылында колхозчунун үй бүлөсүндө туулган. Орто билимге ээ болгондон кийин Фрунзе шаарындагы Кыргызстан Мамлекеттик Университетинин финансы, кредит бөлүмүндө окуп, экономист адистигин алган.

Эмгек жолун райондук финансы бөлүмүндө инспектор кызматын аткаруу менен баштаган. "Советтик Кыргызстан" совхозунда экономист, бухгалтер, башкы бухалтер, Кызыл-Бел мамлекеттик малды семиртүүчү чарбасында башкы экономист кызматтарында иштеген. Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунда инструкторлук кызматта, Баткен райондук кеңешинин алдындагы мамлекеттик мүлктү бөлүштүрүү бөлүмүнүн башчысы, Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары, райондук байланыш бөлүмүнүн начальниги, мамлекеттик жана мунистипалдык мекеме, уюмдардын Баткен областтык профсоюз комитетинин төрагасы кызматтарын кынтыксыз аткарып келген. Билимдүү, тажрыйбалуу, жөнөкөй эл арасында кадыр-барктуу инсан. Азыр Дара айыл өкмөтүнүн башчысы. Дара айыл округу Чек, Жаны-Жер, Тунуксуу, Кан, Сарыталаа, Жанырык, Кайынды айылдарынан түзүлгөн. Жалпы аянты 3674 гектар, калкынын саны -10022, 2611кожолуктан турат. Мурда «Советтик Кыргызстан « совхозу болгон. Токтомушова Жумагүл жоопту катчы, айылдык кеңеште 21 депутат бар, анын төрагасы Мусаев Нурали, аксакалдар кеңешинин төрагасы Садырбекова Сайдакан.

3674 гектар аянттын 498 гектары сугат жер, 879 гектар мөмө - жемиш бактары анын ичинен ижарага берилгени 243. 498 гектар жер элге улуш болуп бөлунуп берилген. Элдин колунда 21575 мал бар. Анын ичинен 4194 бодо малдар, 12799 кой, эчкилери түзөт.

Дара айыл өкмотүндө тоок өстүрүүгө айрыкча мани берилген. быйылкы жылга 4560 тоок бар.

Айыл өкмөтүндө 22 үй бүлөлүк, 18 коллективдүү, 41 дыйкан жана фермердик чарбалар бар. Тоок өстүрүү боюнча Жаңыжер (айыл башчысы Момбеков Магзымбек), Кайынды (айыл башчысы Рысов Рахман), Кан (айыл башчысы Кудайкулов Махматали), Жанырык (айыл башчысы Ормонов Дүйшөнбай) айылдарында тоок өстүрүлүп, негизинен Баткен шаарынын жумуртка (тукум) менен камсыздап турушат.

Айыл өкмөтүндө чарба иштерин камсыз кылуу, элди тейлөө боюнча 6 тегирмен, 2 навайкана, 16 магазин, ашкана, 2 ветеринардык дарылоо пункту, 5 темир иштетүүчү устакана элдин кызматында иштейт.

Чек, Жаңыжер, Кан, Кайынды, Жанырык айылдарында клуб, 4 китепкана бар. Ал эми Чек айлында ооруканада 2 врач, 6 медайым жана калган айылдарда ФАП экиден медайымдар иштешет. Актилек, Айданек, Башат аттуу мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде 191жаш жеткинчектер тарбияланат. Чек айылындагы спортзалда волейбол, баскетбол боюнча жаштар машыгышат.

Дара айыл өкмөтүнүн аймагында 5 орто, 2 башталгыч мектептер бар. Анда 2304 окуучу 142 мугалим тарабынан тарбия-таалим, бекем билим алып жатышат. Быйыл Чек орто мектебинин 1-корпусу менен спорт залына жылуулук агрегаты курулду. 3. Ормонов атындагы орто мектеби капиталдык ремонттон өткөрүлдү. Жаңыжер орто мектебин Сел-кокустугунан сактоо боюнча тосмо курулду. Актилек, Айданек бала бакчаларына кошумча имарат тар курулуп, ремонттон өткөрүлдү. Дара айыл өкмөтүнүн Кудаярхан чебине 258, жоопая жылы сууга 386, Кайынды Кожомативали сыйынуучу жайга 375 туристер барган.

Айыл өкмөтүндө курулуш иштери жакшы жүргүзүлгөн. быйылкы жылы эле айыл өкмөтүнүн имараты капиталдык гүзөгүүдөн өткөрүлгөн. Жаңыжер айылынын данек чагуучу жана таңгактоочу цех, мөмө-жемиштерди кайра иштетүүчү цех пайдаланууга берилди. Сары-Талаа, Кайынды айылдарына ФАП

курулду. Дүйнөлүк банктын долбоору менен АБР тарабынан 23, 272 млн сомдук ички каналдар, айыл өкмөтүнүн каражаты менен 0, 5 млн сомго Өрүкзар, Актилек жаны конуштарына таза суу тутукчөсү курулду.

Жалпысынан алганда Эл аралык Республикалык уюмдар ПРООН уюму аркылуу 6 проект 5, 712 млн сом, ЮНИСЕФ тарабынан 1 проект 3, 5 млн сом, АБР 2 проект 23, 636 млн сом, »МЕГОКОМ» 7, 4 млн сом, »БИЛАЙН»-7, 4 млн сом, КЫЗЫЛ КРЕСТ-6, 7 млн сом, АКТЕД -0, 916 млн сом республикалык бюджет -2 проект 31, 026 млн сом, райадминистрация жана айыл өкмөтү тарабынан 7 проект 2, 171 сом акча каражаты сарпталып, ар түрдүү курулуш обьектилери курулду.

Чек, Жаңыжер айылдарында, айыл банк, финка, бай түшүм, компоньон, молбулак ж. б ишканалар тарабынан 6, 800 000 11, 500 00 мин сомдук 226 кредиторго микрокридиттер берилген.

# КАРА-БУЛАК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ



**Насиров Мунарбек
Кара Булак
Айыл өкмөтүнүн
башчысы**

Кара-Булак айыл өкмөтү мурдагы «Москва» колхозунун аймагынын негизинде түзүлгөн. Борбору Бужум айылы Бужум, Кара-Булак айылдарынан турат. Азыр Насиров Мунарбек Жумабаевич, орун басары Галбаев Абдижапар Галбаевич. Айылдык Кеңештин төрагасы Эрматов Таалайбек Сейказыевич жоопту катчысы Асланова Кайрынса Бусурманкуловна, Аксакалдар кеңешинин төрасы Абдисаламов Галбай, аялдар кеңешинин төрайымы Асланова Кайрынса.

Айыл өкмөтүнүн жалпы аянты 10737 гектар. Анын ичинен суугат жер 1363 г. кайрак 2121г. элге улушкө берилгени 2129, 9 г. КПФнын 1111г. жеринен ижарага берилгени 148г.

Айыл өкмөтүндө элде 30099 мал бар. Анын ичинен бодо мал 4187, кой-эчкилер 13797. Жылкы-292, тоок-9398.

Айыл өкмөтү Бужум (калкынын саны 9493) Кара-Булак айылдарынан (3206) турат. 11 тегирмен, 8 майжубаз, 3механикалык устакана 15 магазин, 5 навайкана, кофе, ашкана, чайкана эл кызматында.

Муз Булак, Айгүл Тоо эс алуучу жайлары бар. Өткөн жылы 2560 адам барып эс алган.

Кара-Булак айыл өкмөтүндө маданий курулушка өтө жогору көңүл бурулган. 2011-2014 жылдарда Бужум айылына 32 млн, 550 миң сомдо суу тутукчөлөрү курулуп, таза суу жеткирилген. Бужум Таза Суу ишканасы 177 миң сомдук электр насосу менен камсыз кылынган Айыл өкмөтүнүн ички жолдорун ондоо, тузөө, шагал төгүүгө 1152 мин сом акча каражаты сарпталган. Бужумдагы Т. Сайназаров атындагы көчөнү электр кубаты менен жарыктандырууга 275 миң сом жумшалган. Бужум айылы нын борборундагы орто жолго светафор курулган. Эски Омонок участкасында жашаган бүлөлөрдү электр жарыгы менен

толук камсыз кылуу үчүн электр зымы тартылган.

Кара-Булак айыл өкмөтүндө Ш. Токсонов, С. Эрматов, З. Абдикаримов атындагы жана Бужум орто мектептери, гимназия бар. Жалпысынан 229 мугалим 2511 окуучуга тарбия-таалим билим берүүдө. 3 мектепке чейинки даярдоо балдар бакчалары иштейт. 2011-2014-жылдын, 3 айында аталган орто мектептер, бакчалары үчүн 527 млн. 3733 сомдук акча каражаты сарпталган. Атап айтканда, З. Абдикарим атындагы орто мектептин айланасы тосулган, жылуулук системасы курулган. Балдар бакчасынын имараттары ремонттолгон айланалары короолонгон, жылуулук системасы кийрилген эс алуу жайлары курулган. Кара-Булак айылында балдар бакчасы курулган. Кара-Булак айылындагы жаңы мектеп курулган. Суу Башы, Кара-Булак каналдары ремонттолгон. Кара-Булак айылына спорт зал курулган. Айыл өкмөтү техника шаймандары менен камсыз болгон. Имараты ремонттолгон.

Бужум айылында 2 аптека участкалык оорукана жайгашкан. Кара-Булакта фельшердик--акушеркалык пункт бар. Аларда 28 медициналык кызматкерлер иштешет. Бөлумундун башчысы Акматов Илияскан машыккан, тажрыйбасы көп, калк арасында кадырлуу врач. Ошондуктан, Бужум эли эмес областын борборунан, башка айылдардан көп адамдар келишип дарыланышат, сакайып кетишет.

# КАРА-БАК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ



**Нуридинов Дүйшө**
**Кара Бак айыл өкмөтүнүн башчысы**

Кара-Бак айыл өкмөтү мурдагы Фрунзе атындагы совхоздун базасында түзүлгөн. Айыл өкмөттүн башчысы Нуридинов Дүйшө.

Кара-Бак айыл өкмөтү 2013-2014-жылдарда социалдык-маданият иштерге айрыкча көңүл бурган. Көптөгөн курулуш иштери жүзөгө ашырылган. Бул багытта эл аралык, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар, айыл өкмөтү, эл тарабынан чоң жардамдар көрсөтүлгөн.

Алсак, Кара-Бак айылында балдар бакчасы курулган. Ушул эле айылдагы «Наристе», Кызыл-Бел айылындагы «Барчын» балдар бакчаларынын имараттары ондолуп, түзөлүп, пар менен жылытуу системалары орнотулган. ЮНИСЕФ тарабынан 1 млн 700 мин сом, айыл өкмөтүнөн 150 мин сом, ата-энелер тарабынан 150 мин сом акча каражаты сарпталган. Дөбө мектебинин имараты көмүр менен жылытууга ынгайлаштырылып реконструкцияланган. Кызыл-Бел айылындагы К. Турмаматов атындагы орто мектептин айланасы тосулган.

Кара-Бак айыл өкмөтүндө элдин саны жылдан жылга көбөйүүдө. Ошого жараша элди медицина жактан тейлөөгө маани берилүүдө. Баткен райондук мамлекеттик администрациясы, айыл өкмөтү өздөрүнүн резервинен жана башка көз карандысыз уюмдардын, калктын акчалай колдоосу менен Кара-Бак айылында, Достук айылында фельдшердик-акушеркалык бөлүмдөрунун имараттары курулуп пайдаланууга берилген. «Кызыл Ай» уюму тарабынан 2. 2 млн, ПРООН- 1, 2 млн сом жана рай администрация-60 мин, эл тарабынан 170, УДТ-200 миң сом. Жалпысы 3 млн 95 миң сом акча каражаты берилген.

Кийинки жылдары жаштардын спортко кызыгуусу көбөйүп жатат. Айыл өкмөтү Кара-Бак айылындагы спорт аянтчасын

ПРООН, эл менен бирдикте ондоп, айланасына атайын тосмо курдурган. Ага 480 мин сом капиталдык салым жумшаган.

Кызыл-Бел айылында жылдан жылга элдин турак жай куруусу көбөйүп, жаңы көчөлөр, үйлөрдүн саны арбып жатат. Аларга электр линиялары жеткирилип, атайын трансфарматор орнотулду. Бул жумуштарды бүткөрүүнү, акча каражатын айыл өкмөтү, эл өз ыктыярлары менен сарптаган. Ошондой эле Достук айылында Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлиги тарабынан 2 км жол тегизделип, 7, 8 млн сомго асфалт төшөлдү. Пайдаланууга берилди.

«Сел-тилсиз жоо» дейт элде. Анын сыңарындай сел табигый кырсыгын алдын алуу максатында Чет-Кызыл айылынын аймагында селарага атайын көпүрө курулду. Бул жумуш айыл өкмөтүнүн, элдин жардамы менен бүткөрүлдү. Кызыл-Бел айылынын четиндеги селарага казылып, айылдагы элдин коопсуздугуна камкордук көрүлдү. МЧС тарабынан дамба курулду.

Суу-өмүр, суу-жерге, байлык элге деген накыл сөз бар элде. Кара-Бак айылынын Ганжак аймагындагы Тажикстан тарапка агып жаткан сууну дринажды тазалоо, оңдоо менен айыл адамдарынын пайдалануусуна бурулуп берилди. Суу чарба департаменти бул жумушту аткарды.

Достук айылынан Көк-Сай участкасында коңушу мамлекетке көз каранды болбош үчүн айланып өтүүчү жол курулду. Зардалы айылынан Беш-Булак айылына чейинки 5 км аралыкка жол салынды.

# КЫШТУТ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ



**Сейтмуратов Акылбек Кыштут айыл өкмөтүнүн башчысы**

«1-Май» совхозу жоюлгандан кийин Суу-Башы, Кыштут айыл өкмөттөрү болуп түзүлгөн. Кыштут айыл өкмөтүндө Камчыбеков Сулайман, Матираимов А. Айдаров К. башчы болуп иштешкен. Айрыкча Камчыбеков Сулайман көп жылдар өкмөттө жетекчилик кызматта иштеген. Өкмөттүн экономикалык, социалдык –маданий жактан өнүугусүнө чоң салымын кошкон. Азыр өкмөттүн башчысы Сайдимуратов Акылбек Садыкович, жооптуу катчысы Балтабаев Мурзабек Тешебаевич, Аксакалдар кеңешинин төрагасы Матраимов Галбай, Аялдар кеңешинин төрайымы Саматова Гүлша.

Айыл өкмөтү Таян, Кыштут, Сай, Газ, Согмент, Чарбак айылдарынан турат. 8651 калк жашайт. Айыл өкмөттүнүн аймагы 3964 гектарды тузөт. Анын ичинен суугат жер -274г. кайрак-599г. бак-30г. Ал эми 223г. сугат, 464 г. кайрак, 20 г. бак элге улуш катары бөлүнүп берилген.

Айыл өкмөтүнүн айылдарында 688 бодо, 2156 кой, эчки, 33 жылкы, 1722 тоок, жеке менчик мал бар.

1913-жылы айыл өкмөтүндө тендештирүүчү гранттан 4057, 6 миң сом, категориялык гранттан – 15870 миң, республикалык бюджеттен 3347, 3 миң жергиликтүү бюджеттен 1998, 4 миң сом акча каражаты түшкөн. Жайыттардан 80 минге жакын киреше алынган.

Айыл өкмөтүнүн бардык айылдарында китепкана иштейт. Ал эми жалпысынан 3 клуб, 3 мончо, 2 спорт зал, 4 мектепке чейинки балдар бакчалар. 6 орто мектеп бар. 4айылда фельдшердик –окушеркалык пунк, 3 аптека жана Согментте бир ГЗВ. Таян участкалык оорукана элге кызмат көргөзөт.

Айыл өкмөтү өткөн жылы 833. 9 миң сомдук салык

жыйнап, планды 19, 2 миң сомго көбөйткөн. Быйылкы жылы биринчи чейректе 229, 8 миң сом көбөйткөн. 27 адам 4 млн. 180 миң сом кредит алып, жазчы, күзгү тала жумуштарына пайдаланышкан.

Кыштут айыл өкмөтүндө 2013 жылы Айгүлташ-Согмент-Таян багытындагы жолду түзөтүү, кеңейтүү иши жүргүзүлгөн. Мындан ары да улантылмакчы ага 331300 сомдук Республикалык бюджеттен акча каражаты жумшалган. ошондой эле Кыштут дарыясынан Чарбак, Таян айылдарына таза суу жеткерилген. Курулуш иши толугу менен буткөрулгөн Ошондой эле Сай айылында 275 орундуу орто мектептин, ушул эле айылга таза суу жеткирүү иштери жүрүп жатат.

Кыштут айыл өкмөтү Өзбекстан менен чектешип тургандыктан жол, электр кубаттуулугун, сууну, жайытты пайдалануу маселелери олуттуу орунду ээлеген. Бул багытта Республиканын, областын жана райондун жетекчилиги көп кырдуу иштерди жүргүзүп келүүдө. Чек араны айланып өтуучу Айгүлташ-Согмент –Таян жолу курулуп маселе чечилди. Чарбак, Таян айылдарынын тургундары сууга өтө муктаж болушкан. Сууну башка айылдардан, дарыядан ташып келип пайдаланышкан. Бул маселе да чечилип, ар бир көчөлөрдө түтүкчөдөн ТОО суусу агып турат. Эл өтө ыраазы. Электр мамылары тургузулуп, Кара-Булак айылынындагы пөзстанциядан электр зымы тартылды. Бир эле Кыштут айыл өкмөтү эмес, Дара өрөөнүндөгү айылдар да электр жарыгы менен үзгүлтүксүз камсыз болгон.

Кыштут айыл өкмөтүнүн айыл башчылары аймактын, айыл өкмөтүнөн жана райондун борборунан алыс тургандыгына карабастан өздөрунун кызматтык милдетин жоопкерчилик менен аткарышат. Атап айтканда Маткаримов Рустам(Газ) Айбапов Жанибек (Согмент) Айкынов Нурали (Чарбак), Гапаров Усөн (Таян) Назиров Исамидин (Кыштут) Амиров Жениш (Сай) дайым эл арасында муктаждыктарды чечүү менен ынтымакчылык, жаңы салт, үрп-адаттарды жайылтуу сыяктуу иштерди жүргүзүп келишет.

# ТӨРТ-ГҮЛ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ



**Артыков Наби**
**Төр Гүл айыл өкмөтүнүн башчысы**

Төрт-Гүл айыл өкмөтү Чоң-Талаа, Чоң-Кара, Зарташ, Ак-Турпак, Ак-Өтөк айылдарынан турат

Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн административдик борбору Чоң-Талаа айылында жайланышып, Баткен районунун борборунан 18 чакырым аралыкта жайгашкан.

Чоң-Талаа айылында 363- кожолук, элдин саны 1468;

Чоң-Кара айылында 709 кожолук, элдин саны 3568;

Зарташ айылында 162 кожолук, элдин саны 727;

Ак-Турпак айылында 245 кожолук, элдин саны 1046;

Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн Чоң-Талаа айылы Тажик Республикасынын Ляккан айылы жана Ак-Өтөк айылы Өзбек Республикасынын Газвон айылы менен чектешет.

Төрт-Гүл айыл өкмөтүндө 4 орто мектеби, 2 башталгыч мектебинде 136 мугалим 1401 окуучуга билим тарбия берүүдө.

3 балдар бакчасы жана 1 ГСВ, 4 ФАП иштейт. 2013-жылда Төрт-Гүл айыл өкмөтүндө 8 млн. сомдук инвестиция тартылды. Анын ичинен алсак КБФ-нын жана үлүш жерлердин 577га жер аянты жана айыл өкмөттүн 7183 калкынын же 1564 кожолуктун үлүш жерлерин суу менен камсыздоодо АКТЕД тарабынан 1260. 0 сом акча каралып, жалпысынан 4, 5км аралыктагы латоктор жаңыланып алмашылды. Ошондой эле Чоң-Талаа айылындагы «Келечек» балдар бакчасына ЮНИСЕФ тарабынан 75, 0 сом жана жергиликтүү бюжеттин эсебинен 60, 0 мин сом акча каражаты каралып кател курулуп бүткөрүлдү. »Келечек»балдар бакчасында бүгүнкү күндө 60 бала тарбияланып, 4 тарбиячы, 1жетекчи иш менен камсыз болгон.

Чоң-Талаа айылына 730, 0 метр аралыктагы ак...анып

отүүчү канал куруууда ПРООН тарабынан 1414400 сом, жергиликтүү бюжеттин эсебинен 452, 0 мин сом акча каражаты каралып, Торт-Гүл айыл өкмөтүнүн 1564 кожолугунун 856 га үлүш жер аянтын сугарууда суу маселеси чечилди.

Чоң-Талаа айылынын тургуну жеке ишкер Ж. Исаков тарабынан 200, 0 мин сомго навайкана курулуп, 1468 элди тейлөөдө.

Чоң-Талаа айылында жеке ишкер Р. Исамидинов тарабынан пескоблок жана эшик, айнек рам чыгаруучу цех 350, 0 мин сомго курулуп, элге кызмат кылууда жана айыл окмөтүн эсебинде турган 20 орундуу мончо ижарага берилип элге кызмат көрсөтүүдө.

Чоң-Талаа айылынын элин урөн менен камсыз кылууда Коомдук урөн фонду тарабынан 5 тонна картошка уругу алынып келинип, элге пайдаланууга берилди. Чоң-Талаа айылына элдердин үлүш жерлерин селден сактоо максатында сел арага 200 м аралыкка МЧС тарабынан таш сетка коюлуп тосулду.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 31-июлдагы №436 токтомунун негизинде Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн ФПСтин көп жылдык 27га жер аянты бактан элдик конушка которулуп, коншу Тажикистан мамлекети менен чек ара аймагы болуп эсептелген Чоң-Талаа айылындагы элдерди иш менен камсыз кылууда ЦКА уюму тарабынан жашылча уруктары бекер берилип элдердин турмуш-тиричилигинин жакшыртуу максатында пайдаланылды.

Ак-Өтөк айылында мурда 105 км аралыктагы электр чубалгылары коншу Өзбек Республикасынын Газвон айылына курулуп калып, азыркы убакта чыр-чатактардын алдын-алуу боюнча КРнын территориясына алынып өтулуп элдин көйгөйлуу маселеси чечилди. Ак-Өтөк айылындагы Ак-Өтөк башталгыч мектебинин курулушу бүтпөй калган ашканасын ремонтто үчүн жергиликтүү бюжеттин эсебинен 120, 0 мин сом акча каралып ашкана ремонттолду. Ак-Өтөк айылы чек аралаш аймак болгондугуна байланыштуу элдердин суроо талабы көп болгондуктан айыл башчысына кабинент уюштурулуп берилди.

Ак-Өтөк айылына элдерди дарыя ташкынан сактоо максатында МЧС тарабынан 450 метр аралыктагы дамба шагал менен тосулуп бүткөрүлдү. Ак-Өтөк айылы чек аралаш аймак болгондугуна байланыштуу чек ара посту курулду. Ак-Өтөк айылына

коңушу Өзбек Республикасынын аймагынан суу келгендиктен айыл мумкунчулук чечилип, 2013-жыл ичинде суу бурууга 60, 0 мин сом акча каражаты жергиликтүү бюжеттин эсебинен элди суу менен камсыз кылууга жумшалды.

Чоң-Кара айылында 3568 калк жашайт. Чоң-Кара айылында 100 орундуу жамааттык балдар бакчасы ачылып, 7 адам иш менен камсыз болду Жергиликтүү бюджеттин эсебинен имаратты оңдоо ишине 254, 0 сом жана эмеректер менен камсыздоо үчүн 70, 0 мин сом сарпталды. Ак-Турпак айылынын тургуну жеке ишкер Жума Жусубалиев өз каражатынын эсебинен 1500, 0 сомдук элди тейлөө жана эс алуу жайын бүтүрүп жатат.

Зарташ айылынын Ж. Байжигитов атындагы орто мектебинин айланасын тосуу максатында жергиликтүү бюджеттин эсебинен 65, 0 мин сом акча каралып, тосуу иштери аткарылды. Окуучулардын саны 151, элдин саны 727 адам. Ак-Турпак айылындагы Б. Нуралиев атындагы орто мектебинин айланасын тосууда жергиликтүү бюджеттин эсебинен 83, 0 миң сом акча каралып, жумуш аткарылды. Окуучулардын саны 339 окуучу. Элдин саны 1046 адам.

Чоң-Кара айылынын Токтогул атындагы орто мектебинин айланасы темир тор менен тосулуп, жергиликтүү бюджеттин эсебинен 148, 0 миң сом акча каражаты жумшалды. Окуучулардын саны 407 окуучу. Элдин саны 1468 адам.

Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн айылдарында ЮНИСЕФ уюму тарабынан 86 аял жумушка тартылып, сезондо памидор-бадырын эгишип, туздоо жолун үйрөнүштү. Мындан ары жогорудагы аялдар өз үй-бүлөлөрү менен биргеликте өз алдынча иштөөгө мүмкүнчүлүк алышты жана айыл тургундарына үлгү боло алышат. Калкты камсыз кылууда айылдарда жеке ишкерлер тарабынан ачылган кичи ишканалар (чайкана, пескоблок чыгаруучу цех, кичи дүкөндөр ) 45 атуулду иш менен камсыз кылды.

2013-2016 жылга айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программасы түзүлүп 2013-жылга 24 иш чара каралган. Анын негизинде 22 иш чара аткарылган.

Айыл чарба зыянкечтерине каршы күрөөшүдө Чоң-Талаа айылынын аймагынан 10000 га жерге айыл чарба департаменти менен биргеликте чегирткеге каршы химикаттар себилип жок кылынды.

# САМАРКАНДЕК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ



Салихов Кеңеш Каримович Баткен районунун Самаркандек айылында 1961-жылы 4-ноябрында туулган, билими жогору, Самаркандек айыл өкмөтүнүн башчысы. Самаркандек айыл өкмөтү тарабынан 2012-2014-жылдары социалдык обьектилердин курууга айрыкча маани берилген.

Паскы-Арык айлында «Алтын-Казык « балдар бакчасы айыл өкмөтү тарабынан 450 000 сомго капиталдык ремонттон өткөрүлүп, ЮНИСЕФ тарабынан 800 000 сомдук эмеректер берилип ишке киргизилди.

Паскы-Арык айлында 3 млн. сом сарпталып жеке ишкер тарабынан АЗС курулду.

Самаркандек айылынын Чек учаткасында АРИС тарабынан 200 000 сомдук таза суу проектиси ишке ашырылды.

Самаркандек айылында айыл өкмөт тарабынан 50 000 сом акча каражаты каралып Паскы-Арык айылындагы 300 м. дренаж тазаланды.

Самаркандек айылында айыл өкмөт тарабынан 400 000 сом акча каражаты каралып демөөрчүлөр тарабынан 1 500 000 сом акча сарпталып бокс залы курулду.

Самаркандек айылынын Орто-Сай участкасында айыл өкмөт тарабынан 3 083 000 сом, түрткү берүүчү грант эсебинен 2 588 000 сом акча каралып 100 орундуу башталгыч мектеп курулду.

Жеке ишкерлер тарабынан 4 дүкөн, 2 коомдук тамактануучу жай , 3 навайкана ачылды.

"Бала Нур", "Шоола", "Алтын-Казык" балдар бакчасына ЮНИСЕФ айыл өкмөт тарабынан жылуулук агрегаттары курулуп берилди.

Самаркандек айылынын Жаш Тилек, Жайылма-2 участкаларына таза суу жеткирилди.

Самаркандек айылында айыл өкмөт тарабынан капиталдык ремонтго 200 000 сом акча каражаты каралып демөөрчүлөр

тарабынан 1 000 000 сомдук инвертарлар берилип мүмкүнчүлүгүнө чектелген балдар үчүн «Умут»реабилитациялык борбору ачылды.

Самаркандек айылынын «Бала Нур» балдар бакчасыны капиталдык ремонттон өткөзүү үчүн айыл өкмөт тарабынан 312 000 сом түрткү берүүчү грант эсебинен 2 800 000 сом акча каралды.

Жеке ишкер т. Туйгунов тарабынан 1 500 000 сомдук мини-футбол аянтчасы курулду.

Эл аралык Кызыл Крест тарабынан Самаркандек ооруканасына 1500000 сомдук тез жардам авто унаасы берилди, ЦСМ имаратына 5 млн. сом акча каражаты сарпталып капиталдык ремонттон өткөрүлдү, айыл өкмөтүнүн таза суусуна 400 000сомдук жардам берилди. GIZ. МЧС ООНдун азык-түлүк программасы тарабынан 10 млн. сомдук сел аранын жээктерин габион торчолору менен бскемдөө иштери бүткөрүлдү.

Жеке ишкер А. Муратов тарабынан 700 000 сомдук акча каражаты сарпталып Самаркандек айылындагы коомдук мончо ишке кирди.

Самаркандек, Паскы –Арык, Жаны-Бак айылдарынын борбордук көчөлөрү жарыктандырды.

Жеке ишкерлер тарабынан 2 дүкон, 1 коомдук тамактануучу жай, 2 навайкана ачылды.

# СУУ-БАШЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ



Суу-Башы айыл өкмөтүнүн башчысы Пазылов Жамила Файзилласвна 1955-жылдын 26-апрелинде Кара-Булак айыл өкмөтүнүн Бужум айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1973-жылы Бужум орто мектебин аяктаган. 1991-жылы Ош Педагогикалык орто окуу жайынан сырттан окуп бүтүргөн. 2010-жылы Баткен Мамлекеттик Университетин биология-экология боюнча адистикке ээ болгон.

1974-1976-жылдары 1-Май совхозунун китепканачысы, 1976-1991-жылдары "Наристе" балдар бакчасынын жетекчиси, 1999-жылы «Баткен үмүтү» Коомдук фондунун төрайымы болуп эмгектенген. 2001-жылы «Жан-Булак» таза суу коомдук фондунун башчылыгына дайындалган. Көз карандысыз чет элдик уюмдар менен иштешүүдө тажрыйбасы бар. 2009-жылы ПРООН менен кызматташып 256 мин 700 сом Боз-Адыр-Ширеш-Кара-Токой айылдарынын ортосундагы таза суу түтүгүн капиталдык ремонттон өткөргөн. 2005-жылдан Суу-Башы айылдык кенешинин депутаты болуп шайланган. 2010-жылдан бери Суу-Башы айыл өкмөтүнүн башчысы болуп дайындалып үзүрлүү эмгектенип келүүдө.

Жасаган эмгектери үчүн 2004-жылы Баткен районунун, Баткен областтык мамлекеттик администрацияларынын «Ардак Граматаларына татыктуу болгон. Боз-Адыр заставасына жакындан жардамбергендиги үчүн «Баткен 2022»Аскер болугунун «Ардак Громатасына», Дипломуна, Медалына, 2008-жылы Кыргыз Республикасынын. "Жаны кылым" номинациясынын лауреаты болгон. «Батыр Эне», үй бүлөлүү, 7 баланын 18-неберенин бактылуу таенеси жана чоң энеси.

Суу-Башы айыл өкмөтү Боз-Адыр, Кара-Токой, Апкан, Бөжөй. Айгүл-Таш айылдарынан түзүлгөн. Жеринин аянты 3242 га эменин саны -5428. 1383 кожолуктан турат. Өзбек

Республикасынын Шаркабат, Девойран айылдары менен чектешет.

Жооптуу катчы Сыдыков Абдипатта, айылдык кеңештин төрагасы Калысов Абдишүкүр, аялдар кеңешинин төрайымы Топчубаева Бурмагүл.

Айыл өкмөтүнүн аймагында элдин колунда 17484 мал бар. Анын ичинен бодо мал 2255, кой эчки, Апкан, Бөжөй айылдарынын тургундары эчкини көбөйтүшкөн. Сугат жери аз болгону менен жайыты кеңири кой, эчкиден көп киреше алышат. Белгилүү фермерлер бар.

Айыл Банк, Бай Түшүм, Компонион, Мөл-Булак, Финка сыяктуу банктардан 44 кредитор 4, 265 мин сомдук акча каражатын алышкан. Аталган кредиттер айылдын социалдык-маданий жактан өнүгүшүнө, мал чарбачылыгын, дыйканчылыкты жакшыртууга сарптаталууда.

2 тегирмен, механикалык устакана, 3 МЗС, пилорама, 18 магазин, камоктор, чайкана, кандитердик цехтер эл кызматында. Айрыкча кандитердик цех балдар бакчасын, окуучуларды эле эмес жергиликтүү калкты да талаптагыдай тейлейт.

Б. Акматов, Б. Мергенов, А. Жоробаев, К. Абдираимов атындагы орто жана Кара-Токой гимназия, Айгүлташ мектептеринде 1003 окуучуга 120 мугалим таалим-тарбия, терен билим берип жатат.

Суу-Башы айыл өкмөтүнүн Бел-Согмент- Бөжөй жолун курууга Республикалык бюджеттен 54 млн. сом акча каражаты каралган. Жол автоунаалардын каттамына ыңгайлаштырылды. Кара-Токой, Боз-Адыр айылдарынын жарыгуу, Боз-Адыр каналын оңдоо, сел коопсуздугунан сактануу чараларын көрүү жумуштары жүрүп жатат.

# БАТКЕНДИН АРДАКТУУ АДАМДАРЫ

## САДЫКОВ ТУРГУНБАЙ САДЫКОВИЧГЕ



**Атактуу айкелчи, СССР Сүрөтчүлөр Академиясынын академиги, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз Республикасынын Баатыры, Лениндик сыйлыктын лауреаты, Кыргызстан Лениндик комсомолунун, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын ээси, Улуттук Көркөм сүрөт Академиясынын президенти.**

Ташты чегип, "Портрет" менен ыр курап,
Тер агызып, тамчысындай мөлбулак.
"Революция каармандары", "Жеңишке" жетишип,
"Манастын". "Кырк чоросу" ураалап.
"Элге кут кондуруп" үзүлгөндү улап,
Жүрүп өткөн экен ов жаш курак.

Ардактуу, кадырман акебиз,
Мына эми сексенди сермеп турасыз.
Чыксаңыз да Атак, Даңк сересине,
Жөнөкойсүз, аз сүйлөп, көптү угасыз.
Жүздөгөн айкелдерге жан киргизип,
Иштединиз, митингсиз, обу жок ураансыз.

Бийик мунара курдуңуз айкелден,
Теңир сизге, талант берген, бак берген.
Азыркыдай жигит бойдон жүрүңүз,
Жүздөн ашып, узун өмүр сүрүңүз

## АЧЫЛОВА РАХАТ АЧЫЛОВНАГА



**Философия илимдеринин доктору, профессор, коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйынынындепутаты, таланттуу окумуштуу.**

Зирек болуп жаштыктан,
Биринчи техникумду, КМУну бүттүнүз.
Илимдин аска, кыя жолунан,
Каржалбай ыкчам өттүнүз.
Философия илиминин доктору,
Кыргызда кыздардан болдунуз биринчи.
Шайланганда депутаттыкка Жогорку,
Учурубуз болгон кубанып сүйүнчү.

Илимдин туу чокусун багынтып,
Ачылова Рахат чыкты Баткенден.
Кынаптап сүйлөгөн сөзүнө,
Аткарган иши бап келген.
Депутат болуп, камкөрүп,
Баткенге Граминбанкты алып келген.
Акча эле эмес элине,
Ырыскы жана таалай-бак берген!

Элди сыйлап, башыңызды ийип Сиз,
Жүгүнгөн менен аскар тоодой бийиксиз!
Оргуп чыккан булак суудай тунуксуз,
Баткендикке кадырлуусуз, улуксуз!
Илимден токудуңуз килемди,
"Мүлдө кыргы көтөрө алгыс"

## АЙБАЛАЕВ МАМАТ АЙБАЛАЕВИЧКЕ



**Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын академиги, Эл аралык илимдер Академиясынын мүчө-коореспонденти, "Ардак Белгиси", "Эмгек Кызыл Туу", "Элдердин достугу" ордендеринин ээси, Кыргыз Республикасынын Өнөр жайына эмгек сиңирген ишмер, Баткен областынын мамлекеттик администрациясынын тунгуч губернатору.**

"Акыл баштан, асыл таштан" деп илгерттен,
Урматташкан, акылдарды тегибиз.
Акылдар Мамат акени өтө сыйлашат,
Кадамжайлык, Баткен, Лейлектик элибиз!

Кенде болот сурма, тилла, алтындар,
Каухар, күмүш, сымап асылдар.
Мамат аке ошол байлыктарды өндүргөн,
Айкөл адам, акылман ал, акылдар!

Түрө казып, жер түпкүрүн аңтарып,
Мээнет менен кен байлыгын табышкан.
Бирге иштеп, карапайым калк менен,
Алтын, сурма, сымап иргеп алышкан.

Жамаат менен Мамат аке мен айткан,
Достошуп, ага, ини болуп калышкан.
Кыргыз элге кызмат кылып көп жылдар,
Мөөрөй алып, чыгып жүргөн жарыштан!

Илгертеден эл даанышман, эл зирек,
Ал адамды эл баалайт, эл билет!
Эли аны урматташып, туу тутат,
Туусу турат [illegible] онийикте желбиреп!

# НУРГАЗИЕВ МУКТАР НУРГАЗИЕВИЧГЕ



**Улуу Ата Мекендик согуштун биринчи, экинчи даражадагы, эки “Эмгек Кызыл Туу”, эки “Ардак белгиси” орденин көптөгөн медалдарынын ээси, партиялык, коомдук ишмер.**

Баатырларча Ата Мекен согушта
Көрөштүңүз “Панфиловчу” аталып,
Эрдик менен Москваны коргоодо,
Жарадар болдуңуз, кайрадан сакайып.
Совет эли женди, Сиз да жеңдиңиз,
Жениш менен Ата-Журтка келдиңиз!

Баткендин райкомун 5 жыл башкарып,
Жетекчиликте кетпеди каталык.
Кынтыксыз кызмат, эмгегиңиз үчүн
Баткендин “Ардактуу атуулу” аталып!

Өткөөл кезде байлыкка же мансапка,
Азгырылып, абийирди, ар-намысты сатпаган
Сиз чыныгы коммунистсиз,
Марксизм, Ленин жолун бапктаган!

Сиз, биз үчүн кайкып учкан тынарсыз,
Сиз, биз үчүн бийик өскөн чынарсыз!
Аа биз болсо сизден алып тарбияны, таалимди,
Ленинчил коммунистпиз бутакпыз.
Тилегибиз Мыктар аке арыбаң,
Жарым кылым дагы жашаң карыбаң!

## КАСЫМБАЕВ АЛИМЖАН КАСЫМБАЕВИЧГЕ

**Партиялык, коомдук ишмер. ”Эмгек Кызыл Туу” орденинин, “Эгектеги Каармандыгы Үчүн” медалынын ээси.**

Жайдак талаага бак, дан өстүрүп,
Иштеди, сарптады эмгек, кайратты.
Муктар акенин Төрт-Гүл көлүнөн,
Түмөн гүл өстүрүп, жайнатты.

Коомдук мал күдүрөп көбөйүп,
Эт, жүн арбып, сүт көл болду.
Алма бак, жүзүм өрүкзардан.
Таттуу мөмө, ширин винө мол болду,

Жаңы айылда эл көбөйдү жайдары,
Калың бакта булбул таңшып, сайрады.
Ушунун баары, Алимжан акенин,
10 жылдык эмгегинин каймагы.

Алимжан акенин тажрыйбасы көп,
Партиялык жетекчи, машыккан.
Кара аттын кашакасындай белгилүү,
Партиялык, коомдук ишмер дасыккан.

# ХОДЖАЕВ БУСУРМАН ХОДЖАЕВИЧКЕ



**Коомдук ишмер, партиялык, Советтик кызматкер, "Эмгек Кызыл Туу" орденинин "Эмгектеги Каармандыгы Үчүн" медалынын, "Эмгек ардагери" төш белгисинин ээси.**

Райкомсомолдо, парткомдо,
Катчылыктан эмгек жолун баштады.
Окуду Бишкектен, Ташкенттен,
Иштеди Ош опкомдо, такшалды.
Аябады жаштыгын, билимин бар күчүн,
10 жыл райкеңешти башкарды.

Белсенип иштеди эли, жери үчүн,
Кадрларды өстүрдү.
Тарбиялап жаштарды,
Эл эмгегин жер жебейт дегендей.
Эмгегине мактады, Даңкталды,
Мекенчилдик мээнети үзүр берип.
Урматтады, сыйлады жаш кары,

Таалим тарбияны күчөтүп,
Жалкоолорду тартипке көнүктүрдү.
Медицина, агартуу, маданият,
Соода, турмуш-тирчилик тармактарын.
Өстүрдү, алга карай өнүктүрдү.

Акын-ырчы агасын тарткан бы,
Ыр сымал көркөм сүйлөгөн.
Кызыктуу аңгеме курганда,
Уккандардан калбачу күлбөгөн.
Мекенди, элди ата-энени,
Урматтоого, сүйүүгө үндөгөн.

Жетекчилик кызматтарда иштешип,
Перзенттери ата жолун жорлдоду.
Калкка кызмат кылышууда,
Жеңилин жерден, оорун алып колдогу.

## БЕКМАТОВ ЖОЛДОШКО



**“Эмгек Кызыл Туу”, “Октябрь Революциясы” ордендеринин кавалери, ардактуу ардагер**

Токсонго толуптурсуз Жолдош ака,
Жөө жүрүп, көп учурда жорго минип.
Замандын оор жүгүн көтөрүпсүз,
Бел ашып, тоого чыгып бийик, бийик!

Он беш жыл МТФны башкарыпсыз,
Төрт-Гүлдөй “Сүт көлүн” жаратыпсыз.
Бааланып, медал алып, орден алып,
Тандантып, калайыкты каратыпсыз.

Талыкпай эмгектенип күнү-түнү,
Өлчөөсүз мандай терди төктүнүз сиз.
Уул, кыз, небере, чебере тарбиялап,
Чырпыктан чынар болуп өстүнүз сиз!

Куттуу болсун кутман курак 90 жаш.
Алла Таала, Кожой кызыр колдосун.
Оорубастан ден-соолукта жүрүнүз,
Сыйда жүрүн, той көбөйсүн, той болсун!

## КАРИМ ТАШБАЛТАЕВГЕ



**Кыргыз ССринин Жогорку Кеңешинин үч жолку депутаты, "Ардак Белгиси" орденинин эки жолку, "Эмгектеги каармандыгы Үчүн" медалынын ээси, Баткен областык ардагерлер кеңешинин төрагасы.**

Жашыңызда эмгек менен такшалып
Кайда иштебең абийир алып даңкталып!
Таяндыңыз ак эмгекке мээнетке,
Колхоз менен районду башкарып.
Кыдыр колдоп озүнүздү ар даңым,
Көп жашаңыз элде журтта барктáлып.

Нечен жолу озуп чыгып жарышта,
Алкыш сөздор болду жакын-алыстан.
Эмгекчилер көп ыраазы болушту,
Адилеттүү, туура сиздей калыстан.
Эл журтуңуз көптү күтөт дагы эле,
Элге кызмат кылуудан эч талыкпаң.

Оорубастан ден соолукта жүрүңүз,
Озур көрүп, жакшы өмүр сүрүңүз...
Кадыр – баркта жүрүп жүзгө кириңиз,
Калкыңызга жол көрсөтүп туруңуз.
Каалап сизге карыялык бактыны,
Кала берген бир Пайзилла иниңиз.

## АНАРБАЕВ АБДИСАМИН АНАРБАЕВИЧГЕ



**Медицина илимдеринин кандидаты, Баткен областынын биргелешкен ооруканасынын мурдагы башкы директору, Ош областтык балдар ооруканасынын башкы врачы**

Медицина мудариси,
Көптү окуган илимдар.
Колу жеңил дарыгер ал,
Тажрыйба бар, билим бар.

Ден-соолукгу туу туткан,
Кызматы ак, урматы ак.
Кара кылды как жарган,
Калыс, адилет, ишке так.

Ак халаты кандай болсо,
Эмгеги ак, дили ак.
Ал дарылаган адамдардын.
Дайым болт дени сак,
Чымырканып, эмгектенип.
Жүрө берин, сак саламат!

## А. КУЛУМБАЕВ – КЫРГЫЗСТАН КП БАТКЕН РАЙКОМУНУН ТУНГУЧ БИРИНЧИ КАТЧЫСЫ.



Районубуз түзүлгөндөн бери 80 жыл өтүптүр. Бул тарых өлчөмүндө алганда кыска эле убакыттай туюлат. Ушул мезгилде Баткен районунун 27 адам жетектептир. Ошолордун көч башында Кыргызстан КП Баткен райкомунун тунгуч 1-катчысы А. Кулумбаев турат.

Кара-Булак элдик музейинде архивдик материалдарга таянып биринчи райком жөнүндө мааракенин шылтагы менен окурмандарга айтып коюуну ылайык таптым. А. Кулумбаев 1905-жылы Тянь-Шань (азыркы Нарын) областынын Куланак районундагы Куланак кыштагында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энесинен эрте ажырап, өзүнүн бир тууганы менен биргелешип өз чарбасында иштейт жана ошол эле убакыттын өзүндө айылдык мектепке окуйт. 1921-1925-жылдары байдын колунда койчу болот. 1925-жылы жолдош Кулумбаев партиянын Кыргызстан обкому тарабынан Орто Азиялык мамлекеттик университеттин алдындагы рабфакка окууга жиберилет. Ал маалда 1929-жылы КПССтин мүчөлүгүнө өтөт. Рабфакты бүтүргөндөн кийин А. Кулумбаев Орто Азиялык мамлекеттик универститетинин 1-курсуна кабыл алынган. 1931-жылы партиянын Кыргызстан обкому тарабынан ал жетекчи партиялык кызматка чакырылып алынат жана республикалык партиялык жана советтик мектептин партбюросунун секретары болуу менен бирге мектептин окутуучусу да болуп иштейт.

1931-1947-жылдары жолдош А. Колумбаев партиялык жана советтик органдарда Кыргызстан КП Аламүдүн райкомунун маданият жана пропоганда бөлүмүнүн башчысы, Кыргызстан КП Баткен райкомунун (1934-1937-жж. ) андан кийин Ленин райкомунун секретары болуп. Тянь-Шань областык эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, эмгекчилер

депутаттарынын Нарын райондук Советинин аткаруу комитетинин председатели, Кыргызстан КП Ат-Башы райкомунун биринчи секретары болуп иштеген. 1947-жылы А. Кулумбаев Кыргызстан КП Тянь-Шаь обкомунун экинчи секретары болуп шайланган. 1949-жылы Кыргыз ССРинин айыл чарба министринин 1-орун басарлыгына которулган. 1953-жылы А. Кулумбаев КПСС БКнын алдындагы бир жылдык курста окуйт жана окуну бүтүргөндөн кийин эмгекчилер депутаттарынын Тянь-Шань областтык советинин прдседателдигине шайланган. 1957-жылдан 1969-жылга чейин А. Кулумбаев Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы дан-азыктары башкармалыгынын начальниги, Кыргыз ССРинин заготовка министринин 1-орун басары, Кыргыз ССРинин дан-азыктары жана комбикорм өнөр жайынын Башкы башкармалыгынын наачльниги болуп иштеген. 1969-жылы союздук маанидеги пенсияга чыккан.

А. Кулумбаев өзүнө ишеним көрсөтүлгөн ишти абийирдүүлүк менен аткарган. Элдин чыныгы уулу болгон. Ал бир нече жолу СССР Жогорку Советтин, Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. Кыргызстан КП Борбордук комитетинин мүчөсү болгон. Анын Мекен алдында сиңирген эмгеги өкмөт менен партия тарабынан жогору баланды. Ал Кызыл Жылдыз (эки жолу), Эмгек Кызыл Туу ордендери менен эки жолу, көптөгөн медалдар жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамоталары менен сыйланган. Нарын шаарынын борбордук көчөлөрүнүн бирине А. Кулумбаевдин ысымы берилген.

А. Кулумбаев жөнүндө эскерүүлөр: **Темир Аблиевич, баласы;** - анын жөнөкөйлүгү, сезимталдыгы, адамдарга болгон камкордугу жана жакшы мамлесин айырмаланыа турчу. Андан жардам, кеңеш сурашып республиканынын аймагындагы жумушчулардан тартып партиялык советтик органдарда иштеген жетекчилерге чейин кайрылып турушчу. Атамдын жакын достору булар: Мамбеталиев Молдогазы, Искаков Турдукожо, Носинов Умралы, Чакеев Чымырбай, Тойгонбаев Жаманкул, Жыргалбаев Узак, Качкеев Кадыркул, Жаналиев Насырымбек.

Абдыманапов Садык, Ахунбаев Иса, Жамгырчинов Бегималы, Муса Баетов, Алымкул Үсөнбаев, Калык Акиев, Молдобасн Мусулманкулов ж. б. Ал достукту бекем сактаган. Казакстандык, Түркмөнстандык, Азербайжандык, Өзбекстандык жана Москва. Ленинграддагы достору менен да такай байланышта болуп турган. Ал камкор ата, мээрбан чоң ата болчу. Анын ысмы биз үчүн, балдары үчүн ыйык жана унутулгус. Карыя журналисттердин бири союздук маанидеги персоналдык пенсионер Кыргыз ССРинин маданиятынын эмгек сиңирген кызматкер ыраматылык Аскар Солиев өзүнүн «Калем издери» («Кыргызстан» басмасы 1985ж. ) деген китебинде минтип жазган:

...Күздүн ортосунун окуубузду бүтүп (кеп 1934-жыл жөнүндө болуп жатат) мени райондук финансы бөлүмүнүн бюджет инспектору болуп түштүккө бар дегенин ыраак деп барбай жүргөмүн. Анда Кыргызстандын финансы эл комиссары тааныш эмес жер деп менин корконумду билди да, ошол кезде Фрунзеде жүргөн Баткен районунун жетекчилери менен жолугуштуруп, мени ошолордун өздөрү ээрчитип кетишин өтүндү.

Партиянын Баткен райкомунун биринчи секретары Абилий Колумбаев, райондук аткаруу комитетинин председатели Самат Сыдыков болуп эртеси поезд менен Баткенди карай жол тарттык. Поездди биринчи жолу көрүшүм. «Чоюнда кара-була тактайдан жасалган 15-20 үйдү темир жолдун үстүнө сүйрөп чуркаганда, чапкан атка жеткирбейт; - деп айылда элдин арасында биз бала кезде айтылып жүргөн таң каларлык сөздөр эми эсиме түштү. Абилий – орто бойлуу, тоголок беттүү, толмоч келген киши, анын аялы Упагүл - узун бойлуу, шыңкыйган арык, өңү апапак, козу бакырайган жаш, сулуу келин, Самат – узун бойлуу, кара-каш кырмурун киши экен. Төртөөбүз бир кепеде бара жатабыз. Самат ошол Баткенден өзүндө туулуп, мугалим болуп жүрүп, анан райондук аткаруу комитетине председателдигине жакында көтөрүлүптүр...

Упагүл эже, аялы: Аблинин мүнөзү жумшак, боорукер эле. Экөөбүз кырк бир жыл бирге жашадык. Элдин баарына бирдей

мамиле жасап, бой көтөрчү эмес. Калкынын муктаждыктарын чечүүгө көп көңүл бурчу. Жетим жүрүп жетилгендиктенби айтор, адамдын көңүлүн калтырчу эмес. Ак көңүл, кичи пейил эле, менменсинүү ага жат болчу. Чоң, кичинеге жакшылык гана кылууну максат кылып койчу. Андагы мындай сапаттар балалыгынан эле бар экендигин айылдаштары көп эскеришер эле…

Упагүл Кулумбай келини – Ыссык-Атанын кызы. 1932-1934-жылдары Фрунзедеги медтехникумда кийин белгилүү драматург, Кыргыз эл жазуучусу болгон Токтоболот Абдумомунов, Кыргыздын Пушкини деген атка конгон жалын жүрөк жоомартыгы кийин атактуу академик Адышевдин жубайы болгон Тенти Жунушалиевалар менен бирге окуп, 1934-жылдан 1937-жылга чейин Баткен Райкомунда биринчилерден болуп саламаттыкты сактоо бөлүмүнүн башчысы–райздрав болуп иштеген эже. Уулдары: Болот, Темир агаларды, Заинжамал, Айнур, Чолпон эжелерди мыкты тарбиялап түрдүү кесиптин ээлери мыкты жетекчилер болушуна кам көрүшкөн.

**(Сайдакпар Абдыганыев)**

## АБДИЛЛАЕВА ҮРҮНСА



Замандаштарынын эскерүүлөрүнө таянсак, Баткен районунун алгачкы телчигүү, калыптандыруу жылдарында жергиликтүү аялдарынан райондук, чарбалык, Советтик-партиялык башкаруу иштерине аралашып, ак дилден Ата-Журтка кызмат кылган үч аялдын ысмы өз учурунда өзгөчө урмат менен айтылган. Алар: Үрүнса Абдиллаева, Абдивалиева Галбүбү жана Барака Эшмурзаева.

Эгерде "ата-эне перзентин жарык дүйнөгө келтиргендиги үчүн эмес, аны адептуу жана ардактуу кылып эрезеге жеткиргендиги үчүн гана алкышка татыктуу болот" деген акылман сөздү эске салсак, анда анын маниси ушул үч асыл аялзатына, алардын өтүмүш тагдырына, үй-бүлөлүк турмушуна, коомдук ишмердүүлүгүнө жана артында калган урпатьктарынын тарых таржымалына да тиешелүү...

Абдиллаева Үринса акыл идиректүү зайып катары парасаттуу, сөзгө чечен иш билги жетекчи болгон. Салбаттуу эле, ар дайым башын бийик когоруп жүрчү, ар бир сөзүн ойлонуп сүйлөгөн мартабалдуу аял эле деп эскеришет аны билген карыялар.

Үринса Абдуллаева баткен районунун Кыштут айылдык кеңешине караштуу Чарбак айылында жарык дүйнөгө келген. Ата теги жарды адамдар болгон. Бир тууган иниси Тешебай экөө 1921-жылы энесинен ажырайт.

Өз мезгилинин сабаттуу жана тын, аял заты катары жетекчилик ишке алынып, 1936-1937-жылдары Карабулак айылдык кеңешинин торгасынын орунбасары болуп кызмат кылган. 1937-жылдын күзүндө атасы көз жумат. 1937-1938-жылдары райисполкомдун инструктору, 1938-1939-жылдары Баткен райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары болуп иштейт.

1939-1941-жылдары Баткен райкомпартиянын инструктору болуп иштеп турган. 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталып, кан майданга бир тууган иниси Тешебайды, андан соң күйөөсү Айбашов Аширди узатат. 1942-жылы күйөөсүнөн кара кагаз келет.

Ошол катаал жылдардын жан чыдагыс азап-тозогу башкалар сыяктуу эле бир дагы кыргыз үй-бүлөсүн кыйгап өткөн эмес. Байкуш Үрүнса эне кол арага жарап калган кызы Салия менен атасынын жүзүн бир да көрбөй калган, бешиктеги баласы Жоробайды медер тутуп, эли журтка таянып башына түшкөн оор кайгыга чыдады. Чыдабаска башка арга жок эле...

1941-1942-жылдары турмуш шартына жараша "1-Май" колхозунун башкармасынын орун басары, ал эми 1942-1943-жылдары Калинин атындагы колхозунун (Бужум айылы) төрагасы болуп иштейт.

Уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү жана иш билги тажрыйбасы үчүн 1943-жылдын 23-ноябрында Ү. Абдиллаева Кыргыз КП БКнын катчысы А. Ваговдун буйругу менен (БКнын бюросунун № 96-токтомунун негизинде) Баткен райкомунун катчылыгына дайындалган., ал аялдар арасында алгылыктуу иштерди жүргүзгөн.

1945-жылдын 9-майы Улуу Жеңишти алып келди. Үринса Абдуллаева 1947-жылы шарты оор Дара аймагындагы "Октябрь" колхозуна башкарма болуп барып, айыл элинин жашоо турмушунун оңолушуна баалуу салымын кошуп, бул жерде бир жарым жыл иштеген. Анан өзү туулуп оскон "1-Май" колхозуна суранып көчүп келет да, узак жылдар бул жерде партиялык уюмдун катчысы, Кыштут айылдык кеңешинин орайымы болуп иштеп турду. Кийин 1950-жылдын сонунда ден соолугуна байланыштуу эс алууга чыгат.

Иниси Абдуллаев Тешебай согуштан жарадар болуп кайтып келип, алгач Шурап көмүркенинде кийин Баткен автобазасында шофер болуп пенсияга чыккан.

Кызы Жунусова Салия Зарташ айылына турмушка чыгып, 3 уул 4 кыздуу болгон. Кенже кызы Жанар Гаитбердиева Бишкекте салык тармагында иштейт. Уулу Жоробай Ашыров

1970-1973-жылдары республикалык "Ленинчил жаш" гезитинде, 1973-1983-жылдары Кыргыз радиосунда жооптуу кызматтарда, ал эми 1983-2000-жылдары райондук "Кызыл Туу" гезитинде жооптуу катчы болуп иштеп, пенсияга чыккан учурда үй-бүлөсү менен Ош шаарында жашайт.

Абдуллаева Ү. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде райондун ар кандай тармактарында аткарган кызматтары үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы Калининдин Указы менен 1946-жылы "1941-1945-жылдарда эмгектеги "Каармандыгы үчүн" медалы менен сыйланган. Анын 1936—1960-жылдар аралыгында элге, жерге сиңирген эмгеги эске алынып, 1977-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Грамотасы менен сыйланган.

Үрүнса Абдуллаева узак жылдар Бишкек шаарында жашап турду. Өмүрүнүн сонку жылдарын Баткен шарында өткөрүп, 1987-жылы кайтыш болгон.

**(Зулпукар Балтабаев)**

## АКМАТОВ БЕРДИКУЛ



Акматов Бердикул 1910-жылы Баткен районунун Кара-Токой айылында кедейдин үй бүлөсүндө туулган.

1932-1934-жылдары колхоздо колхозчу, бригадир, 1939-1940-жылдарда Ленинград атындагы колхозунун төрагасы болуп иштеген.

1946-жылдан Оштогу айыл чарба техникумуна барып окуган. Окууну бүтүп келип Баткен райондук айылчарба бөлүмүндө огроном болуп, 1949-жылдын апрель айына чейин иштеген.

1949-жылдын апрель айынан 1950-жылдын май айына чейин Баткен районунун Геревшин колхозунда төрагалык кызматын аркалаган. 1950-жылдын май айынын 1951-жылдын май айына чейин Зардалыда "Варашилов" колхозунда төрага болгон. 1951-1954-жылдарда Фрунзе областынын Кант районундагы колхозго кадрларды даярдоо мектебинде окуган.

1954-1958-жылдарда "1-Май" колхозунда төрага, 1959-1961-жылдарда кайрадан келип "Ленинград" колхозунда төрага болуп иштеген. 1961-1963-жылдарда Суу Башы айылдык кеңешинин төрагасы кызматында эмгектенген.

1954-1966-жылдарда райондук керек-жарак коомунда кызматкер, райондук өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмүндө агроном болуп иштеген. 1968-жылдын апрелинен ардактуу эс алууга чыккан. Эс алууда болгондугуна карабастан 1972-жылдан баштап Боз-Адыр массивинде бак өстүрүү боюнча карыя ардагерлерди жетектеп, 6967 түп өрүк, 2200 түп шабдалы, гилас, жангак, 36 миң түп тыт көчөттөрүн тигишип, өстүрүшкөн.

1933-жылдан 1941-жылга чейин ВЛКСМдин мүчөсү, 1941-жылдан КПССтин мүчөсү болгон. Бирнече жолу айылдык кеңештерге жана райондук кеңештерге депутат болуп шайланган.

Боз-Адыр айылындагы орто мектепте Акматов Бердикул акенин аты коюлган.

1943-жылы Кыргызстандын делегациясы менен биргеликте Ленинград шаарынын Ленин атындагы заводуна белек катары 50 кап күрүч, 30 кап өрүк, 95 баш тирүү бодо мал, 1000 кг кургатылган жемишти алып барып аталган заводко тапшырышкан. Ошону менен бирге өзүнүн атынан 40 мин сомдук заңмго жазылып, мамлекеттик банкка өткөрүп берген. 1944-жылы 40 миң сом акчаны танка калоннасына жардам катары жөнөткөн.

1946-жылы 1941-1945-жылдардагы эмгектеги үчүн "Эмгектеги Каармандыгы үчүн" медалы, Улуу жеңиш күнүнүн 30 – 40 - 50 жылдыгы боюнча медалдар менен сыйланган. "Эмгектин Ардагери" деген наамга татыктуу болгон. 4 уул 2 кызды тарбиялап өстүргөн.

## АБДИЛЛАЕВ АКЫЛБЕК



Абиллаев Акылбек 1912-жылы Кишемиш кыштагында туулган. Саткынбай чоң атасы бий, атасы Абдиллаамин болуп эл арасында кадыр-барктуу инсандардан экен. Алма сабагынан алыс түшпөйт дегендей Акылбек ака да жаштайынан чыйрак, зирек болуптур. Колхоз түзүлүшүнө активдүү катышкан. Кош өгүз, шаймандары менен колхозго мүчө болуп кириптир «Кызыл Ай» колхозунун раиси кызматын аткарган. Кийинчирээк, Танги кыштагындагы «Коммунизм» колхозун башкарыптыр качан гана ошол аймактагы майда колхоздор ирилешип «Рават» совхозу түзүлгөндө да мал чарбачылыкта ферма башчысы, бригадир кызматтарында иштеп жүрүп, эс алууга чыккан. Акылбек аксакал 6 уул, 1 кызды тарбиялап өстүрүптүр.

Улуу баласы Акылбеков Касым райондо алгачкылардан болуп Фрунзедеги Скрябиян атындагы мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүрүп агрономдук кесипке ээ болгон. Рават совхозунда агроном, башкы агроном, Ак Сай совхозунда башкы агроном кызматтарын аткарып, урмат-сыйга ээ болгон. Чарбалардын өнүгүшү, элдин бардан жашоосу үчүн күчүрөп, эртели-кеч кызматтык милдетин кынтыксыз аткарып жүрүп, өз ден-соолугуна маани бербей кокусунан каза болгон. Касым акенин балдары Аскарбек, Асманбек жогорку билим алышкан. Аскарбек комсомолдук партиялык, советтик кызматтарда иштеп элге таанымал кадрлардан. Азыр райондук байланыш бөлүмүнүн башчысы.

Акылбек аксакалдын дагы бир баласы Маматкул. Ал Ош мамлекеттик институтун бүтүрүп, агартуу тармагында көп жыл иштеди. "В. И. Лениндин 100 жылдыгы" совхозунда парткабинеттин башчысы, парткомдун катчысынын орун басары

кызматтарын аткарды. Райондогу партиялык кызматкерлердин алдынкысы, чыныгы пролпагандист чынчыл коммунист болгон. Сыйлык иретинде «жигүли» жеңил авто машинасы, Ошобласттык, Баткен райондук партия комитеттери тарабынан «Ардак Громаталар» менен сыйланган.

Акылбек аксакалдын 6 улуунун баары жогорку билимдүү, ар турдуу тармактарда үзүрлүү эмгектенишет. Акылбеков Шадыман -инженер-механик, Сулайман-врач-педиатр, Адыбек, Субанкул-педагог кесиптеринде иштешет.

Ал эми Акылбек аксакалдын 15 небересинин бардыгы жогорку билимге ээ болушкан. Аскарбек-гидирометролог, Асланбек- зооинженер, Мамыт-врач, медицина илимдеринин кондидаты, Өмур-энергетик, Бек-врач, хирург, Азамат-экономист аттары аталбаган неберелери агартуу тармагында мугалим болуп үзүрлүү иштешет.

## ЭРКЕБАЕВ ЖААНБАЙ



Эркебаев Жаанбай 1924-жылы Баткен районунун Палал кыштагында туулган. Роут 7 жылдык мектебин бүтүп, Палал колхозунда колхозчу болуп иштеген.

1942-жылы аскерге чакырылган. Ташкент шаарында кыска машыгуудан өткөн сон, Ленинград фронтунун 314-аткычтар двизиясында 1074.68 Кызыл Туулуу аткычтар полкунда кызмат өтөгөн. Ленинград шаарын коргоодо башкы командачы Жуковду көргөн. 1944-жылы 14-27-январдагы фашистерге каршы чабуулда снайпер-аткыч болуп, эрдик көрсөткөн. Ленинград шаарындагы оор абалды ачкачылыктан адамдардын каза болгонун өз көзү менен көруп, жениш үчүн күрөшкөн. 3 жолу жарадар болгон. 1945-жылы август айында айылына жениш менен келген.

Адегенде колхозчу, эсепчи, партиянын Баткен райкомунда нускоочу (инструктор), айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, Дара айылдык кеңешиндеги Ленин атындагы колхоздун башкармасынын башчысы (ираиси) болуп иштеп туруп Френзе шаарындагы Кыргызстан КП БКнын алдындагы Советтик-партиялык окуу жайында окуган.

Жаанбай ака жашынын өткөнуно карабастан Скрябин атындагы Кыргызстан айыл чарба институтун сырттан окуп бүтүргөн.

1960-1970-жылдарда Ленинград колхозун 10 жылга жакын башкарат. Колхоздор ирилешип, 1-Май совхозу түзүлгөндө Эркебаев Ж айыл чарба кызматкерлеринин райондук профсоюзунун төрагалыкты 1984-жылга чейин аткарган.

Эркебаев Ж. Эмгектик эс алууга чыкса да 1992-жылга чейин райондук жаратылышты коргоо коомунун жетекчиси болуп иштеп, райондогу өзгөчө байлыктарын сактап калуу жана андан ары өстүрүүгө күч үрөп иштеген.

Эркебаев Ж. Аксакал өмүрүнун жарым кылымдан ашык мезгилин райондун экеномикасынын өсүшүнө, маданият, социалдык жактан бийик серге жетишүүсүнө калктын бардам, бай жашашына, ар дайым тынчтык болушуна арнаган. Элдин, райондун тарыхын, карапайым адамдардан тартып, райондун жетекчилерине чейин бирге иштеп жүрүп, жакшы билген кадырлуу адам эле. Кала берсе өзү менен бирге иштешкен эмгек азаматтарынан тартып, райондун жетекчилери жөнүндө, өзүнун туулуп оскон Дара аймагынын алгачкы жылдардагы абалы, маданий турмуш-тирикчилигинин өсүшү тууралуу мындан 15 жыл мурда “Өмүр өтөлгөсү” деген мемуардык маанидеги китепчесин жазып калтырган

“Ата Мекендик Согуштун” биринчи “даражадагы” ордени, “Ленинграддын 250 жылдыгы үчүн”, “Эмгектеги Каармандыгы Үчүн” медалдары, Улуу Жеңиштин 20, 25, 30, 40, 50 жылдыгына карта юбилейлик медалдары, ВЦСПСтин, СССРдин, элдик козомолдөо комитетинин, республикалык, Ош областтык, Баткен райондук партиялык, мамлекеттик, советтик жогорку бийлигинин бир нече ардак Грамоталары менен сыйланган.

8 уул, 25 небере, 10 чеберелерди тарбиялап өстүргөн.

Баласы Жаанбаев Жусупбек - айылчарба институтун бүтүрүп, бухгалтер- экономист, ата жолун жолдоп кесиби боюнча эмгектенет. Келинчеги Кабылова Бүуалма политехникалык институтунун технология факультетин бүтүргөн. Райондук май зоводунда башкы инженер болуп 10 жылдан ашык иштеп, азыр райондо белгилүү бизнесмендердин бири. Саттар, Айнагүл мугалим. Небереси Жаанбаев Максатбек Транспорт жана Коммуникация министрлигинде жетектөөчү адист, Гүлшан - япон тили боюнча Востоковедения жогорку окуу жайында окуйт.

## КАЙЫМОВ ИМАТ
## (1919. 20. 01-2013. 27. 08)



Дегеним, бир керт башы үчүн жашап өтүү маңызсыз жана маңыроолук. Кайсыл доор, кайсыл гана мезгил болбосун бир курсактын кулу болбостон, эли-жери, мекени үчүн кызмат өтөө чыныгы адамгерчиликтин туу чокусу. Пенделиктин улуулугу эмеспи. Ата-Журтка ак кызмат өтөө, аны коргоо өзүнчө чоң кеп. Анан татыктуу да, ардактуу да үй-бүлө күтүү өзүнчө сыймык. Андайлар арийне, арабызда саналуу гана адамдар. Биз кеп кыла турган ардактуу Кайымов Имат аксакал ар тараптан төп келген инсан.

Кайымов Имат 1919-жылдын 20-январында Баткен районуна караштуу Булак-Башы айылында жарык дүйнөгө келген. Ал 5-жашарында энесинен ажырайт. Окуу эмне экенин билбеген наристе мал артында күн көрө баштайт. Анда мектеп деген кайдан, жок болгон деп Имат аксакал өзү эскергендей: Үкөм Жороев Аким кийичерээк биринчи класска кирет дейт. 1928-29 жылдары «КМШ» деп аталган алгачкы мектеп Булак-Башы айылында ачылат. Латын алфавит «Алиппе» «Арифметика» китептери менен ошондо таанышат,

үнөсүнөн китепти талашып окуп жүрүп окууну тез өздөштүрүп, анан аларга канааттанбай райондук дүкөндүн «Биздин Родина» деген китепти сатып алып, окуп чыгат. Ошентип, мал кайтарып жүрүп сабатын өзү ачат. Зирек, өтө чыйрак өскөн өспүрүм бара-бара тарыхый китептерди шар окуй алгандыктан көп окуйт. Жонунда мылтык, колунда комуз. Эриккенде не бир ажайып кыргыз күүлөрүн дыңылдатып чертип калчу.

1936-жылы СССРдин жаңы Конституциясы жарыкка чыгат, 1938-жылы биринчи шайлоо болот. Союздар Советине Стрельникова деген, ал эми Улуттар Советине Баткенден Жолдошов Паиз шайланат, кечке мал багып, ал эми кеч болсо, элге жаңы Конституцияны окуп берет. 1939-жылы 19-жаш курагында колхозго аралашып иштей баштайт. Көп өтпөй аны колхозго табелчиликке дайындашат. Аздан соң Сталиндин буйругу чыгып, колхоздордун штабдары кыскара баштайт. Бирок анны сабаттуулугунан колхозго бригадирлик кызматка коюшат. Ошол эле жылы зирек жигит комсомолго өтөт. Андан расчеттук бухгалтерлик кызматка иткнрүшнт. Ошентип, кадрлардын жетишсиздигинен бир учурда үч кызматты кабагым-кашым дебей, чыныгы комсомолец, чыныгы патриот катары ак дилден кызмат өтөйт. Андан кийин 1939-жылдан 1942-жылга чейин Булак-Башы колхозунда бригадирлик кылат. 1942-жылы Кызыл Армиянын катарына өз ыктыяры менен жнннп кетет. Фашисттик баскынчылардын мизин кайтарууда Белоруссиянын Смоленск багытындагы согушта пулеметчик болуп, душманга каршы күрөшөт.

Айыгышкан салгылашууда 1943-жылдын октябрында оор жарадар болуп Свердловск облусунун Нижний-Тагил шаарында госпиталда дарыланат. Айыккан соң, отпуска берип айылына 6 айга жөнөтөт. Өзүнүн тулуп өскөн Булак-Башы айылына сагынычы койнуна батпай шашып келет. Кусалыгы тарап-тарабай кайрадан батышты көздөй аттанат. Себеби ал өз кызыкчылыгынан, Ата-Журт алдындагы милдетин биринчи коюп, кайрадан согушка кирет. Польша Эл республикасынын Познань шаарын бошоотуга катышат. Бул жерде 14 миң советтик жоокерлер концлагерден бошотулуп, аскерлердин катарын

толуктайт. Кызыл Аскерлердин катуу соккусунан кийин фашисттик Германиянын армиясынан 23 миң офицер, солдаттары курман болот жана 28 миң баскынчысы колго түшүрүлөт. Ошол айыгышкан салгылашууда Имат аксакал кайрадан оор жарадар болуп Познандагы госпиталга жеткирилет. Андан көп өтпөй эле аны Сызрань шаарындагы госпиталга которот.

Улуу жеңиш күнүн госпиталда дарыланып жатып тосуп алат. 1945-жылдын декабрь айында жеңиш менен Ата-Журтуна кайтып келет.

Ата-Мекенин баскынчалардан коргоодо көрсөткөн эрдиктери үчүн көптөгөн орден, медалдар менен сыйланган. 1946-жылы кайрадан Булак-башы кыштагында бригадирлик ишин улантат. Бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө салымын кошот. 1950-жылы Булак-Башы, Сталин, Ворошилов, Кызыл-Жол колхоздору биригет. Ага мал чарбасында ферма башчысынын кызматы жүктөлөт. 1956-1957-жылдары Баткендин биринчи бригадасынын бригадири болуп иштеп, 1958-жылы кайрадан ферма башчылыгына дайындалат.

1961-жылдан 1963-жылга чейин колхоздо рефкомдун төрагасы болуп иштейт. Өз билимин жогоруулатууда 1949-жылы Чүйдөгү Кант районунда кадрларды даярдоо курсунда болгону 6 ай гана окуп келет. 1963-1978-жылдардын аралыгында кой чарба фермасында учетчик, сүт-товар фермасынын башчысы, «Москва» колхозунун текшерүү комиссиясынын төрагасы болуп иштейт. Мына ушундай албан эмгектеринин үзүрү кайтып, 1978-жылы айтылуу колхоз жамааты салтанаттуу жалпы чогулушта эс алууга узатышат.

Бүт өмүрүн эли-жери үчүн арнаган ардактуу атуул көптөгөн сыйлыктарга ээ болгон «За доблестный труд», «Эмгек ардагери», «Юбилейлик» медалдар ага таандык. Имат аке 1947-жылдан бүгүнкү күнгө чейин коммунистик партиянын катарында. Жубайы Кайымова Зулпия да учурунда жолдошуна өбөк гана болбостон, тылда болобу, коомдук иште болобу, өзүн мыкты көрсөтө алган. Эже дагы үзүрлүү эмгеги үчүн көптөгөн сыйлыктарга татыган. Алар эки уул, эки кызды татыктуу тарбиялашты. Булар дагы ата-энени урматтаган, эли-жерине кызмат кылган инсандар. Баары тең жогорку билимдүү.

Тун кызы Катыча мугалимдик кесипте иштеп, азыр ардактуу

эс алууда. Экинчи кызы Бүүниса 35 жылдан ашуун чет тил мугалими болуп иштеп келет. Эл агартуунун мыктысы. Кыргыз Республикасынын «Ардак Грамотасы» менен сыйланган. Небереси Айымкан 2004-окуу жылында орус тили боюнча Москвада өткон дүйнөлүк олимпиадага катышып 3-орунду камсыз кылган. Учурда И. Арабаев атындагы университетти артыкчылык диплом менен аяктап үй-бүлөсү менен Бишкек шаарында эмгектенип жатат. Неберси Сапаргүл да борборубуздагы Бишкек гумманитардык Университетин аяктап борбор шаарыбыздын бир ишканасында эмгектенет. Уулу Турдали көп жылдар бою эл агартуу тармагында үзүрлүү эмгектенип, Баткен районунда биринчилерден болуп Арабаев Университетинин филиалын ачып, ошонун негизинде Баткен мамлекеттик Университети түптөлдү, азыркы күндү уулу Турдали Бишкек шаарында Айыл чарба министирнлигинин суу тармактар департаментинде 15 жылдан бери эмгектенип маркетинг боюнча бөлүм башчысы. Суу чарба министирлигинин мыкты деген төш белгинин ээси. Турдали шыктуу акын, Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү.

Небереси Эрмек Арабаев атындагы университетти бүтүп, Бишкектеги Авиациялык жогорку учкучтар окуу жайында иштеп жатат. Илимдин кандидаты. Имат аксакалдын кенже уулу Рахматтила жогорку билимдүү, Баткен облустук статистика башкармалыгында начальниктин орун басары. Статистиканын мыктысы деген төш белгинин ээси. Келини Райла жогорку билимдүү, шаардык социалдык жактан камсыздандыруу башкармалыгында иштеп ардактуу эс алууга чыкты. Шаардын, облустун ардак Грамоталарынын ээси. Небереси Нурланбек Агрардык университетин артыкчылык диплом менен аяктап, Германия мамлекетинде окуусун улантып, Бириккен Араб Эмиратында туристик компанияда иштеп, андан кийин2009 жылдан 2013 жылга чейин Орусия мамлектинин Москва шаарындагы Түштүк Кореянын элчилигинде эмгектенип, бүгнкү күндү борборубуз Бишекек шаарында жеке фирмада иштеп жатат. Келинчеги Кайымова Канайым Агрардык Университетти бүтүрүп борбор шаарыбыздын бир бала бакчасында тарбиячы болуп иштеп жатат.. Небереси Нуралы Агрардык университеттин экономика факультетин аяктап борбор шаарыбыздын бир фирмасында эмгектенүүдө. Келинчеги Садыкова Кундузай Медицина академиясында 6 курсту аяктоо алдында турат Небереси [illegible]онай Кыргыз Улуттук Университетинде статистика факу[illegible]тин

артыкчылык диплом менен аяктап Баткен шаарыбыздын борборлоштурулган ооруканасында врач статист болуп эмгектенип жатат. Имат аксакалга Баткен шаарынын ардактуу атуулу деген наамды 2012 жылы тапшырылган.

Имат аксакал менен Зулпия эне 15 небере, 30 чеберенин ардактуу чоң ата, чоң энеси. Аксакал өз айылында эл урматтаган кадырлуу карыя. Зулпуя эне 2002 жылы катуу оорудан кийин кайтыш болду. Имат ата 2013 жылы 27 августта бул дүйнө менен 94 жашында коштошту. Ушундай инсандардын басып өткөн жолу кийинки муундарга анык үлгү болоору бышык.

## МУРЗАКМАТОВ САДИР



Мурзакматов Садир аке 1917-жылы 15-январында Баткен районунун Каратокой кыштагында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1935-жылы 18 жашынан финагенттик кызматта иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1940-жылга чейин иштейт. 1942-жылдары магазин башчысы болуп иштеген. Аталган кызматтарда иштөө менен колхоз курулушуна активдүү катышат. Комсомолдун мүчөлүгүнө өтөт. 1942-жылы февралда комсомолдун Баткен райондук комитетинин биринчи катчысы болуп шайланган. Эл арасында коллективдүү чарбанын артыкчылыгы, совет бийлигинин адилеттүүлүгү, фашисттик Германиянын баскынчылык согушу тууралуу үгүт иштерин жүргүзүү менен фронтко жардам берүүдө жаштардын тылда иштөөсүнө жетекчилик кылат.

Партиянын райкому 1942-жылы май айында КПССтин мучолугуно кабыл алат. Өмүрүнүн акырына чейин Кыргызстан Коммунисттер партиясынын мүчөсү болгон. 1945-жылы Кыргызстан Борбордук Комитетинин алдындагы кыска

мөөнөттөгү курсунан окуп келгенден кийин Баткен райкомунун партиялык кабинетинин башчысы, 1946-жылдын май айынан партиянын райкомунун агитация жана пропоганда бөлүмүнүн башчылыгына көтөрүлөт. 1949-жылдын августуна чейин аталган кызматта иштеп туруп, партиянын райкомунун жана эмгекчилер депутаттарынын райондук Кеңешинин органы- "Сталиндик Жеңиш" газетасынын редакторлук кызматына которулат. 1951-жылы сентябрь айынан Кыргызстан (б) партиянын Борбордук Комитетинин алдындагы 2 жылдык партиялык окуу жайына (партшкол) окууга жиберилет. Партиялык окуу жайын бүтүп келгенден кийин 1953-жылдын август айынан партиянын Баткен райкомунун айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, үчүнчү, экинчи жана биринчи катчысы кызматтарында 1959-жылга чейин эмгектенет. Бул жылдардын аралыгында Мурзакматов Садир аке райондогу коммунисттердин катарынын өсүшү, алардын активдүүлүгү, баштапкы партиялык уюмдардын күжүрмөндуулугу боюнча уюштуруучулук иштерди жүргүзөт

Райондун бытыранды колхоздорунун жана айылдык кеңештердин ирилешүүсүндө талыкпай партиялык жетекчиликти жүргүзөт. Социалдык-маданий, экономикалык жактан райондун өнүгүшүнө зор салымын кошот. Элдин бардам жашоосу үчүн бар күчүн сарптайт. Садир аке райкомдо айыл чарбасы боюнча бөлүм башчы жана катчылык кызматтарда иштеп райондун Зардалы, Кожепкен, Кишемиш, Геравшин жана Дара өрөөнүндө жашаган калкты келекчектуу айылдарга көчүрүүгө, суусуз талааларга суу жеткирүү жумуштарында өзүнүн ишмердигин, жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиуму 18-сентябрь, 1958-жылдагы Токтомунда "Кара-Кол каналынын элдик курулушунда жетишкен ийгиликтери үчүн Ош областынын Баткен районунудагы штабдын начальниги жолдош Мурзакматов Садирди Кыргыз ССР Жогорку Советинин «Ардак Грамотасы» менен сыйлайт" деп көрсөтүлгөн.

Ушундай уюштургуч, иштерман инсан эле. 1959-1963-жылдары Баткен райондук керек-жарак коомунун төрагасы, Төрт-Гүл СМУсунун кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. 1962-1964-жылдары Партиянын Лейлек райкомунун инструктору

кызматын аткарат. Андан кийин Баткен райондук камсыздандыруу бөлүмүнүн башчылык кызматында 13-жыл боюу эмгектенет. 1979-1986-жылдарда райондук колхоз базарын жетектейт.

Эс алууга чыкандан кийин да эл арасында саясий-тарбиялык иштерди жүргүзүүдө ардактуу аксакал катары өз улушун кошуп келген. Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун 1958-жылдагы XII конференциясынан 1985-жылда откорулгон XXVI конференциясына чейин үзгүлтүксүз делегат болуп катышкан. Ушул жылдары райкомдун мүчөсү болуп келген. Кыргызстан Компартиясынын 1956-жылдагы VIII сьездине делегат болуп катышкан. 1959-жылдан 1995-жылга чейин Эл депутаттарынын Баткен райкеңешинин депутаты болуп үзгүлтүксүз шайланган. Баткен райкомунун, райондук Кеңешинин "Ардак Грамотасы" менен бир нече жолу сыйланган. 1974-жылы Ош обкомунун областтык Кеңешинин «Ардак Грамотасы», 1987-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Министрлер Советинин, ЛКСМ, Борбордук Комитетинин юбилейлик «Ардак Грамотасы» жана ВЛКСМ БКнын юбилейлик "70 жыл ВЛКСМ" төш белгиси менен сыйланган.

Садир аке 18-жашынан тартып иштеп, 72 жыл боюу райфиндин агенттигинен Кыргызстан компартиясынын Баткен райкомунун биринчи катчылыгына чейин билимин, иш тажрыйбасын райондун экономикасынын, социалдык-маданий жактан өнүгүшүнө зор салымын кошкон адам. Ишкер, ишмер жетекчи, урмат-сыйлуу, ардактуу, кадырман инсан.

## АЗИМОВ ЗАИТ



Азимов Заит 1913-жылы 20-февралда Баткен чөлкөмүнүн Кишемиш кыштагында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Жаштайынан мал кайтарып, иштеген. Совет бийлиги учурларында алгачкылардан болуп комсомолго өткөн. Коллективдүү чарбага биринчилерден мүчө болуп кирген. Тап душмандарын жоюуда да активдүү комсомолдордун катарында болгон. Кишемиштеги калай кенинде жумушчу болуп иштегендигине байланыштуу, согуштан брон менен калтырылган.

Азимов Заит 1944-жылы Кишемиштеги "Кызыл Ай" колхозунун башкармасынын төрагасы болуп көп жылдар эмгектенген. Кишемиштеги эл төмөнгө көчүрүлүп, колхоздор ирелешкен учурда бригадирлик кызматын аткарган. Тылдагы үзгүлтүксүз кызматы үчүн "Эмгектеги Каармандыгы Үчүн" медалы менен сыйланган. Ардактуу ардагер карыялардын катарында болгон.

# МАКСУТОВ МАМАЗАИТ



Максутов Мамазаит 1926-жылы 18-январда Баткен районунун Кыштут айылында, дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Баткен айылындагы В. И. Ленин атындагы мектептен жети жылдык билим алган.

Максутов Мамазаит эмгек жолун 1941-жылы Кыштут айылындагы "Большевик" колхозунда бухгалтердик кызматтан баштаган. Кызматын аткаруумене каpы-жаш колхозчулар арасында коомдук малды багуу, дыйканчылык иштеринде ферма башчылык, бригадирлик иштерин да алып барган. 1946-1953-жылдарда Зардалыдагы "Ворошилов" колхозунун башкы бухгалтери болуп иштеген. 1953-1958-жылдары райондук айыл чарба бөлүмүндө, МТСте бухгалтер, башкы бухгалтер кызматтарын аткарган. 1962-жылга чейин РТСте инспектор, Баткен райондук пландоо бөлүмүнүн башчысы, болуп эмгектенген. 1962-жылдан "Москва" колхозунун башкы бухгалтери, 1974-1986-жылдарда Баткен райондук айыл чарба башкармасынын башкы бухгалтери болуп иштенжүрүп, эмгектик эс алууга чыккан.

1953-жылы бухгалтерди даярдоочу окуу комбинатын, 1968-жылы Фрунзе шаарындагы финансы-экономикалык техникумун, 1972-жылы Скрябин атындагы мамлекеттик айыл чарба институтунун бухгалтердик учет факультетин сырттан окуп бүтүргөн.

Максутов М. Баткен районунда биринчи бухгалтерлерден болуп саналат. 64 жылдык өмүрүн үзгүлтүксүз бухгалтердик кызматка арнаган. Ондогон жаштарды бухгалтердик кесипке тарбиялаган. Коомдук иштерге активдүү катышкан, салабаттуу, кадыр-барктуу, урматтуу жана ардактуу ардагер болгон. Аз сүйлөсө да, саз сүйлөгөн акылкөй инсан эле.

Баткен райондук айыл чарба башкармасында 15 жылга жакын иштөө менен колхоз, совхоздордогу коомдук малдын, дыйканчылыктын эсеп-кысабын так алып барууда жана беш жылдыктарда малдын санынын кандай резервдердин негизинде өсүүсүн, дыйканчылыктын түшүмдүүлүгүн артыруудагы мүмкүнчүлүктөрдү алдын ала пландаштырууда чоң иштерди жүргүзгөн. Райондун экономикасын өнүктүрүүдө М. Максутовдун эмгеги чоң болгон.

Максутов М Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Ооруктагы кажыбас эмгеги үчүн, 1945-жылы СССР Жогорку Советинин Президиумунун, Ата Мекендик Согуштун 1941-1945-жылдарындагы "Эмгектеги Каармандыгы Үчүн" медалы менен сыйланган. В. И. Лениндин 100 жылдыгына карата "Эмгектеги Каармандыгы Үчүн", "Эмгек Ардагери" ж. у. с. 6 медал менен сыйланган. Алты жолу социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болгон.

Максутов М. Кызматтык милдетин кынтыксыз аткаруу менен бирге, үй-бүлөсүндө да 4 уул, 3 кызды татыктуу тарбиялап өстүргөн. Улуу баласы Максутов Абдибаит Фрунзе политехникалык институтун бүтүрүп, инженер-механик кесибине ээ болгон. Көп жылдар бою райондук автобазада механик, башкы механик болуп иштеген. Азыр Баткен областтык газа суу департаментинин башчысы, кыздары Бүсулуу, Рахима, Галбүбү экономист, бухгалтердик билим алышып, ушул багыттарда элге кызмат кылышууда.

## ЭГЕМБЕРДИЕВ УБАЛИ



Эгембердиев Убали-1926-жылы Баткен районунун Зардалы кыштагында туулган. 1942-жылы Зардалы толук эмес мектебин бүтүрүп, 1943-1944-жылдары ошол эле мектепте мугалим болуп иштеген. 1945-1950-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.

1950-1953-жылдары Ворошилов атындагы колхоздо эсепчи, Баткен райондук дене-тарбия жана спорт комитетинин төрагасы, 1953-1956-жылдары Баткен райКеңешинин аткаруу комитетинде инструктор, 1957-1962-жылдары жооптуу катчы болуп иштеген.

У. Эгембердиев иштеген учурдагы райкенештин архивдеги документтерин барактап, тиешелүү жерлерин окуп отуруп, ушунчалык таң калдым. Анткени, Убали ака Зардалыда 7-классты бүтүп, 5 жыл Советтик Армиянын катарында кызмат өтөптүр. Ага карабастан жашынан эле зирек, окууга дитин койгон аракетчил болгон. Көп окуп, өз алдынча билимин тереңдеткен орус тилин үйрөнгөн, туура жаза билген инсан болгон экен.

Райкеңештин аткаруу комитетинин иш кагаздары орус тилинде жүргүзүлгөн. Ошол документтердин сапаты жооптуу катчысынын билимине, жөндөмдүүлүгүнө жараша болорун баамдадым. Убали ака 1963-1965-жылдарда Кыргызстан Компартиясынын БК караштуу 2 жылдык партиялык окуу жайында окуйт. 1966-1972- жылдары Баткен районунун "Орджоникидзе" колхозунун партиялык комитетинин катчысы кызматында иштеп, ошол эле учурда КПСС БКнын алдындагы партиялык жогорку окуу жайын сырттан окуп бүтүргөн.

1973-1975-жылдарда профкомдун төрагасы, 1977-1979-жылдары кайрадан "Фрунзе" колхозунда парткомдун катчысы, 1975-жылдан КПССтин мүчөсү болгон. Кыргызстан

Компартиясынын Баткен райкомунун 11-14-партиялык конференцияларына делегат, райкомдун мүчөсү болуп шайланган. Дара, Кара-Бак айылдык, Баткен райондук кенештеринде бир нече жолу депутаттыкка шайланган.

У. Эгембердиевдин элине өткөн эмгегинин акыбети кайтып, "Данк Белгиси" ордени, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун «Ардак Грамотасы», Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргызсовпроф жана Кыргызстан ЛКСМ БКнын юбилейлик «Ардак Грамотасы», Ош обкомунун, областтык Кеңештин, Ош облсовпрофдун, Баткен райкомунун, райондук Кеңешинин Ардак Грамоталарына татыктуу болгон. 6 уул, 2 кызды тарбиялап өстүргөн.

## ПИРМАТОВ МАСЕЙИТ
### (Улуу Ата Мекендик Согуштун катышуучусу жана эмгектин ардагери)



Пирматов Масейит 1918-жылы Баткен районуна караштуу Кишемиш айылында туулган. 7-классты бүткөндө кийин колхоздо табелчи болуп иштеген. 1939-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылат, армияда шофердук курста окуп, 2 жыл шофер болуп кызмат өтөп, үйүнө кайтарда, Улуу Ата Мекендик Согуш башталып, эли жерин коргоо үчүн согушка аттанат. Согуш учурунда Ракасовскийдин дивизиясында кызмат өтөйт. Сталинградды душмандардан бошотууда да активдүү катышат. Ал эрдиктери үчүн орден менен сыйланган.

Акырында Берлинге чейин душмандар менен салгылашат. 1945-жылы Жеңиш менен кайтат. 1945-жылы 2 жыл "Кадровый полкто" кызмат өтөп, ошол жерде генералдын өздүк шоферу болуп иштеген. 1943-жылы "Сталинградды коргоо үчүн", 1945-жылы "Германия алдындагы жеңиш үчүн" медалдары менен сыйланат.

1947-жылы туулган жерине кайтып келип, колхоздо 1 шофер болуп эмгектенет. Андан кийин "Москва" колхозунда гараж башчы, башкы механик болуп иштеп ардактуу эс алууга чыгат. Согуштагы эрдиктери үчүн 1965-жылы СССРдин Жогорку Советинин атынан "Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин 20 жылдыгына " карата, 1967-жылы "СССР Куралдуу Күчтөрүнүн 50 жылдыгына" карата, 1985-жылы СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен "Ата Мекендик Согуштун 2-степендеги ордени менен, 1988-жылы "СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн 70 жылдыгына" карата медалдары, 1996-жылы Россия Федерациясынын Президентинин атынан "Жуков" медалы менен сыйланган. Согуштан кийинки эмгек жолунда да, бир топ жаштарга үлгүлүү насаатчы катары көптөгөн эмгек медалдары менен сыйланган.

5 уул, 2кызды тарбиялап, бардыгын жогорку билимдүү кылып окуткан. 2001-жылы 83 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

# РАЙОНДУН ӨНҮГҮШҮНӨ САЛЫМ КОШКОН АЗАМАТТАР

## ЖОРОЕВ САТТАР



Жороев Сатар 1941-жылы 26-апрелде Фергана областында колхозчунунун үй бүлөсүндө туулган. Орто билим алгандан кийин Ташкент айыл чарба институтуна кирип, 1969-жылы бүтүргөн. Экономист жана айыл чарбасынын уюштуруучусу кесибине ээ болгон. Ушул эле жылы март айынан Баткен районунун "Москва" колхозунда экономисттик кызматта эмгек жолун баштаган, 4 айдан кийин ага агрономдук кызматка которулат. 1970-жылдын июнунан башкы экономист, суу чарба инженердик иштеринде эмгектенет. 1971-жылы декабрда элдик көзөмөлдүн Баткен райондук комитетинин төрагасы кызматына которулат. Эки жылга жакын иштегенден кийин партиянын Баткен райкомунун жолдомосу менен 1973-жылдын сентябрь айынан КПССтин Ташкенттеги партиялык Жогорку окуу жайында окуй баштап, 1975-жылы июль айында аяктайт. Ушул эле жылы кайрадан элдик көзөмолдүн Баткен райондук комитетинин төрагасы кызматында 1979-жылга чейин иштейт.

1979-жылдан райондун "Москва" колхозунун башкармасынын төрагасынын орун басарлыгына которулат. Колхоздун коммунисттери Саттар Жороевичти партиялык комитетинин катчылыгына шайлашат. Илим-билимге каныккан, тажрыйбага ээ болгон, жалындуу жигиттик курагында 13 жыл боюну колхоздо талыкпай иштеген. Партиялык уюштуруучулук, жетик жетекчилик ишмердигин көрсөткөн. Коммунисттерди өндүрүштүн негизги тармактарына жайгаштырып, фермалардагы, курулуштагы партиялык уюмдарынын

ккужүрмөндүгүн, коммунисттердин авангарддык ролун көтөрүүдө, кадрларды тандоо, тарбиялоодо чоң иштерди аткарган.

Мал чарбасында, дыйканчылыкта жана башка тармактарда болсун коммунисттик маяк катары көрүнгөн. Аткарылуучу жумуштар бүтмөйүнчө тынчсызданып, шашып ичкен ашын жерге койгон, бел чечпей иштеген инсан болгон. 1983-1985-жылдарда Баткен райондук айыл чарба башкармасында ага экономист, башкарманынын төрагасынын орун басары, 1986-жылдын райондо айыл чарба азык-түлүгүн даярдоо боюнча жетектоөчү адист кызматтарында иштеген. Баткендеги ОРПК ишканасынын жетектеп иштеп жаткан учурда 1990-жылы 20-августа Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети, Кыргыз ССР Министрлер Совети, Кыргыцзсовпроф жана Кыргызстан ЛКСМ БКнын Кызыл Туусу ыйгарылган. Ушул кызматта иштеп жүрүп 2003-жылы эс алууга чыккан. Июль, 1964-жылдын КПССтин мүчөсү Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун XXVI – XXIX-партиялык конференциясынын делегаты, райкомдун мүчөсү болгон. 1972-жылдан 19875-жылдарда Баткен райондук Кеңешинин депутаты болгон. Кыргызстан ВДНХнын II даражадагы медалы, Ош обкомунун, областтык Кеңешинин, Ош областтык элдик көзөмөлдөө комитетинин, Баткен райкомунун, райондук Кеңешинин Ардак Грамоталары менен сыйланган.

# БАБАЕВ ПАХРИДИН



Бабаев Пахридин 1937-жылы Баткен районунун Самаркандек айылдык Кеңешине караштуу, Карабак айылында дыйкандын бүлөсүндө туулган. 1945-жылы Карабак башталгыч мектебине кирип, 1953-жылы В. И. Ленин атындагы орто мектептин 8-классын бүтүргөн. Ушул эле жылы Ош айыл чарба техникумуна окуп, агроном адистигине ээ болгон.

Бабаев П эмгек жолун 1958-жылы Самаркандектеги "Карл Маркс" колхозунда агрономдук кызматында иштөөдөн баштаган. 1958-1961-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.

1961-1971-жылдары "Рават" совохзунда бригадир, №1-бөлүмдүн башчысы, Баткен райондук суу чарба башкармасынын Самаркандек аймагы боюнча суу тармактар участкасынын башчысы кызматтарын аткарган. 1972-жылы февраль айынан баштап кайрадан келип В. И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздун №1-бөлүмүндө бөлүм башчы болуп 1975-жылга чейин иштеген. Бабаев П аталган совхоздун чоң бөлүмүн башкаруу менен дыйканчылыктын түшүмдүүлүгүн көтөрүүдө коомдук малдан арбын азык-түлүк өндүрүүгө чоң салым кошкон. 1962-жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган.

1980-жылы Фрунзедеги мамлекеттик Скрябин атындагы айыл чарба институтун сырттан окуп бүтүрүп, агроном-окумуштуу адистигин алган.

1975-1980-жылдарда жаңыдан уюшулган Кызыл-Бел тоют өндүрүүчү атайын адистештирилген чарбада башкы агрономдук кызматка келген. Дын жерлер өздөштүрүлүп, жүгөрү, беде, арпа, буудай ж. б. өсүмдүктөрдү өстүрүүдө тикеден-тике эмгектенген. Дыйканчылыкта агротехникалык эрежелерди, алдынкы иш-ыкмаларды пайдаланып, сугатчылар, механизаторлор менен бирге күнү-түнү иштеген. Чарбанын

талаачылык боюнча мол түшүм алуусу үчүн бар билимин, күчүн аябай иш алып барган.

1981-1988-жылдары "Фрунзе" совхозунда башкы агроном, айыл чарба мамлекеттик инспекциясынын башчысы, РАПОнун көмөкчү чарбасынын адиси, 1987-1989-жылдарда Аксай совхозунун башкы агроному кызматын абийирдүүлүк менен аткарган. 1990-1996-жылдарда мамлекеттик адистештирилген чарбада, агорном, бригадир болуп иштеп жүрүп, эмгектик эс алууга чыккан.
ккан.

Бабаев П Самаркандек айылдык кеңешинде депутат, Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун плениум мүчөсү болуп шайланган.

Бабаев П. В. И. Лениндин 100 жылдыгына карата медал жана "Эмгек Ардагери" төш белгиси менен жана Баткен райкомунун, райондук кеңешинин Аксай, "Кызыл-Бел" атайын чарбасынын администрацияларынын "Ардак Грамоталары" менен сыйланган. 6 уул, 3 кыздын, 22 небеpенин ардактуу атасы. Калк арасында кадырлуу, сыйлуу ардагер.

## АКМАТОВ АБДИМУСА



Акматов Абдимуса 1935-жылы Ош областына караштуу Баткен районунун Газ айылында туулган. 1958-жылы Ош айыл чарба техникумун артыкчылык менен бүтүп, кенже аграном адистигене ээ болгон жана 1965-жылы ош мамлекеттик педагогикалык институтунун география факультетин бүтүргөн. Жогорку категориядагы мугалим. Эмгек стажы 40 жыл.

1958-1960-жылдары Баткен районунун Ленин жана 1-Май колхозунда агроном болуп иштеген.

Акматов А педогогокалык эмгек жолун 1960-жылдан баштаган. 1960-1961-жылдары Согмент башталгын мектебинде мугалим, 1961-1967-жылдар 1-Май сегиз жылдык мектебинде мугалим, 1967-1969-жылдары Кыштут сегиз жылдык мектебинин директору, 1969-1970-жылдары 1-Май орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1970-жылдан 1974-жылга чейин Баткен районунун 1-Май колхозунда жана Первомайский совхозунда партиялык комитеттин секретары, 1974-1977-жылдары Кыштут селолук советинин аткаруу комитетинин председатели, 1977-1978-жылдары Баткен райондук Живпромдун директору кызматтарын аркалаган. 1978-1980-жылдары газ орто мектебинин директору болуп иштеген. 1980-1985-жылдары 2-жолу "1-Май" совхозунун партиялык комутетинин секретары болуп иштеген. 85-89-жылдары МЖСтин директорунун орун басары, 89-92-жылдары "1-Май" орто мектебинде мугалим, директор болуп иштеген. 1994-жылдан 1996-жылга чейин Газ орто мектебинде мугалдим болуп үзүрлүү эмгектенип келди. Баткен райком партиясынын пленум мүчөсү, 8 жыл селолук советтин депутаты болгон. Көп жыл пропагандист болуп иштеген.

Мектепте директор болуп иштеген мезгилинде көптөгөн техникалык каражаттарды жана корсөтмө окуу куралдарын алып келип, мектептин техникалык окуу базасын чыңдаган. Партиялык, комсомолдук, советтик чарбалык кызматтарында иштеген мезгилинде райондогу комунистери көп чоң парт уюмду башкарып, саясий массалык иштерди жолго коюп, жумушчулардын социалдык турмуш шарттарын жакшыртып, өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөттү.

Акматов Абдимусанын эмгеги жогору бааланып, 1955-56-жылдарда армияда кызмат өтөп жүргөндө "Күжүрмөн саясий даярдыгы жана үлгүлүү жүруш-турушу үчүн" ВЛКСМ БКнын "Ардак Грамотасы" жана мактоо баракчасы менен сыйланган. 1958-жылы окуудагы артыкчылыгы жана коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн Кыргызстандын ЛКСМ БК нын "Ардак Грамотасы", 1962-жылы жана 1968-жылдары Кыргызстан комунистик партиясынын Ош облаcттык комутетинин ардак Грамоталары менен сыйланган. 1970-жылы сиңирген эмгеги үчүн

Лениндин 100 жылдыгы юлилейлик медалы, 1989-жылы "Эмгек ардагери" медалы, 2004-жылы Баткен районунун түзүлгөндүгүнүн 70 жылдыгынын урматына сиңирген эмгеги үчүн төш белги менен сыйланган. 2010-жылы КРнын коргоо министирлигинин "Баткен окуясынын катышуучусуна эстелик медалы" 2011- жылы КРнын билим берүү отличниги төш белгиси менен сыйланган.

Бул жашоодо гүл сыяктуу, кун сыяктуу адамдар болот. Бири жыпар жытын, экинчиси жарык нуру менен башкаларга чачат. Бирок андай инсандар анысын милдет кыла көкүрөк койгулап бой көтөрбөйт да, бөтөндөрдүн колун карап, кимдир буроолордон жардам алуу арзуусуна азгырылбайт.

Мына ушундай адамдардын бири биз билген Абдимуса Акматов Быйыл жыл тогошсо 80 жашка толот. Бул инсан баткен районунун жаңыдан негизделип бир жашка толуп толо электе жарык дүйнөгө келген экен. Ал дээрлик Бүткүл өмүрүндө районубуз менен киндик туташ тагдырлаш болуп чоңойду, эрезеге жетти.

Абдимуса агай 9 баланын атасы, жубайы Акматова Катыча – "Баатыр эне". Уул кыздары уйлуу-жайлуу болуп, ар бири өз Орозгери менен алек.

Учурда агай Бишкек шаарында жашайт.

# МАСЕЙИТОВ САЙПИДИН



Масейитов Сайпидин 1956-жылы 10-мартта Ош областына караштуу Баткен районунун Кызыл-Жол айылында төрөлгөн. В. И. Ленин атындагы орто мектепбин ийгиликтүү аяктап, Фрунзедеги (азыркы Бишкек) Политехникалык институттун механика жана инженер факултетине өткөн. Рига авиациялык мамлекеттик институнун инженердик граждандык авиациялык бөлүмүнө тапшырып, институтту ийгиликтүү аяктап, Москва шаарында авиация адистиги боюнча аспирантурадан окуган. Авиация илиминин кандидаты деген илимий даража алган. Актюбинскиде, Луговой шаарында учкучтардын, космонавтардын аскердик жогорку окуу жайында окутуучу, бортинженер жана Канттагы Учкучтардын Аскердик жогорку окуу жайында начальник ЦИКЛ, ошол эле убакта Токмоктогу учкучтардын Аскердик окуу жайында иштеп келген.

Жубайы Масейитова Идаят мээрбан эже болуп шаардык ооруканаларда иштеген. 2 кыз, 2 уулду тарбиялап өстүрүшкөн. 1997-жылы 28-майда кокусунан жол кырсыгынан каза болгон.
Драматург, жазуучу М. Тойбаевдин Сайпидинге арнаган ырынан:

Сапатын бийик жеткирген,
Сайпидин ишин төп билген.
Баткендин улуу тоолору,
Балдардан баатыр остүргөн.

Учкандай бүркүт аскадан,
Учкучтун көбүн таптаган.
Косманавтика боюнча,
Кандидаттыгын жактаган.

Туйгундай учуп алыска,
Жетилген жарап намыска.
Кызыл-жол деген айылдан,
Сайпидин келген жарыкка.
Бүркүттөй чалып асманды,

Офицер болуп такшалды.
Учактарды учууга,
Үйрөттү далай жаштарды.

Эки кыз, эки уул баласы,
Элдеги учкул канаты.
Татыктуу болуп мекенеге,
Тартипке көнгөн адаты.

Закымдап учкан асманда,
Заманга иши жакканда.
Аткарган ишин чогултса,
Айланат эле дастанга.
Сайпидиндей асылдык,
Сактала берсин жаштарга.

## МАМАДИЕВ СҮЙҮНБАЙ МАМАДИЕВИЧ



Мамадиев Сүйүнбай Мамадиевич 1943-жылы Баткен районунун Сай кыштагында колхозчунун үй бүлөсүндө туулган. Атасы Ата-Мекендик согушта курман болгон, энесинин тарбиясында чоңойгон. "Сай" жети жылдык мектебинен билим алып, Кадамжай районунун Хайдаркан орто мектебин 1961-жылы бүтүргөн. 1961-1966-жылдарда Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда окуган, физика жана математика мугалими адистигине ээ болгон. 1966-жылдын август айынан Баткен районунун В. И. Ленин орто мектебинде физика жана математика сабактарынын мугалими кызматында эмгек жолун баштаган. Ушул эле жылдын декабрь айында окуу-тарбия иштери боюнча башчы, 1971-жылы август айынан Бужум орто мектебинин директору болуп иштеген.

1969-жылдан бери КПССтин мүчөсү 1971-жылдын декабрынан 1974-жылдын августуна чейин Баткен райондук комсомол комитетинин 1-секретары, Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун бюро мүчөсү болуп кызмат өтөгөн. Август 1974-жылы Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектебинин директору, 1975-1980-жылдарда Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы, 1981-1983-жылдары Баткен райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1984-1989-жылдары райондук сберкассанынын башчысы, 1990-2000-жылдары райондук камсыздандыруу (райсобес) бөлүмүнүн башчысы кызматтарында эмгектенген.

Өмүрүнүн акырына чейин дыйкан чарбасын башкарып, мурда пайдаланылбай жаткан жерди өздөштүрүп, бак-өрүкзарга айланткан. В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык юбилейлик майрамына карата "Эмгектеги Каармандыгы Үчүн икасынын эл агартуу, камсыздандыруу министрликтеринин "Ардак Грамоталары", Кыргызстан Компартиясынын Ош областтык комитетинин жана Эл депутаттарынын Ош областтык аткаруу комитети нин, Партиянын Баткен райкомунун жана райондук Кеңешининин бир нече "Ардак Грамоталары" менен сыйланган. Айылдык, райондук Кеңештеринин бир нече жолку депутаты болуп шайланган.

С. М. Мамадиев Баткен районунун экономикалык, маданий жана билим берүү тармактарынын өсүшүнө чоң салымын кошкон, Бүткүл билимин, жаштык жалынын, күч-кубатын арнаган. Анын сейрек кездешүүчү таланты, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү сергектиги бир кырдуу принципиалдуулугу эл чарбасын өнүктүрүүдө, маданий-агартуу тармактарында иштөөсүнө кара аттын кашкасындай айкын көрүнгөн. Карапайым калкка күйүмдүүлүгүн аларга чын ыкластан жардам көрсөтүүсүн эл өтө жогору баалаган.

Жаштарды Ата Мекенди сүйүүгө, улуттар аралык достукка, уулуну урматтап, жаштарды сыйлоого, кыргыздын каада салтына ылайык ынтымактуулукта жашоого үндөгөн сөздөрү, докладдары, алгы насааттары менен айырмаланган

инсан эле. С. М. Мамадиев жетекчилик кызматтарда жүргөндө туура иштеген, кристалдаай таза адам эле. Адилеттикти, акыйкаттыкты, чынчылдыкты, тендикти, укуктуулукту туу туткан, эки жүздүүлөргө, кошоматчыларга, жеп-ичкендерге каршы күрөшкөн чыгаан мунөзү менен айырмаланган. Сиздин жаркын элесиңиз, эл үчүн сарптаган күрдөөлдүү эмгегиниз түбөлүк кала берет.

## МАМАДИЕВ ЫСМАН



Атасы Сапаров Мамади райондун биринчи мугалимдеринен болуптур. 1936-1943-жылдарда Кара-Бак, Орто-Боз, Бужум, Кан, Роут-Каут, Кызыл-Жол мектептеринде директор болуп иштептир. 1944-1949-жылдарда Фрунзедеги партиялык мектепте окуп келип, партиянын Баткен райкомунда инструктор, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы кызматын аткарган. 1949-1961-жылдарда райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, "Орджоникидзе" колхозунун раиси, райондук май заводунун директору кызматтарында иштептир.

Мамадиев Ысман 1941-жылы Кызылжол айылында мугалимдин бүлөсүндө туулган. Баткен айылындагы Ленин атындагы орто мектептен орто билимге ээ болгондон кийин Фрунзедеги политехникалык техникумдан билим алат. Аталган окуу жайын 1968-жылы бүтүрүп, райондук суу чарба башкармасында участка башчысы кызматында иштейт.

1973-1985-жылдары 13 жыл үзгүлтүксүз райондук суу чарба башкармасынын башчысы болуп кызмат кылат. Бул жылдарда Төрт-Гүл суу сактагычынан жаңыдан өздөштүрүлгөн

эгин талааларына канлдарды куруууга жана ар түрдүү эгиндерге, бактарга, суу жеткирүү жана аны пайдаланууда жетекчиликти алып барган. Райондун элин таза суу менен камсыз кылуу бөлүмүндө жетекчи, Баткен областынын калкты таза суу менен камсыз кылуу департаментинин башчысы кызматтарын аткарган. Орто Азия Банкы тарабынан каржыланган "Калктуу пункттардын денгээлинде инфраструктуралык кызмат көрсөтүү долбоорун ишке ашырууда жигердүү жетекчилик кылган. Азыр эмгектик эс алууда. Калктын кадырман карыясы, 7 баланы тарбиялап өстүргөн. Алар ар түрдүү тармактарда эмгектенип жатышат.

## ПАЗЫЛОВ РЫСБАЙ


Пазылов Рысбай

Пазылов Рысбай ширин өрүгү менен даңкталды. Ал Төрт-Гүл көлүнөн алыс эмес гоо этегиндеги 60 гектар шагалдуу адырды тегиздетип, ишке келтирди. Өрүк, шабдалы, алма жана башка жемиштерди, терек, тал өсүмдүктөрүн өстүрдү. Калың жашыл бак пайда болду. Өрүгү менен алмасынын шириндиги, денсоолукка жагымдуулугу менен өзгөчөлөнөт. Демек, элге кызмат кылуунун, пайда келтирүүнүн бир алкагы бакчылык боюнча тарыхка кирип калды.

Пазылов Рысбай Бужум айылында карапайым колхозчунун бүлөсүндө төрөлүп өстү. Баткендеги В. И. Ленин атындагы орто мектепти бүтүргөн. Жалал -Абаддагы техникумдун бухэсеп бөлүмүндө окуду. Өзбекистандын Самарканддагы институтун сырттан окуп, бухгалтер-финансист кесибине ээ болгон. Советтик армиянын катарында алгач Украинада, анан Кыргызстандын Токмок шаарында 3 жылдык милдетин өтөгөн. Эмгек жолун райондук

керек-жарак коомунда бухгалтер, ревизордук кызматтан баштаган. Райондук даярдоо канторасында бухгалтер, башкы бухгалтер болуп иштеген. Райондук май заводун 10 жылдан ашык башкарды. Жамаатта эмгек тартибин так алдында иштеген жумушчу кызматчыларга аталык мээрим менен мамиле кылган.

Партиянын райкомунун жолдомосу менен райондук даярдоо канторасына директор болуп барды. Мурдагы жетекчилер мыйзамды одоно бузган, жоопко тартылган учурлары эле. Пазылов Р. Ак иштеди, так жетекчилик кылган Райондо, областа далай жолу өэзго алынып, "Ардак Грамоталар" жана "Волга" автомашина менен сыйланган. Коллективде, райондо урмат-сыйлуу, кадырман жетекчилерден эле. Ал чылбыр, тизгинди бирдей кармаган акыйкат, адилет инсан болгон.

Жигердүү жетекчи болуу менен, беш убак намазын окуган. Ажыга барып келген, мусулманчылык боюнча китептерди өз алдынча окуп жүргөн. Экинчиден, саясат, маданият, адеп-ахлак, тарых боюнча өтө көптү билген инсан болгон. Кеми-кембагал бүлөлөргө, жетим-жесирлерге чын дилинен жардам көрсөткон. Тапкан байлыгын элге той берип, кайыр сахабатка жумшаган. Анын арттырган байлыгы миндеген түп жемиш багы, анан 4 уул, 3 кызы, 30дан ашык неберелери эле. Улуу баласы техникумду бүтүрүп, дыйканчылык чарбаны башкарат. Дастан Тургунбай Садыковдун колунда тарбияланып, айкелчиликти аркалады. "Илим жана техника" багытында мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон. Айкелчилик боюнча көптөгөн эмгектердин ээси. Кенже баласы багбан. Кыздары да ар түрдүү тармактарда эмгектенишет.

## КОШМАТОВ БАРАТАЛИ ТУРАНОВИЧ



1952-жылдын 22-майында Тажик Республикасы Ленинабад областына караштуу Исфара районунун Нефтеабад шаарчасында туулган.

1974-жылы Дүйшөмбү шаарындагы Тажик айыл чарба институтун аяктап, эмгек жолун 1974-1975-жылдары Вахш шаар тибиндеги поселокто Вахш чарбалык-эсептик долбоорлоо тобунда инженер болуп иштөөдөн баштаган. Ал эми 1975-1979-жылдары Баткен айылында жайгашкан "Южводстрой" трестинин Төрт-Гүл СМУсунда прораб, улук прораб болупиштеген. Бул кызматта иштеп турганмаалда Төрт-Гүл суу сактагычын курууга түздөн түз жигердүү катышкан. Жаңы технология менен курулган бул ирригациялык системанын пайдаланууга берилиши менен Баткенде 9000 гектар дың жер өздөштүрүлгөн. Жаңы 4 совхоз уюшулган. Канчалаган гектар жүзүм, өрүк бактары пайдаболгон. 1979-жылдан 1985-жылга чейин Баткен райондук суу чарба башкармалыгынын начальниги кызматында иштеп турган чакта да ушул багытта кыйла уюштуруучулук иштерди аткарган. Өзүнүн бай тажрыйбасына таянып, маселе чечүүнүүн жолунтаап, Москвага барып тиешелүү жетекчилер менен сүйлөшүүлөр жүргүзүп, анын натыйжасында буга чейин Исфара дарыясынан болгону 2% суу алып турган баткендиктердин ушул дарыядан суу алуусунун көлөмүн 37%га өстүрө алган. Баратали Туранович кайсы кызматты аркалабасын ар дайым эл мүдөөсүн аткарып келе жатат. Айрыкча сууга тансык Баткен чөлкөмүнө суу чыгаруу, суу алып келүү багытында ат көтөргүс чоң кызмат өтөй алды. 1985-1987-жылдары "Ош мелиоводстройдун" трестининТөрт-Гүл ПМКсынын начальниги болуп турган чакта Баткендин суу

чыкпаган жерлерине жаңы 7 электронасос станциясын курдуруп, орноттуруп, 1000 гектардан ашуун жаңы жерлердин өздөштүрүлүүсүнө алып келген.

1987-1989 жылдары Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Ош областтык комитетинде инструктор кызматына көрсөтүлгөн. Бул кыска аралыкта Баратали Туранович өзүнүн коомдук, партиялык иштердеги жөндөмүн көрсөтө алган. Натыйжада 1989-1993-жылдары Ош шаарында"Южводстрой" трестинин башкаруучусу кызматында иштеп турганда республиканын түштүк аймагында бир топ ирригациялык обөектердин курулушу ишке ашырылган. 1993-1994-жылдары Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими кызматына дайындалганда аталган райондогу социалдык-экономикалык реформаларды жүзөгө ашырууга өзгөчө көңүл бурулуп, бул багытта бир катар жаңычыл кадамдар жасалган. 1996-1999-жылдары Ош областтык суу чарба башкармалыгынын начальниги болуп иштеп, республиканын түштүк аймагында сугат тармагындагы бир канча системаларды реконструкциялоо иштерин жүзөгө ашырган. 1999-жылы жаңыдан уюшулган Баткен облусунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары кызматына келгенде өзү тейлөөгө алгантармак боюнча Айыл, суучарба, экология жана өзгөчө кырдаалдар министирликтеринин бул жаңы областтагы структураларын түздү

Б. Т. Кошматов Кыргыз Республикасынын Айыл жана суучарба министринин орун басары –Суу чарба департаментинин башкы директору кызматына келген соң өзүнүн Баткен жергесине, анын карапайым элине камкор мамилесин, көңүл буруусун дагы улантты. Атапайтсак, буга чейин жалпы каражаты жыл сайын 21, 0 млн. сомдутүзгөн 4 насостук станция жергиликтүү каражаттын эсебинен каржыланып келген, тактап айтканда бул каражатты дыйкандар менен фермерлер төлөшө турган. БараталиТурановичтин түздөн түз кийлигишүүсү, аракети менен бул каржылануу республикалык бюджеттин эсебине өткорүлүп берилген. Азыр бул суу чарба обьектери дыйкан, фермерлердин

чөнтөгүнөн эмес, республикалык жалпы бюджеттин эсебинен төлөнүп жатат. Мындан тышкары 2002-жылы Баткен облусуна баары болуп 30 га жакын бульдозер, экскаватор, автосамосвалдар жана башка техникаларды бөлдүртүп берди, ошондой эле Сох дарыясынын жээгине 36, 0 млн. Сомдук тосмо дамба курдуртту.

Мындан сырткары Суу чарба департаментинин башкы директору болуп иштеп турган убакта Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланып "Суу ресурстарын башкарууну жакшыртуу долбоору" жана "Ички чарбалык сугат" долбоорлору ишке ашырылып баштаган. Эки долбоор боюнча "Ирригациялык системаларды реабилитациялоо" жана "Ташкындоо учурундагы чукул чаралар" жумуштары аяктады. Бул долбоорлордун баары Баратали Туранович Кошматовдун туруктуу эмгегинин натыйжасында иштеп баштаган. Жумуш 27 ирригациялык системаларда, Орто-Токой, Киров, Папан, Карабуура суусуктагычтарда, үч дарыя плотиналарда, иригидротехникалык курулмаларда жана башкаларда аяктаган. Бул бардык иш чаралардын натыйжасында 300 миң гектар дээрлик аянтта сугат жерлерди суу менен камсыздоо жогорулаган. "Ички чарбалык сугат" долбоөру боюнча 63 Суу пайдалануучулар ассоциацияларынын ички чарбалык ирригациялык системаларынын реабилитациялык жумуштары аяктап, 120 миң гектар дээрлик аянтта сугат жерлерди суу менен камсыздоо жогорулады.

Баткен элин, жерин суу менен камсыздоо Баратали Турановичтин кесиптик, кызматтык гана жоопкерчилиги болбостон, эл журтуна чын жүрөктөн кызмат кылгысы келген патриоттук, адамдык, ыймандык асыл сапаты да болуп саналат. Бүгүнкү күндө да Баткендин дагы да болсо суу толук жете элек кургак жерлерин сугат суу менен камсыз кылууну өз мойнуна алган эл уулу Баратали Туранович Баткендеги суу пайдалануучулардын эки ассоциациясынын ички чарбалык сугат тармактарын реабилитациялоо иштери үчүн 16 млн. сом каражат бөлдүрттү. Кызыл-Бел СПАсына эле 14 млн. сом каралып жатат. Бир сөз менен айтканда Баткен аймагынын мелиоративдик абалын

жакшыртуу Баратали Турановичтин ойлосо оюнан, уктасатүшүнөн кетпеген жүрөк тереңиндеги маселе болуп саналат.

40 жылдык өз эмгегинде Баратали Туранович агрардык жана жер реформасын практикалык иш жүзүнө ашырууга, жаңы сугат жерлерди өздөштүрүүгө, ирригациялык системаларды өнүктүрүүгө, курууга жана реконструкциялоого көп салымын кошту. Ал Төрт-Гүл суу сактагычынын курулушунун аяктоосуна, Лейлек районундагы Арка, Кадамжай районундагы Бүргөндү массивдерин өздөштүрүүдө, Чоң Алайрайонундагы Шор Талаа каналын, Ош жана Жалалабад областтарындагы ири насостук станцияларды курууда түздөн-түз катышкан.

Баратали Туранович мамлекеттер аралык суу мамилелерин иретке салууга, мамлекеттер аралык суу ресурстарын пайдалануу процессине экономикалык механизмдерин киргизүүгө чоң маани буруп келет. Чу жана Талас дарыяларындагы суу чарбалык курулмаларды пайдалануу боюнча Казахстан Республикасы жана Кыргыз Республикасынын эки тараптуу комиссиясын чыгаруу боюнча жумушту уюштурууда анын салымы зор. Ушундай эле жумуш Өзбөкстан жана Тажикстан Республикаларынын ортосундагы суу мамилелеринде жүрүп жатат.

1990-1995-жылдары Ош областтык Кеңешке депутат болуп шайланган. Бул беш жыл аралыгында ал депутаттык мандаттын эл алдындагы жоопкерчилиги кандай экенин терең билүү менен, өзүнүн эл өкүлү катары милдеттерин шайлоочулар алдында татыктуу өтөй алган.

Баратали Туранович Кошматов илимий иштерге да көңүлүн буруп келет, көптөгөн китептердин жана монографиялардын автору, техника илимдеринин кандидаты, доцент.

Кыргыз Республикасынын 3-класстагы мамлекеттик Кеңешчиси.

Үй бүлөлүү, эки уул, бир кыздын атасы.

# САЙНАЗАРОВ ТОКСОН



Сайназаров Токсон 1943-жылы Баткен районунун Баткен айылында колхозчунун үйбүлөсүндө төрөлгөн. Баткен айылындыгы В. И. Ленин атындагы орто мектепке кирип, 1963-жылы 11-классты бүтүргөн. Сайназаров Т 1963-жылы Баткен райондук ДЕУда жумушчу болуп эмгек жолун баұтаган. 1964-жылы Фрунзе шаарындагы Скрябин атындагы мамлекеттик айыл чарба институтунун ветеринардык факултетине окуй баштап, 1969-жылы бүтүргөн.

Сайназаров Т1969-жылдан "Москва" колхозунда, Баткен райондук ветеринардык бөлүмүндө 5жылга жакын вет врач болуп иштеген. 1974-жылдын октябрь айынан "Төрт-Гүл"совхозуна башкы вет врач кызматына которулат. Совхоздо мал чарбасынан эт, жүн. Төл алууну көбөйтүү үчүн коомдук малды ветеринариялык дарылоо иштерин жакшыртууга, чыгашаны кескин кыскартууга өзүнүн билимин күч кубатын сарптайт. Жыл сайын совхөздун койлорун Тажикстандын Каратегин жайлоосуна жеткирүүдө чабандар менен бирге болуп жардамдашкан. Сайназаров Токсондун эмгегинин үзүрү кайтып, совхоздо Төлөбаев А, Исаев А сыяктуу чабандар көп төл арбын жүн, эт өндүрүүгө жетишип мамлекеттик орден, медалдарды алууга, Кыргыз ССР Жогорку Советинен депутат болууга татыктуу болушкан. 1978-1986-жылдарда "Москва колхозунда башкы ветврас кызматын өтөгөн. Мал чарба адистери жана малчы, саанчы, чабандар менен мыкты иштеген, Эт, сүт, жүн жана башка мал чарба продукциясы арбын өндүрүлгөн, мамлекетке сатылган. Атап айтканда 1971-1986-жылдарды колхоз мамлекетке 70455ц эт, 137699ц сүт, 6806ц. жүн тапшырып коомдук малдын чыгашасын кескин кыскарткандыгы үчүн Кыргызстан КПБКнын, Кыргыз ССР Министирдер Советинин

Кыргызсофпрофдун көчмө Кызыл-Туусун жеңип алган. Мында Сайназаровдун салымы да зор болгон.

Сайназаров Т 1987-90жылдарда жаңыдан түзүлгөн Аксай совхозунда башкы ветврач болуп кызмат өтөйт. Ал эми 1991-94 жылдарда Баткен райондук Кызылбел адистештирилген мамлекеттик чарбасында директор болуп иштеген. Сайназаров Т айыл чарба институтун бүтөөрү менен элэ колхоз, совхоздордо өмүр бою ветврачтык, жетекчилик кызматтарда коомдук малдын малчы, чабандардын арасында эмгектенген. Кышында суукка тонгонуна, жайында ыссыкка күйгөнүнө карабай, эл үчүн күжүрмен эмгегин арнады. Өзүнүн ден соолугун экинчи катарга койду. Оорудум деп онтоп, ооруукананга жатпай жүрүп айыккыс оорууга чалдыкты, кеч болуп калган экен, о дүйнөгө аттанып кете берди. 3 уул 6 кызды тарбиялап чоңойткон экен, Аталарынын ордун жоктотпой очогундагы отун өчүрбөй эл алдында кадырман атанын атын бийик көтөрүп келе жатышат.

## АЙДАРОВ АЧЫЛ

Айдаров Ачыл 1942-жылы Баткен районунун Рават айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Киров атындагы 7 жылдык мектепке окууга кирип, 10-классты Фрунзе шаарындагы №5-орто мектепти бүтүргөн.

Эмгек жолун Фрунзе шаарындагы Ленин заводунда жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. 1962-жылы Кыргыз айыл чарба институнун зоотехникалык факултетине кирип, 1967-жылы аталган окуу жайын бүтүргөн.

1967-1968-жылдары Баткен райондук айыл чарба башкармасында улуу зоотехник кызматында иштеп туруп, күз айында Советтик Армиянын катарында кызмат кылууга чакырылат. Кызматтык милдетин аткарып келгенден кийин 1970-1971-жылдары 1-Май колхозунда, “Первомай” совхозунда башкы зоотехник болуп иштейт.

1972-1974-жылдары Кыргызстан компартиясынын Баткен райкомунда инструктор, 1975-1978-жылдарда “Москва” колхозунда башкы зоотехник, Баткен райондук айыл чарба башкармасында башкы зоотехник кызматтарында иштеген.

1979-1980-жылдарда Айдаров Ачыл Баткен райондук Кеңешинин төрагасынын орун басары кызматын аткаруу менен райондун маданий-социалдык тармагы боюнча иш жүргүзөт. Кайрадан Кызыл-Бел адистештирилген чарбага директорлук кызматка жөнөтүлүп, аталган чарбаныз жыл бою башкарат. 1984-1998-жылдарда “Москва” колхозунда башкы зоотехник, Кызыл-Бел райондук жана областтык соцфонддордо кызматкер, Баткен шаардык мэриясында башкарманын башчысынын орун басары кызматтарында иштеп жүрүп, эмгектин эс алууга чыккан.

Ачыл Айдаров райондун партиялык, советтик кызматтарда 5 жыл, айыл чарбасынын орчундуу тармактарында 37 жыл иштеп келген. Ал солдат катары кайсы тармакка кызматка бар десе, макул деп, кызматтык милдеттерин абирдүүлүк менен аткарган. Райондун элинин урматтуу уулу, ардактуу ардагери болуп калган. Үй-бүлөсүнүн кадырман карыясы.

## ОРОЗОВА КАРАМАТ БАБАШЕВНА



Орозова Карамат Бабашевна 1958-жылы Баткен районунун Булак-Башы айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1974-жылы В. И. Ленин атындагы орто мектепти, 1979-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бүтүргөн.

Эмгек жолун В. И. Ленин атындагы орто мектепте мугалим болуп баштаган. 1980-1985-жылдарда АКСМ БКнын Баткен райкомунун үчүнчү анан биринчи катчысы кызматын аткарган. 1985-1986-жылдарда "Советтик Кыргызстан" совхозунун парткомунун катчысы болуп иштеген. Эки жыл КПИ БКнын алдындагы Алма Ата партиялык жогорку окуу жайын да окуган.

1990-1995-жылдары кайрадан "Советтик Кыргызстан" совхозунун парткомунун катчысы, совхоздун директорунун орун басары, 1996-1999-жылдары Баткендеги "Алтын Бешик" балдар бакчасынын башчысы, "Боорукер-Баткен" коомдук фондусунун, 1999-2000-жылдарда райондук маданият бөлүмүнүн жетекчиси кызматтарын аткарган.

Баткен областы боюнча Демократия үчүн жана атуулдук коомдун коалициясынын директору, улуттук машыктыруучу кызматтарында он жыл иштеген.

Ошол эле учурда Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын коллегия мүчөсү болгон. СДПКнын 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде депутат, Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын губернатордук кызматын аткарган. Кыргыз Республикасынын социалдык коргоо агентствосунун директору болуп иштеген. 2011-2012-жылдары кайрадан Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын губернаторунун биринчи орун басары болуп эмгектенген.

2013-жылдын март айынан бери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты кызматын аткарып жатат.

1984-1987-жж. 2000-2004-жылдары Баткен райондук Кеңешинин депутаты болгон. 1985-жылы Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешинин Президиумунун "«Ардак Грамотасы»", Кыргызстан АКСМ Борбордук комитетинин комсомолунун "Ардак Грамоталары" менен жана 2011-жылы "Даңк" медалы менен сыйланган. КРнын мамлекеттик кызматынын КРнын социалдык кызматынын мыктысы сыйлыгын алууга татыктуу болгон.

## АХМЕДОВА ЧЫНАРА МАМЕДОВНА



Ахмедова Чынара Мамедовна 1956-жылы 4- декабрда Баткен районунун Баткен айылында кызматчынын үй бүлөсүндө төрөлгөн.

Баткендеги В. И. Ленин атындагы орто мектебинен орто билим алгандан кийин Фрунзе шаарындагы В. В. Маяковский атындагы мамлекеттик кыз-келиндер педогогикалык окуу жайын бүтүрүп, орус тили, адабияты мугалими адистигине ээ болгон.

Ахмедова Чынара Мамедовна 1978-жылы Баткен районунун Ж. Бокомбаев атындагы орто мектепте орус тили жана адабияты мугалими болуп эмгек жолун баштаган. 1979-1980-жылдарда " Москва" колхозунун комсомол комитетинин учот секторунун башчысы, Кыргызстан ЛКСМдин Баткен райондук комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы кызматтарын аткарган.

1980-1983-жылдары үй-бүлөлүк шартына байланыштуу Сүлүктү шаардык комитетинин "Билим" коомунун башчысы болуп иштейт.

Ахмедова Чынара Мамедовна 1983-1991-жылдарда 8 жыл

бою Кыргызстан компартиясынын Баткен райкомунда "Билим" коомунун башчысы, агитация жана пропаганда бөлүмүнүн инструктору, бөлүм башчысынын орун басары, партиянын Баткен райкомунун идеология маселелери боюнча катчысы кызматтарын жогорку жоопкерчилик менен аткарган. 10 жылдан ашык мөөнөттө үзгүлтүксүз партиялык кызматтарда иштеп, партиялык уюштуруучулук идеологиялык иштерди алып барууда чымыркана эмгектенген. Өзүнүн чыныгы коммунист экендигин иш жүзүндө көрсөткөн. Айрыкча колхоз-совхоздордо, мекеме-ишканаларда, элге билим берүү, саламаттыкты сактоо, соода, турмуш тирикчилик жактан кызмат көрсөтүү тармактарында партиянын саясатын, аткарып жаткан алгылыктуу иштерин тушундуруу менен жаш жеткинчектерди таалим-тарбияга үйрөтүүдө, медициналык жактан элдин ден соолугу чын болуусу тууралуу чоң жумуштарды алып барган.

1992-1999-жылдарда, эгемендүүлүк мезгилинде В. И. Ленин атындагы орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары, "Баткен" башталгыч мектебинин директору болуп иштеген.

1999-2006-жылдарда Баткен райондук мамалекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, акимдин орун басары кызматтарын аткарган. Баткен облаcттык мамлекеттик администрациясынын социалдык маданий бөлүмүнүн башчысы, Баткен облаcттык билим берүү башкармалыгынын башчысы кызматтарын аткарган.

2007-жылдан баштап "Айжан" коомдук фондунун директору ЮНИСЕФтин эрте курактагы балдардын өсүп-онугуу долбоорунун координатору болуп иштеп келе жатат. 2007-2013-жылдарда Баткен, Кадамжай райондордо 30 жамааттык балдар бакчалары, 18 мектепке даярдоо класстары ачылган. 300дөн ашык балдар тарбияланууда.

Ч. М. Ахмедованын атасы Баткен райондук ички иштер бөлүмүнүдө өмүрүнун акырына чейин иштеген. Карапайым милиционердин участкалык бөлүмүнүн башчысы, начальниктин орун басары жана Кадамжай районунун Айдаркен шаарчасында көп жыл ички иштер бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген.

Жолдошу Кушматов Аскарали райондук архитектура-курулуш бөлүмүнүн башчысы болуп 10 жылга жакын иштеген.

Баткендин архитектуралык курулуш жактан өсүп –өнүгүшүнө тикеден тике катышкан.

1 уул, 3 кызды тарбиялап өстүрүшкөн. 2 небересин тарбиялап жатышат.

Кыргыз Республикасынын, Баткен облասттык, райондук мамлекеттик администрацияларынын бир нече жолу "Ардак Грамоталары" менен сыйланган. Кыргыз республикасынын билим берүүсунун мыктысы, Баткен облаcттында "Жылдын мыкты инсаны", Баткен районунун "Ардактуу атуулу" төш белгилери сыйлыктары берилген.

## КЫДЫРОВА КИШИМЖАН АБДЫКАДЫРОВНА



1965-жылы 22-февралда туулган. 1986-жылы Фрунзе шаарындагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология жана журналистика факультетин бүтүргөн. 1986-жылдан 1987-жылга чейин Ош областынын Совет райондук комитетинин мектептер бөлүмүнүн инструктору, 1987-жылдан 1993-жылга чейин комсомолдун Совет райондук комитетинин секретары, 1993-жылдан 2001-жылга чейин Баткен районунун Москва орто мектебинин тарбиялык иштер боюнча директорунун орун басары, 2001-2003-жылдары Эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук фондунун Баткен облустук филиалынын директору, 2003-жылдан 2005-жылга чейин Баткен облаcттык маданият башкармасынын башчысынын орун басары, 2005-жылдан 2008-жылга чейин облаcттык маданият башкармасынын башчысы, 2008-жылдан 2010-жылга чейин Баткен облаcттык мамлекеттик администрациясынын Гендердик саясат жана жаңы

муун секторунун башчысы, 2010-жылдан бери Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин орун басары болуп эмгектенип келе жатат.

Жогорку категориядагы мугалим катары бир нече ирет көргөзмөлүү семинарларды өткөрүү менен иш тажрыйбасы облустун аймагына жайылтылган. К. Кыдырова таланттуу инсан катары ыр жазып, төгүп ырдап, манас дастан айтып, комузда кол ойнотуп ыр куулорду аткаруу жөндөмүнө ээ. Эмгегинин натыйжасында бир нече ирет райондук, областтык, республикалык денгээлде өткөрүлгөн кароо-сынактардын жеңүүчүсү, Бүткүл Союздук 11, Өрто Азия жана Казакстан Республикаларынын 111, Кыргыз Республикасынын 11, 111 фестивалдарынын лауреаты, бир канча төш белгилердин, 1 даражадагы Дипломдордун, баалуу эстелик белектеринин ээси. Азербайжан Республикасында өткөрүлгөн Эл аралык манасчы-дастанчы, обончу-ырчылардын, комузчулардын фестивалында республика боюнча жалгыз дастанчы кыз катары катышып, «Биринчи дастанчы кыз» наамын, төш белгисин, 1 даражадагы Диплом жана баалуу белектер менен сыйланган.

Дастан өнөрүндө кыргызстандын жана кытайлык кыргыздардын дээринде жашап келе жаткан улуу дастандарын изилдеп, аларды мукам үндө элге жайылтуу менен бир нече изилдөө иштерин жүргүзгөн. Аларга «Бекарстан тайчы», «Акмактым», «Тоогочу», «Жанайыл жалгыз», «Кулмурза менен Аксаткын» жана башкалар кирет. Ал эми Б. Алыкуловдун «Ажал» аттуу философиялык чыгармасына өзү обон жаратуу менен калкка тартуулаган. Аты аталган дастандар К. Кыдырованын аткаруусунда кыргыз Улуттук Эл чыгармачылыгынын фондуна алынган. Кишимдан Кыдыр аталышында 1985-жылы кытайда дастандары пластинка турундо жарык көргөн. Маданият башкармасынын башчысы кызматында турганда өрүкзарлуу Баткен аймагынын ааламда сейрек кездешкен кызыл китепке кирген «Айгүл» гүлүн, Баткен өрүгүнүн өзгөчөлүгү менен гүлдөп турган учурдагы ажайып көркүн, Баткен жергесинен чыккан таланттарды даңазалоо максатында «Өрүкзар мекенинде» аттуу жазган жобосу. маданият министрлиги тарабынан жактырылып.

Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан Республикаларынын ортосунда республикалык денгээлде 3 күндүк чоң программадагы менен фестиваль өткөргөн.

Баткен райондук мамлекетттик администрациясынын башчысынын орун басары кызматында иштегенден бери калктын социалдык абалын жакшыртууда чыгармачылык, талап коюучулук, принциптуулук менен ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет. Бул жылдарда ондогон балдар бакчаларынын, бир нече ФАПтардын, спорт залдардын, социалдык обьектердин ачылышында бейөкмөт уюмдары, коомчулук менен биргеликте ишмердүүлүгүн көрсөтө алды. Жакырчылыктын деңгээлин кыскартуу максатында эзелтеден бери келе жаткан улуттук каада-салттарыбызды, үрп адаттарыбызды муундан муунга сактап калуу менен каада салттарга азыркы учурда айрым адамдар тарабынан кирип келе жаткан ашыкча чыгымдарды кыскартууга бөгөт коюу менен элге ыңгайлуу жана туруктуу бирдиктүү каада салттардын жобосун райондун аймагындагы коомдук уюмдар, жалпы элдин өкүлчүлүктөрү, дин өкүлдөрү менен бирге иштеп чыгып, жалпы элдик жыйындарда жана жогорку жетекчиликтерге сунуш кылуу менен ашыкча чыгымдарды азайтуунун үстүндө иш жүргүзүүдө. Калктын көйгөйлөрүн чечүүдө эл менен тыгыз байланышта болуу менен тыгыз иш алып барууда.

К. Кыдырова эмгек жолунда иштеген ишинин ишмердүүлүгүнүн аркасы менен мамлекет тарабынан бир канча сыйлыктарды алууга арзыган.

- Эл аралык «Дилгир» сыйлыгы, Маданият министрлигинин «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси, Президенттин алдындагы мамлекеттик тил комиссиясынын «Кыргыз тили» төш белгиси, КР «Билим жана илим профсоюздук кыймылынын Мыктысы» төш белгиси, КР Коргоо министрлигинин « Баткен окуясынын катышуучусу» төш белгиси, Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын « Баткен облусуна 10 жыл» төш белгиси, Бүткүл Союздук Фестивалды өткөрүү боюнча Уюштуруу Комитетинин «Эл чыгармачылыгынын

Бүткүл союздук 11 Фестивалынын лауреаты» төш белгиси, «Ооган согушунун ардагерлеринин Республикалык Кеңешинин «Мээримдүүлүк» төш белгиси, Кыргыз Республикасынын Билим илим министрлигинин ««Ардак Грамотасы»»

Райондук, облустук мамлекеттик администрациялардын, бейөкмөт уюмдардын, облусттук мекеме-ишканалардын «Ардак Грамоталары», фестиваль, кароо-сынактардын 1 даражадагы дипломдору менен сыйланган.

2013-жылы республикалык «Кыргыз туусу » гезитинин «Кыргыздын кыраан 40 кызы» наминациясынын, 2014-жылы «Мыкты мамлекеттик кызматкер» наминацияларынын ээси болгон.

## АЙКЫНОВ ЖУМАБАЙ ИСРАИЛОВИЧ



Айкынов Жумабай Исраилович 1949-жылы 30-сентябрда Лелинабад облусунун Исфара шаарындагы Чилгази айылында колхозчунун үй-бүлөөсүндө туулган. 1965-1968-жылдарда Фрунзе шаарындагы политехникалык техникумда окуган.

Айкынов Жумабай Исраилович 1968-1972-жылдары Төрт -Гүл СМУсунун автогаражында диспетчер, полигондо механик, техникалык коопсуздук боюнча инженер. 1972-1974-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.

Айкынов Жумабай Исраилович Төрт-Гүл СМУсунда мастер болуп иштеп туруп, 1975-1979-жылдарда Кадамжай районунун Бургөнду ПМКсында мастер, башкы механик болуп иштеген. 1980-жылы Ташкент шаарындагы гидромеханикалык

институтту сырттан окуп бүтүргөн.

1979-1985-жылда кайрадан Төрт-Гүл СМУсунун начальнигинин орун басары, Лейлек районунун Арка ПМКнын башкы инженери кызматтарын аткарган.

Ал учурда кайсы кызматтарга жиберсе же кайсы ишканада кадр жетишпесе тын кадрларды партия ошол жерге которуштуруп турган. Жумабай Исраилович кайрадан Баткенге келип, 1985-1988 жылдарда Баткен райондук суу чарба башкармасынын начальниги болуп иштейт.

1991-1994-жылдары эл депутаттарынын Баткен райондук Кенешининин төрагасынын курулуш жана суу чарбасы боюнча орун басары жана Фрунзе атындагы совхоздун директору кызматтарын жогорку жоопкерчилик менен аткарган.

1994-жылдан айыл чарба кызматкерлерининин профсоюзунун райкомунун төрагасы болуп иштеп туруп Баткен областы түзүлгөндөн кийин айыл-чарба кызматкерлерининин профсоюзунун обкомунун төрагасы кызматына көтөрүлөт. Бул багытта бараандуу уюштуруучулук жана прктикалык иштерди жүргүзгөн. Профсоюз уюмдарынын иштерин жакшыртып жетекчиликти жогорку баскычка көтөргөн. Бирок, шум ажал 2009-жылы кокусунан алып кеткен.

Айкынов Жумабай Исраилович Төрт-Гүл СМУсунда иштеп жүргөндө суу чарба адистери жана скреперист-бульдозористтер менен бирдикте Базар –Коргон районунда суу сактагычты курууга, Ала Бука районунда өздөштүрүлгөн жерлерге суу чарба тармактарын курууга активдуу катышкан.

Айкынов Жумабай Исраилович Баткен районунун суу чарба тармактарын ири курулуштарды курууда жана аларды ишке кийирүүдө райондук кеңеште гидромеханик, курууда адис катары жетекчилик милдетин так аткарган. Фрунзе атындагы совхоздун директору болуп иштеген. Эки жылдан ашык убакыттын ичинде тамекиден мал чарбасынан арбын түшүм, азык-түлүк –продукциясын алууга жетишкен. Билимдүү, чынчыл акыйкатчыл, ары жөнөкөй инсан болгон.

Анын көп жылдык эмгеги бааланып Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Министрлер

советинин, СССР айыл чарба кызматкерлеринин профсоюздук Борбордук Комитетинин «Ардак Граматалары»Ош областтык, Баткен райондук партиялык, советтик органдарынын Ардак Граматалары, сыйлыктары менен сыйланган.

Айкынов Жумабай Исраилович өмүрлүк жары Айкынова Салия экөө 4 уул, 2 кызды тарбиялап өстурушкөн. Имарбек-куруучу, Ибадат-ишке жайгаштыруучу, Баткен областтык уюмунда, Алимбек-шаардык кредит уюмунда, Малика – банк кызматкери, Абдимитал. Абдикайым экөө жеке ишкер.

## АЛТЫМЫШОВ АМИРАКУЛ



1942-жылы 12-январда Баткен районунун Таян айылында колхозчунун үй бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы Анаркулов. 1942-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылган, катардагы жоокер болгон. Немецтик баскынчылар менен болгон согуштан кайтпай калган. Бир тууган агасы Анаркулов Бекче 1906-жылы туулган, 1942-жылы аскерге чакырылып 1943-жылы согушта баатырларча курман болгон. Сөөгү Смолонский областтынын Слоно-Деменск районунун Слузна кыштагына коюлган. Энеси Нарматова Зайна 1944-жылы каза болгон. А. Алтымышовду чоң энеси [illegible] тарбиялап өстүргөн.

1948-жылы Таян жети жылдык мектебине окууга кирип окуп В. И. Ленин атындагы орто мектепте, Палал орто мектептеринде орто билимге ээ болгон. 1958-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика- математика факултетинде окуп баштап, 1963-жылы аталган окуу жайын артыкчылык диплому менен бүтүргөн.

Алтымышов А. эмгек жолун Баткен Районунун «Октябрь»

8 жылдык мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1966-1969-жылдары Кыргыз ССРнин илимдер академиясында аспирантурасында окуган. 1969-1975-жылдарда Фрунзе шаарындагы Политехникалык, Ош мамлекеттик педагогикалык институттарында мугалим болуп, физика, математикадан студенттерди окуткан. Илим изилдөө иштери менен алектенген. Турмуш шартына байланыштуу кайрадан туулган жерине келип Таян орто мектебинде мугалим, мектептин директорлук кызматында иштеген.

Алтымышов А. айылдагы мектепте иштесе да илим изилдөө жаатынан кол үзбөй улантып келе жатат. 2004-жылы шелочтук физика-математика илимдеринин кондидаты деген илимий наам алган. Алтымышов А. шелочтук-чолоиддик кристалдардын жарык берүү борборлорунун ысытуудан бузулушунун теориясын ачкан. Көптөгөн илимий макалалардын жеке жана биргелешкен автору болгон. Алтымышовдун илимий макалаларын СССР ИА басылмалары, айрым макалаларын Америкалык басылмалар жарыялаган.

Алтымышов А. институтту кызыл диплом менен бүтүп, илим жаатында темаларга дүйнөлүк денгээлде жаны теорияны ачуу менен эле калбастан мектепте окуучуларга терен билим берүүдө чоң салым кошуп келүүдө. Анын илим жаатындагы шакирттери бир канчалап саналат. Кичинекей Таян айылынан Амиракул агайдын жолун жолдоп анын тарбиясы менен 4 окуучусу илим жаатында иштеп кыргыз элине кызмат өтөшүүдө. Алсак өзүнүн кызы Алтымышова Зуура тарых илимдеринин кондитаты Бишкек шаарында Кыргыз-Турк университетинин доценти, Жоошов Паязидин техникалык илимдердин кондидаты Бишкек шаарында иштейт. Камчыбеков Шералы медицина илимдеринин кондидаты. Чуй областтык орууканасында хирургия бөлүмүндө иштейт. Көптөгөн бейтаптардын өмүрун узарткан, алкыш-сыйга ээ болгон, кадырлуу врач. Аталган илимпоздор теориялык илимдерин практика менен тыгыз байланыштырып тикеден тике өндүрүшто иштеп жатышат. Булар али жаш , келечекте илим тармагында аткарган кызматтары боюнча кыргыз эллине көп барандуу эмгектерди жаратат деген үмүтүбүз чоң.

Алтымышов Амиракулдун саясий жактан алганда кумирлери жана анын чын дилден урматтаган инсандары Абсамат Масалиев менен Исхак Разаков. Абсамат Масалиевичти өтө урматтаганы анын жөнөкөйлүгү, чынчылдыгы, алдым журтум эмес акактай тазалыгы, адилеттулугу жана башка инсандык сапаттары 1996 жылдагы призиденттик шайлоодо А. Масалиевди Алтымышов А. лозунгаларды көтөрүп эл арасында үгүт ишин жүргүзгөн. Амиракул агай райондобу –айылдарда болобу терс көрүнүштөргө каршы, мыйзамды одоно бузгандарга, айыл арасында ушакчы кузгундарга каршы иш алып барган, акыйкатчыл, чынчыл адам. Ички дүйнөсү таза, саясат болобу, адеп –ахлак, салт -сана, урп адатпы тушунугу өтө терен инсан. Кыргызстандын гүлдөп өсүшү үчүн адилетсиздикке, коррупцияга каршы элди үндөп өзү биринчи катарда жүргөн учурлары болгон. 2002-жылы Аксы курултайына, Бүткүл дуйнөлүк кыргыздарын 2-курултайына, делега болуп катышкан.

Алтымышов А. Кыштут айылдык, Баткен райондук, областтык кеңештерине депутат болуп шайланган. Айылдык кеңештин аймагынын социалдык – маданий жактан өнүгүүсүнө өз салымын кошуп келе жатат.

Алтымышов А. Эл Агартуунун Отличниги. Өзүн-өзүн Башкаруу министрилигинин, Агартуу министирлигинин «Ардак Грамоталары» менен сыйланган.

Чоң атасы Алимов Анаркул 1920-жылдары аймактын абиирдүү адамдарынан болгон. Суу тегирмен курган, колхоз курулушуна активдуу катышкан Ата-Мекендик согуш мезгилинде тылда түнү-күнү эмгек тааласында иштегендердин катарында болгон. Амиракул агай ата жолун жолдоп эл үчүн тегирмен курган. Ата-энеден эрте ажыраган кийин турмуштун татаал сыноолоруна туруштук берип, ожорлонуп жүрүп илим-билим сересин сермеген. Балдарын, неберелеринин кадырман атасы.

## СЕЙИТМУРАТОВ САДЫК



1935-жылы 11-Майда Баткен районунун Сай айылында туулган. Атасы жана бир тууган агасы бир мезгилде согушка кетип кайтпай калышкан. Ошондуктан жаш мезгили энесинин колунда эн кыйынчылык менен өткөн

Айылдык мектептен 7-классты бүтүп Баткендеги Ленин атындагы орто мектепке кирген., мектептин алдындагы интернатта жашап 1954-жылы орто мектепти бүткөн. Ошол эле жылы Жалал-Абаддагы педтехникумунун физика-математика факультетине отуп, анны 1956-жылы артыкчылык диплому менен бүткөн. Билимин андан ары улантуу үчүн Оштогу пединституттун сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып 1960-жылы бүтүрүп жогорку билимдүү математик адистигине ээ болгон. Эмгек жолун Баткен районундагы Палал орто мектебинде иштөөдөн баштаган. Ошл жылдары район боюнча жжергиликтүү кадрлардан институттун диплому менен иштеген тогуз эле адам болгон. 1958-жылы турмуш шартка байланыштуу Сай сегиз жылдык мектебине которулган. Кийинчиреек Сай орто мектеби болуп кайра түзүлгөн. Ушул мектепте пенсияга чыкканга чейин үзгүлтүксүз отуз жыл иштеген. 1959-63 жылдары мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1963-жылдан пенсияга чыкканга чейин 25 жыл директор болуп иштеген. Өмүрүнүн ишке жарактуу мезгилин агартуу системасына, окуучуларга сапаттуу билим, жеткиликтуу тарбия берүүгө арнаган. Ал жетектеген мектеп окуу тарбия иштеринин абалы, окуучулардын билим денгеели боюнча райондогу алдынкы мектептердин катарына кошулган. иштеген Иштеринин натыйжасы боюнча

1. «Эл агартуунун отличниги» белгиси менен сыйланган.

2. СССР Агартуу министерсвосунун, Кыргызстан Компартиясынын, Кыргыз ССР Министирлер Советинин

юбилейлик «Ардак Грамотасы» менен, «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү » деген төш белгилер менен жана Улуу Октябрдын 70 жылдыгына карата «Юбилейлик медаль» менен сыйланган.

Үй бүлөсүндө 5 уул, 3 кыз, 32 небере, 18 чебереси бар. Аялы элүү эки жыл бирге жашап 2009-жылы көз жумган.
Баардык балдары жогорку билимдүү.

Чоң уулу Алибай Красноярскидеги политехникалык институту бүткөн тоо инженери, Довранбек инженер куруучу Россиянын Саратов шаарында иштейт, Кабылбек профтех лицейинде мастер, Акылбек учурда Кыштут айыл өкмөтүнүн башчысы, Кайратбек автомобилдерди ондоочу устакананы жетектейт. Кыздарынын улуусу Ажаркан Баткендеги коледжде иштейт Эл Агартуунун отличниги, Жумагүл Россиянын Энгельс шаарында жеке ишкер. Анаргүл Бишкектеги № -5 гимназияда мугалим. Неберелеринин алтоосу жогрку билимдүү, алардын төртөөсү педагогдор, Алар өз кесиптери боюнча үзүрлүү эмгектенип жатышат, Бирөөсү Россиянын Кострома шаарында Айыл чарба Академиясында студент.

Учурда Сейитмуратов Садык үй бүлө мүчөлөрүнө сыйлуу ата, чоң ата, таят ажана айыл аксакалы катарында элдин урматтосуна ээ болуп Садык агай деген ат менен жашап жатат.

## АБДРАХМАНОВ АЖИБАЙ



1955-жылы 2-декабрда Баткен районуна караштуу Кожешкен айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1970-жылы Токтогул атындагы орто мектепке кирип 1970-жылы ал мектепти толук курсун аяктаган.

1970-1974-жылы Оштогу айыл чарба техникумунда окуп, агроном адистигин алган. Эмгек жолун Баткен районундагы Төрт-Гүл совхозунда кадрлар боюнча инспектору болуп баштаган. 1974-жылдын сентябрь айында Ташкенттеги айыл чарба институтунун агрономия факультетине тапшырып, аны 1979-жылы бүтүрүп, "Артыкчылык диплому" менен окумуштуу-агроном адистигине ээ болгон. 1979-1980-жылдарда агроном комсомол комитетинин катчысы болуп шайланган. 1980-жылдын ноябрында Баткен райондук комсомол комитетинин экинчи катчысы болуп шайланып, 1984-жылдын августуна чейин иштеген. 1984-жылдын августунан 1985-жылдын январына чейин Баткен райондук айыл чарба башкармасында адистиги боюнча башкы агроном болуп которулган. 1985-жылдын январынан 1987-жылдын июнь айына чейин Коммунисттик партиянын Баткен райкомунда уюштуруу бөлүмүндө инструктор болуп эмгектенген. 1988-жылдары Ак-Сай совхозунун парткомунун катчысы, 1988-1994-жылдары Төрт-Гүл совхозунда инженер болуп иштеген. 1994-1996-жылдары Баткен райондук фермерлер ассоциациясынын төрагасы, 1996-жылдын февралынан май айына чейин Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн төрагасынын орун басары болуп шайланган.

1996-жылдын май айынан 1998-жылдын апрелине чейин Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн Чоң-Гара айылынын айыл башчысы, 1996-2000-жылдары ушул айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары кызматтарын аткарган.

2000-жылдын март айынан октябрга чейин Баткен облустук

мамлекеттик администрациясынын уюштуруу иштери бөлүмүндө жетектөөчү адис, 2000-2002-жылдары ушул эле бөлүмдө башкы адис, 2002-2008-жылдары ушул бөлүмдүн башчысынын орун басары, 2008-2009-жылдары бөлүмдүн башчысы, 2009-2011-жылдары уюштуруу бөлүмүнүн кадрлар секторунун башчысына көтөрүлгөн, 2011-жылдын январынан март айына чейин укук коргоо органдары бөлүмүнүн мобилизациялык секторунун башчысы, 2011-2012-жылдары кайрадан уюштуруу иштери бөлүмүнүн кадрлар секторуна башчы, 2012-жылдын сентябрынан бери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Баткен областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында уюштуруу инспектордук иштер бөлүмүндө укуктук камсыздоо жана кадрлар секторунун башчысы болуп келе жатат.

1990-2005-жылдары Баткен райондук Кеңешинин депутаты болуп шайланган.

1999-2000-жылдары Баткен коолаганына катышкан. Ал эмгектеги ийгиликтери үчүн облустун 2 жолу, райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамоталары менен сыйланган. КР Ардактуу аксакалы жана КР мамлекеттик кызматынын отличниги наамдары берилген.

Үй-бүлөлүү, 6 баланын атасы.

## АБДЫЛДАЕВ БОЛОТ АБДЫЛДАЕВИЧ



Абдылдаев Болот Абдылдаевич 1956-жылдын 1-апрелинде Баткен районунун Сай айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1963-жылдан 1971-73-жылдары Айдаркендеги №2 орто мектебинде билим алган. 1973-75-жылдары Советтик Армиянын кызмат өтөгөн.

1975- жылы Фрунзедеги Политехникалык институтка тапшырып аны 1980-жылы аяктап, инженер –технолог адистигине ээ болгон. Институту аяктагандан кийин Баткендеги сүт Заводунда инженер –технолог болуп 1985-жылга чейин иштеген. 1985-жылдан 1993-жылга чейин райондук сүт заводунун директору болуп иштеген. Сүт заводунун иштеген жылдарда көптөгөн жаны технологияларды өндүрүшкө киргизүү менен сүт заводунун чарбалык -финансылык иштерин бир топко өстүрүүгө жетишкен, натыйжада заводдун көрсөткүчтөрү жыл сайын жогорулап олтуруп, Ош областындагы 5-6 заводдордун арасында 2-орунга чейин көтөрүлгөн. Заводдогу жакшы иштердин жыйынтыгы менен жыл сайын райондук Ардак Тактадан орун алышкан. Сүт азыктарынын 17-18 турун даярдап чыгарышып, Баткендин, Айдаркендин жана Ош шаарынын калкын сүт азыктары менен камсыздап турушкан. Жыл өткөн сайын заводдун базасы чыңдалып, көптөгөн жаны техникалар, жаны жабдуулар менен камсыздалган, жаш кадрлар тарбияланып чыгарылган. 1993- жылдан баштап Кыргызстанда менчиктештируу иши башталганда, алгачкылардан болуп сүт заводдунун жалпы эмгек жамааты менен менчикке өткөрүп, атын «Заман ЛТВ» жоопкерчилиги чектелген коомго өткөрүшкөн. 1993-98-жылдар ичинде ушул коомду жетектеп, коомдук базасында ун чыгаруучу мини-тегирмен, өсүмдүк майын

чыгаруучу цех, килем, калпак жасап чыгаруучу цехтерди уюштурушуп, жаны жумушчу орундарды тузушкөн. 1995-жылдан баштап райондук кеңештин депутаты болуп шайланган. 1998-2000-жылдары Баткен райондук Кеңешинде төрага болуп иштеген. Депутат, төрага болуп иштеген мезгилинде, райондо реформалоо иштери жүргүзүлүп, акимдер тарабынан көптөгөн мыйзам бузууларга жол берилип, элдин наразылычылыктары кучөгөндүктөн, опозициядагы депутаттар менен биргеликте райондогу тескери жагдайларды жоюу боюнча аеосуз иштерди жургузушкөн. Өзүнүн туура багыты, калыс иштери менен бирге иштешкендеринин арасында урмат сыйга ээ болгон.

2000-2010-жылдары Кыргыз Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик сатып алуулар жана материалдык резервдер боюнча Баткен областтык бөлүмүндө башчынын орун басары болуп иштеген. 2010-жылдан баштап кайрадан «Заман ЛТВ» коомун жетектей баштаган.

Үй-бүлөлүү 4 баласы 1 кызы бар. Перзенттерине келинчеги Сарбаркан экөө татыктуу тарбия беришкен. Бардыгы жогорку билимдүү. Ар турдүү тармактарда эмгектенип жатышкат. Алсак, Арстанбек-Бишкек гуманитардык университетин бүтүргөн. Баткен областтык бажы кызматында иштейт. Дастанбек-Бишкек шаарындагы эл аралык экономика, укук Университетин бүтүргөн. Он жылга жакын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндөгү президенттик аппаратта жооптуу кызматтарда иштеген. Эл аралык байланыштар боюнча Германия да, Америкада кыска мөөнөттөгү даярдыктан өткөн, Азыркы учурда Японияда 2 жылдык магистратурада окуп жатат.

Зумурат-Кыргыз – Словиян мамлекеттик университетин бутургөн. Азыр Кыргыз Республикасы нын юстиция министрлигинде кызматкер болуп иштөөдө.

Рустамбек-Кыргыз мамлекеттик курулуш жана архитектура окуу жайын быйыл бүтүрдү.

Уланбек-Салык тармагы боюнча окуу жайын бүтүрүп, иштеп жатат.

# АБДРАКМАНОВ САЙИТБЕК КУТБАЕВИЧ



Абдырахманов Сайитбек Кутбаевич 1973-жылы 15-июлда Баткен районуна караштуу Чоңкара айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.

1990-жылы Токтогул атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган

Эмгек жолун 1990-жылы Төрт Гүл совхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган.

1991-1996-жылдары Кыргыз Агрардык Академиясынын "Агро-инженердик факультетинен билим алып, "Айыл чарбасын механикалаштыруу" адистиги боюнча механик-инженер квалификациясына, 1996-1998-жылдары Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинин экинчи жогорку билим алып, "Юриспруденция" адистиги боюнча дипломдуу адис квалификациясына ээ болгон.

1996-1997-жылдары Баткен районунун Төртгүл айыл өкмөтүнүн авто паркында механик, 1997-2000-жылдары Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын дене тарбия, спорт жана туризм боюнча комитетинин башчысы, 2000-2005-жылдары Баткен облустук Кеңешинде жетектөөчү адис, башкы адиси болуп иштеген.

1999-2003-жылдары Төртгүл айылдык Кеңешинин депутаты болуп шайланган.

2005-2006-жылдары Баткен областынын мамлекеттик администрациясынын жалпы секторунун башчысы, 2006-2008-жылдары жалпы бөлүмдүн башчысы, 2008-2009-жылдары аппараттын жетекчиси, 2009-2010-жылдары билим берүү, маданият, жаштар саясаты жана спорт бөлүмүнүн башчысы, 2010-2011-жылдары аппараттын жетекчиси, 2011-2012-жылдары экономикалык өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу бөлүмүнүн ишкердикти өнүктүрүү жана туризмди колдоо секторунун башчысы, 2012-2013-жылдары Кыргыз

Республикасынын Өкмөтүнүн Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Кеңешчиси, 2013-2014-жылдары аппараттын жетекчиси жооптуу кызматтарда эмгектенген.

Ал эми 2014-жылдын 23-январынан баштап бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары кызматында иштеп келе жатат.

Үй-бүлөлүү. 6 баланын атасы.

Коомдук иштерге активдүү катышат. Ден соолугу чың, спорттун волейбол жана футбол түрлөрү менен машыгат.

2008-жылы КОКРАН программасы менен Америка Кошмо Штаттарында, 2009-жылы КОИКА программасынын алкагында Түштүк Кореяда тажрыйба алмашуу боюнча сапарда болуп келген.

Мамлекеттик кызматта иштеген иши бааланып, Баткен областынын мамлекеттик администрациясынын, Кыргыз Республикасынын маданият маалымат жана туризм министрлигинин Ардак Грамоталары, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматынын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги” төш белгиси менен сыйланган.

# ИБРАИМОВ ДОБУТАЛИ ТЕМИРОВИЧ



Ибраимов Добутали Темирович 1958-жылы 28-мартта Баткен районунун Кара-Бак айылында туулган. 1975-жылдан Фрунзе совхозунда жумушчу болуп эмгек жолун баштаган. 1976-1978-жылдары Советтик Армияда кызмат өтөгөн, да ошол эле жылы К. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун гидромелиорация факультетине тапшырып 1984-жылы аяктаган.

Окуу жайдын жолдомосу менен Баткен райондук суу чарба башкармасына техник кызматтан баштап, 1987-жылга чейин башкы инженердик кызматтарда иштеп. 1988-жылы ушул мекеменин жетекчисине дайындалып, 2000-жылдын февраль айына чейин кызмат кылган. 2000-2004-жылдарда Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын агрардык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалат. Баткен областтык профсоюздар Кеңешинин төрагалыгы кызматтарында иштеген. 2004-2006-жылдары Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын айыл чарба боюнча губернатордун орун басары болуп дайындалат.

2007-2010-жылдары Баткен областтык суу чарба башкармасынын башчысынын орун басары, башкы инженери, 2010-2012-жылдары Баткен областтык суу чарба башкармасынын жетекчиси болуп иштейт. 2012-жылдын май айынан баштап Баткен райондук суу чарба башкармасына жетекчи болуп дайындалып, эмгектенип келүүдө. 1991-жылы СССРдин ВАНХдан күмүш медалы жана кызматтык УАЗ-463 маркасындагы автомашинасы менен сыйланган. 2008-жылы Кыргыз Республикасынын “Суу чарба кызматынын мыктысы” төш белгисин алган. Үй-бүлөлүү, 4 уулдун атасы.

Чоң уулу, Нурлан Ибраимов райондук билим берүү мекемесинин бухгалтери. Мирлан Ибраимов КРнын Улуттук Университетинин финансы кредит факультетин аяктап, азыркы учурда Газпром мекемесинде бухгалтер.

Мирсалим Ибраимов айыл чарба университетинде 5-курста окуйт.

# ИСМАНОВ АШИРАЛИ ИСМАНОВИЧ

Аширали Исманович менен көп жыл партиянын райондук комитетинде бирге иштедик. 1974-жылы апрель айында райкомдун уюштуруу бөлүмүнө инструкторлук кызматка келдим. Ашырали ага чейин эле ушул бөлүмдө иштеп, далай тажрыйбага ээ болуп калган экен. Бирге иштеп, конушу жашап, ага-инидей эле болуп кеттик. Менден жашыраак болсо да отуруп турушу, сүйлөгөн сөзү, мамилеси, иш билгичтиги, маданияттуулугу менен аппараттагылардан айырмаланып турчу. Кыскасы 4 тарабы төп келген партиялык кызматкер эле. Бир нече жыл жалпы бөлүмдү башкарды. Райондун билим берүү тармагында көп жыл талыепастан, кабагым кашым дебей эмгектенди. Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын акиминин биринчи орун басары кызматында иштеди. Айрыкча, райондук гимназиянын директору болуп иштеп, анын түптөлүшүнө, республикада алдынкы катардагы гимназиялардан болушуна анын эмгеги өтө көп.

Ашыралы Исмановичтин руху, жан дүйнөсү акактай таза эле. Адамдарга сылык-сыпаа, мээримдүүлүк менен мамиле кылчу, жакшылыгын аябайт эле. Өзү үчүн эмес, өзгөлөрдүн бардам, бакубат жашашы, илим-билимдүү болушу үчүн иштөөчү. Аларды ызгаар суук тан, ысык аптаптан, жашоодогу кыйынчылыктан калкалоого аракеттенер эле. Кайсы гана кызматта иштебесин бар билимин, күрдөөлдүү күчүн жумшап эмгектенчү. Адамдарга мээримдүүлүгү, ак эмгеги менен жарык нур чачып, кубаныч, шаттык тартуулоочу.

Ашыралы Исманович бийликке, мансапка, байлыкка умтулбайт эле. Партиянын Баткен райкомунда көп жыл иштеди. Омоктуу абройго, кадыр-баркка, урмат-сыйга жетишти. Ош областында эле эмес, республикада партиялык кызматы менен төбөсү көрүнүп калган эле. Райондогу партиялык кызматкерлердин чыгааны бешөө болсо, бирөөсү, экөө болсо, анын бири эле. Эмгеги менен элге жаккан болчу. Бирок, келинчеги ооруп калганда, аны дарылатуу, жакындан жардам

берүү үчүн ыктыяры менен арыз жазып, кызматынан кетип калганы, мансаптан, бийликтен жогору койгонун айгинелейт. Өмүр жолдошун сакайтып алып, кайрадан билим берүү тармагында талыкпай иштей берди. Газ орто мектебинде директор болуп иштеп, райондун алдынкы, мартабалуу мектептердин катарына кошту. Райондук гимназиянын жетекчилигине анын ой-бойуна койбой алып келишти. Андагы ишмердигин жалпы эл билет. Ал орундан райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басарлыгына, бийликтегилер дагы бир жолу алып келишти. Райондогу чоңдун экинчиси болуудан, мансаптан баш тартты. Билим берүү, жаштарды тарбиялоого чыныгы ынтаасын койгон экен. Кайрадан гимназияга барып, өмүрүнүн акырына чейин ак иштеди. Ак эмгектен Алыкул айткандай, "мүлдө кыргыз көтөрө алгыс килем сокту".

Ашыралы сылыктыгы, мээримдүүлүгү менен айырмаланчу. "Партиялык кызматкерби, мугалим болобу кичипейил, мээримдүү болуу керек", деп калар эле. – мээрим-акыбет эч нерсеге алмаштыргыс асыл сапат. "Мээрим ачууну таттууга, жамандыкты жакшылыкка, душманды доско айландырат". -деп жылуу жылмайып коер эле.

Анык жоомарт, айкөл эле Ашыке,
Эмгек кылды эли үчүн ченде жок.
Жигиттердин мырзасы да, сырттаны,
Ашыкемдей боло бербейт элде көп.
Ашыке деп аздектеген, туу туткан,
Эл ичинде инсандар көп, пенде көп.

## АБЫЛОВ ЭГЕМБЕРДИ



Абылов Эгемберди 1956-жылы туулган, билими жогорку. 1984-жылы Фрунзедеги политехникалык институн бүтүргөн, адистиги боюнча инженер-механик.

Абылов Эгемберди өзүнүн эмгек жолун 1972-жылы Баткен районунун №2-жолду эксплуатациялоо ишканасында жумушчу болуу менен баштаган. 1973-1975-жылдары райондук суу чарбасында гидротехник, Баткен автобазасында слесарь болуп эмгектенген. 1975-1978-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн, 1977-1978-жылдары Баткен райондук «Кыргызсельхөзтехника» ондуруштук бирикмесинде айдоочу, 1978-1984-жылдары Фрунзе политехникалык институтунда окуган, 1984-1985-жылдары Баткен райондук «Кыргызсельхөзтехника» ондуруштук бирикмесинде болүм башчы, 1985-1987-жылдары Баткен райондук «Кыргызсельхөзхимия» ондуруштук бирикмесинде башкы инженери, 1987-1988-жылдары «Баткен» агрофирмасында башкы инженер, 1988-1989-жылдары Баткен райондук агрардык өнөр жай жана азык-түлүк бирикмесинин башкы инженери, 1989-1990-жылдары Кыргызстан Коммунистик Партиясынын Баткен райкомунун инструктору, 1990-1992-жылдары Баткен райондук техникаларды ремонттоо ишканасынын директору, 1990-1993-жылдары райондук «Агронабтехсервис» ондуруштук бирикмесинин директору, 1993-1995-жылдары «Фрунзе» совхозунун директору, 1995-1999-жылдары «Тунгуч» тигуучулук фабрикасынын директору, 1999-жылы жеке ишкер, 2000-жылы Баткен районунун мамлекеттик администрациясынын башкы адиси, 2000-2001-жылдары Баткен областынын мамлекеттик администрациясынын бөлүм башчысы, 2001-2004-жылдары райондук мамлекеттик администрациясынын башкы адиси

кызматтарында үзүрлүү эмгектенип келген.

Ал эми 2004-жылдын сентябрь айынан ушул күнгө чейин Баткен районунун мамлексттик администрациясынын апаратынын жетекчиси кызматында эмгектенип келүүдө.

Абылов Эгемберди кайсыл гана кызматта иштебесин, өзүнүн көп жылдык тажрыйбалуулугу, билгичтиги, принципиалдуулугу жана уюштурууучулук мунөздөру менен айырмаланып, өзүнүн ишин жакшы билген жана өз колунда иштеген кызматкерлерге талапты коң билген жетекчи катары өзүн көрсөтө алды. Коллектив менен өз ара мамилесин иш денгээлинде жүргүзөт.

Өзүнүн көп жылдык тажрыйбасы менен жаш кадрларды даярдоо иш билгич тажрыйбасын жана мамлекеттик иштерди уюштуруу жолун жаштарга уйротуп, райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салымын кошуп келе жатат.

Э. Абыловдун көп жылдык үзүрлүү эмгеги мамлекет тарабынан бааланып областтык, райондук мамлекеттик администрацияларынын бир нече жолу Ардак Грамоталары жана 2005-жылы «Баткен районунун 70 жылдыгы» медалы менен сыйланган. Ал эми 2006-жылы Баткен районунда откорулгон областтык аскер машыгуусунда көрсөткөн жетишкендиги үчүн Республикалык Коргоо министрлигинин «Ардак Грамотасы» берилген.

Э. Абылов мунөзү токтоо, кичи пейил, мамилеси сылык. Райондун коомдук иштерине активдуу катышат, коллективдин жана элдин арасында өз ишин жакшы билген жетекчи катары зор кадыр-баркка ээ. 1993-1997-жылдары Кара-Бак айылдык Кеңешинин жана 2000-2005-жылдары Баткен райондук Кеңешинин депутаты болуп шайланган.

Үй-бүлөлүү, 6 баланы тарбия кылып өстүрүп келе жатат.

# ЭРГЕШОВ МУРЗАХМАТ ЫСАКОВИЧ



Эргешов Мурзахмат Ысакович 1957-жылы Баткен районуна караштуу Газ айлында төрөлгөн. Атасы Эргешов Ысак 1-Май колхозунда табелчиликтен баштап, башкы бугалтер, апасы Буалма колхозчу болуп эмгектенген. Ал Өзүнүн эмгек жолун 1980-жылы Фрунзедеги политехникалык институтун бүтүшү менен Баткен МПМКасында улук экономист болуп иштөөдөн баштаган, 1985-1994 жылдары ушул эле мекемеде пландоо бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. 1994-жылдан Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын экономика комитетинде улук экономисти, экономика комитетинин башчысы, 1997-жылдын май айынан Баткен райондук статистика комитетинин начальниги болуп иштеген. Баткен областынын түзүлүшү менен 2000-жылдын 1-январынан баштап азыркы күнгө чейин (2014-жыл. ) Баткен областык мамлекеттик статистика башкармасынын начальниги болуп иштеп келе жатат.

Эргешов Мурзахмат Ысакович тажрыйбалуу жетекчи, ишти уюштуруу жөндөмдүүлүгү жогору, өзүнүн функционалдык милдетин так аткарат жана кызматкерлер менен тил табышып иштейт. Жаңы түзүлгөн Облуста статистикалык отчетуулукту жүргүзүүдө, алгачкы эсептин сапатын жакшыртууда бир топ ийгиликтерге жетишти. Коомдук иштерге активдүү катышып, областын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө чоң салымын кошууда. Анын жетекчилигинин астында Областын аймагында 1999-жылы Биринчи Улуттук эл Каттоо өнөктүү, 2002-2003 жылдары Биринчи Улуттук айыл-чарба каттоо өнөктүгүнүн I жана II этабы, 2004-жылы областын аймагындагы кызмат көрсөтүүнүн каттоосу, 2009-жылы Улуттук эл жана турак жай фондусун каттоо областа ийгиликтүү, сапатуу өткөрүлдү.

Иште болгон жетишкендиктери үчүн 2002-жылы Баткен

облустук мамлекеттик администрациясынын «Ардак Грамотасы», 2005-жылы Кыргыз Республикасынын «Ардак Грамотасы» менен, 2007-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика Комитетинин «Статистиканын отличниги» төш белгиси, 2009-жылы «Баткен облусунун уюшулгандыгынын 10-жыл» эстелик медалы, 2012-жылы СНГ мамлекеттеринин катышуучуларынын статистика кызматынын жетекчилер Советинин «Ардак Грамотасы», Кыргыз Республикасынын экономика министирлигинин Түштүк аймактар аралык башкармалыгынын «Ардак Грамотасы», 2013жылы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги» тош белгиси менен, 2014-жылы Кыргыз Республикасынын профсоюз уюмунун Борбордук комитетинин алкыш каты менен сыйланган.

Үй бүлөлүү. Аялы Калилова Турганайым медайым болуп иштейт. Уулу: Уланбек, Манас, Кенешбек. Кыздары: Миргүл, Нүргүл.

## ЖООШОВ СҮЙҮН



Жоошов Сүйүн 1945-жылы 1-январда Баткен районунун Бужум айылында колхозчунун үй бүлөсүндө туулган. Бужум орто мектебинен билим ала баштап, В. И. Ленин атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1965-1968-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1968-жылдын куз айларынан баштап Баткендеги КСХТнын алдындагы тракторист-машинисттик курстан окуган. "Москва" колхозунда механизатор-комбайнер болуп эмгек жолун баштаган. Төрт-Гүл суу сактагычына жолдоо менен барып, бульдозорист-машинисттик кесипте иштей баштаган. 1983-жылы өзбек ССРинин Кокон шаарындагы Айыл чарба техникумунун агроном-механиктик бөлүмүн сырттан окуп бүткөн.

Жоошов Сүйүн жаштайынан турмуштун татаал сыноосунан өткөн. Эмгекке машыгып эрезеге жеткенден кийин бет алган багытына бекем турган өжөр жигит болгон. Кандай гана жумушта болбосун анын узуру үчүн белсенип иштеген. Торот-Гүл суу сактагычынын 600 гектар аянтын тегиздоого, Кызыл-Бел, Чек, Жаны-Жер, Чоң-Талаа, Четкызыл аймактарында боз талаа адырларды тегиздеп, айдоо аянтына айландырууда, Кочкор Мадымаров, В. Пустовой, Турсунбай Сейдакматов сыяктуу белгилүү бульдөзорист-машинисттер менен бирге иштеген. Анын күжүрмөн эмгеги бааланып, 1986-жылы С. Жоошовдун сүрөтү райондук "Ардак тактада"турган. "Коммунисттик эмгектин" ударниги наамы берилген. Кыргызстан Компартиясынын катарына кабыл алынган.

Жоошов С. Баткен районунун аймагын гүл бакчага айландырууда чоң салымын кошуу менен бирге Бургонду, Базар-Коргон, Токтогул райондорунда жерлерди тегиздөөдө алдынкы бульдозерист катары таанылган.

Жоошов Сүйүн кайрадан “Москва” колхозунда механизатор-тракторист, Бужум орто мектебинде чарбалык иштер боюнча директордун орун басары болуп иштеген. 1996-2003-жылдары райондук үрөнчүлүк чарбасында жана райондук “Газа суу” уюмунда эмгектенген. 2008-жылдан ACTEDде шофер болуп жүрүп пенсияга чыккан. Аталган уюмда коопсуздукту сактоонун күзөтчүсү кызматын аткарууда.

Жоошов С. Коомдук иштерге да активдүү катышкан. Кара-Булак айылдык кеңешинде эки чакырылышта, Баткен райондук кеңешинде депутат болуп шайланган. Кыргызстан Компартиясынын үч жолку сьездине делегат, борбордук коммитеттин мүчөсү болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын Баткен областык шайлоо комиссиясынын, Баткен райондук аймактык шайлоо комиссиясынын, Бужум айылдык шайлоо комиссиясынын, мүчөсү болгон. Коммунисттик өзгөчө кызматы үчүн В. И. Сталиндин 130, В. И. Лениндин 140, СССРдин 90 жылдыгы Абсамат Масалиев 80, Баткен коогаланы, Улуу Ата-Мекендик согуштун 65, райондун 70 жылдыгы медаль, тош белгилери менен жана “Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын” отличниги сыйлыктары менен сыйланган.

## ЖАНЫШОВ СУЛТАНАЛИ
## (милициянын полковниги)



Жанышов Султанали 1956-жылдын 5-январында Баткен районунун Кара-Токой айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Өзүнүн эмгек жолун 1972-жылы Кара-Токой орто мектебин аяктагандан кийин «1-Май» совхозунда бригадирдин жардамчысы, комсомолдук жаштар бригадасынын жетекчиси катарында кызмат өтөгөн. 1974-1976-жылдарда Советтик Армиянын катарында кызмат кылган. Армиядан келгенден кийин дагы «1-Май» совхозунда иштеп жүрүп, 1977-жылысовхоз дирекциясынын жолдомосу менен Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна кирип, 1983-жылы аталган институттун филология факултетин бүтүрүп, мугалимдик кесипке ээ болгон. Ушул эле жылы сентябрь айынан Баткен райондук ички иштер бөлүмүндө паспорт столунун начальниги болуп 1990-жылга чейин иштеген.

1990-1991-жылдары Баткен райондук ички иштер бөлүмүнүн жашы жетє элек өспурумдөр менен иштөө инспекциясынын начальниги. 1991-1994-жылдары аталган бөлумдун начальнигинин кадрлар менен иштөө боюнча орун басары. 1995-1997-жылдары Баткен райондук ички иштер бөлүмүнүн аймактык инспектору. 1997-2000-жылдары Баткен райондук ички иштер бөлумун начальнигинин кызмат боюнча орун басары. 2000-2002-жылдары кайрадан Баткен райондук ички иштер бөлумундо паспорт столунун начальниги кызматтарын аткарган. 2002-2008-жылдарда Баткен областтык ички иштер башкармалыгынын нөөмөт бөлүмүнүн башчысы. Баткен областтык ички иштер башкармалыгынын коомдук коопсуздукту камсыздоо бөлүмүнүн начальниги. Каржы чарба бөлүмүнүн ага инспектору кызматында кызмат өтөгөн. 2008-жылдын 20-майынан пенсияга чыккандан баштап, бүгүнкү кунге чейин Баткен

областтык ички иштер башкармалыгынын каржы чарба бөлүмүнүн кампа башчысы болуп эмгектенип келүүдо. Ал өзун талапты коё билген, билимдүү кызматкер катары көрсөтө алган. Дайыма өзүнүн профессионалдык билимин жогорулатууга аракет кылып келген. Коллективдин ой-пикирин уга билет жана кызматтык маселелерди чечүүдө, өзунун принциптуулугун көрсөткөн. Атуулдардын кайрылуусуна сылык мамиле жасаган. Коллективде кадыр-баркка ээ. Жанышов Султанали райондук жана областтык ички иштер кызматында 31жыл үзгүлтүксүз, үлгүлүү иштегендиги үчүн милициянын полковнигинин алууга жетишкен.

1983-1991-жылдарда райондук ички иштер бөлүмүнү баштапкы партиялуу уюмунун катчысы милдетин аткарган. Мыкты иштеп жүрүш-турушу үлгүлүү кызматкерлерди КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алган. Жаш кадрларды тарбиялап, жогорку кызматтарга көтөрүүдө көп салым кошкон.

1990-жылы Өзбек, Тажик Республикалары менен болгон чек ара жанжалдарында, 1999-жылы сакалчандардын мыйзамсыз түрдө Баткен областынын аймагына басып келген оперативдик оор абал кундөрдө активдүү катышкан.

Коомдук коопсуздукту камсыздоо жана кылмыштуулук менен күрөшүүдө жетишкен ийгиликтери үчүн 9 медал, 12 Ардак Грамота, 2 Грамота жана алкыштар менен сыйланган. 1990-жылдын жыйынтыгы менен сүрөтү Баткен райондук комитетинин жана аткаруу комитетинин Ардак Тактасына коюлган.

## АКПАРОВ АБАБАКИР РЫСАЛИЕВИЧ



Акпаров Ababakир Рысалиевич 1958-жылы 16-январда Баткен районунун Ак-Турпак айылында туулган. 1975-жылы Токтогул атындагы орто мектепти бүтүргөн.. Шоферлорду даярдоочу курсту бүтүргөн. 1976-1978- жылдары Советтик Армияда кызмат өтөгөн. 1978-1979-жылдарда “Төрт-Гүл” совхозунда шофер болуп иштеген. 1980-жылы Фрунзе шаарындагы К. И. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун агрономия факультетине окууга кирип, 1985-жылы институтту ийгиликтүү аяктаган.

“Төрт-Гүл” совхозуна келип бөлүмдүн агроному, 1986жылдан ошол эле совхозго башкы агроном болуп дайындалган. 1996-жылга чейин он жыл бою башкы агроном болуп эмгектенген. 1996-жылдан совхоз жоюлгандан кийин 1998-жылга чейин Төрт-Гүл айыл өкмөтүндө, бириккен дыйкан чарбалардын профсоюз кошунунун төрагасы болуп иштеген. 1998-1999-жылдарда айыл өкмөтүнүн башчысы кызматын аткарган. 1999-жылдын август айынан 2000-жылдын март айына чейин Баткен районунун мамлекетик администрациясынын башчысынын орун басары, айыл суу чарба жана кайра иштетүү департаментинин генералдык директору болуп иштеген.

2002-жылдан системалык регистрацияда укук кадостровед. Агрардык жер реформасынын борбордук ишканасынын директору, андан кийин өсүмдүктөрдү коргоо ишканасында башкы адис кызматтарын аткарган. 2012-жылдан бери мамлекеттик үрөн инспекциясынын башчысы болуп эмгектенип келүүдө. 2 уул, 3 кыздын атасы.

## АМИРОВ АСКАР



Амиров Аскар 1949-жылы Баткен районундагы Кара-Булак айылында туулган. 1967-жылы Кара-Булак орто мектебин бүтүрүп орто билимге ээ болгон. Ушул эле жылы Фрунзедеги 20-телемастерлерди даярдоочу училишада окуган.

1968-1970-жылдары Советтик армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1970-жылы армиядан келгенден кийин Ташкент шаарында Мамлекеттик байланыш институтунун радио-телевидение бөлүмүнө кирип, 1975-жылы бүтүргөн. Ош СУМУ-3 чу мекемесинде башчынын орун басарында эмгек жолун баштаган.

70-жылдары Баткенде теле көрсөтүү жок эле. Райондун тарыхында 1-жолу Кызыл-Жол айылынын батыш тарабындагы тоонун чокусуна ашар жолу менен теле көрсөтүү мунарасы курулган. Райкомдун, райкенештин жетекчилери баш, мекеме ишканалардын жамааты ж. б. тоонун этегинен чокусуна чейин тизилип, керектүү материалдарды колмо кол чыгарышкан. Аталган мунараны жана Кык жайлоосундагы теле мунараларды курууда жана иштетүүдө эмгектенип келген.

Амиров Аскар 40 жылдан ашык убакыттан бери райондун теле көрсөтүү мунарасындагы техникалык аппараттарды көзөмөлдөп, бузулганын оңдоп, элге теле көрсөтүүнү камсыздап келген. Кала берсе Кызыл Кыядан баштап Лейлек, Арка айылына чейин телестанцияларды башкарган. Область боюнча 7 станцияны тейлеп келген. Аталган станциялардын курулушуна тикеден тик салымын кошкон.

Азыркы учурда эмгектик эс алууда 3 уул 2 кызы бар. Чоң уулу Амирбеков Мурат ата кесибин улап, Бишкек радио-телевидение инсититун бүтүргөн. 2005 жылдар бери Ош

ТУРУМ-40 мекемесинде инженер болуп иштейт. Кызы Улукбүбү жогорку билимдүү, Баткен радио "Саламда" диктор, Азамат жогорку билимдүү азыр Баткен телемунарасында инженер, Гүлбарчын- мугалим.

КРнын радио байланыш министирлигинин, Баткен областтык, Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын "Ардак Грамоталары" менен сыйланган. Конкурстардын, соцмелдештердин жеңүүчүсү.



## МАТЕМИРОВ ТОЙЧУБЕК АПАЗОВИЧ

Матемиров Тойчубек Апазович 1949-жылы 8-январда Баткен районунун Кызыл-Жол айылында колхозчунун үй бүлөсүндө туулган. Жети жашынан Кызыл-Жол толук эмес орто мектебине окууга кирип, 1966-жылы В. И. Ленин атындагы орто мектепти бүтүргөн.

1966-жылы Кызыл-Жол мектебинде мугалим болуп эмгек жолун баштаган. 1968-жылы Тажик ССРинин Душанбе шаарындагы айыл-чарба институтуна окууга кирип, 1973-жылы бүтүргөн. Экономист-бухгалтер адистигине ээ болгон.

Матемиров Тойчубек Апазович 1973-1975-жылдары «Москва» колхозунда улуу экономист кызматында иштейт. 1975-1982-жылдары Кызыл-Бел адистештирилген атайын чарбасында башкы экономист, ГКО «Живпромдо» башкы экономист болуп эмгектенген. Ошол жылдары Кызыл-Бел коомдук малга тоют, жем жыйноодо, малды бордоп семиртүүдө жана мамлекетке сатууда жогорку ийгиликтерге жетишкен. Жыйналган тоюттун, өндүрүлгөн эттин өзүндө турган наркы арзан болуп накта киреше

көбойгөн. Башкы экономист Матемиров Тойчубек Апазовичтин салымы чоң болгон.

Матемиров Тойчубек Апазович 1982-1987-жылдарда Кыргызстан Компартиясынын Баткен райкомунун айыл чарба болумүнө инструкторлук кызматка көтөрүлөт. Жаш кадр Матемиров Тойчубек Апазович бир жагынан партиялык так тартибинен тарбиядан өтсө, экинчи жагынан райондун жана колхоз-совхоздордо акча каражатын сапртоо, анып акыркы накталай кирешенин натыйжасы боюнча системалуу иш алып барган. Райкомдун 1-катчысы А. Жунусовдун урматына татыктуу болгон. Айыл чарбасы боюнча токтом, докладдарды жазган Экономикалык анализ жасоо, анын акыркы жыйынтыгы боюнча адис катары чыгаан болгон.

Матемиров Тойчубек Апазович 1987-1990-жылдары В. И. Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздо башкы бухгалтер, айыл чарба кызматкерлеринин Баткен райондук профсоюз комитетинин төрагасы болуп иштеген. Дарадагы жылуу суу дарылануучу жайына, Кара-Булак пионер лагерине акчалай жардам көрсөткөн. Ардагер-пенсионерлерди Самарканд, Бухара шаарына эс алуу үчүн барууда жыл сайын профсоюз аркылуу көмөкөтөшкөп.

Матемиров Тойчубек Апазович 1996-2001-жылдары касыздандыруунун райондук бөлүмүнүн (Госстрах) начальниги, райондук статистика бөлүмүнүн башчысы кызматтыгын аткарган.

2001-2012-жылдары Кыргыз Республикалык соода-өнөр жай палатасынын Баткендеги бөлүмүнүн директору кызматында абийирдүүлүк менен иштеген. Азыр да ардактуу ардагер. Өзү уюштурган дыйкан чарбасынын башчысы. 4 гектар жерге өрүк, алма, шабдалы ж. б. жемиш багын өстүрүп, барктуу багбан.

Комсомолдун райкомунда текшеруу комиссиясынын төрагасы, партиялык Баткен райкомунун партиялык конференциянын делегаты, райкомдун мүчөсү, Самаркандек, Кара-Бак айыл кеңештеринин депутаты болгон. Комсомолдун, партиянын райондук комитеттеринин, Ош обкомунун, облкеңештин «Ардак Грамоталары» менен сыйланган. 2 уул, 3 кыздын, 6 неберенин кадырлуу атасы.

## ЮСУПОВ АБДИМИТАЛИП ТАШБАЕВИЧ



1952-жылы Баткен айылында төрөлгөн. 1968-жылы В. И. Ленин атындагы орто мектебин аяктап, ошол эле жылы Украина ССРинин Крым айыл чарба институтуна кирип, 1974-жылы аны ийгиликтүү бүтүрүп, жогорку билимдүү илимпоз-агроном адистигине ээ болгон. Баткен районундагы Фрунзе атындагы совхозго, бөлүм агроному, андан кийин башкы агроном болуп эмгек жолун баштаган.

1981-1985-жылдары Төрт-Гүл совхозунда партиялык комитеттин катчысы кызматын аткарып, коммунистердин авангарддык ролун көтөрүүдө ийкемдүү иштерди жүргүзгөн. 1985-1986-жылдары Баткен райондук агро өнөржай комплексинин башкы агроному болуп иштеп, дыйканчылыктын маданиятын көтөрүүгө, агротехникалык ыкмаларды жакшырткан. 1987-1988-жылдары Баткен райондук айыл чарба химия бирикмесинин төрагасы кызматын жогорку жоопкерчилик менен аткарган.

1988-жылдын 2-июнунан баштап Москва колхозунун башкармалыгынын төрагасы болуп шайланган. Ошол жылдан баштап колхоздун өндүрүшүн жогорулатуунун үстүндө иш алып барган. 1989-жылдын дыйканчылыктагы жана мал чарбасындагы көрсөткүчтөрү боюнча Москва колхозу ЦК КПССтин, ВЦСПСтин, ЦК ВЛКСМдин Кызыл Туусун жеңип алып, жеңил автомашина "Москвич-2141" жана акчалай сыйлыктар менен сыйланган. Ошол жылы Ош областы боюнча бир эле Москва колхозу сыйлыкка татыктуу болгон. А л эми 1990-жылдын жыйынтыгы менен "Москва" колхозу Кыргыз Республикасынын жогорудагыдай сыйлыгын социалисттик мелдештин жеңүүчүсү катары алганга жетишкен. 1992-жылы колхоз приватизациянын негизинде майда айыл чарба кооперативдерге бөлүнгөн. 1995-1999 –жылдары кайрадан райондук Кыргыз айылчарбахимия бирикмесинде төрага болуп иштеген. 2000-2010-жылдары Баткен

областтык өсүмдүктөрдү коргоо инспекциясынын начальниги болуп иштеп жүрүп 2012-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Юсупов Абдимитал Юсупович Баткен районунун айыл чарбасын өнүктүрүүдөгү кажыбас эмгеги үчүн "Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын мыктысы" наамын алган. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын 80 жылдыгынын юбилейлик медалы, Баткен областынын 10 жылдык медалы менен сыйланган.

## ОСМОНОВ БЕКТАШ



Баткен районунун Карабак айылында колхозчунун үй бүлөсүндө туулган. В. И. Ленин Карабак орто мектептеринин орто билим алган. Педагогикалык иш стажы 46 жыл. 1965-жылы Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын аяктап Кыштут сегиз жылдык мектебине орус тили мугалими болуп эмгек жолун баштаган. Ушул эле жылы Советтик Армиянын катарына чакырылган. Ага Лейтенант деген наамга ээ болгон. 1968-жылы КМУнун тарых факультетине кирип, 1973-жылы бүтүргөн.

1973-1974-жылдарда Г. К. Орджонизакелдзе атындагы мектепте орус тили жана коом таануу мугалими, 1977-жылдан 2002-жылга чейин Баткен райондук элге билим берүү бөлүмүндө инспектор, Ленин, Жоомарт, Москва атындагы орто мектептерде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директордун орун басары болуп иштеген.

2002-жылдан Баткен Мамлекеттик Университетинде экономика жана укук кафедрасында окутуучу кызматын аткара баштап, доценттин милдетин аткаруучу, кафедра башчысы, ага окутуучу кызматында иштеген.

Осмонов Бекташ 14 жылдан ашык иштеген убагында өзүнүн уюштуруучулугу менен айырмаланат. Студенттерге терең билим берүүгө жетишти, алдынкы усулдарды колдонот. Жаш

окутуучуларга өз тажрыйбаларын үйрөтөт. Тарых жана философия сабагын облустук, түштүк региондук олимпиадаларга студенттерди даярдаган. Бир канча студенттер I-II орундарды жеңип алууга жетишкен.

А. Орозбеков, И. Разаков, Курманжан Датканын юбилейлерине илимий практикалык конференцияларда докладдар менен чыгып сүйлөп, алкышка ээ болгон. 500 дөн ашык текстик суроолорду, таблица, диограммаларды иштеп чыккан.

Областын тарыхы жана көрүнүктүү инсандардын таржымалы тууралуу республикалык, областык басма сөз каражаттары аркылуу илимий изилдөөлөрүн, макалаларын жарыялаган. "Алымкул Аталык", "Ленинград блокадасында Баткендиктердин жардамы", "Төрт-Гүл" суу сактагычынын тарыхы сыяктуу материалдары жарык көргөн. Республикада Билим берүү тармагындагы кызматы үчүн "Республиканын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер" деген наамга жана "Эл агартуунун отличниги" төш белгисине татыктуу болгон.

Осмонов Бекташ өзүнүн жөндөмдүүлүгү, жонокойлугу менен жамаатта жана эл арасында сый урматка жетишкен. Үй-бүлөдө урматтуу ата жана тарбиячы.

## САМАТОВ АЙДАРАЛИ НАЗИРОВИЧ



Саматов Айдарали Назирович 1954-жылы Ош областынын Баткен районуна караштуу Чарбак айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Баткен районунун "1-Май" орто мектебинде окуй баштап, 1975-1976-үкуу жылында В. И. Ленин атындагы орто мектепти бүткөн. Ушул эле жылы Фрунзе шаарындагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргызстан мамлекеттик университетинин айыл чарбасын пландаштыруу факультетине кирип, 1981-жылы аталган окуу жайын бүтүргөн. Экономист адистигине ээ болот.

Саматов А. Н. алгачкы эмгек жолун Баткен районунун "1-Май" совхозунда экономисттик кызматтан баштайт. Бир жылдан кийин башкы экономист болуп 1985-жылга чейин иштейт. Совхоздун географиялык шартына жараша топоз чарбасына айрыкча маани берип, аз акча жумшап, көп киреше алууга багыт алат. Тамекинин аянты көбөйтүлөт. Натыйжада совхоздун кирешелүүлүгү жогорулайт. Партиянын райкомунун жолдомосу менен Фрунзе атындагы совхозго башкы экономисттик кызматка которулат. Аталган совхоздо да пландаштыруу туура болгондуктан тамекиден жыл сайын 2 млн. дон ашык киреше алынып турган.

Райондук айыл чарба башкармасынын төрагасынын орун басары башкы экономисттик кызматка көтөрүлөт. Кайсы чарбада иштебесин өзүнүн принципиалдуулугу, мыкты адистиги жана кызматтык милдетин жоопкерчилик менен аткарган. Райондук мамлекеттик банкынын башчылыгында иштеп туруп, Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын экономика бөлүмүнүн башчылыгында жакшы иштеп жүрүп, кокустан каза болот. Саматов Айдарали өмүрүнүн кыскалыгына карабастан 20 жылдын эмгек жолунда элдин эсинде калаарлык кызмат өтөгөн

Алты перзенттин атасы болгон. Баласы жана кызы ата жолун жолдоп экономисттик адистикте, кызы журналист кызматын аркалап келет.

## ОСМОНОВ ОРОЗБЕК
### (Баткендин тунгуч полковник окумуштуусу)



Орозбек Осмонов 1967-жылы Баткен районунун Булак-Башы айылында карапайым дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектепти окуган. 1986-жылы орто мектепти ийгиликтүү аяктап, Ташкент шаарындагы В. И. Ленин атындагы жалпы аскердик жогорку окуу жайына кирди. Окуу жайынын 1курсунда окуп жүргөндө жазган катында: “Агай окууда аябай кыйналдым, тартип отө каттуу, окууну таштап кетет окшоймун” мен ага А. Суворовдун жоокерлерине кайрылып “Машыгууда кыйынчылык болсо, салгылашууда кан ошончолук аз төгүлөт” деп айткам. 1990-ж окууну бүтүрүп, Закавказ аскердик округу, Баку шаарына жолдомо алды. 1990-1992-ж. ж Тоолуу Карабагада Мото аткычтар взводунун жана мото аткычтар ротасынын командири болуп кызмат өткөрдү. 1994-ж чейин Ош шаарындагы аскердик бөлүгүндө мото аткычтар ротасынын командири болуп кызмат өтөйт. 1994-1998-жылдары Баткендеги аскердик бөлүктө командир рота, бөлүктүн штабынын башчысы, аскер бөлүгүнүн командиринин орун басары. 1999-2001-ж. ж аскер бөлүгүн мото аткычтар баталеонунун командири кызматтарын аткарат.

2002-2004-ж. ж. БатМУнун аскер кафедрасынын бөлүмүнүн башчысы болуп иштеди. 2004-ж. Кой-Таш айылындагы аскер бөлүгүнүн командиринин орун басары

кызматына которулду. 2005-2007-ж. ж Москва шаарындагы М. В. Фрунзе атындагы аскердик академияда окуду.

2007-ж Ош шаарындагы аскер бөлүгүнүн командиринин орун басары, 2008-жылы Ош шаарында аскердик тактика кафедрасынын башчысы, 2009-жылы Бишкек шаарындагы Кыргыз Улуттук аскер кафедрасынын башчысынын орун басары болду. Азыркы учурда Москва шаарындагы М. И. Фрунзе атындагы аскердик академиясынын адьюнктурасында окууну аяктап, кандидаттык диссертация жактады. Орозбек жаш кезинен кыйын күндөрдү башынан кечирди: Тоолуу Кара-Бак, Ош, Баткен, Чаткалдагы коогаландарга катышкан. Зардалыда 1 жоокер душман менен кагылышуу учурунда денесине ок тийип аска зоонун түбүндө душмандын көзөмөлүндө калат. Орозбек аскерлерге өзүнүн жарадар болгон жоокерди алып чыгуу үчүн өмүрүн тобокелге салып, өзү жөнөйт. Аска зоонун арасынан 1, 5 чакырым аралыкка жоокерди көтөрүп, кээде боортоктоп жүрүп, куткарып алат.

О. Осмоновдун сиңирген эмгеги, иш аракеттери көз жаздымында калган жок. Ал мамлекеттик “Эрдик” төш белгиси жана Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин бир канча медалдары менен сыйланат. 2000-жылы мөөнөтүнөн мурда полковник деген наам алды. Анын омүр жолу, мекенди сүйүү ар бир кыргыз жаштары үчүн үлгү боло алат. Орозбек үй-бүлөлүү 2 уулу, 1 кызы бар. Улуу баласы атасынын жолун жолдоп, Казак Республикасынын Актөбө шаарында билим алып жатат.

**Осмонов Бекташ**

## ЭРАЛИЕВ АБДЫКААР ЖОЛДОШЕВИЧ

**Интернационалдык ыйык милдетин аткарып жүрүп, Афган согушунда курман болгон жоокер, “Кызыл жылдыз” орденин ээси.**

Эралиев Абдыкаар Жолдошович Баткен районуна караштуу Рават айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Мектеп жашына чейин апасынын колунда тарбия алып чоңоет. 1968-жылдын 1-сентябрынан баштап Рават айылындагы “С. М. Киров” атындагы 8 жылдык мектепке 1-класска кабыл алынып, 8-класска чейин билим тарбия алат. 9-классты Самаркандек орто мектебинен улантып, 1977-жылы коншулаш Лейлек районундагы Көргөн орто мектебине которулат. 10-классты ошол жерден ийгиликтүү аяктайт. Мектепти бүтүп “В. И. Лениндин 100 жылдыгы” совхоздун бөлүмүндө эмгектене баштайт. Өз ишин мыкты иштеп бир топ ийгиликтерге жетишип, ар кандай сыйлыктарга ээ болот. 1978-жылдын күз айларында Советтик Армиянын катарына чакырылып, аскердик милдетин Украинада өтөй баштайт. Украинанын Костополь шаарында 1980-жылга чейин кызмат кылып, 1980-жылдын май айында Сурхан Дарыя областынын Термес шаарына которулат. Ошол эле жылдын июнь айларында Термесден Афганистанга жөнөтүлөт. Аскердик мөөнөтүн бүткөрүүгө аз калды деп жаткан учурда, күлгүндөй жаш курагында Эралиев Абдыкаар Афган жергесинде 1988-жылдын 4-июль күнү салгылашууда баатырларча курман болгон.

Бул интернационалист жоокердин артында туяк калбады. Анын атын өчүрбөй эли, апасы, бир туугандары эскерип турат.

1988-жылы райондук партия комитетинин айылдаштарынын демилгеси менен жоокердин эстелиги туулган жерине тургузулду. Ошондой эле Рават айылындагы Киров орто мектебинде музей түзүлгөн. Өлгөндөн кийин 1988-жылы

жоокерге "Афган элинен алкыш" медалы, 1990-жылы "Кызыл жылдыз" ордени берилген.

Жоокер Эралиев Абдыкаар Рават айылынын гана кулуну эмес Баткен областынын баатыры деп, сыймык менен айтууга болот.

## АПАКЕМЕ

Айылдан да сизден да алыстамын,
Армияда аскердик кызматтамын.
Сары май, каймак жыттанган айылымды,
Элимди сагындымго, тандыр нанын.

Уулум деген сөзүңдү уккум келет,
Мээримиңизди сагынып, жүрөк дегдеп.
Ччарчадынбы уулум деп эркелетип,
Ак чайнектен чай берсеңиз ичким келет.

Айылдан да сизден да алыстамын,
Жарым жылдык кызматым калды дагын.
Күткүн апаке аз калды 6 ай эле,
Сабылбагын санааркап, сабылбагын.

Коштошуп сизден кеткеним,
Элеси менден кетпеди.
Жанымда жүрчү өзүң жок,
Сагынам кээбир кездерди

## АДАЛДЫКТЫН СИМВОЛУ

Жетимишке жеткениңди айтышты,
Жок-дедим, кыйгым келбей бу жашка.
Жакында эле бала элеңиз, сарымтыл,
Кайдан келди, көз жетпеген бул аска?

Кайдан келди, баш айланткан бул аска,
Кандай ишти бүтүрдүңүз из барбы?...
Көралбастар котур ташын атпаса,
Кыйла жумуш бүтүрмөксүз Сиз барбы?

Чындык үчүн тике чыгып чыркырап,
Чырмалбадың эки-үч күндүк ызатка.
Жүрсөн болмок айрымдардай кууланып,
Жогорулап кызматтардан-кызматка.

Канча калды, өмүр учу белгисиз?
Калайыкты түз жашоого үндөдүн.
Кабырганды кайыштырды арамдык,
Кагуу жедин, адалдыкты сүрөдүн.

Биздин жердин иликтенсе тарыхы,
Баарынан да, сиздин эмгек өзгөчө.
Бүрдөтпөстөн ыпластыкты рухка,
Таза калды сиз отурган көрпөчө.

Котур ташын коюн-кончко катпаган,
Калилов П.-адалдыктын символу.
Баткендин таржымалын жаза берин,
Келечекте керектелет жүз жолу.

**Жусуп Айдартеги**
Акын, Кыргыз Улуттук жазуучулар
кошунунун мүчөсү

## Мазмуну


- Баткенге 80 жыл........................................................ 3
- Башкы сөз ........................................................5
- Т. Садыков: Райондун түзүлгөндүгүнүн
  80 жылдыгына карата куттуктоосу............................ 7
- С. Калыков: Техникалык прогресске
  илим-билим сересине..................................................11
- Киришүү..................................................................17
- Баткен районунун түзүлүшүжана өнүгүшү.................39
- Согуштагы эрдиктер, ооруктагы күжүрмөн
  эмгек (1941-1945ж.ж.)................................................48
- Райондун жигердүүжетекчилери .................................53
- Жайдары, жаркын маанай аялзаты..............................57
- Коомдук тартиптин сакчылары ...................................63
- Район айыл чарбасы менен даңталат ..........................66
- Баткен жөнүндө К. М. Батыркановдун баяны .............71
- Төрт-Гүл: "Суу-жерге, байлык элге"...........................74
- Райондун колхоз-совхоздору .......................................82
- Кызыл-Бел адистештирилген
  чарбасы..................................................................106
- Райондун маданий-социалдык
  жактан өнүгүшү ..........................................................114
- Райондогу күрдөөлдүү курулуштар ..........................117
- Агартуу тармагынын азаматтары ..............................121
- Медицина: "Биринчи байлык-
  ден-соолук ...................................................................125
- Автокызмат-улуу урмат ...........................................129
- Райондук байланыш бөлүмүнө 80 жыл ....................132
- Архив – элдин тарыхы, маданий мурасы .................136
- Таланттуулар таржымалы .........................................141
- "Берчи мага жарым кашык музыка" .........................144
- Райондук статистика бөлүмү ....................................146
- Райондук электр тармагы ..........................................148
- Баткен коогаланынын кесепеттери ...........................151
- Эгемендүүлүк жылдарындагы ийгиликтер ..............159
- Райондун айыл өкмөттөрү .........................................167
- Баткендин ардактуу адамдары .................................187
- Райондун өнүгүшүнө салым
  кошкон азаматтар ........................................................221

**Калилов П.**

**Тарыхый - публицисталык басылма**

# БАТКЕНДИН ТАРЫХЫЙ ТАРЖЫМАЛЫ

Редактору: **Рысбаев Бегали**
Кооректору: **Рысбаев Бегали**
Компьютерде терген: **Гүлжан Ганыева**
Иреттеп жасалгалаган: **Калилов Эрмек**

Басууга 25.11.2014-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1/16.
Көлөмү 17,50 басма табак.
Нускасы 300. Буюртма №117

Ч.П. Эгембердиев Т.
Биздин дарек: Баткен ш. Орозбеков көчөсү №2
Тел: 5-16-06, 6-05-06. Моб: 0779 81 92 52.